Айдарбекова Г. Б.

# Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы

УДК 32
ББК 66.01
А 37

*Жусуп Баласагын атындагы университетинин*
*Окуу-усулдук кеңешинде каралган жана чыгарууга сунушталган*

**Жооптуу редактор:**
Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи,
юридикалык илимдердин доктору, профессор **Мукамбаева Г.А.**

**Рецензенттер:**
юридикалык илимдердин доктору, профессор **Шерипов Н.Т.**
юридикалык илимдердин кандидаты, профессор **Токтобаев Б.Т.**

**Айдарбекова Г.Б.**

А 37 Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы: Окуу куралы. – Б.: «Полиграфбумресурсы», 2017. – 252 б.

ISBN 978-9967-32-208-0

Сунушталган окуу куралында «Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы» курсунун негизги маселелери каралган. Окуу куралында укуктук жана саясий ойлордун жаралгандан тартып азыркы заманга чейинки өнүгүүсүнүн негизги идеялары, концепциялары жана багыттары баяндалган. Материалды жеңилдетүү иретинде, китептеги адабий булактар кайтадан иштелип жаңыртылган, мындан тышкары, ар бир бөлүктөн кийин адабият тизмеси көрсөтүлүп, өз алдынча курстук, дипломдук иштерди жазууга көмөк бермекчи.

Бул окуу куралы юридикалык жана башка гуманитардык жогорку окуу жайларынын мугалимдерине, студенттерге, аспиранттарга, магистранттарга жана мамлекеттин жана укуктун келип чыгыш тарыхы менен кызыккан окурмандарга арналат.

**А 0801000000–17**

**УДК 32**
**ББК 66.01**

ISBN 978-9967-32-208-0

© Айдарбекова Г.Б., 2017
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2017

***«Демократия – башкаруунун эң жаман формасы, бирок азырынча андан мыктысы табыла элек»***

Уинстон Черчилль

# КИРИШҮҮ

*Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы – мамлекеттик-укуктук циклдеги жогорку окуу жайларындагы юридикалык факультеттерде окутулган бирден-бир негиздөөчү илимий фундаменталдык дисциплина болуп саналат. Ошондой эле, мындай дисциплиналардын катарына: мамлекеттик теория жана укук, мамлекеттик ата мекендин тарыхы жана укугу, мамлекеттин тарыхы жана чет өлкөлүк укугу, КРнын конституциялык укугу, чет өлкөлөрдүн конституциялык укугу, административдик укугу кирет.*

*Жогоруда аталган илимий дисциплиналардан айырмаланып, саясий жана укуктук окуулар тарыхы окутуу предмети катары аныкталат.*

*Саясий жана укуктук окуулардын тарыхынын предмети – саясий жана укуктук окуулардагы алардын тарыхый өзгөчөлүгү. Бул дисциплинанын алкагында эң эле байыркылардан башталып жана заманбап доордун бүтүшүндөгү саясий-укуктук ойчулдардын окуулары талдалат.*

*Курстун* **максаты** *– студент-юристтин тарыхый аң-сезимин жана теоретикалык ой-жүгүртүүлөрүн, акыл ыктарын салыштыра билүүгө тарбиялоо жана өз алдынча өткөн доордун саясий-укуктук доктриналарын жана заманбаптуулугун баалай билүүгө калыптандыруу болуп саналат.*

*Бул курсту үйрөнүү студенттерге саясий жана укуктук ой жүгүртүүнүн коомдук ачык маалыматтык негизи катары, саясий-укуктук түшүнүгүнүн монополиясына эч ким ээлик кылбаган көз караштардын плюрализмдик маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Бул*

*курс студенттерге аргументациялык өз-ара каршылашкан ыктар менен, тигил же бул саясий-укуктук тезисти аныктоо үчүн колдонууга мүмкүн болгон ар кандай көз караштар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет. Саясий жана укуктук окуунун тарыхын үйрөнүү кылымдар аралык саясий-укуктук маселелердин кээ бир чечимдеринин кайталанышын жана туруктуулугун табууга жардам берет. Ошондуктан саясий жана укуктук окуулар тарыхы курсун өздөштүрүү бул саясий-укуктук кубулуштун маңызын түшүнүүдөгү компетенттик багыттагы маселеге карай кадам жасоо болуп эсептелет.*

*Жогоруда айтылгандарга карабастан, дисциплинанын татаалдыгы терең мааниде алганда философиялык, саясий, жазуу түрүндөгү укуктук эстеликтер, идеялар, көз-караштар, доктриналар, динге ишенүү, кээ бир убактагы карама-каршы окуулар жана субъективдик көз-караштар байыркы убактан тартып, азыркы күнгө чейинки баардык коомдун саясий кызыкчылыктарынан тургандыгында.*

*Ошондуктан саясий-укуктук доктринаны үйрөнүү: кандай тарыхый жагдайда жана бул же тигил саясий-укуктук доктрина өлкөдө качан пайда болгонун (өнүккөн), анын эң башкы өкүлдөрү кайсы мезгилде айкын болгон деген проблемалардан турат. Бул доктриналар социалдык группалардын кызыкчылыктары менен доорлордун карама-каршы пикирлеринин байланышын үйрөнүү болуп эсептелет. Доктриналардын теоретикалык негиздемесинин маселеси, анын үстөмдүк кылуучу же дүйнөлүк көз караштардын таасири менен байланыштарын; доктриналардын негиздемесинде жаткан идеяларды көрсөтүү; мамлекеттин маселесин, маңызын, мазмунун, негизги принциптерин жана укуктун булактарынын келип чыгуу маселелерин чечүү. Доктриналардын теоретикалык мазмунун мурда болгон мамлекеттик теориясы жана ал укук боюнча кандай жаңы нерселерди, ошондой эле, ар бир доктрина кандай программалык жоболорду камтый турганын билүү (саясий-укуктук идеясын) жана бул идеал (программа) кандай социалдык топтордун кызыкчылыгына ылайык келээрин жана ага саясий-укуктук теориясынын тарыхый тагдырынын контекстинде баа берүү, ал саясий-укуктук практикага же саясий жана укуктук ойлордун андан ары өсүшүнө таасир эте алышынын негизинде аныктоо керек.*

*Көңүл, саясий-укуктук доктринанын логикалык негизине, анын түзүлүшүнө, конкреттүү тарыхый кырдаалы менен байланышына, доордун дүйнөлүк байланышы менен тигил же бул социалдык топтордун кызыкчылыктары менен, ошондой эле, анын саясий-укуктук окуулардын заманбап жана мурдагы өз-ара байланышына, жалпы адамзаттык баалуулуктарды сындоо же негиздөө менен байланышкан идеяларды баалоого багыштайт.*

*Көрсөтүлгөн маселелерди эске алуу менен биз окуу куралындагы жаңы методологиялык позиция аркылуу студенттерге текстти конспектилөөгө ыңгайлуу шарт түзүү менен өз алдынча иштерге даярдануулары жана материалды өздөштүрүүлөрүн жеңилдетүүгө аракет кылдык. Бул окуу куралы жарык көргөн алгачкы булактардын, монографиялык изилдөөлөрдүн, ата мекендик юристтердин изилдөөлөрүнүн, совет жана постсовет мезгилиндеги окуу куралдарынын жана окуу китептеринин негизинде түзүлгөн.*

карама-каршылыктарга, бири-бирине каршы келген, бирок ошондой болсо да ар кандай типтеги мамлекетке туура келген тарыхый доорлорго тиешелүү болгон материалдардын чоң массивинен турат. Мындай көптөгөн факторлордон ал саясий жана мамлекеттик-укуктук чөйрөнүн жана идеялардын күрөшүнүн тарыхын көрсөтүү аркылуу, саясий көз караштарды, укуктук концепцияларды, ар кандай социалдык катмарларды, таптарды, группаларды, коомдун алдыңкы күчтөрүн талдайт.

Саясий жана укуктук окуулардын предметин башка предметтер менен тарыхый-теоретикалык профилдеги юридикалык дисциплиналарга салыштырмалуу өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө болот. Укук жана ата мекен тарыхын окуткан, саясий жана укуктук окуулардын тарыхы предметинин юридикалык илимий предметтерден айырмасы, алардын туура келген формаларынын теоретикалык таануусу, өздөрү тарыхый жактан пайда болгон институттар – өсүп келе жаткан саясий-укуктук мекемелер болуп саналат. Муну менен бирге эле мамлекеттик-укуктук форманын тарыхы мекемелер, башка институттар менен саясий-укуктук идеялардын тарыхынын бири-бирине таасир этиши жана байланышы мүмкүн.

## 2. Саясий жана укуктук окуулардын тарыхын доорлорго (мезгилдүү) бөлүштүрүү

Саясий-укуктук окуулардын тарыхын доорлорго бөлүштүрүү проблемасы, адамзаттын өзүнүн тарыхын доорлорго бөлүштүрүү маселеси менен тыгыз байланышкан. Бул жерде бир нече жакындоолор бар.

*Биринчи жакындоо – тарыхый* – XVII–XVIII кк. француздук тарыхчылар тарабынан сунушталган. Буларга туура келүү менен тарых төмөнкүдөй доорлорго бөлүнгөн: байыркы дүйнө – б.э.476-ж. Римдин варварлардын соккусунан кулашына чейинки цивилизациясынын пайда болуусу, Орто кылым – V кылымдан XV кылымга чейин, Кайра жаралуу доору – XVI к., Жаңы мезгил – XVII–XIX кк. Кайра жаралуу бир нече жолу талкууланган жана азыркы күндө өз алдынча доор катары эмес, же болбосо Орто кылымдагы кечиккен этап катары, же болбосо Жаңы мезгилдеги даярдыктардын алгачкы этабы катары тал-

кууланат. XX кылым Жаңылануу мезгили, же заманбаптуулук мезгили атын алган.

Мындай бөлүштүрүүнүн шарттуулугу, ал качан Египет, Индия, Кытай, Персия, араб дүйнөсү жана башкалар – Чыгыш өлкөлөрүнө көчүрүлгөндө болушу мүмкүн. Алардын тарыхы менен жөнөкөй эле таанышуу, алардын ар биринин өзүнүн байыркылыгы, өзүнүн Орто кылымы, өзүнүн Кайра жаралуусу жана Жаңы мезгили болгонун көрсөтөт. Бирок бул баардык доорлор Батышта жана Чыгышта мезгили боюнча да, негизги идеялык процесстери менен мазмуну боюнча да туура келбейт. Исламдык-ирандык Ренессанс (кайра жаралуу), европалык Ренессанстан бир жарым миң жыл эрте башталган жана оригиналдуу саясий-укуктук теориялардын өнүгүшү менен коштолгон, Ибн Сина (Авиценна), Бируни, Фараби, акындар Рудаки жана Фирдоуси сыяктуу окумуштуу – энциклопедисттердин чыгармачылыктары менен байланышкан. Бул саясий окуу жана идеялардын асинхрондук өнүгүшүнө чыгыш араб философиясы боюнча белгилүү россиялык адис, профессор Н. С. Кирабаев өзүнүн изилдөөлөрүндө калыстык менен көңүл бурат.

Белгилүү «Күн батардагы Европа» аттуу китептин автору О. Шпенглер (1880–1936) «улуу араб-кытай тарыхчыларына караганда, батыш тарыхчыларынын көз алдында башка дүйнөлүк тарых», текебердүү батыш европалыктар «ал эми өзүнүн жолу менен жылып келе жатканын жарым көз менен гана көрүшүп, байыркы дүйнөдөн Орто кылым аркылуу чыгуу, алар менен жакындап келе жатат деп түшүнүүнү каалашкан» – деп болжолдогон.

*Экинчи жакындоо – формациялык* – XIX к. ортосунда марксизм аркылуу сунушталган. Негизине таптык критерий коюу менен менчик формасы жана экономикалык мамилелер мүнөзү менен аныкталган, К.Маркс тарыхты бир, жакыр коомдук-экономикалык формациялардан башка, жогоруураак: алгачкы коомдон (тапка чейинки) – кул элөөчүлүккө чейинки, андан – феодалдык, андан кийин – капиталисттик же буржуазиялык формацияга жана буржуазиялыктан – тапсыз коммунисттик формацияга, биринчи фазасы социализм болуп саналган тарыхтын өтүү процесси катары караган. Маркс адамзаттын тарыхында акыркы антагонисттик формациялар: буржуазиялык формациянын коммунисттик формацияга өтүүсү болот деп эсептеген.

Бул байланыштан Маркс чынында XVII–XVIII кк. Европанын жана европалыктардын жашоосунун бардык тармактарында болуп жаткан бүткүл дүйнөлүк тарыхый маниге ээ болгон идеологиялардан жана экономикадан баштап саясатка чейинки өзгөрүштү баалаган эмес. Чыгыштын спецификасын түшүнүү менен ал «азиаттык өндүрүштүк ыкманы» өзгөчө азиаттык формациянын негизи катары түшүнүк кылып киргизген.

*Үчүнчү жакындоо – технологиялык* – өтө кеңейтилген тарыхый доорлорго бөлүштүрүүнү, негизги критерий катары өндүрүштүн технологиялык ыкмаларын сунуштайт. Бул ыктарга ылайык тарыхтагы үч доорду айырмалоого болот жана болжолдуу түрдө, үч коом: индустриалдаштырууга чейинки, индустриалдык жана индустриалдык аралык (технотрондук, маалыматтык ж.б.), биринчи этап XX к. акыркы чейректе өнүккөн өлкөлөрүндө башталган.

*Төртүнчү жакындоо – цивилизациялык.* Адамзаттын тарыхы, ар кандай цивилизациянын тарыхынын образдары бар, ар кандай маданият жана дин, ошондой эле, сөзсүз түрдө эле башка цивилизациянын өкүлдөрүн кабыл алуу жана жакындоо эмес, бир цивилизациянын өкүлдөрү тарабынан кабыл алынган жана иштелип чыккан идеяларга жана баалуулуктарга көңүлдү бурууга болот.

Бул жакындоолордун кайсынысы саясий жана укуктук окуулардын тарыхына туура келет? Биз ар бир жакындоолордун өзүнүн плюстары жана минустары болот деп эсептесек болот. Бир жагынан анын негизинде андагы плюс жактарынын баардык жактарын чогултуп, минус жактарын жоготуу менен жаңы жакындоону иштеп чыгаруу мүмкүн болбос. Ошондуктан, эреже катары саясий жана укуктук окууларды изилдөөчүлөр биринчи жакындоону пайдаланышат.

## 3. Саясий жана укуктук окуулардын тарыхынын мазмуну

Мамлекеттүүлүк жана саясий-укуктук окуулар биринчи жолу байыркы дүйнөнүн Чыгыш коомунда жана байыркы түзүлүштүн – (Байыркы Греция жана Рим) тарыхында жаралган. Чыгыш өлкөлөрүндө Индия жана Кытайдын ойчулдары саясий-укуктук ойлорго көрүнүктүү салымдарын кошушкан. Бул жерде типтүү мамлекеттик форма

«чыгыштык деспоттук» болгон. Кененирээк бийлик жөнүндөгү патерналисттик сунуштоо жаңыртылган; анда талапка ылайык монарх өзүнүн иш-аракетин сөзсүз түрдө каада-салттарга байланыштырган. Мамлекеттин максаты – жалпынын жыргалчылыгы болуп, ал эми башкаруучу кудайлардын алдында гана жоопкерчиликтүү болгон. Чыгышта жалпы жонунан каада-салттар жана эскиче орнотулган даанышмандык идеялары, алардын мыктылыгына ишенгендиги: орнотулган туруктуу тартип жана кокустан диний күн мурунтан белгилендерди сактабаган учурда бузулушу мүмкүн.

Саясий-укуктук ойлордун өнүгүшүндө Байыркы Греция өзгөчө орунду ээлейт. Бул жерден саясий уюштуруу формасы катары полис же мамлекеттик – шаар кызмат кылган. Башкаруунун формасы ар кандай образда болгон (аксөөктүк, демократиялык, олигархиялык, залимдик) жана дайыма алмашылган. Саясий жашоонун өзгөчөлүгү теоретикалык ойлордун өнүгүшүнө, байыркы чыгыш цивилизациясынын алкагында мүмкүн болбогондой кылып, «идеалдуу мамлекеттик тутумуна», башкаруунун жакшыртылган формалык изденүүлөрүнө түрткү берген.

Байыркы Римдин чыгармачылык мурасы мындан кийинки саясий-укуктук ойлорго таасир берген. Римдик ойчулдардын көңүлдөрүн мамлекеттик түзүлүштөр жана аралаштыктагы башкаруу кызыктырган. Ошол кезде укуктук коомчолор жана «калктын иши» сыяктуу мамлекет жөнүндө жоболор, юриспруденцияны өз алдынча илимий дисциплина катары көрсөткөн фундаменталдык жоболор түзүлгөн.

Орто кылымдын доору европалык өлкөлөрдө христиандык диндин жана чиркөөлөрдүн башкача орду менен мүнөздөлгөн.

Баштапкы христиандык ишеним окуулары Римдик империяга оппозиция катары келген. Бирок, убакыттын өтүшү менен христиандык ишенүүнү институтташтыруу менен анын мамлекетке ылайыкташы жана феодализмдин негизги көз карашы болуп официалдык идеология катарында бекитилген. Орто кылымдын негизги маселеси болуп саясий-укуктук ойлордун жана диний бийлик менен светтик бийликтин өз ара мамилелери болуп саналат. Ошол тапта Чыгыш өлкөлөрүндө бөтөнчө орунду исламдын саясий-укуктук идеологиясы ээлеген. Христиандык динден өзгөчө болуп исламдык дин диний көз караш менен светтик бийликтен бөлүнбөстүгү болот. Ошол эле тапта мусул-

мандык университеттерде светтик илим да өнүгө баштаган, кез-кезде европалыктардан озунуп, мусулмандык окумуштуулардын арасынан башкаларга салыштырмалуу саясий маселелерди рационалдуу интерпретациялоого умтулуу эрте түптөлө баштаган.

Кайрадан Жаралуу доору – бийиктикке адамзатты койгон, индивидуализмден жаралган, адамзаттын көз карандысыздыгынын баалуулугун бекемдеген, гуманизмдик көз караштарды жараткан заман. Гуманизм биринчи тепкичке жердеги жашоону, саясий бирикмени коюу менен маселелерди чечүү үчүн рационалдуу жол менен фактыларга жана ой корутундуларга таянып теологиянын негиздерин жокко чыгарган. Саясий процесстерди жана кубулуштарды түшүндүрүү чиркөөнүн иши болбой калган, диний кызматкерлердин көз караштары сынга алынган.

Жаңы мезгил – буржуазиялык революциялардын доору болгон. Философиялык агартуучулар, адам баласынын акыл-эсинин күчтүүлүгүнө ишендирүү менен, анын мамлекеттик мамилелердин тутумун жаңыдан курууга күчү жетээрин сүрөттөгөн. Агартуучу ойчулдардын өздөрүнүн сын-пикирлеринин негизги объектиси болуп чиркөө жана феодалдык түзүлүштөрдүн теңсиздик катмары эсептелет. Агартуучулар «Ой – дүйнө жүзүн башкарат» деп божомолдошкон, андыктан жүйөлүү идеяларды жайылтуунун өзү коомду жаңыртуунун эң жакшы жолу болгон. Андыктан алар бөтөнчө үмүттү «билимдүү монархтарга» арттырган, себеби, алардын кадыр-баркы мамлекеттин аң-сезимин бышыктоого жөндөмдүү дешкен.

«Агартылган абсолютизм» идеясы менен барабар, ошол убакытта чектелген монархиянын жана калктын көз карандысыздыгынын концепциясы пайда боло баштаган, табигый укуктун, коомдук келишимдин теориясын жакшырта башташкан.

XIX кылымдагы негизги пикир – либерализм болуп калган, анын эки жагы бар эле: экономикалык (ишмердүүлүктүн эркиндиги), неолиттик (жарандардын эркиндигин жана укугун камсыз кылуу). Укуктук теориянын негизги багыты болуп юридикалык позитивизм каталган, ал укукту чектелген, өз алдынча мааниге ээ болгон система катары караган.

XIX кылымдагы саясий-укуктук окууга позитивизимдин философиясы жана социологиясы чоң таасир берген. Үстөмдүк кылып

жаткан буржуазиялык тартиптердин сын пикири коомчулуктун жашоосунда эки тенденциянын өсүшүнө алып келген: консерватизмдик жана социалисттик.

Эгер консерваторлор экономикалык либерализмге каршы чыгышса, ал эми социалистик багыттагы ойчулдар өз учурунда социалдык жаңыртуулардын социалдык теңдиктин жана буржуазиялык түзүлүштөрдүн карама-каршылыктарын тап аралык антагонизмдин принциптерине негизделген жоюу проектилерин иштеп чыгышкан.

XIX к. ортосунда социализмдин илимий теориясы тарыхты материалисттик түшүнүүнүн негизинде түзүлгөн. Ал теориянын негизинде коомдун өндүрүштүк күчүнүн өнүгүүсү саясий куруунун өзгөрүүсүн трансформациялайт, ал эми адамзаттын тарыхы, биринин артынан бири улаган коомдук-экономикалык формациялардын алмашуусун элестетет. Ар кандай позициядагы сын пикирлерге карабастан либерализм XIX к. аягына чейин үстөмдүк кылган саясий-укуктук багытындагы ойлор болуп калган.

XX кылымда илимде жана жаңы заманда болуп өткөн саясий-экономикалык кубулуштарды тарыхта империализмдин доору катары кароо менен, социалисттик система бул доордун башын империлизмдин кризиси деп караган.

Коомдо карама-каршылыктардын өсүүсү жумушчу табынын талаптары менен биргеликте жана социалдык курч абалды жумшартуунун керектиги мамлекеттин социалдык-экономикалык процесстерге кийлигишүүсүн моюнга алууга түрткү болгон. Либералдар мамлекеттин экономикасын жөнгө салуусуна аргасыз экенине баш ийишип, ал эми, консерваторлор болсо жеке менчиктин бүтүндөй көрүнүштөрүн коргоо позициясына өтүп кетишкен. Өткөн кылымдын башында социалисттик кыймыл революциялык жана реформаторлук агымга бөлүнүшүп кеткен. Дүйнөлүк социализм системасы курула баштаган.

XX к. 30-жж. экономикалык кризистин толкунунда Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки пайда болгон реваншттык маанайдын натыйжасында, фашисттик кыймыл күч алган, анын идеологиясы улутчулдуктун жана расизмдин катуу формаларын даңазалаган.

Укуктук теориянын алкагында юридикалык позитивизимдин ордуна социологиялык позитивизм келди. Укук бир гана мамлекет ме-

нен айкалышпастан изилдөөлөрдүн көңүлүнүн ортосунда соттордун ишмердүүлүгүндөгү укуктук чыгармачылык бирикмелер жана жамааттар иштеп чыккан жана таанылган ченемдер орун алат.

Фашисттик мамлекеттердин кыйроосунун натыйжасында жана анын артынан бир нече жылдардан кийин үстөмдүк багыттагы саясий ойлордун, социалисттик лагерлердин таркашы, кылымдын аягында неолиберализм жана консерватизм болуп калды, алардын өкүлдөрүнүн саясий көз караштары бир топ токтоо эле. Акыркысын заманбап коомдук идеологияда центристтик позицияны көрсөтүү катары караса болот. Ошол эле убакта аны менен барабар саясий идеологияда жаңы сол багыттар жана агымдар өнүгө баштаган («жаңы солдордун» концепциясы, «сол экстремизм») жана дагы укуктук радикализмдин жалпыланган аталыштарынан алынган теориялар (фашизм жана неофашизм, «жаңы оң тараптар», расизм) пайда болот.

Заманбап мезгилге ылайыктуу укуктук жана саясий окуулар – изилдөөлөрдүн көңүлүн методологиялык базасына жана изилдөө объектилеринин адистигине буруу менен мүнөздөлөт. Ошентип, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин саясий илим, укуктук илимден бөлүнүп чыгып өз алдынча көз карандысыз билимдин тармагы катары таанылды. Ага ылайык саясий илимдин да, укуктук илимдин да түзүлүшү өзгөрдү: саясий теориянын алкагында тоталитаризм концепциясынын, плюралисттик демократиянын, башкаруу элиталарынын проблемаларына арналган бир катар жеке концепциялар жол-жоболоштурулган.

## 4. Саясий жана укуктук окуулар тарыхынын предметинин методологиясы

Саясий жана укуктук окуулар тарыхы предметинин методологиясы өз алдынча юридикалык дисциплина катары башка юридикалык дисциплиналар менен бирге гуманитардык илимдердин катарына кирет.

Саясий жана укуктук окутуу тарыхы ар түрдүү жалпы илимий (диалектикалык, системалык) жана атайын – илимий (салыштырмалуу-тарыхый) ыктарды колдонот. Саясий жана укуктук окуулар тарыхынын методологиясында аныктоочу мааниси – принциптерге жана

тарыхый көз караш усулдарына ээ болот. Ал тигил же бул теориянын генезисин жана эволюциясын изилдөөдөгү, өткөн жолун улантып жаткан авторлордун аныктамасында байкалат.

*Тарыхый көз караш ыкмасы* мамлекеттин, укуктун жана саясаттын прогрессивдүү же болбосо регрессивдүү кыймылдарын таанууда алга умтулган процессти ачууга чакырат. *Объективдүүлүк* мамлекеттик укуктуулуктун азыркы абалын жана көз караштарын илимий билимдүүлүктүн алкагындагы берилген суроолордун чыныгы жүзүн билдирет жана аны реалдуу түрдө кандай болсо, ошондой көргөзөт.

*Илимий ыкма* саясий жана укуктук идеяларды, окууларды таанууда гносеологиялык, таануу маселелерин чечүүнү божомолдойт. Тигил же бул теория кимдердин кызыкчылыгын көрсөтүп жатканын ачыкка чыгаруу жетишсиз. Аны мурда болуп өткөндөргө салыштыруу менен эмнени бергенин же болбосо бербегенин билүү керек.

*Плюрализм ыкмасы* – бул карама-каршы көз караштарды жана ошол эле мамлекеттик же укуктук окууларга карата бирдей эмес чагылдырууларды эске алууга мүмкүндүк берет. *Талдоо* мамлекеттик түзүлүштү жана укукту ачып көрсөтүүгө, алардын түзүмүн (элементтерин) белгилөөгө, алардын арасындагы байланыш мүнөзүн түзүүгө мүмкүндүк берет. *Синтез* окутулуп жаткан белгилүү тарыхый баскычтагы өнүгүүнүн мамлекеттик-укуктук кубулуштарынын белгилерин жана ар кандай касиеттерин талдоонун негизинде алынган жыйынтыктарды жалпылайт. Изилдөөнүн салыштырма ыкмасы да бар.

Жалпыланган түрдө биздин дисциплинага ылайык *усулдарды* төмөндөгүдөй негизги милдеттерге бөлүүгө болот: 1) белгилүү укуктук теорияны куруунун жолу катары (бул жерде кеп биринчи кезекте теоретикалык билимдин белгиленген тартиптеги-конкреттүү ички логикалык калыптанышы жана принциптери, учурдагы системанын компоненттери жана структурасы, бул компоненттердин байланыштары ж.б.у.с. жөнүндө болот); 2) мурдагы саясий-укуктук окууларды баалоонун жана интерпретациялоонун жолу катары (учурдагы аспект саясий-укуктук ойлордун тарыхый жактан өнүгүшүндөгү ар түрдүү теориялар менен байланышын жана мүнөздүк катышын, мазмунун чагылдырат); 3) учурдагы саясий-укуктук теориялар аралык катышынын принцибин жана белгиленген типтик формасын көрсөтүү, изилдөө жолу жана чындыкты баяндоо катары: теориядагы жана

практикадагы, саясий-укуктук таанудагы диний жана материалдык мамиледеги фундаменталдык көйгөйлөрдү, ыкмалардын аркасы менен жалпы дүйнөлүк көз караштын мазмунун көрсөтүү.

Усулдардын мындай классификациялык функциясы шарттуу түрдө гана, ошентсе да методологиянын (жалпы дүйнөлүк көз карашты, теоретикалык-билим берүүчүлүк, баалоочулук ж.б.) бир нече маанилүү аспектилерин баяндоого жана көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Саясий жана укуктук окуулар тарыхынын предметинин өзгөчөлүгү учурдагы колдонулуп жаткан ыктар аркылуу жалпы философиялык чөйрөдөгү жана конкреттүү-илимий методдорду өзүнчө трансформациялоо менен изилдөөнүн каражаттарын жана дал келүүчү ыктарды конкреттештирүү менен өз изин салат, алардын максаттык өзгөчөлүгүн жана окутулуп жаткан объектинин өзгөчөлүү багыттарын эске алуу менен предметти бүтүндөй илимий жактан таанууну аныктайт.

**Адабий булактар:**


Антология мировой правовой мысли. В 5-ти т. – М.: Мысль, 1999. – Т.1. Античность. Восточные цивилизации. – М., 1999.

История политических и правовых учений: Хрестоматия/ Под ред. Малахова. В.П. – М.: Академический проект, 2000.

История политических и правовых учений: Учебник для вузов/ Под общ. ред. Нерсесянца В.С. – М.: ИНФРА-М, 2000.

История политических и правовых учений: Учебник / Под ред. Лейста О.Э. – М.: Юрид. лит., 1997.

История политических учений. Вып.1/ Под ред. Н.М. Азаркина. – М.: Юрист, 1994.

Керимбаев М.К. История политических и правовых учений (курс лекций).-Б., 2001.

Мухаев Р.Т. Хрестоматия по теории государства и права, политологии, истории политических и правовых учений: Пособие для вузов, юридических и гуманитарных факультетов. -М.: Изд-во ПРИОР, 2000.

# 2-БӨЛҮК

# БАЙЫРКЫ ЧЫГЫШТЫН САЯСИЙ-УКУКТУК ИДЕОЛОГИЯСЫ

1. *Байыркы Чыгыштагы саясий-укуктук идеологиялардын калыптанышындагы социалдык-экономикалык өбөлгөлөр*
2. *Байыркы Египеттин, Байыркы Вавилондун саясий жана укуктук идеологиясы*
3. *Байыркы Индиянын саясий-укуктук идеологиясы*
4. *Байыркы Кытайдын саясий-укуктук ойчулдугу*

## 1. Байыркы Чыгыштагы саясий-укуктук идеологиялардын калыптанышындагы социалдык-экономикалык өбөлгөлөр

Б.з.чейинки IV кылымдын аягынан тартып адамзаттын тарыхындагы жаңы этап башталган – алгачкы коомдон өзгөчө айырмаланган, эң биринчи жердик (дарыячылык) маданият пайда болгон. Жаңы кадамдык өнүгүүнүн мүнөздүк өзгөчөлүгү б.з.ч. IV–II миң жылдыктагы Жер-Ортолук деңизинен Тынч океанга чейинки кеңири аймактардагы мамлекет түзүү пайда болгон.

Байыркы мамлекеттердин типологиясында өнүгүүнүн эки негизги варианты бөлүнөт – байыркы чыгыштык жана антикалык (Греция, Рим), булардын ар бири өзүнчө спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ болгон.

Эң алгачкы кул ээлөөчүлүк таптык мамлекет жер бетинде Нил, Тигр, Евфрат өңдүү ири дарияларынын жээктеринде пайда болгон, ал жерлерде сугат жерлеринин негизи болгон – сугат (ирригациялык) системасын түзүүгө мүмкүн болгон. Бул дарыялардын өрөөндөрүндөгү адамдар табигый шарттарга көз каранды болушкан, туруктуу түшүм ала алышкан эмес.

Жасалма ирригациялык комплексттик (дамбаларды, плотиналарды, өстөндөрдү) курулуштарды курууга көп сандаган адамдардын бирдиктүү жумуштарын талап кылган так уюштуруу иштери керек болгон. Ирригациялык иштерди уюштуруунун тапшырмалары саясий

борборлоштурган бюрократиялык башкаруу аппаратын түзүү керектиги менен шартталган. Жерди кайра иштетүү жана сугаруу комплекстүү үй-бүлөлүк, кечиккен айыл-чарбалык коомдогу жана жерге болгон мамлекеттик (падыша өкмөтүн) жеке менчикти түзүүнү сактоого жардам кылган.

Бир нече аймактык коомдук жерлер, алардын администрациялык, диний, маданий борбору болуп шаар эсептелинген жана жеке айыл-чарба түрүндө болгон.

Мындайча айтканда, шаарлар деп аталуучу – эң алгачкы мамлекет катары б.з.ч. IV миң жылдыктын аягында Египетте жана Түштүк Месопотамияларда (Тигрдин төмөнкү агымында Евфратта) пайда болгон. Дыйкан чарбалык – өзүн-өзү башкаруучулук уюму алардын пайдалануусуна бөлүнүп берилген жерлерди иштетишкен, ал эми алардын кыймылсыз мүлкү жеке менчиги болуп эсептелген.

Мамлекеттик экономикалык секторго падыша өкмөтүнө таандык болгон жерлер жана храмдар кирген: анда «падышанын адамдары» деп аталгандар формалдуу түрдө эркин, бирок укугу болбогон адамдар иштешкен. Мамлекетте, коомдук секторлорго көмөкчү каражат катары кулдардын эмгеги кеңири түрдө пайдаланылган.

Б.з.ч. III миң жылдыкта Байыркы Чыгыш мамлекети үчүн мүнөздүү болгон, кул ээлөөчүлүк мамилелердин патриархалдык тиби калыптанган (антикалык мамлекеттен айырмасы – анда классикалык кулчулук болгон). Патриархалдык кулчулук примитивдүү мүнөздө болгон жана басымдуу түрдө нак айыл-чарба шартында пайда болгон, азыктар негизинен өздүк керектөөлөр үчүн өндүрүлгөн жана мындай товардык өндүрүш катары жогорку баскычта эксплуатациялоо керектелген эмес.

Кул кенже, толук укуктуу эмес чоң үй-бүлөнүн мүчөсү катары болгон, өзүлөрүнүн кожоюндары менен бирдикте иштешкен жана аларды өзүлөрүнүн жеке менчиги катары эсептешип, алардан жандуу эмгек куралын гана көрө алышат, алардын атынан айрым адамдык жеке укуктарды тааныйт. Кулдар мамлекетке, храмдарга, жеке жактарга, бирок алар, мисалы, антикалык мамлекеттей негизги материалдык кызыкчылыкты өндүрүүчүлөр катары болушкан эмес. Ошонтсе да, Байыркы Чыгыш өлкөлөрүндө негизги иштерди өзгөчө айыл-чарбаларында – жетектөөчү экономикалык тармакта, көпчүлүгү тигил

же бул мамлекеттен көз каранды болгон дыйкандар уюмдары аткарышкан.

Бирок, б.з.ч. III миң жылдыктын пайда болушу менен ири мамлекеттерде өзгөчө социалдык-саясий түзүлүштөгү (мамлекеттик башкаруу) формациялар түзүлө баштаган – *чыгыш деспоту*, б.а. императордун (падышанын, фараондун) бийликтерин мамлекеттик бийлик менен окшотуруунун натыйжасында пайда болуу менен алардын бардык тарыхый аралыгы боюнча, байыркы бардык чыгыш мамлекеттери үчүн мүнөздүү көрүнүш болгон.

Байыркы чыгыш коомундагы алгачкы саясий-укуктук идеология диний-мифологиялык көз караштын негизинде дүйнөнү жана социалдык тартипти орнотуу боюнча өнүккөн. Байыркы коомдордогу жекече үстөмдүк кылуучу билимдин формасы мифтер, жомок-ылакаптар жана притчалар болгон. Байыркы укуктук буйруктар бир эле убакта жалпы дүйнөлүк көз караштык принциптердин (бүткүл дүйнөлүк мыйзамдар), диний осуяттар жана моралдык буйруктардын негизинде пайда болгон.

Чыгышта мындай салттар менен толук түрдө туура келген саясий жана укуктук окуулар дагы да болсо мифтерден четтей албай, жалпы коомдук аң-сезимдин өз алдынча чөйрөсүнө байланыштуу калыптанган эмес. Мамлекеттик коомдук уюмдардын бар болуусу жана маңызы мындай аракеттерде талкууланган эмес жана коомдук түзүлүштүн сапаты катары кабыл алынган. Бирдиктүү мамлекеттик формалардын бекемдиги – бардык байыркы чыгыш коомдорунда монархия сыяктуу, бул жерде кандайдыр бир мамлекеттик формалар жөнүндөгү эч кандай саясий-укуктук ой жүгүртүүлөр пайда болбогондугу менен шартталган.

Байыркы Чыгышта жеке юридикалык ой жүгүртүүлөр (алыстатылган диний доктриналар же юридикалык кодекстер) жок болгон, мамлекеттик ишмердүүлүк мамилелерин укук менен байланышта кароо аракети таптакыр болгон эмес. Саясий талкуунун эң башкы темасы башкаруучунун пайдалуу мамлекеттик ишкердиги болгон, ал эми, анын бийлик саясатынын мазмуну болуп башкаруучунун милдети түзгөн. Мамлекеттик мыйзамдардын идеясы диний эмес, коомдук жаңы түзүлүштүн керектиги катары, зор эмгектик концепциялар менен кабыл алынган.

Коомду кайра куруу жана Байыркы Чыгыштагы мамлекеттик окууну, эреже катары адамдардын моралдык кулк-мүнөздөрүн өзгөртүү менен башкаруучуну нравалык жактан «кудай» деп таанууну өркүндөтүүнү байланыштырышкан.

Байыркы Чыгыштын дагы бир саясий-укуктук окуусунун мүнөздүк чеги – адам укуктарынын идеяларынын жоктугу болгон. Укуктук статуста ойчулдар бир жакты– *милдетти* гана көрүшкөн. Алар мамлекеттик бийликти жөнөтүүдө, элдин катышуусу жана мамлекеттик кайдыгерликке каршылык кылуу мүмкүнчүлүктөрү, бул ык менен толук төп келээрин ойлонушкан эмес. Мамлекеттин дарегине – акылдуу, тандалган адамдардын оозлорунан гана сын айтуу мүмкүн болгон.

Мамлекет жөнүндөгү окуу жана Байыркы Чыгыштагы укук моралдан ажыратылган эмес жана өздөрү менен этикалык-укуктук доктриналардын элементтерин гана көрсөтүшкөн. Б.з.ч. I миң жылдыкта гана ар кандай маданий чөйрөлөрдө мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү диний салттык жана саясий өз ара байланышпаган ой жүгүртүүлөрдөн бошотулган. Саясий жана укуктук көз караштарга, теорияларга толук түрдө мүнөздөмө берүү үчүн Байыркы Чыгыштын ар бир өлкөлөрүнө токтолуу абзел.

## 2. Байыркы Египеттин, Байыркы Вавилондун саясий жана укуктук идеологиясы

Б.з.ч. III миң жылдыктын биринчи жарымында Байыркы Египет – бул сырткы саясатты активдүү түрдө жүргүзгөн, алгачкы ири борборлоштурулган кул ээлөөчүлүк мамлекет болгон. Анын таасири Синай жарым аралына, түштүк Палестинага, ошондой эле Нил өрөөнүнө жайылтылган. Бул убакта Египетте жасалма түрдө жерди сугаруу зарылчылдыгы менен байланышкан, борборлоштурулган деспоттук монархия түзүлгөн. Египетке таанымал болгон коомдо, негизинен кара жумуш хемага жүктөлгөн – падыша адамдарынын категориясына жана кулдарга көз каранды болгон (мисалы, ак сөөктөрдүн күмбөздөрүнүн курулушу – пирамидасын тартиптүү кармоо жана жаңы сугаруу каналдарын орнотуу) коомдук жумуштарды ала алышкан.

Үстөмдүк кылуучу таптын идеологиясы, мындайча айтканда: башкаруучу – фараон бүтүндөй толук бийликке ээлик кылган – па-

дышалар жашоосунда кудай катары болуу менен аны кудай катары эсептешип же болбосо, жок дегенде, кудайдын тукумдары же Күндүн балдары катары күтүнүшкөн. Өлкөнү башкаруудагы, башкаруунун бюрократиялык борбордук аппараты, б.а. субординациянын тутумдук рангаларынын турмушу эң башкы ролду ойногон. Падышалык жана храмдык ээликтерде мамлекеттик чарбалык жашоодогу бардык багыттардын эсеби жүргүзүлгөн. Деспоттук мамлекеттин бардык эмгекчил элдерине, салыктардан башка, коомдук иштер деп аталган мамлекеттик милдеттер кошумча жүктөлгөн.

Чексиз бийликке ээ болгон фараондорго, өлкөнүн бардык жер фонду, жумушчу күчүнүн чоң ресурстары да тишелүү болгон. Өлкөнү башкаруу үчүн көп тармактуу бюрократиялык аппарат түзүлгөн, коомдогу жашоодо аткаминерлер чоң роль ойногон. Түзүлгөн кул ээлөөчүлүк түзүлүштү актоо үчүн жана чексиз деспоттук бийликти негиздөө аракетинде, кул ээлөөчүлүк таптын идеологиясы мындай диний бийликтин келип чыгышын жарыялашып, массага баш ийүү жана моюн сунуу керектиги жөнүндөгү акылын үйрөтүшүп, коомдук теңсиздикти сактоого аракеттенишкен.

Падыша «улуу кудай» аталган, «Күндүн уулу» жана ага «өлбөстүк, кудуреттүү күч жазылган» деп эсептелген. «Падыша өлбөйт, ал эми өзүнүн өчпөс горизонтуна кирип кетет, аркы дүйнөдө Озирис кудайына айланып кетет дешкен. Ал – түбөлүк жашоочу». Бул ар кандай жазмаларда жана фараондордун урматына арналган гимндерде, башка эмгектерде чагылдырылган.

Египеттик кул-ээлөөчүлүк таптын башкаруучу катмарынын «Птахотендин акыл-насаатында», «Гераклеополдук падышанын өзүнүн баласы Хетиге берген акыл-насаатында», «Ипусердин сөздөрүнүн тутумдуу айкалышында» жана «Аменемопенин акыл-насааттарында» саясий идеологиясы ачылган.

«Птахотендин акыл-насаатында», б.з.ч. III к. египеттик ак сөөктөрдүн өкүлдөрүнүн бири, анын мамлекеттик түзүлүшкө жана коомчулукка карата болгон көз караштарын чагылдырган. «Птахотендин акыл-насаатында», күнүмдүк турмуштагы акылмандуулук эрежесин камтыган жүрүш-туруш эрежелери жакшы маанайда чагылдырылат, ошондой эле, автор кембагалды жубатуу максатында «кудай белгилүү адамдарды жогорку орунга коет», андыктан сурангандарга тагдырына моюн сунууга чакырат.

Птахотен, коомдук теңсиздиктин зарылчылдыгын негиздеп, кембагалдарды жогоркуларга баш ийүүчүлүк менен мамиле кылууга үндөйт. Жогоркулардын алдында колун түшүрүп жана «белин ийүү керек» – деп акыл–наасатын айтат. Ал кембагалдардын ийгиликтери белгилүү инсандардын жана бийликте тургандардын эркине көз каранды деп айтат. Ал «жогорку чөйрөнү» кембагалдарды кемсинтпөөгө, аларга ыксыз асылбоого жана зыян келтирбөөгө, ошол эле учурда, жогорку чөйрөнү, кембагалдардын кыжырланууларынан сактанууга чакырат. Эски осуяттарга эчтеке кошууга жана өзгөртүүгө болбойт – деп Птахотен айтат, тең укукта фараонду жана кудайды коёт. Башчысына кылчаюусуз баш ийүүсүн, ак сөөктөрдүн аларга карата жакшылык көрсөтүүчүлүгү менен түшүндүрөт. Социалдык мораль жана моюн сунуу сабактары бардык чыгармалары аркылуу көрсөтүлөт.

Б.з.ч. III к. орто ченинде Египетте борбордоштурулган монархия мүнөздүү түрдө начарлаган. Жасалма жер сугаруу мамлекеттик тыгыз бириктирүүнү талап кылган. Бириктирүүчү демилгечилер Нил дарыясынан, Тинисага чейинки өрөөндөгү ири аймакты багындырган, Гераклиопольск көчмөн падышачылыгына чейин чыгышкан. Ал эми бул убакта кедейлер байларга каршы чыгышкан. Бул каардуу таптык карама-каршылык «Гераклеополдук падышанын өзүнүн баласы Хетиге берген акыл-насааты» деген эмгегинде сүрөттөлөт, анда фараондор менен калктын аралыгында турган башкаруу аппаратынын эффективдүү иштөөсүнө көңүл буруу керектигин айтат.

*Падышачылыктын бириккендик идеясы*. Аппарат «бир отряд катары» иштеши керек. Бул үчүн падыша ак сөөктөрдү материалдык жактан көтөрүүгө кам көрүүсү керек. Ахта өзүнүн баласына акыл-насаатын, б.а. «Кедейлер – дүрбөлөңдүү аскер» – деген кооптуу заманда мамлекетти башкаруу маселесине байланышкан мазмунду камтыган кеңештерин берген. Автор козголоңчулардын аяосуз түрдө жазасын берүү менен, кедейлерге ишенбестен, аларды «аскерге албоо керек» – деген кеңешин айтат. Аны менен бирге эле, Ахта аркылуу эмгекчил элге бир нече макулдашууларды: ал калыстыгы жок жазалоолорго каршы экендигин көрсөтөт. Ошондой эле, ал бийликтин диний келип чыгышын, «ак көңүл иймам» – деп белгиленгенин тастыктоо менен, башкача айтканда – ал Кудай, падышага аны колдоого, диний сыйы-

нууларын сактоого, маркум падышаларды унутпоо жөнүндөгү кеңештерин айтат.

Б.з.ч. XVIII к. Байыркы Египетте эркин кедейлердин жана дөөлөттүү ак сөөктөргө каршы кулдардын башаламан көтөрүлүшүнүн жыйынтыгында, алардын байлыктарын, мамлекеттик мекемелердин байлыктарын кайрадан бөлүштүрүү болгон. Бирок козголоң басылган жана бул окуялардан кийин, Египет ушул эле кылымда бир кылымга жакын үстөмдүк кылган, Азиядагы гиксостор – көчмөн уруулары аркылуу басылып алынган.

Бул замандын окуялары лейденстик папируста «Ипусердин сөздөрүнүн тутумдуу айкалыштары» («Речения Ипусера») деген ат менен, өлкөдөгү үстөмдүк кылган окуяларга карата билдирген көз карашы чагылдырылган. Бай болуп калган каратаман букараларды Ипусер каракчылар, талап-тоноочулар (каракчылар байлыктын ээси болуп калган, жер астын-үстүн болгон, аялдар өлкө боюнча тентиген) деп атаган.

Ипусер биринчи кезекте Байыркы Египеттеги айыл-чарбага деспоттук-бюрократиялык механизмди жөнгө салууга аракет кылган. Болгон окуяны кудайдын эрки жана падышанын аракетсиздиги менен түшүндүрөт. Ипусердин ою боюнча «идеалдуу деспот», өлкөдөгү ич ара тартыштарды, зордук-зомбулуктарды, ак сөөктөрдүн экспроприацияланышына жол бербеши керек болчу. Жаңы башкаруучуга бардык кызматтарды, эмгек милдетинин тутумун тартипке келтирүү, анын аркасында пирамиданын курулушун жана суу сактагычты орнотуу, өлкөнүн куралдуу күчүн бекемдөө.

«Аменемопанын акыл-насаатында» төрөнүн баласына кайрылуусу, б.з.ч. X–IX кылымдардагы Египеттин начарлоо мезгилиндеги египеттик ак сөөктөрдүн мамилелери чагылдырылган. Кулдардын жана эркин коомчулуктун көтөрүлүшүнөн чочулоого жана аларды келечекте болтурбоону билүү керек дейт. Аменемопа дөөлөттүү ак сөөктөрдү ашыкча талап кылбоого жана кылдаттыкка чакыруу менен, ошол эле убакта соттордуң паракорчулугун сындайт. Кудай алдында адамдын алсыз экендигин сүрөттөйт. Трактатта кечилдерге багынууга жана моюн сунууга чакырык таштайт.

## Байыркы Вавилондун саясий-укуктук идеологиясы

Байыркы Вавилон кул ээлөөчүлүк мамлекет катары б.з.ч. II миң жылдыкта Тигр жана Евфрат (Эки дарыянын (Двуречье)) дарыясынын жээгинде эки мамлекеттин биригүүсүнүн жыйынтыгында – Ассирияны (Түштүк Месопотамия) пайда кылган. Б.з.ч. XVIII к. жарыкка келген башкаруучу, күчтүү падышалык бийлик менен башында турган Хамураппинин кубаттуу мамлекети пайда болгон.

Хамураппи өлкөнү бириктирип өзүнүн бийлигинин алдында «Хамураппинин мыйзамдары» катары белгилүү болгон, деспоттун чексиз бийлигин коргоочу мыйзамдар жыйнагын – жаңы мыйзамдарды чыгарат.

Вавилондогу өкүм сүргөн кул ээлөөчүлүк түзүлүш таптык карама-каршылыктын курчушу менен коштолгон. Ошондой эле, социалдык тартип жана бийлик жөнүндөгү идеология: өлкөдөгү бардык кайгы-капа жана ийгиликтер, жеңилүү жана кудайдан болгон согуштагы жеңиштер мифтик-диний көрсөтүүлөр менен жайылтылган. Байыган кул ээлөөчүлөр сүткордук, алып-сатарлык, үйлөрүн ижарага берүү менен, кулдардын санын көбөйтүү менен алек болушкан.

Хамураппинин мыйзамдары аябай мактоолордон жана падышалык бийликти актоолордон турат, анын диний келип чыгуусун: Хамураппи падыша кара баштарды башкаруу үчүн кудай аркылуу жиберилген өкүл, ал падышалардын падышасы, «жер жана аркы дүйнөнүн байланыштыруучусу», өзүнүн өлкөсүнө молчулукту жана байлыкты тартуулайт, анын мыйзамы жесир жана жетимдер үчүн чыгарылган. Хамураппи өзүнүн мыйзамдарынын өзгөртүүсүз жана түбөлүк калуусун каалайт. Падыша мыйзам бузуучуларды жалпы элдик кырсык – шаарларды кыйратуу, элдерди өлтүрүү, бузуучунун өзүн биринчи кезекте өлтүрүү менен коркуткан. Бир жагынан, мыйзамдарда эркин элдин айрым катмарынын тагдырын жеңилдетүү максатында, ошону менен бирге эле, кулчулук милдеттенмеси бир канча чектелген.

Мыйзамда Вавилондун коомдук социалдык түзүлүшүн көрсөткөн – калкты үч негизги категорияга бөлөт: толук кандуу эркин адамдар – таптын мүчөлөрү, юридикалык жактан эркин, бирок юридикалык жактан толук укуктуу эмес адамдар, таптын мүчөсү болуп эсептелбеген жана падышалык айыл-чарбада иштеген кулдар.

Жазаны аныктоонун алдында, күнөөкөрдүн (статусу) социалдык абалы эске алынган – кулдар өтө оор катаал жазаланган. Мыйзамда асабалы эске алынган – кулдар өтө оор катаал жазаланган. Мыйзамда аскерлердин өзгөчө жобосу жазылып белгиленген: алар падышанын бийринчи талабында эле, жүрүшкө чыгууга милдеттүү болушкан, кызматы үчүн мамлекеттен карыздары да алынбаган жана укумдан-тукумга берилүүчү жер үлүштөрүн алышкан. Көрсөтүлгөн укуктук эстеликтен Хамураппинин саясий идеалы – деспоттук мамлекетти жана кул ээлөөчүлүк түзүлүштү түбөлүккө калтыруу идеологиясы көрүнүп турат.

### 3. Байыркы Индиянын саясий-укуктук идеологиясы

Байыркы Индиянын саясий-укуктук ойлору б.з.ч. III миң жылдыкта кул ээлөөчүлүк мамлекеттин жана укуктун пайда болушу менен жаралып, б.з.ч. VI же VII к.к. башталышына чейин улантылган.

Б.з.ч. I миң жылдыкта Индияда эки диний агым: саясий жана укуктук окуунун калыптанышы үчүн диний база болгон: брахманизм жана буддизм пайда болгон. Бул диний окуулар өзүлөрүнүн тамыры боюнча Ведаларга кетет.

Байыркы Индиялык ойчулдардын биринчи эстелигинде (Вед доору б.з.ч. 1500–600-жж.) башка элдердей эле ыйык тексттер болгон (санскр. алганда vida – «билим, алып баруу»). Ведалар – диний жана ритуалдык тексттердин (самхиттердин) жыйындысы чагылдырылган, арийлердин ыйык китептеринин канону төрт томдуктан турган жыйнак. Саясий, укуктук, философиялык ойлордун тарыхы үчүн эки самхит – «Ригведа» жана «Атхарваведа» өтө кызыгууну жаратат.

Веданын макулдугу менен коом кудай Пурушанын ар кандай бөлүмдөрүн түзүү менен (дүйнөлүк дене жана жан) төрт варнага бөлүнгөн:

1) брахмандар –диний ырым-жырымдарды өтөөчү эң жогорку коомдук катмар;
2) кшатриялар – башкаруучулар жана аскерлер;
3) вайшьи – дыйкандар, кол өнөрчүлөр, соодагерлер;
4) шудралар – кара күч эмгегиндеги адамдар, эч кандай укуксуз адамдар – коомдун төмөнкү катмары (аялдар бир дагы кастага кирбеген).

«Ригведалар» кудуреттүү космостук концепциянын башталышы же, бардыгы тең бирдей баш ийдирилген, ританын (рта) – дүйнөлүк мыйзамы. Риталарды аткаруу кудуреттүү– күчтүү кудай Варуна жана анын жардамчысы Митра аркылуу (дхармалар) – мыйзамдын жардамы менен камсыздалат.

Башка, өтө кечирээк «Упанишаддар» жыйнагында – б.з.ч. IX–VI кк. акценттер сырткы күчтөрдүн нравалык принциптерин окуу менен алмаштырылган. «Бардык адамдар өзүлөрүнүн *дхармада* көрсөтүлгөн керемет (мыйзамдар, салттар, милдеттер, тартип эрежелери) аркылуу жүрүшү керек». Дхарма «Упанишаддарда» жакшылык көрсөткүч, моралдык милдет катары кабыл алынат. Бирок жогорку акыйкаттуулук жана жогорку тартип идеясын керемет – укмуш күчтөр аркылуу камсыздоо өзгөртүүсүз калтырылат.

Социалдык иерархиялардын башкаруучу катмарын брахмандар жана кшатриялар түзгөн. Брахмандар өзүлөрүнүн колундагы диний (ырым-жырым аткаруучу) бийликке, ал эми кшатриялар – ак сөөктүк бийликке ыклас коюшкан. Диний-философиялык тутум брахмандар тарабынан иштелип жана брахманизм аталышын (жогорку кудай Брахманын аты боюнча) алышкан.

Брахманизмдин идеологиясы, сансаранын доктриналары менен байланышкан – варналардын, коомду тең укуксуздук группаларга бөлгөн, алдын ала белгиленген ар бири өзүнүн дхармасы – кеңири мааниде бул сөз жол, «МАНУ мыйзамы» деген аттын алдындагы укуктук эстеликтеги чагылдырышын тапкан, мамлекеттеги брахмандардын диний ордун ээлеген ритуалдардын, нраваларын жана укуктук милдеттердин комплекси.

Ведалык жомоктордун негизинде Пурушанын денесинен биринчи адам варналар, анын оозунан брахман туулган, колунан – кшатрийлер, көкүрөгүнөн – вайшьялар, ал эми таманынан – шудра пайда болгон.

Брахмандардын эң башкы кесиби диний китептерди өздөштүрүү жана балдарды динге окутуу болуп эсептелет; кшатрийлердин кесиби – элди кайтаруу; вайшьилер – малды кайтаруулары, соода жана жерди иштетүүлөрү керек, ал эми шудра бул үч кастага кыңк этпей кызмат кылат, шудра – жеке менчик укугу жок төрөлгөн кул. Адамга таандык коомдук катмары, анын төрөлүшү жана анын артынан өмүр бою сакталышы аныкталган.

«Манунун мыйзамы» боюнча брахман – бардык касталардын чексиз укуктуу кожоюну, ыйык жана кол тийбес инсан. Ага катаал жаза колдонулбайт, аны айып пул же кууп жиберүү менен гана жазалоого болот, анын жеке менчиги колтийбестик укукка ээ. Манунун мыйзамы боюнча падыша – дүйнөдөгү чексиз укуктуу кожоюндун так өзү. Ал бардык кудайлардын даңкынан жаралган. Манунун мыйзамы, ким падышага каршы чыкса «падышанын каарынын оту бардык үй-бүлөсү, анын мал-мүлкү, байлыгы менен жок кылаарын» билдирет. Падыша брахмандар менен кеңешип жана алардын кызыкчылыктарын жүргүзүүсү керек. Падышанын колунда бийлик толук кандуу болушу керек (мамлекеттик аппарат, аскер, сырткы саясат, жогорку сот ж.б.у.с.).

Манунун мыйзамы касталык түзүмдү коргоо менен, жазалоонун ролу берилген «Веда» жана «Упанишаддын» абалынын мыйзамдуулугун бекемдөө аркылуу коомдук теңсиздикти актаган. Дхармалардын жана сансаралардын түшүнүгү боюнча, *данданити* түшүнүгү (сөзмө-сөз айтканда «таяк менен жазалоо») менен байланышкан.

Жазалоо идеясы саясий теориянын негизги принциптери болгон: ал аркылуу мамлекетти башкаруу илиминин «жазалоо жөнүндөгү окуу» деп атоого ошончолук маани берилген. Манунун мыйзамы: «Падышанын жазалоолору, ал – эркек, ал – жетекчи жана ал – жазалоочу… Дүйнө жүзү жазалоонун натыйжасында гана баш ийдирилет»; «Жазалоонун натыйжасында бүт дүйнө жүзү тартипти сактайт» – деген жазалоонун өтө эле ыксыз мактоолорун камтыйт.

Манунун мыйзамы, брахмандардын үстөмдүгүн жок кылууга карата шудралардын аракеттерин токтотуу максатын көздөө менен аларга карата адамкерчиликсиз террор кылууну сунуштайт. Шудралардын жогорку таптагы касталардын адресине айтылган богооз сөзү үчүн, анын тили кесилген. Анын карызы үчүн брахмандарга айткан акыл-насыяты, каршы сүйлөгөнү үчүн, алардын оозуна жана кулагына кайнак суу куюу аркылуу жазаланган. Манунун мыйзамы өзүнүн негизинде, аны негизги элементтери катары атоо менен мамлекеттин моделин камтыган (падыша, министр, жергиликтүү айылдык (өлкө), шаарды бекемдөө, казына, аскер жана шериктештер). Бул тарыхтагы мамлекеттин жалпыланган образын түзүүнүн алгачкы бирден-бир аракети болгон. Бул дхармашастралардын автору падышанын мил-

деттерине, ал варналардын кшатрияларынан болушу керектигине өзгөчө көңүл бөлөт.

Кийинки брахмандык башкаруу саясат Каутильянын «Артхашастра» (б.з.ч. IV–IIIк.) трактатында чагылдырылган. «Саясат жана акыл-насыяттын пайдасы жөнүндө» Европада 1905-жылдан бери 15 китептен турган, мамлекеттик теориянын ар кандай маселелерине жана саясатына арналган, ошондой эле, сунушталган формада белгилүү.

Бул окуу – күчтүү башкаруучу жөнүндө болгон. Анын автору б.з.ч. IVк. күчтүү Маурьев империясын негиздеген Чандрагупта падышанын кеңешчиси – Каутилья брахманы эсептелген. Трактаттын биринчи кол жазмасы болжолдуу түрдө б.з.ч. III к. кайрадан оңдотулуп жана толукталган.

Каутилья китебиндеги темасын: а)акылман падышанын ишмердүүлүгү жана функциялары; б) башкаруу жана укук; в) согуштун проблемалары жана дипломатиялар деп шарттуу түрдө үчкө бөлүүгө болот. Падышалык бийликти кудайга теңеген. Бирок, падышанын дхарма менен байланышын баса белгилегенине карабастан, Каутилья анархияны токтотуу максаты менен Макиавеллинин саясий сунуштары сыяктуу эле, катуулукту, башкаруунун прагматикалык методун, шпиондукту (аңдууну) кошуу менен, интригаларды, уунун жардамы менен саясий карама-каршылыктарды чететтүүнү сунуштайт. Муну менен «Артхашастра» Каутильянын мамлекеттин пайдасы үчүн моралдык нормаларга тоотпогондук менен мамиле кылганын ачык демонстрациялайт. Күчтүү жана душмандын түз тоотпостук кол салууларын четтетүү үчүн уудан өтөөр каражат жок экенин көрсөтөт.

Автор падышага карата администрацияны жана сотторду уюштурууга, мыйзам чыгарууга жана башкарууга, ички жана тышкы саясатка тиешелүү: «Эр жүрөк падыша, өзүнүн кызматчыларын да кайраттуу кылат. Падыша пайдага карата аракет кылышы керек» – деген кеңири кеп-кеңешин берет. Ал мамлекет үчүн эң башкы коркунуч ички козголоң экенин, андыктан ички тартипти бекемдөө керектигин эскертет.

Биринчи кезекте, Каутилья логикалык категориянын маанисин, эч кандай талкуусуз, илимий маалыматтарды жана методдорду өздөштүрбөө мүмкүн эместиги сыяктуу эле, саясий теорияны түзүү

мүмкүн эмес экенин баса белгилейт. Аны өнүктүрүү үчүн 32 методко: логикалык ыктардын жыйындысына жана тилдик каражаттарды алда канча абайлоо менен колдонууга мүмкүнчүлүк берүүчү лингвистикалык эрежелерге басым коюш керек дейт.

Каутилья «билимдин төрт негизги тармагын»: философия, үч веда жөнүндөгү окууну, чарба жөнүндөгү окууну жана мамлекеттик башкаруу жөнүндөгү окууну тааныган. Философиянын маанилүүлүгү, ал логикалык далилдердин жардамы менен үч веда жөнүндөгү окуунун мыйзамдуулугун жана мыйзамсыздыгын, чарба жөнүндөгү окуунун пайдалуулугун жана зыяндуулугун, мамлекеттик башкаруу жөнүндөгү окуунун ишенимдүү жана ишенимсиз саясатын жана ошону менен бирге эле, бул илимдердин күчтүү жана алсыз тараптарын, бактысыздык духун жана бактылуулугун бекемдөө менен талкуулоо, сүйлөө жана аракет жасоо ыктарын берүүсү менен аныкталат. Аягына чейин прагматик боюнча калуу менен, пайда табууну диний жактан карайт.

Каутилья агенттин киймин кийүү менен жашоочуларды жышаандар менен чочутууну, андан кийин духтарды куу жана тазалоо үчүн өбөлгөнү алууну сунуштайт. Душмандар менен согушууда каршылаштарын ырымчыл үрөй учурууга ишендирүү менен кудайлардын жардамына басым коюуга мүмкүн дейт. Тажрыйбалуу шпионго кудайды элестетип көрсөтүү менен кирүүгө, анын атынан алдын ала айтууга жана ишенүүчүлөрдүн акылдарына туура келе турган образдар менен аракет кылууга уруксат берилген. Жаңы жерлерди басып алган башкаруучу, өтө берилгендик менен жергиликтүү кудайды демонстрациялоого, керек болсо ал башка динге сыйынса да тыюу салган эмес.

Каутилья моралдык сыяктуу эле, ошол эле, диний догмаларды өзүнүн чөйрөсүнүн жана доорунун ырым-жырымдарга ишенүүлөрүнө таштаган; «*артха*»(саясаты) анын түшүнүгүндө дайыма борбордук принцип болуп эсептелген, «*дхарма*» бүтүндөй андан көз карандыы бойдон калган.

*Мамлекеттин теоретикалык модели*. Каутильянын идеясы боюнча, байыркы индиялык мамлекетке таануулук салттуу болгон жети элементтен турган: падыша, министр, жергиликтүү айылдык, шаар, казына, аскер шериктештеринен турган мамлекеттин моделин айткан. «Артхашастра» башкаруучунун идеалдуу моделин аныктаган.

Мамлекетти башкаруучуга: тектүүлүк, бактылуулук, акылдуулук, акыйкаттуулук, чынчылдык, берешендик, күчтүү эрктүүлүк ж.б.у.с. тиешелүү касиеттеринин болушу керектигин жазган. Душмандар падышалык тукумдан болбогону, керт башын ойлогон, санда жок кеңешчилер менен курчалганы, алар көргүсү келбеген башка мамлекеттин жаранынын башкарганы ж.б.у.с. алар үчүн жакшы болгон.

*Падышага карата болгон сунуштар.* Каутилья мамлекеттик иштердин сабактары кандай түрдө рационалдуу пландаштыруу керектигин, падыша менен балдарынын мамилелери жөнүндөгү кеңеш берүүлөрүн, жеке кароолчулары үчүн керектүү ченемдерди сүрөттөп келтирүүлөрдү майда-чүйдөсүнө чейин баяндайт.

*Мамлекет башчысына карата болгон айрым так сунуштары***:**

1) башка мамлекеттин жаранына карата сак көзөмөл уюштуруу. Шпиондор (тыңчылар) бардык коомдук тапка аралашуулары жана башкаруучунун сындарына карата адамдарды көкүтүү аркылуу падышанын саясатына каршы жактарын ачып көрсөтүүлөрү керек;

2) өз тарапка ишеничтүү жана берилген адамдарды гана эмес, ошондой эле, өзгөчө душмандардын өлкөсүндөгү саткынчылыкка жөндөмдүү адамдарды да тартуу керек;

3) кол астындагылар менен кеңешүү жана ар биринин оюн угуу. Каутилья: «Акылман наристенин да кебин кабыл ала билүүгө да жөндөмдүү болуш керек» – деген акыл-насаатын айтат;

4) күчтүүлөр менен жарашып, аны алдоого аракет кылыш керек, эгерде согуша турган болсо, анда алсыздар менен согушуш керек.

Негизги аракет кылуучу жак боюнча, мураскорду такка отургузууну уюштуруучу, текстте өтө чоң бийлик берилген падыша жардамчысы эсептелген. Ага башка талапкерлерди четтетүүгө, коңшуларды өзүнө багындырууга, тынчтандырууга, кандай жол менен болсо да падыша аралык мамлекеттик биримдүүлүктү камсыздоого туура келген.

*Каутильянын ички саясат жөнүндөгү ойлору.* Эң башкы максат – экономиканы жана падыша менен падышалыктын кирешелерин (салыкты, бажы жыйымын жана башка жыйымдарды) көтөрүү. Бул кирешелерди камсыздоодо ал жыйымдарды ишке ашыруучу администрациялар менен байланышкан. Ошондуктан экинчи китептин чоң бөлүгү материалдык каражаттарды сактаган жана жыйындарды

текшерген, мамлекеттик аппараттын өкүлдөрүнө өзүнүн баяндаган сунуштарын көрсөтөт.

Каутилья мамлекетке коркунуч жаратуучу жана биринчи кезекте, бийликти кыянаттык менен пайдалангандарга байланышкан «башаламандыктын» ар кандай түрүн кеңири талдайт. Келечектеги күчтүү бийликтин жактоочусу, министр ички бүт жамандыктардан кутулуунун каражаты катары *жазалоону* эсептейт. Башкаруучу, коркутуунун каражаттарын акылдуулук менен пайдалануу, өлкөдөгү болуп жаткан социалдык тартипти колдоого жана чыр-чатактарды токтотууга жөндөмдүү болушун айткан. «Падыша үчүн эң башкы кырсык ички жана тышкы козголоң болуп эсептелет. Сырткы козголоң менен салыштыруу боюнча, ички козголоң өтө зыяндуу, күтүүсүздөн жылаан менен тикеден-тике жакындашуу кандай болсо, ошондой коркунучтуу болуп саналат».

Падышанын аскер саясатын бул маселелер менен байланыштырат: трактаттын автору падышаны кандайдыр бир, анын тылындагы бышып жетилген козголоңчулар учурундагы аскердик авантюралардан сак болууну эскертет. Ички душмандарды талкалап туруп гана, жүрүшкө чыгууга болот, эгер анын үстүнөн толук кандуу жеңишке жетишүү мүмкүн болбосо, анда согуштан таптакыр баш тартуу керек дейт.

Келечек мүлк жөнүндө жана өлкөнүн ичиндеги сословиелик (катмардык) айырмачылыктар боюнча жакшы кабардар кылынгандарга, ал жогорку чөйрөдөгүлөрдүн жана алардын төмөнкү мүчөлөрүнүн, партиялардын жана каршылашкан ички катмарды жетектеген топтордун өкүлдөрүнүн арасындагы араздыкты тутандырууну сунуштаган. Падыша өтө начар тарапты акчалай жана куралдуу күчтөр менен колдоосу керек, ошондо гана, ага касташкан партияларды жеңилтүүгө мүмкүндүк болот. Республиканын башчысына ички ийкемдүү саясат жүргүзүү жана жалпы популярдуулукка ээ болууга аракет кылуу сунушу кылынган.

*Буддизмдин саясий-укуктук доктринасы*. Брахманизм доору б.з.ч. I миң жылдыктын ортосунда бүткөн, брахманизмди алмаштырганга буддизм келген. Веданын негизги жоболорун сындоо менен, Упанишаддык жана брахманистик идеологияларды басып Будда алдыга чыккан.

Буддизм дүйнөдөгү нравалык башкаруучу жана үстөмдүк кылган инсан катары, алгачкы булактардагы кудай жөнүндөгү ойлорду, мыйзамдарды четке каккан. Будда боюнча, иш адамкерчиликте, адамдардын жеке аракеттерине байланыштуу. Буддизм варна системасын жана алардын теңсиздик принциптерин сынга алган. Брахман буддисттер үчүн – бул варналардын мүчөсү эмес, ал мыктылыкка жетишкен жөн эле адам.

Буддизм брахмандардын коомдун жашоосундагы жетектөөчү ролун эмес, кшатрияларды таанышкан. Мындай саясат кечилдердин (брахмандардын) таасирин начарлатууга багытталган. Ошондой эле, буддизм брахмандардын бийлигинин мураскордук мүнөзүнө күмөндүүлүк жараткан.

Буддизмдин келип чыгуусун (б.з.ч. VI–V кк.) байыркы замандан калган жомок индиялык ханзада Сиддхартха Гаутаманын аты менен байланыштырышкан. Ал аскетикалык жашоонун жолу менен Просветленный (Жарык), башкача айтканда, Будда болуп калган. Буддизмдин негизинде адамды кайгыруулардан арылтуу идеясы жатат. Ким болбосун көңүл көтөрүүгө жетишиши мүмкүн. Буддизм адамдар арасындагы теңчиликти социалдык жактан эмес, диний чөйрөдө болооруна үгүттөшкөн. Адамдар алардын баары кыйынчылыкта жашоону теңчилик (тең укуктуулук) катары эсептешкен жана бардыгы тарабынан акыл-ой мүдөөлөрүн өстүрүү жөндөмдүүлүгүн таанышкан. Булардын чегинде тең укуктуулук проблемасы коюлган эмес. Буддизм коомдук түзүлүштүн өзгөрүшүнө эмес, жер шарынын аша кечүүчүлүк дилгирленүүлөрүнүн жана кызыкчылыктарынын өзгөрүшүнө чакырган. Буддизм бийликке оппозиция болгон эмес, ири мамлекеттерди түзүү керектигин чагылдырган жана Маурьевдин империясын бекемдөөгө түрткү берген. Башкаруучулар жаңы динди жарандык бийликке карата кечилдердин дооматтары менен күрөшүү үчүн пайдаланууну башташкан.

Буддистик «Дхаммапада» («Мыйзамдын жолу менен») булакта : варнанын сын системалары; адам активдүү болушу керек, табигый мыйзамды таануу; кастыкты зордук-зомбулук менен каршылаштырбоо; масштабдык жазалоолорду чектөө. *Дхарма* – бул дүйнөнү башкарган табигый мыйзам ченемдүүлүк, табигый мыйзам. Гуманистик көз караштa: кастыкты зордук-зомбулук менен каршылаштырбоо,

жек көрүүчүлүк, жек көрүүчүлүк менен токтотулбайт. Дхарма – кылыгы үчүн жазалоо мыйзамы, башкача айтканда, ар ким кийинки жашоосунда өзүнүн кылыктары үчүн жообун алат. *Карма* –жүрүш-туруштун натыйжалары жана себептери.

Буддизмдин саясий-укуктук доктринасы акыйкат башкаруу принцибине, башкача айтканда, милдеттерди аткаруу, так ушул абал коомдо орундатылат, мындай милдеттерди аткаруу керектиги жөнүндөгү принциптерге негизделген. Белгилүү жол аркылуу кыйынчылыктардан качууга болот. Кыйынчылыктын бүтүшү – нирванага жетүү – абсолюттукта эрүү. Буддизмдин принциби – иштер эмес, башкача айтканда, буддисттер дхармалардын жана кармалардын мыйзамы боюнча жашашы. Байыркы индиялыктардын түшүнүгүндө укук дагы да болсо моралдан бөлүнгөн эмес, диндер, ритуалдар, так укуктук доктриналардын жоктугун шарттаган.

Тескерисинче, мамлекеттик бийлик өтө жогорку жалпылоолордун деңгээлинде изилденген, анын элементтери аркылуу, жекече мамлекеттин моделин түзүү аракеттери кабыл алынган, башкаруучунун идеалдуу образы жаратылган жана керек болсо мамлекеттин иш-аракети түйүлдүк түрдө формулировкаланган.

## 4. Байыркы Кытайдын саясий-укуктук ойчулдугу

Кытайлык саясий-укуктук ойлордун калыптаныш мезгили, мурдагы Шан-Шинь династиясын кулаткан, өзүнүн башкаруусунун идеялык негиздеги легитимдүүлүгүнө муктаж болгон, б.з.ч. II кылымдын аягы – I миң жылдыктын башталышындагы Чжоу жаңы мамлекетинин пайда болушундагы – башкаруучусу менен байланышкан. Бул мезгил «падышалык үчүн күрөшүүчүлөр» эпохасы деп аталган.

Башкаруу формасы – кайда болсун, б.з.ч. I миң жылдыктын ортосундагы колуна жогорку мамлекеттик кызматтарды кармаган, мураскор аристократтар үстөмдүк кылуучу орунду ээлеген – *согуштук – бюрократиялык деспотия* болгон. Бул мезгилде вандардын борбордук бийлигин алсыздандырууга алып келген ички таптык карама-каршылыктар пайда болгон, ал эми түндүк-батыш көчмөндөрүнүн кысымынын күчөшү менен аймактар кыскартылган жана көптөгөн өз алдынча мамлекеттер пайда боло баштайт, алардын бири Чыгыш

Чжоу мамлекети болгон. Мамлекетте реформалар жүргүзүлүп, кулчулук милдеттенмелер кеңири жайылтылуу менен жеке жактар кулдардын эмгектерин өтө активдүү пайдаланышкан.

*Конфуцийчилик (Кун-фу-цзы).* Мектепти негиздөөчү – Конфуций (б.з.ч.551–479ж.ж.) жашаган. Конфуцийдин көз караштары, анын окуучулары тарабынан түзүлгөн «Лунь юй» («Сүйлөшүүлөр жана айтымдар» – «Беседы и высказывания») деген китебинде баяндалган. Анын идеалы – бул эң байыркы Кытай, көп нерсеге жана умтулууларга зарыл болгон, анын «алтындай болуп өткөн жолу».

Конфуцийдин негизги жоболору жана койгон маселелери:

1.*Мамлекет маселеси*. Конфуций патриархалдык – мамлекеттин патерналисттик концепциясын өнүктүргөн. «Мамлекет – бул чоң үй-бүлө, башында падыша-ата турат»– дейт. Императордун бийлиги, бийликтин атасы сыяктуу, ал эми башкаруучулардын жана башка мамлекеттин жарандарынын мамилеси – үй-бүлөлүк мамилелер, кайда болбосун кичүүлөр улуулардан көз каранды болот. Конфуций башкаруунун ак сөөктүк (аристократиялык) формасын жактаган, башкача айтканда, эл мамлекеттин башкаруусуна катышуудан четтетилген. Мамлекетти башкаруу падыша менен башында турган асылзат ардактуу киши шыктуу болгон – «көкө теңирдин баласы» («сын неба»).

2. *Этика проблемасы*. Асылзат адам адамгерчиликтүү болушу керек, эмгек кылууга, улууларды урматтоого милдеттүү: башкаруучуну жана атасын. Өз ара мамилелер баласынын атасына болгон сый-урматынан негизделиши керек. Баласы: а) өзүнүн атасын урматтоого; б) өзүнүн атасын багууга; в) атасын көмүүдө салтанаттуу аземин өткөрүүгө жана атасынын өлүмүнөн кийин 3 жыл аралыгында үйдөгү оокаттарын коюштурбоого милдеттүү болушу керек. Үй-бүлөдөгү тартип мамлекеттеги тартиптин негизи болуп эсептелет.

3. *Идеалдуу башкаруучунун проблемасы*. Идеалдуу башкаруучу: а) адамдарды сүйүүгө; б) өзүнүн милдетин аткарууга – эмгектенүүгө (саясий эмгек); в) ата-энеси жана эли жөнүндө кам көрүүгө милдеттүү.

Конфуций башкаруучуларды жакшылык кылуунун башаты болгон башка мамлекеттин жараны менен өзүнүн мамилелерин түзүүгө чакырган.

Жакшылык көрсөткүч «ли» (добродетель) – бул этикалык-укуктук норманын жана принциптердин кеңейтилген комплекси, ага: а) диний ырым-жырымдардын эрежелери; б) адамгерчиликтүүлүк; в) адамдар жөнүндө кам көрүү; г) ата-энеге карата сый-урмат мамиле; д) падышага берилгендик; е) милдеттер кирет.

Башкаруучу жана элдин арасындагы мамиле ишенимге жана сүйүүгө негизделиши керек. Башка мамлекеттин жаранынын негизги жакшылык көрсөткүчү: а) башкаруучуга берилгендик; б) моюн сунуу; в) урматтоо милдеттеринен турат. Конфуций зордук-зомбулукту жактырбайт, ал козголоң чыгаруучуларга жана бийлик үчүн күрөшүүлөргө каршы.

4. *Конфуцийчилер мамлекеттин эң маанилүү функциялары* – иш-аракети катары социалдык, нравалык, коргоочулук жагдайларды эсептейт.

5. *Элди кантип багуу керек?* – деген проблемасы. Бул үчүн: а) дыйканчылык боюнча кам көрүү; б) салыктар боюнча ашыра талап кылбоо; в) мамлекеттик чыгымдардагы токтоолук (короо жайды кармоодо) кылуу; г) элди тарбиялоо; д) башкаруучу өзүнүн үлгүлүүлүгү менен элге үлгү көрсөтүүсү керек.

6. *Согуш проблемасы*. Конфуций кытайлык падышачылыктын бири-бирине же башка элдерге каршы басып алуучулук күрөштөрүнө жактырбастык менен караган.

7. *Конфуцийдин укуктук көз караштары*: а) адамдарга карата болгон эң башкы таасир этүүнүн каражаты мораль болушу керек деген; б) башкаруу мыйзамдарга каршы болгон. Ал мыйзамдуулук принцибин олуттуу деп эсептеген эмес. Мыйзамдын залалдыгы жөнүндө айткан. Позитивдик мыйзамдарга (жазылган) – алардын салттуулук-жазалоочулук мааниси жана алардын оор жазалар менен практика жүзүндө байланыш себептери боюнча; мыйзамдуулук жардамчы роль ойношу керек деп жактырбагандык менен мамиле жасаган. Конфуцийчилик б.з.ч. II к. Кытайда официалдуу идеология катары жана мамлекеттик дин катары роль ойной баштагандыгы менен таанылган.

*Даосизм.* Даосизм окуусунун негиздөөчүсү – (б.з.ч. VI к.) кытай философу Лао-цзы болгон. Даосизмдин негизги идеялары анын «Дао дэ дзин» («Дао жана дэ жөнүндөгү китеп») деген китебинде баяндалган:

1. *«Дао» түшүнүгү*. Дао – бул нерсенин табигый жүрүшү, мыйзамдуулуктун табигыйлуулугу. Дүйнөнүн маңызы болгон биринчи материя, андан бардыгы жаратылган жана бардыгы кайрадан бара турган. Дао – чексиз жана билүүгө мүмкүн болбогон дүйнөнүн маани, мазмуну. Дао асмандын, жаратылыштын жана коомдун мыйзамын аныктайт. Бул – жогорку жакшылык көрсөткүч жана адилеттүүлүк.

2. *Маданиятты (цивилизация) жана жаратылышты салыштыруу*. Дао жана цивилизация бири-бирине туура келбейт. Адам баласынын маданияты канчалык өнүккөн сайын, ошончолук даодон бөлүнүп калган. Маданияттын бардык жетишпестиктери, адамдардын теңсиздиги жана жакырчылыгы – бул чыныгы даону четке кагуунун жыйынтыгы болгон.

3. *Саясий искусствонун принциби*. Мамлекетти башкаруу жөнөкөй болушу керек. Башкаруучу табигый нерселердин жүрүшүн аралыштырбашы керек (активдүү кыймыл аракеттен өзүн-өзү тыюу принцибин), анын бар экендиги жөнүндө элдин бардыгы билсе анда – ал эң мыкты башкаруучу. Өзүн-өзү элге кысым көрсөтүүдөн жана алардын тынчын албоону токтотууга чакыруусу керек.

4. *Согушка карата болгон мамилеси*. Зордук-зомбулуктун бардык түрүн, согушту жана аскерлерди айыптоо.

5. *Ыгы жок каражаттарды жана байлык топтоолорду айыптоо*.

6. *Идеалдуу башкаруучу жөнүндө көрсөтүү*: а) Ал акылдуу болушу керек. б) Өзүн-өзү токтото билүү ыкмасынын жардамы менен, башкача айтканда, коомчулуктун мүчөлөрүнүн иштеринин активдүү кийлигишүүлөрүнөн өзүн-өзү калыс кармай билүү. в) Даону түшүнүү болгон.

7. *Эски тартипти калыбына келтирүү*. Табигый жашоонун негизине, патриархалдык жөнөкөйлүккө кайтуу.

8. *Мыйзамдар менен башкарууга карата каршылыктар*. Даочулар конфуцийчиликтин этикалык баалуулуктарын – адамзаттын сүйүүсүн, адилеттүүлүктү, акылмандуулукту, уулдук сый көрсөтүүчүлүктү, аталык сүйүүнү, диний ырым-жырымдардын өзүнө – качан ал мезгилдеги коомчулуктагы алгачкы мыктылыктардын жоюлушу, «даодон» алыстатышына алып келиши компенсация катары пайда болгон, булардын баарын даочулар четке кагышкан. Даочулар Конфу-

цийдин ойлоруна жана мыйзамдарга да каршы болгон. Кийинчирээк даосизм конфуцийчилер катары эле динге айланган.

*Моизм*. Радикалдуу-демократиялык традициялык саясий-укуктук идеялар Кытайда б.з.ч. Vк. пайда болот, анын негиздөөчүсү Конфуцийдин окуучусу (б.з.ч. 479–400-жылдардагы) философ Мо Ди – Мо-цзы болуп эсептелген. Мо-цзы Конфуцийге каршы коюу менен анын жакшылык көрсөтүүчүлөр жөнүндөгү абалын сынга алат жана бардык адамдардын табигый теңчилик идеясын өнүктүрөт жана, ошондой эле, мамлекеттин келип чыгышынын келишимдик концепциясын негиздеген.

Моистикалык концепциянын негизги жоболору:

1. *Мамлекеттин келип чыгышынын келишимдик концепциясы*. Башкаруунун жана жазалоонун өткөн мезгили болгон эмес, ар кимдин адилеттүүлүк жөнүндө өздөрүнүн түшүнүктөрү болгон. Ошондуктан бардыгы хаос абалында болушкан. Бирок, хаостун себебин түшүнүшкөндөн кийин, адамдар жакшылык көрсөткүч жана акылдуу адамдын өзүн тандашып, аны өзүлөрүнүн башкаруучусу кылышкан.

2. *Бийликтин жана адилеттүүлүктүн бардыгы* үчүн бирдей болгон бирдиктүү идеясы.

3. *Бийликти идеалдуу уюштуруу* – бийлик башында акылдуу башкаруучу жана аткаруу кызматынын бөлүнүп коюлган системасы. Мамлекеттеги толук кандуу биримдикти орнотуу үчүн: а) бирдиктүү ойлорду киргизүү; б) зыян келтирүүчү окууларды жок кылуу; в) сөз ташуучуларга колдоо көрсөтүү; г) социалдык теңчиликти колдоо керек болгон.

4. *Мамлекеттик кызматтардын келип чыгуу* (ата теги боюнча) принциби жана тууганчылык боюнча ордуна иштөө айыпталган. Мамлекеттик кызматка ата тегине карабастан, өтө акылдууларды көрсөтүү тиешелүү болгон.

5. *Мыйзамдардын залалы.* «Жалпы бирдей бир-бирин сүйүү» принцибине өтө чоң маани берилген.

6. *Мамлекет элдин кызыкчылыгы жөнүндө* кам көрүшү керек. Эл ток болушу керек. Бул проблеманы – бардыгы күч эмгеги аркылуу аракеттенүү менен чечиши керек.

8. *Элдин укугу адилетсиз бийликке* карата көтөрүлүшү аркылуу таанылган. Бүтүндөй бул окуу конфуцийчиликтин жана легизмдин ортосундагы баскычты ээлейт.

*Легизм.* Легизмдин негиздөөчүсү – Шан Ян (б.з.ч.390-338-жж.) – мыйзамчыл-практиги. Анын көз караштары «Шан цзюнь шу» («Шан тарабындагы башкаруучунун китеби») деген трактатта баяндалган. Шан Ян аймактык майдаланган дыйканчылык мезгилиндеги министр болгон, өлкөдөгү жерге болгон жеке менчикти мыйзамдаштырган реформанын уюштуруучусу болгон.

Конфуцийчилерге каршы карама-каршы көз караштагы легисттер же мыйзамчылар (*фа-цзя мектеби*) ээлешкен. Легисттердин саясий идеалы бекем үлгүлүү тартиптеги монархиялык мамлекетти түзүү болгон. Мамлекетти чоң үй-бүлө катары кароо жөнүндөгү сунуштарын, мамлекеттин өзүнө таандык каситтери жок механизм катары кароо жөнүндөгү сунуштары менен алмаштырышкан. Даанышмандардын ордун бюрократтар ээлешкен, башкаруучунун ордуна – жада калса асмандан да жана элден да, өткөн бардык ата-бабадан да өзүн жогору койгон, бардыгын өзүнүн жеке бийлигине баш ийдирүүгө аракет кылууну көздөгөн зөөкүр ата келген.

Негизги жоболор:

1. *Эскиге кайтууга мүмкүн эмес.*

2. *Этатизм принциби*: мамлекеттин кызыкчылыктары бардыгынан жогору.

3. *Мамлекеттин негизги дайындоолору* – адамдардын жамандыктын башталышына каршы туруусу (жаратылыштын). Адам – бул социалдык жамандыктын булагы.

4. *Идеалдуу мамлекет түшүнүгү* өзүнө төмөнкүлөрдү киргизет:

а) күчтүү жогорку бийлик;

б) жогорку деңгээлдеги күчтүү аскер;

в) мамлекетти борбордоштуруу;

г) бюрократтардын жана жергиликтүү башкаруучулардын зомбулуктарын чектөө; мамлекетти адамдар эмес, мыйзам башкарышы керек.

5. *Мыйзамдардын ролу*. Мыйзамдар бирдиктүү жана бардыгы үчүн бирдей болушу керек. Адамдар мыйзам алдында бирдей болушу керек.

Мыйзам – бул жазалоо. Мамлекеттик башкаруунун башкы ыкмасы – жазалоо жана кызыктыруу методу. Сыйлоо аз, ал эми жазалоо

көп болушу керек. Мамлекетте жазык мыйзамы өтө катаал болушу керек: объективдүү айып коюуну жана өлүм жазасын кеңири түрдө колдонуу (негизинен өлүм жазасынын кыйноо тартуучу түрлөрүн колдонуу керектиги).

6. *Боорукерчиликти жана гуманизмди айыптоо*.

7. *Бийликтин жана элдердин ортосундагы мамиле, жоолошкон каршы жактар катары каралган*.

9. *Үлгүлүү мамлекеттеги башкаруучунун бийлиги*, падышанын ишкердигинин жогорку максатына – Кытайды басып алуучулук жол менен бириктирүүгө жөндөмдүү, күчтүү мамлекетти түзүү күчүнө таянуу болгон.

10. *Идеалдуу башкаруучунун образы*. Идеалдуу башкаруучу: а) өзүнүн элине коркутууларга ишенүү кеңештерин берүү; б)сырдуу болуу; в) бюрократтарды текшерүү жана эч кимге ишенбөө; г) эч кимге ишенбөөнүн негизинде саясий чечим кабыл алуу керектиги жөнүндө.

*Легисттердин концепциясынын мааниси*: алардын көп принциптери практикада колдонулган. Мунун жакшы аспектилери – Кытайдагы борбордоштурулган күчтүү мамлекетте билим берүү, тескери жагы – өлкөдө *зөөкүрчүлүк башкарууну* орнотуу болгон. Бул теория укук илиминде «*зөөкүрчүлүк теориясы*» деп аталып калган.

Б.з.ч. II – I кк. конфуцийчилердин ойлору легисттердин идеясы менен толукталып, Кытайдагы мамлекеттик дин катары Конфуцийдин идеялары бекитилген. Даосизм кайрадан буддизм менен алмашылган жана анын саясий идеологияга болгон таасири акырындап азайган.

**Адабий булактар:**

Артхашастра или наука политики: Пер с санскр. – М.; Л.,Изд-во АН СССР, 1959.

Бонгард-Левин Г.М. Древнеиндийская цивилизация. – 2-е изд., перер. и доп. – М.: Наука, 1993.

Законы Ману (Памятники литературы народов Востока). Пер. и примеч. Д.Эльмановича. – М.: Изд-во вост. лит-ры,1960.

Книга правителя области Шан (Шан Цзюнь Шу): Пер. с кит.– М.: Наука, 1968.

Конфуций. Я верю в древность. – М.: Республика, 1995.

Конфуций. Уроки мудрости: Сочинения. – М.-Харьков: ЭКСМО– Пресс, 1998.

Переломов Л.С. Конфуцианство и легизм в политической истории Китая. – М.: Наука, 1981.

Керимбаев М.К. История политических и правовых учений (курс лекций).-Б., 2001.

# 3-БӨЛҮК

# БАЙЫРКЫ ГРЕЦИЯНЫН МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ТАРЫХЫНЫН КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ
## (б.д.ч. IXк.– б.д.ч. IIк.)

*1. Байыркы Грециядагы мамлекет жана укук тууралу концепциялардын негизги багыттары*

*2. Алгачкы антикалык этаптагы ойчулдардын саясий жана укуктук концепциялары*

*3. Платон жана Аристотелдин саясий жана укуктук көз караштары*

*4. Мамлекеттин формалары жөнүндөгү Полибийдин ойлору*

## 1. Байыркы Грециядагы мамлекет жана укук тууралуу концепциялардын негизги багыттары

Байыркы Грециянын мамлекеттүүлүгү б.з.ч. I миң жылдыктын башталышында өзүнчө мамлекетти – шаарларды, өз алдынчалык – көз карандысыздык менен камсыздоо формасында пайда болгон. Алгачкы коомдук түзүлүштөн жаңы таптык коомго жана коомдук жашоону саясий формада уюштурууга өтүүдө, ар кандай түзүлүш аралык күрөштүн курчуусу – тукумдан тукумга өтүп келген ак сөөктөр жана жакырланган коомчулук, көз карандысыздар жана кулдар сыяктуу калктын таптык ажыроо процесси менен коштолгон.

Бул күрөштүн жыйынтыгынын негизинде б.з.ч. VI–V кк. башкаруунун формасына ылайык келген ар түрдүү полисти аныктаган: Афинада жана Абдерада – демократиялык, Фивада жана Мегарада – олигархиялык, Спартада – аристократиялык, Сиракузада (б.з.ч.V к.) – тираниялык. Мындай байыркы грециялык полистердин шартында бийлик үчүн катаал күрөштү күчөтүү – аристократтык (эски же жаңы ак сөөктөрдүн бийлиги, «эң мыкты»), олигархиялык (байлардын жана дөөлөттүүлөрдүн бийлиги), же демократиялык (элдердин, б.а. полис тургундарынын бардык чондорунун эркин бийлиги) сыяктуу башкаруунун бир формасын түзүү болгон. Бул күрөш ар түрдүү сая-

сий-укуктук ойлордун агымындагы катмарлардан өзүнүн чагылуусун тапкан.

Байыркы грек тарыхында саясий-укуктук ойлор 3 мезгилге бөлүнгөн:

1. алгачкы мезгил (б.з.ч. IX–VI кк.) – байыркы грек мамлекеттүүлүгүнүн пайда болуусу, (Гомердин, Гесиоддун чыгармаларында жана белгилүү «жети акылман» чыгармасында), (Пифагордун жана пифагорчулардын, Гераклиттин эмгектеринде) укук жана мамлекеттик проблемаларында философиялык ык калыптанган, укук жана мамлекеттик проблемаларды саясий-укуктук жактан рационалдуу көрсөтүү жана орнотуу мезгили;

2. экинчи мезгил – (б.з.ч. V– IV кк. биринчи жарымында) – Демокриттин, софисттердин, Сократтын, Платондун, Аристотелдин окууларындагы байыркы грек философиялык ойлорунун ишке ашырылышынын гүлдөгөн мезгили;

3. үчүнчү мезгил (б.з.ч. IV–II кк. экинчи жарымында) – грек полистеринин Македониянын бийлигинин алдында калышы менен байыркы грек мамлекетинин кулашы, андан кийин Римге баш ийүүсү. Бул мезгилдеги көз караштар Эпикурдун, стоиктердин жана Полибийдин окууларында чагылдырылган, эллинизм мезгили болгон.

Адамдарды эркин жана кулдар деп бөлүштүрүү шартында, антикалык саясий-укуктук ойлорду эркин идеология катары өнүктүрүү жана жол-жоболоштуруу ой пикири пайда болгон. Эркиндик – фундаменталдуу баалуулук, анын эң башкы максаты байыркы грек саясий теориясына жана тажрыйбасына негизги сабак катары кам көрүү жана бекемдөө. Бул бардыгы үчүн эмес, чектелген эркиндик болгон: кулдар мындай жалпы эркиндикте болгон эмес.

## 2. Алгачкы антикалык этаптагы ойчулдардын саясий жана укуктук концепциялары

Гомердин жана Гесиоддун поэмаларындагы байыркы мифтерде этикалык, максатка негизделген жана саясий-укуктук түшүндүрүүгө алууну башташкан. Жогору жакта турган кудайлардын алмашышы, алардын башкаруу принциптери менен алмаштырылышы аркылуу

коштолгон. Гомерде («Илиадада», «Одиссеяда») акыйкатчылык күндөлүк укуктун негизи катары алдыга чыгат.

Гесиоддун поэмасы боюнча «Теогония» Зевстин никесинен (бардык болгондорду элестетүү) жана Фемидадан[1] Солондун реформалары, келечекте прогрессивдүү түрдө андагы бири-бирине каршы турушкан социалдык группаларды жараштыруу аркылуу, аларды ынтымакка келтирүү аракети болуп саналган. Бул үчүн, ал өзүнүн элегиясында жазгандай, мыйзамдуулукту зомбучулук менен акылга сыярлык кылып бириктирүү аракетин кылган.

Социалдык-саясий маселелерге философиялык-рационалдык көз караш менен караган Пифагор, Гераклит эсептелген.

**Пифагордун** сиңирген эмгеги (570-ж. жана б.з.ч. 500-ж. жакын) катары «теңчилик» түшүнүгүн иштеп чыккандыгы болуп саналат. Теңчиликти – теңчилик үчүн сыйлоонун өзү акыйкатчылдык. Адамзаттын мамилеси бөлүнүп жарылуудан жана анархиядан тазаланышы, б.а. адамзаттын жашоосу идеалдуу түзүлүш болушу мүмкүн. Коомдук уюмдун идеалы Пифагор боюнча, акыйкат мыйзамдуулук үстөмдүк кылган мамлекет болуп саналат. Мындай акыйкат мыйзамдуулугу менен мамлекеттин идеалы катары аларды **Гераклит** (540-ж. жана б.з.ч. 476-ж. жакын) мыйзамдын укмуштуу булагы деп тааныган. Мындан ал адамдардын логоско, б.а. керемет мыйзамга карата күн мурун болжолдогон ар кандай мамилелердин социалдык дифференциациялануусун актоо менен белгилейт. Индивидуумдардын логоско карата болгон түшүнүктөрү канчалык жеткиликтүү болсо, ал ошончолук жогорку социалдык статусту ээлеши керек.

Пифагор жана Гераклит кайда болбосун үйүлгөн топ (толпа) башкарган жана акылмандар менен нравалык элиталар – негиздеген башкаруунун ак сөөктүк идеалы «эң мыктыларга» орун болбогон демократияны сынга алышкан.

**Софисттердин саясий-укуктук идеялары.** Софисттердин мектеби Афинада б.з.ч. Vк. түзүлгөн. Бул кул ээлөөчүлүк демократиянын эң жогорку гүлдөп турган мезгили болгон, башкалардан айырмаланып бардык эркин эркек жарандар мамлекеттик башкарууга тикеден-

[1] *Фемида* – грек мифологиясы боюнча акыйкатчылыктын аял кудайы, рим мифологиясында – Юстиция кудайы.

тике катыша алышкан; ар бир жаран жашоо мезгилинде азбы-көппү полисте маанилүү пост ээлешкен.

«Софист» термини гректин «sophistes – акылман» деген сөзүнөн келип чыккан, ал кезде акыга оратордук сүйлөө чеберчилигине окуткан мугалимдерди аташкан, сотто чыгып сүйлөө үчүн оратордук чеберчилик өтө керек болгон. Антикалык софистиканы эки агымга: улуу софисттер (Протагор, Горгий, Гиппий, Продик, Антифонт) жана кичүү софисттер (Фразимах, Критий, Алкидам, Ликофрон, Полемон, Гипподам) деп бөлүшкөн. Улуу софисттер саясат, этика, мамлекет, укук, тил таануу проблемаларын изилдешкен. Жалпысынан релятивизм түшүнүгү софисттер үчүн мүнөздүү, биринчиден – чындык маселеси, экинчиден – жалпы бардык баалуулуктар.

Улуу софист Протагор адамды бардык нерселердин ченеми деп эсептөө менен ал андан демократиялык түзүлүштүн акыйкаттуулугу жөнүндө жыйынтык чыгарган. Протагор алтын кылым жөнүндөгү грек мифин жана эски каада-салтка кайтуу керектигин четке каккан. Протагор:

1) адам баласынын алтын кылымы – келечекте: мурда адамдар от менен жырткычтардан айырмаланган, жырткыч катары болсо, качан кудай адамдарга ар-намыс, уят, чындык, мыйзам бергенден баштап – адамдар жырткыч катары эмес, адамча жашашкан.

2) акыйкатчылдык – түшүнүгү (бүгүн эмне акыйкаттуу же бирөө үчүнбү – эмне эртең акыйкатсыз же башка бирөөгөбү) ушул сыяктууларга салыштырмалуу нерсе.

3) бардык нерселердин ченеми – адам (идея «эмне үчүн жашайт»: инсан мамлекет үчүнбү же мамлекет инсан үчүнбү: бардыгы адам баласы үчүн болушу керек).

Горгий өзүнүн окутуучусунун артынан жакшылык көрсөткүч концепциясын өнүктүрүү менен ар бир адам үчүн келечек-жыргалы-жакшылык көрсөткүчтөрү жөнүндө – кол өнөрчүлөр жана ак сөөктөр үчүн, кары-картаңдар жана жаштар үчүн, эркектер жана аялдар үчүн өзүлөрүнүн сунуштары болорун айтат. Акыйкатчылдыкты айтууда же иш-аракет катары бардык жагдайларын – убакытын, ордун, шартын, адамдын ал-абалын жана башка ушул сыяктууларды эске алуу менен гана баалоо керек дейт.

Башка софист Гиппий, ошондой эле, мыйзам менен эмнени кылууга болорун жана эмнеден өзүн-өзү токтотуу керектигин аныктаган жалпы макулдашуу деп белгилейт. Антифонт мыйзамды сактоодо акыйкатчылдык тыянагы чыгарылган, ошондуктан мамлекетке зыян келтирбес үчүн, анын мыйзамдары менен жүрүү керек деп кошумчалайт.

Тажрыйба түрүндө бардык софисттер ак сөөктөрдүн, өзүлөрүн эң мыкты деп эсептеген өкүлдөрүн сынга алышкан. Алар «табигый теңчилик» принцибин негиздөө менен адамдардын эч кимиси эң мыкты же эң төмөн болуп төрөлүү менен таанылбайт деп айтышкан, бирок ошенткени менен мындай принцип кулдар үчүн жайылтылган эмес. (Байыркы Греция «жалпы теңчилик» принцибин билишкен эмес).

Кичүү софисттердин арасынан (Фрасимах, Калликл ж.б.) башкаруунун башка формасы жана аны жактоочулар да кездешет. Горгий жазылган мыйзамдарды «акыйкатчылдыктын коргоочусу», б.а. «эң жакшы жана жалпы мыйзам» деп атаган. Акыйкатчылдык ал мыйзамдын үстүнө коюлат. Табигый-укуктук сунуштамалар Гиппийде, Элидада жана Антифонтто болгон. Антифонт табигый муктаждык бардыгына бирдей, ал эми теңсиздик адамдардын мыйзамдарынын негизинде чыгат, мыйзамдар дайыма эле акыйкатчылдык менен туура келе бербейт деп эсептейт.

Софисттердин укуктук көз караштарынын мааниси төмөндөгүдөй тыянакталат:

- биринчи жолу табигый укук (физис) жана шарттуу (номос), чындыкка чыгаруучу укук деп укукту бөлүүнү сунуштаган;
- табигый-укуктук теорияга таянуу менен адам укуктарынын заманбап теориясына негиз салуучулар катары чыгышкан.

Табигый укуктук позиция менен алар (Гиппий боюнча бардык адамдар – мыйзам боюнча эмес, табигат боюнча – бири-бирине тууган, сөөк-тамыр жана мекендештер) адамдардын теңчилдик – укуктук аксиомасын негиздеген. Ошону менен бирге эле, бардык адамдарды кулдар жана көз карандысыз, эркин деп бөлүү менен мыйзамдын туруктуулугуна шек туудурган;

- позитивдик жана табигый укукту таануунун аркасында позитивдик укукту сындоо критерийин табышкан;

• мыйзамдардын ар түрдүү жагдайдын кокустугунан ылайыктуу болуу менен зомбулукка да көз каранды болушу мүмкүн (ар кандай таасирдүү саясатчы аларды өзгөртүшү да мүмкүн) экендиги менен түшүндүрүшөт.

Акырындап «софист» сөзү Платондун, ошондой эле, Аристотелдин аркасында көп жагынан негативдик маанисин алуу менен аңгемелешин логикалык каталар менен адаштырууга аракет кылуу жолу менен бардык чындык жана калп аркылуу өзүнүн көз карашына ынандыра алган, адам баласынын синонимине айланган.

Софисттер аркылуу алга жылдырылган укуктук идеялары, батыш укуктук илиминин андан ары өсүшү үчүн түрткү берген. Укук таануучулар орто кылымдагы табигый-укуктук ой жүгүртүүнүн моделин кийин да жана Жаңы мезгилде да пайдаланышкан.

**Демокрит** (460-ж. жана б.з.ч.370-ж. жакын) биринчилерден болуп коомдун пайда болуусун жана өнүгүүсүн бирдиктүү коомдук процесстин бир бөлүгү катары кароого аракетин кылган. Демокрит боюнча, адамзаттык коом алгачкы табигый абалынын көпкө созулган эволюциялык жана прогрессивдүү өзгөрүшүнүн азыгы болуп саналат.

Мамлекет мындай учурда күн мурунтан адам баласынын максатка багытталган ишмердигинин жүрүшүндө жасалма түрдө эң сонун жаратылган. Мамлекеттин тапшырмасы жалпы кызыкчылыкты жана акыйкатчылыкты камсыздоо болуп саналат. Бул мааниде алганда коом, полис, мыйзамдуулук жаратылыштан берилбестен, жасалма түрдө түзүлгөн. Бирок алардын келип чыгышы кокустук процесс катары эмес, табигый-зарылчылдык катары көрсөтүлөт. Демокриттики боюнча этикадагы, саясаттагы, укуктагы акыйкатчылык критерийи аркылуу кароо жасалма менен табигый байланыштык мүнөзүнүн туура түшүнүгү болуп эсептелет. Мындай мааниде ал жаратылышка каршы келген бардык нерселерди акыйкатсыздык деп эсептейт. «Мамлекеттин кызыкчылыгы бардыгынан жогору туруусу менен жарандардын камкордугу, анын эң жакшы түзүлүшүнө жана башкарылышына багытталышы керек. Анткени жакшы башкарылган мамлекет – эн чоң таяныч: анын жыйынтыгында качан ал бүтүндөй сакталганда, бардыгы сакталат, ал жоголгондо бардыгы анын менен кошо жоголот. Демократиядагы жакырчылык – кулчулучтан эркиндиктин жана падышачылык алдындагы жарандардын жетишкендиктеринин артыкчылыгына да караганда эң жакшы дейт». Бул айтылгандар менен катар демок-

ратияга карата болгон колдоосу, Демокриттин окууларындагы аристократиялык духтун пайдасына карата айтылган талкуулары аз эмес.

Софисттердин сынчысы **Сократ** (б.з.ч.469-399-жж.) болгон. Сократ укук жана мамлекеттин жаратылыштык негиздемесин туура берүүгө аракеттенген. Сократ табигый укукту жана позитивдик мыйзамдарды айырмалаган.

1. Ал саясий жана укуктук кубулуштардын акылга сыярлык табигыйлуулугун негиздөөгө аракет кылган:

а) акыл жөндүү башталыш; б) табигый укук; в) позитивдүү мыйзам.

2. Сократ коомдук жашоодогу жана мамлекеттин бардык чөйрөлөрүндөгү мыйзамдардын үстөмдүк принцибин өнүктүргөн.

3. Мыйзамдын жана акыйкатчылдыктын бирдейлиги («Эмне акыйкаттуу болсо, ошол мыйзамдуу»).

4. Морал жана чындык окшош. Сократ моралдык сапаттар (жакшылык көрсөткүч) объективдүү жаратылыш болот жана адамдардын субъективдүү баалоосуна көз каранды эмес деп далилдеген.

5. Чындык (мораль) – бул билим. Адамдар билимсиздиктен кыянаттыкты жасашат.

6. Сократ башкаруунун оптималдуу формасы катары аристократтарды (башкарууну «билгендер», коомдун интеллектуалдык элиталарын) эсептеген.

8. Демократияга өтө эле макул болгон эмес (б.а. адамдар дүйнөкорлукка барууга даяр, демократиялык башкарууну ал компетенттүү эмес деп эсептеген). Сократ башкаруунун эң төмөнкү формасы катары тиранияны (залимдикти) эсептеген.

9. Инсандарга карата кылган мамилеси боюнча мамлекеттик кызыкчылыктын үстөмдүгү.

*Мамлекеттин аристократтык идеалы*. Сократ өтө эле таасирдүү оппозициячы жана жетиштүү түрдө белгилүү сынчы болууга тыюу салган бийликтегилер менен бир нече жолу кагылышкан. Б.з.ч. 399-ж. көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлер Сократка каршы кудайсыз, ата мекендик мыйзамдарды бузуучу жана жаштарды бузукулукка үйрөтүүчү деген айыптоолорду жүргүзүшкөн. Өлүм жазасына соттолгон Сократ өзүнүн принциптерине ишеничтүү калуу менен качырууга жасалган даярдыктардан баш тартат.

Афина жана Спартанын айланасына биригишкен полистер ортосундагы согуш болот. Аристократиялык жана демократиялык коомдук түзүлүштү жактоочулар ортосундагы согуш күч алган. Полистик түзүлүштүн кризиси: бир мамлекеттик түзүлүш башка менен алмашылган (олигархтар – демократия менен, демократия – тирания менен ж.б.). Көптөгөн грек философтору (Сократ, Платон, Аристотель, тарыхчы Полибий) идеалдуу моделди конструкциялоо менен б.а. туруктуу полисти, бул кризистин теоретикалык чечилишин табууга аракет кылууну башташкан.

## 3. Платон жана Аристотелдин саясий жана укуктук көз караштары

Мамлекет жана мыйзамдар жөнүндөгү Платондун окуусунун калыптануусуна жана өнүгүүсүнө, анын окутуучусу Сократты өлүм жазасына тартуу процесси жана Египетке барган узак сапары, сиракуздук башкаруучу Дионисий менен болгон таанышуусу, Академияны түптөөсү өтө чоң таасир берген.

Платон (б.з.ч. V–IV к.) афиналык кул ээлөөчүлүк аристократтардын саясий айланасындагы тилегин билдирүүчү катары, башкаруунун идеалдуу формасы, аристократтардын – көп эмес ак сөөктөрдүн мыйзамдуу бийлигин эсептеген. Монархия – мыйзамдуу бийлик, ал эми олигархия – мыйзамсыз, тирания – эң начар бийлик. Башкаруу формасынын алдында мамлекеттик бийликти уюштуруунун жолун түшүнгөн (Платон жакшылык көрсөткүчтүн айырмачылыгынын үч түрү жөнүндө: акылмандык, эрдик жана ашыра талап кылбагандыкты айткан). Анын көз караштары «Мамлекет», «Мыйзамдар», «Саясат» деген диалогунда баяндалган.

Платон идеалдуу мамлекет жана мамлекеттин эң мыкты башкаруучусу бийликтен алыс турган бир гана философ болушу керек деген эки проектини иштеп чыккан, саясий-укуктук ойлордун философу катары тарыхка кирген.

«Мамлекеттеги» идеалдуу мамлекет (түбөлүк жана аристократтар үчүн абдан ылайыктуу) Платондуку боюнча адамдардын маңызына дал келүүчү:

акыл жөндөмдүүлүк – ойлоого умтулуу, атакты сүйүүчүлүк – даңкка умтулуу, суктануу – турмуштун физиологиялык оңтойлуулук зарылдыгы.

Ошол кездеги идеалдуу мамлекетте – бири-бирине дал келүүчү үч социалдык топ – философтор, аскерлер жана кол өнөрчүлөрү дыйкандар (конкреттүү адамдардын маңызына туура келүүсү) жөнүндө берилет.

Философтордун жана сакчылардын жашоо принциптери:

1) мүлктүк жалпылык жана акча тийүүгө тыюу салуучулук,

2) жубайлык жалпылык (мындай үй-бүлө автоматтык түрдө теңсиздикти калыбына келтирген, б.а. ар бири сөзсүз түрдө өзүлөрүнүн балдарына камкордук кылышкан, ал эми идея – бардык балдар – ар бир коомдун мүчөсү), балдарды коомдук тарбиялоо.

Жан дүйнөнүн үч башталмасы (акыл жөндөмдүүлүк, каардуулук жана суктануучулук), мамлекеттин үч башталмасы (кеңешүүчүлүк, коргоочулук жана ишкерлик) бири-бирине дал келет. Бул башталманын – бир бөлүгү өзүлөрүнүн иштери менен алектениши керек жана белгилүү иерархиядан жолун табышат: (философтор) акыл жөндөмдүүлүк, каардуу башталмалардын (аскерлердин) үстүнөн үстөмдүк кылышат, ал эми алар чогуусу менен кызыктыруучу башталмалардын (кол өнөрчүлүктүн, дыйканчылыктын) үстүнөн үстөмдүк кылышат.

Платон боюнча полис – бул биргелешип көчүрүлүп барылган, эмгектин бөлүнүшүн талап кылган, шарттуу түрдөгү жалпы муктаждык болгон. Мамлекет социалдык топтук тенсиздикти кармоо үчүн мифтерди жайылтуу керек болгон, анда адамдардагы ар кандай социалдык топторду жаратууда кудай, адамга ар түрдүү металлдарды да кошумчалаган: кимге алтын кошумчаланган болсо ал башкарат, кимге күмүш кошумчаланган болсо ал коргоочу болот, кимге темир же жез кошумчаланса – үчүнчү социалдык топко (өндүрүүчүлөргө) кирищет деген.

Сакчылар бирдей жоопкерчиликтин, теңчиликтин жана жамаатчылыктын башталмаларында жашашы керек. Алардын эч кимиси (өтө зарылчылдыксыз) жеке менчикке ээ болбошу керек жана аларга алтын менен күмүшкө тийүүгө тыюу салынган. Алар даярдалган керектүү камылгаларды үчүнчү социалдык топтон алышкан. Биринчи эки социалдык топтор үчүн жалпы бирдей аял алууга жана балалуу

болуп жашоого болот. Жөнөкөй мааниде алганда алар үчүн үй-бүлө болбойт. Аялдардын укугу эркектердин укугу менен теңделген. Платон үчүнчү социалдык топтун жашоосун регламентациялабайт.

Платон өтө зарыл байлык топтоого жана жакырчылыкка каршы болгон. Идеалдуу мамлекет түзүлсө да ал түбөлүк боло албайт, себеби аны адамдардын ниети бузат. Мамлекеттик түзүлүштүн эң жакшы түрү аристократия болгон, эгерде аристократтардын арасынан бирөө бөлүнүп чыкса, анда ал падышалык башкаруучулук болот. Платон идеалдуу мамлекет проектисинин тажрыйба жүзүндө ишке ашырылыш мүмкүнчүлүгүнө ишенген. Бирок ал иш жүзүнө ашса да, адамдардын натурасынын бузулушу менен ал түбөлүк боло албайт деген.

Платон философтордун жамааттык менчигинен баш тартуу менен аскерлер жана жарандар үчүн мүлктү пайдалануунун бирдиктүү тартибин орнотот.

Платон иерархия боюнча начарлоо иретиндеги башкаруу формасынын классификациясын түзөт:

1) аристократтык (эң мыктылар бийлиги, адеп эң мыктылар деп философтор эсептелинишкен, бирок бийлик керек болсо философторду да бузган – олигархия пайда болгон),

2) олигархия (көп эмес, бир аз байлардын бийлиги; ошол себептен кедейлер көп, андыктан көпкө узабастан демократияга айланат),

3) демократия (элдин бийлиги, окутулбаган, көп нерселерди адаштырган, билимсиз адамдар: «эркиндик – бардыгына уруксат берилген», «адепсиздик – эрдик»; демократия охлократияга өсүп жетилет),

4) охлократия – жыйылган элдин бийлиги, жакырлардын үстөмдүгү (бирок жыйылган элге дайыма лидер (башчы) керек, андайда ал оңой эле пайда болот – ошентип тимократия пайда болот),

5) тимократия – аскердик, баатырдык, абийирдүүлүк бийлиги (бул баатырлар жана аскерлер катаал борбордоштурулган согушсуз өзүлөрүнүн жашоосун элестете алышпайт, тиранияга өсүп жетилет),

6) тирандык – бирөөнүн заар бийлиги (тиранга каршы эң мыктылар чыгышы – дагы эле болсо кайрадан аристократияга алып келет).

Мамлекеттик түзүлүштүн беш формасы (аристократтык, тимократтык, олигархиялык, демократиялык жана тирандык) циклдүү түрдө алмашылат, алар адамдардын көңүл тынчтыгынын кампасынын түзүлүшүнүн беш түрүнө ылайык келет. Ар бир форма ички карама-

каршылыктардын айынан, бул формалардын негизги принциптерин кыянаттык менен пайдалануунун (демократия эркиндикке мас болот ж.б.) айынан жок болот.

Идеалдуу аристократиянын жаралышы элдин эркин жана кулдарга бөлүнүшүнө, жерге жана үйгө болгон жеке менчикти пайда кылат.

Мамлекеттин формасы ички карама-каршылыктан жок болот. Демократияда эл эркиндикке мас болуу менен, тиранияны жаратат. «Аша чапкан эркиндик аша чапкан кулчулукка алып келет». Тирания – мамлекеттик түзүлүштүн эң жаман түрү, ал мыйзамсыздыкка, зомбулукка жана зордукка алып келет.

Эгерде Платон «Мамлекетте» (биринчи идеалдуу мамлекетте) башкаруучунун акылмандуулугун эсептесе, ал эми «Мыйзамдарда» (экинчи идеалдуу мамлекетте) биринчи планга мыйзамдар чыгат. Платондук диалогдо мамлекетте башкаруу формасы «Мыйзамдар» менен алмашышын белгилейт.

«Мыйзамдар» диалогунда Платон «татыктуулугу боюнча» экинчи мамлекеттик түзүмдү чагылдырат. 5040 жаран чүчүкулак боюнча ээлик кылат («менчикке ээ болуп мамлекет калат»); бөлүк жерлер мурас катары бир гана балага берилген. Мүлкүнүн көлөмүнө карата жарандар төрт класска бөлүнгөн. Алып-сатуу, байлык, күмүш жана алтын ээлегенге тыюу салынган.

Жер иштетүү, кол өнөрчүлүк жана соода менен мамлекеттин жараны болбогон адамдар (чет жактыктар жана кулдар) иш кылат.

Саясий укуктар жарандарга гана тиешеси бар. Мамлекеттин башында 50 жаштан 70 жашка чейинки 37 шайлануучу башкаруучу башында турат.

Андан сырткары дагы 360 мүчө жана элдик чогулуш, ал эми мамлекеттик үстөмдүк органы болуп «түнкү жыйым» – 10 жалаң акылман жана эң улуу карыялардын күзөтүнөн турат. Бирок негизги тирөөч болуп падышалардын бийлиги эмес, деталдуу жана каардуу, мамлекеттик жана адамдардын жеке турмушун күн жана түн тартибине чейин жөнгө салган мыйзамдар. Мыйзамдын сакчысы болуп сот адилеттиги – мамлекет башчы жана жарандардын жыйындысы түзгөн.

Саясат («Саясат» диалогунда) – бул адамдарды башкаруу үчүн билимди жана ыкты талап кылган падышалык искусство. Мындай так ыкмада мыйзам менен башкаруу же мыйзамсыз башкаруу маани-

луу эмес. Кайда болбосун билгичтик менен башкарган башкаруучу болбосо, анда мыйзам үстөмдүк кылышы керек дейт. Ошондой эле бул диалогунда Платон башкарууну үч түргө бөлөт (бир эле бийлик, көп эмес аз сандагы бийлик жана демократия), алардын ар бири мыйзамдуу жана мыйзамга карама-каршы түрдөгү (бир эле бийлик, монархиялык же тирандык, көп эмес аз сандагы бийлик – аристократиялык же олигархиялык) болуп бөлүнөт. Платон адамдарды мыйзамдын жардамы менен башкарууну сынга алган, анткени мыйзам турмуштук жагдайлардын бардык нюанстарын камтый албайт деп эсептеген.

*Мамлекеттик башкаруу формаларын классификациялоо*. («Саясат» трактаты боюнча). Классификациянын башкы критерийи башкаруучулардын жана алардын мыйзамга карата мамилелеринин сандан-сапатка өтүшүнө кызмат кылуу. Укук – бул саясий мамилелердин ченемин жөнгө салуучу – акыйкатчылдыктын өлчөмү. Коомчулук мыйзамсыз жана укуксуз жашашы мүмкүн эмес: «Мыйзамдан жана укуктан тышкары жашаган адам – бардыгынан өтө төмөн турат…».

Платон өтө жакырчылыктын жана байлыктын формаларына каршы сүйлөгөн, анткени, алар коомчулуктун жикке бөлүнүшүнүн себеби болот деген. Платондуку боюнча башкаруунун эң жакшы формасы – аристократтык.

**Аристотель** (б.з.ч. 382–322-жж.) – байыркы антикалык саясий илимдин негиздөөчүсү, мамлекет жөнүндөгү окуусун анын формасы жөнүндөгү окуу катары түзгөн. Платондун окуучусу, Александр Македонскийдин тарбиячысы. Платон менен менчиктин эң ыңгайлуу тиби жөнүндөгү: жалпы менчикке караганда, жеке менчикке бардыгы абдан кам көрөт деген маселе боюнча келише алышкан эмес. Эң башкы дилбаяны: «Саясат», «Афиналык полития» жана «Этика» болгон. Ал качан Байыркы Грециядагы полистик түзүлүштө болгон кедейлердин жакырланышындагы, алардын шаарларга көчүрүлүшүндөгү, кембагалдардын санынын өсүшүндөгү, сүткорлордун көбөйүшүндөгү каатчылыктын келип чыгыш мезгилиндеги доорду жараткан. Элдик чогулушту сөз ташуучулар жетектеген, байларга карата айтылган ушак-айыңдар өскөн. Элдик чогулушка кул-кутандар акы үчүн барышкан.

*Аристотелдин патриархалдык теориясы.* Мамлекет – табигый өнүгүүнүн азыгы. Мындай мамиле табигый түрдө алгач үй-бүлө жана

кыштак катары пайда болгон. Адам жаратылышы боюнча өзү эле саясаттын негизи жана мамлекеттеги (саясий мамиледе) адамдын саясий жаратылыштык генезисин аягына чыгарган. Бирок бардык эле адамдар, бардык элдер мындай деңгээлге өсүп жеткен эмес.

*Аристотелдин мамлекеттик формасынын классификациясы.* Мамлекеттин формасы бийлик кылуучулардын (жеке, азчылык, көпчүлүк) саны менен аныкталган. Мамлекеттин туура жана туура эмес формалары айырмаланган: туура башкаруучу жалпы кызыкчылык үчүн, ал эми туура эмес башкаруучу – жеке кызыкчылыгы үчүн кам көрөт. Туура формалар катары – монархия, аристократия жана полития (ортоңку тап), ал эми туура эмес формалар катары – тирания, олигархия жана демократия эсептелет.

Аристотелдики боюнча башкаруу формалары:

Жекечеликтин, Азчылыктын, Көпчүлүктүн бийлиги

«Туура форма» – монархия, аристократия, полития,

«Туура эмес форма» – тирания, олигархия, демократия болгон.

Аристотель эң ишке ашырылган форма катары политияны (ортоңку классты) эсептеген. Полития олигархиянын жана демократиянын эң жакшы катмарларын өзүнө бириктирген, бирок алардын жетишпеген жактарынан бошоно алган эмес. Политияда орточо элмент: каадасалтта – орточолук, мүлктө – орточо киреше, бийлик кылууда – ортоңку катмар сыяктуулар бардыгында үстөмдүк кылат. Полития – билимдүү адамдардын бийлиги, оокаттуу, мүлктүү – олигархиялардын жана демократтардын симбиозу: дайыма байлар жана кедейлер болот, бирок коомчулуктун көпчүлүк бөлүгү жеке-менчикке ээ болот, бир эле убакта сабаттуу болушат.

Демократия:

1) алардын коомго кошкон салымына карабастан – башкарууга тең шайлоого укугу аркылуу катышуу планында кедейлерди жана байларды ашыкча эле тең деген.

2) бийликке жеке менчикке ээ болбогондор да келиши мүмкүн, ошондуктан, кылган иши жоопкерчиликсиз. Жакшылык көрсөтүүчүлөрдүн арасында – бир гана акыйкатчылык бар.

Акыйкатчылыктын эки түрү бар: бирдей акыйкатчылдык (бардык адамдардын теңчилиги) жарандар ортосундагы мамилелерде колдонулат, ал эми ар намыстын мааниси жок, бөлүштүрүлүүчү акыйкатчылдык (кадыр-барктык) мамлекет жана жарандар ортосундагы мамилелерде колдонулат, ким татыктуу болсо келечек (ардак, бийлик, абал) ошонуку болот.

*Укуктук теориясы*. «Укук – бул акыйкатчылыктын өлчөмү, саясий байланышты жөнгө салуучу ченем. Коомчулук мыйзамдарсыз жана укуксуз болушу мүмкүн эмес: «Мыйзамдан тышкары жашаган, адам – бардыгынан эң начар…». Аристотель укукту позитивдик (жазылган жана жазылбаган (каада-салттар) жана табигый (адамдар орноткон үндөбөгөн укук) деп экиге бөлгөн.

Аристотель башкаруунун акыйкаттуу формасынын критерийин сунуштаган – жалпы кызыкчылык, бардык заманбап мамлекеттер үчүн да актуалдуу болгон.

## 4. Мамлекеттин формалары жөнүндөгү Полибийдин ойлору

Грек полистеринин көз карандысыздыгынын жоюлушу. Грек полистеринин Рим империясынын курамына кошулушу. Полибий (б.з.ч. 210–128-жж.) – грек ойчулу, тарыхчы, башкаруу формасын өзгөртүү концепциясынын автору. Грециядан чыккан, ата-бабалары ак сөөктөрдөн болгон. 1000 ак сөөк гректер менен Римге көчүүгө мажбур кылынган (алардан 300 тирүү калган).

Рим патрицийи Сципиондун падыша сарайында падышанын акылдаш жакындары болуп калды. Мамлекет жана укук жөнүндөгү сунуштары, анын кырк китептен турган (анын бүгүнкү күнгө беши эле жеткен) «Жалпы тарых» деген белгилүү эмгегинде көрсөтүлөт.

*Мамлекеттик форманын өнүгүш циклдиги*. Негизги окуусун тагдыр аркылуу багытталган дүйнөнүн циклдик өнүгүүсү жөнүндөгү стоицизм философиясынын идеясы түзгөн. Бардык эле мамлекет, тирүү организм, төрөлүү, өсүү, гүлдөө, начарлоо жана бошоңдоо сыяктуу баскычтардан өтөт. Андан кийин бул процесс кайрадан кайталанат.

Мамлекеттин жаралуу тарыхын жана мамлекет формаларын Полибий жаратылыштын мыйзам ченемдүүлүгү катарындагы өнүгүүнүн

табигый процесси деп карайт. Мамлекеттин өнүгүүсүнүн толук цикли катары бардыгы биригип ал мамлекеттин 6 негизги формаларын санайт: падышачылык (падыша бийлиги), тирания, аристократия, олигархия, демократия, охлократия. Мамлекеттик башталманын принциби катары үрп-адатты жана мыйзамдарды эсептеген.

*Мамлекеттин тарыхый формалары*. Эрдиктердин жана күчтөрдүн үстөмдүгү падышачылыкка айланган – биринчи мамлекеттин тарыхый формасы болгон. Падыша кылган ишине жараша ар бирине баа берет, б.а. акыйкат башкарат жана адамдар ага акыл-эси, өз эрки менен баш ийишет. Падыша мурунку жашоо образын өзгөртүү менен ашкере үстөмдүк жүргүзө баштайт жана өзүнүн карама-каршысына – тиранга айланат.

Тирандык – чексиз укуктуулукка каршы мезгилдин айла-амалы. Бул жерде падыша ач көздүк, мыйзамсыз дүйнөкорлук, ичкичтик жана сугалактык менен бийлик абалынан кыянаттык менен пайдаланат. Асылзат жана кайраттуу адамдар, тирандын зомбулугуна чыдабастан, элдин коштоосу менен тиранды кулатып, ордуна аристократияны орнотот. Биринчи убакта аристократ башкаруучулар көпчүлүктүн жыргалчылыгын ойлойт, бирок бара-бара алардын бийлиги падыша бийлигиндей укумдан-тукумга өтүп, олигархияны жаратат. Мындай бийликте аракечтик, тойбостук, мыйзамсыз дүйнөгө көзү тойбогондук, дүйнөкордук, бийликти кыянаттык менен пайдалануу бийлейт.

Элдин олигархтарга карата ийгиликтүү каршы чыгуусу, демократияны орнотууга алып келген. Демократтардын алгачкы муундары тирүү кезинде мамлекеттеги теңчиликти жана эркиндикти өтө жогору баалашкан. Бара-бара үйүлгөн топ, бирөөлөрдөн кайыр сурап жан сактоого көнүп алып, өзүнө (демагог) кайраттуу, атакты жакшы көрүүчү жол башчыны тандап алып, өзү болсо мамлекеттик иштен алыстайт. Ошондо демократия охлократияга айланат (топтун башкаруусу). Мамлекеттин формасынын айлануусунан караганда охлократия эң акыркысы жана эң начар формасы катары саналат. Охлократияда күч бийлиги колдонот дагы, жол башчынын тегерегиндеги жыйын адамдар өлтүрүү, кууп жиберүү, жерди кайтадан бөлүштүрүү менен таптакыр жапайы болгончо алек болуп, айла жоктон башкаруучунун чектелбеген жеке бийлигин чакырат. Айлануу формасы ушуну менен аягына чыгып кайрадан кайталанат, себеби туруксуз.

*Мамлекеттин аралаш формасы жөнүндөгү окуу*: өз ара бири-бирин теңдеген элементтерди кармайт. Эң жакшы аралаш башкаруунун мисалы катары Полибий Римди эсептеген. Консулдун, сенаттын бийлиги жана элдик жыйын падышачылыктын, аристократиянын жана демократиянын башталмасы катары дал келүүсүн көрсөтөт.

Укук акыйкатчылдыкка дал келет, ал эми мыйзамдар жана үрп-адаттар болсо – укуктун дал келүү формасы гана. Үрп-адат кылымдардан бери ардакталып сакталган укуктун жазылбаган формасы, ал эми, мыйзам – өткөн мезгилдеги дал келүүчү процедуралардын жазуу түрүндөгү көрсөтүлүшү.

Полибий элдин өсүү деңгээлин мамлекеттик жана юридикалык институттардын абалына көз карандылыгын баса белгилейт. Полибийдин саясий-укуктук идеялары өзүнүн актуалдуулугун бүгүнкү күнгө чейин сактаган. Анын аралаш башкаруу формасы жөнүндөгү окуусу бийликтин бөлүштүрүү теориясы, бийликти тең салмактуулукта кармоо системасынын негизинде жатат. Аристотелдей эле, кийин Полибийдин да укук жана мыйзамды ажыратуусу кийинки табигый-укук теориясынын тарапчылары менен колдонуусун тапкан.

**Адабий булактар:**

Платон. Государство. Соч. в 3-х т.т. – М., 1968–1972. Т. 3. Ч. 3.

Аристотель. Политика. Соч. в 4-х т.т. – М., 1975–1984. Т. 4.

История политических и правовых учений / Под ред. Лейста О.Э.-М.: Зерцало, 2002.

История политических и правовых учений: Учебник, 4-изд./ Под ред. Нерсесянца В.С.-М.:Норма, 2004.

Марченко М.Н., Мачин И.Ф. История политических и правовых учений.-М,: Высшее образование , 2005.

Малахов В.П. История политических и правовых учений.-М.: Академ. проект, 2003.

Омельченко О.А. История политических и правовых учений: Учебник для вузов.-М.: Эксмо, 2006.

Мухаев Р.Т. Хрестоматия по истории политических и правовых учений.-М.:Юнити, 2005.

# 4-БӨЛҮК

# БАЙЫРКЫ РИМДЕГИ САЯСИЙ-УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАР (б.з.ч.VIII к.–V к.б.з.)

1. *М.Т. Цицерондун мамлекеттик-укуктук доктринасы*
2. *Рим стоиктеринин укуктук концепциялары (Эпиктет, А.Сенека, М.Антонин)*
3. *Рим юристтеринин укуктук окуулары (II–III кк.)*

## 1. М.Т. Цицерондун мамлекеттик-укуктук доктринасы

Кадыресе байыркы Рим тарыхы 3 мезгилге бөлүнөт:

• Падышачылык (754–510-жж. б.з.ч.)

• Республикалык (509–28-жж. б.з.ч.)

• Императордук (27-ж.б.з.ч.– 476-ж.)

Байыркы Рим тарыхындагы өзгөчө орунду б.к. 395-ж. ээлеген, анткени, ушул жылы акыркы ирет Рим империясы Батыш (борбору – Рим болгон) жана Чыгыш (борбору – Константинополь болгон) империясына бөлүнгөн. Чыгыш Рим империясы дагы да болсо Византия деген ат менен 1453-жылга чейин белгилүү болуп турган.

Римдик юристтер тарабынан өз алдынча илим катары – юриспруденция жаратылган жана ошондой эле, андан өзүнчө:

• Жарандык укук

• Мамлекеттик укук

• Административдик укук

• Жазык укугу

• Эл аралык укук деген юридикалык дисциплиналар иштелип чыккан.

Бул документтерде жаңы саясий жагдай – Римдин дүйнөлүк империяга айланышы чагылдырылган.

Байыркы Римдеги саясий-укуктук көз караштар байыркы грек көз караштарынын негизинде өнүгүүсү, анын жаңы тарыхый шартта өнүгүшүнө жардам берген. Байыркы Грек идеясынын саясат жана укуктун бири-бири менен байланышы жөнүндөгү көрсөтүлгөн Цице-

рондун көз карашында мамлекет – айкын укуктук жалпылык деген аныктама берилип, юридикалык жактык түшүнүгү киргизилген.

Марк Туллий Цицерон (106–43-ж.б.з.ч.) – римдик мамлекеттик ишмер, ойчул, оратор, адвокат болгон, ошондой эле ал *мамлекетке (respublicum)* – жалпы элдик кенч катары эле эмес, ар бир индивидуумдун жеке кызыкчылыгын көздөгөн институт деп юридикалык аныктама берет.

Мамлекеттин келип чыгуу себеби – бул адамдардын чогуу жашоого жана өз менчигин коргоого муктаждыгы деп эсептеген. Ушул эле ойду Рим философу Сенека да бөлүшкөн. Бул маселелер Цицерондун «Милдеттер жөнүндө», «Мамлекет жөнүндө», «Мыйзамдар жөнүндө» деген эмгектеринде каралган.

Ал мамлекеттин формалары да туруктуу эместигин айткан. Г.Еллинек жазгандай, бул мамлекеттин маңызын жана мазмунун, анын курамдык бөлүктөрүн, түзүлүшүн, мамлекеттик бийликти ишке ашырууну жана анын негизги методдорун орнотууну көрсөткөн мамлекет таануунун байыркы маселеси болгон.

Аристотель менен Платон сыяктуу эле, Цицерон көп учурда көңүлүн мамлекеттик түзүлүштүн ар түрдүү формасын анализдөөгө бурган жана ал алардын арасынан бирөө башкаруунун төмөнкү үч формасын ишке ашырууга укуктуу деп эсептеген:

• Падышалык бийлик – монархия
• Оптиматтар бийлиги – аристократия
• Элдик бийлик – демократия
• Бийлик жүргүзүүнүн *аралаш формасы* болушу мүмкүн дейт.

Бул формалардын ар биринин жетишкен жана жетишпеген жактары бар, бирок Цицерон демократияны акыркы орунга коюу менен падышалык бийликке жогорку баа берген.

Цицерондун окуусунда ошондой эле, бийликтин формасынан экинчи бир формага өтүүдөгү мүмкүнчүлүктөрү анализденген. Падышалык бийлик жеңил эле тирандык мүнөзгө өтүп кетүүсү мүмкүндүгүн белгилейт; оптиматтардын бийлиги (эң мыктынын – мыктылардын татыктуулары) атактуу жана байлардын тобунун бийлигине айланат; тирандык мүнөздүк көз карандыксыздыктан тышкары элдик бийлик (жеке бийлөөчүгө, топтошкон же жыйылган эл) тирандык бийликке алып келиши мүмкүн, ал эми, мамлекет жалпы кызык-

чылыкты билдирүү формасы катары өзүнүн алдындагы жашоосун токтотот.

Цицерон аралаш бийлик жүргүзүү моделин (*сенаттык республика*) идеалдуу деп эсептеген. Ошондой эле, коом курууда Цицерон теңчилик идеясын четке каккан, ал коомдо социалдык таптар болушу керек жана коомдук саясаттык мамилелерде теңсиздик орун ээлейт деп эсептеген. Кулчулукту Цицерон жактаган жана мыктылар алсыздардын үстүнөн бийлик жүргүзүүсү, алсыздардын өздөрү үчүн пайдалуу деп эсептеген.

Цицерондун көз карашында укуктун негизин жаратылыштагы калыстык түзөт деп, ага төмөндөгүдөй аныктама берген: «Табигый мыйзам жазылган мыйзамдардан мурда жаралган жана эң туура». Жазылган мыйзамдарды өз кезегинде Цицерон жеке жана жалпы деп бөлгөн. Саясий-укуктук көз карашында Цицерон биринчи жолу мамлекетке юридикалык аныктама берет.

## 2. Рим стоиктеринин укуктук концепциялары (Эпиктет, А. Сенека, М. Антонин)

Байыркы Римдин саясий-укуктук ойчулдугунун бийлик учуру стоиктер Луций Анней Сенека, Эпиктет, Марк Аврелий Антонин концепциялары менен байланышкан.

Стоицизм – байыркы грек жана рим философиясында негизинен этикалык мүнөзгө ээ болгон негизги агымдардын бири. Дүйнө жаралуу тагдыр тарабынан буюрулат. Стоиктердин көз карашында тагдыр Жараткан тарабынан аныкталып, табият мыйзам катары кабыл алынат.

Мамлекет жөнүндө байыркы грециялыктардын (Зенон, Хрисит) эмгектеринде жана анын римдик улантуучулары бардык адамдар бир дүйнөлүк мамлекеттин жарандары деген көз караштагы космополиттик түшүнүктү негиздешкен.

Стоиктердин көз карашында мамлекет *табигый уюм* деп бааланган. Ал адамдардын бири-бирине болгон табигый байланыштардын негизинде, бири-бирине тартылып мамлекет түзүлөт дешкен. Этикалык жактан кулчулукту жокко чыгарышкан, себеби, ал дүйнө жаралуу мыйзамына карама-каршы келет дешкен.

**Луций Анней Сенека** (3–65-ж.б.з.ч.) – сенатор, император Нерондун тарбиячысы, жазуучу. Ал социалдык статуска карабастан коомдун ар бир мүчөсү жан дүйнө эркиндигине ээ деген идеяны тараткан. Кулчулук институтун жойбой туруп, кулдун керт башынын аброюнун бааланышын жактаган авторлордун алгачкыларынан болгон. «Кимде ким кулчулук инсандын ар тарабына тиешелүү десе өтө жаңылышат, анын денеси гана кул ээлөөчүгө баш ийет, ал эми анын жан дүйнөсү эркин. Сен өзүңө эмнени каалабасаң, башкага да ошону каалаба, сен кул болгуң келбесе башканы да, кул кылба, эгер сага кулдун кызматы зарыл болсо, сен өзүң да кулсуң – жамандык менен жакшылык чогуу боло албаган өңдүү эле, эркиндик жана кулчулук чогуу болуусу мүмкүн эмес», – деген.

Сенеканын ой жүгүртүүсү боюнча адам коомунун негизин Жараткан менен пенде дүйнөсүнүн бирдиги түзөт. Пенденин аң-сезими – Жараткандын руху, пенде болсо жаратылышынан баарлашуу касиетке ээ. Ушул эки саптын биригиши гана адам баласынын чогуу коомдо жашоосуна жана жаратылышты баш ийдирүүсүнө жардам берет.

Мамлекет жана коом тууралуу император **Марк Аврелий Антонин** (121–180-ж.ж.) мамлекеттин ичинде жашап жаткандардын бардыгы мыйзам алдында тең деген көз караشта болгон жана дүйнө түзүлүш эрежесине ылайык Кудайдын буйругу катары кабыл алынган.

**Эпиктет** – теги кул, коомдун өнүгүүсү үчүн ар бир пенде тагдырына туш болгон ролду аткаруусу керек деген көз карашты сындоо менен кулчулук – моралдык теңсиздик институту деп баалаган.

### 3. Рим юристтеринин укуктук окуулары (II–III кк.)

Байыркы Римде укук маселелерин адегенде понтификтер чечишкен. Понтификтер (жрецтердин коллегиясы – кечилдер) укук маселелерин чечүүдө коллегиянын позициясын калкка жеткизүү кызматын аткарган.

Кийинчерээк, айрыкча империянын биринчи кылымдарында рим юриспруденциясы абдан гүлдөгөн, бул биринчиден, императорлордун бийлигин чыңдоодо юриспруденция кызматын өз кызыкчылыгына пайдалануунун көздөгөнүндө эле. Укук маселелерине айрыкча белги-

луу юристтердин ишмердүүлүгүнө абдан көңүл бурулуп, бааланган.

Рим укугунун гүлдөп өсүшүнө мындан башка да себептер түрткү берген, ал Рим Республикасы жана принципаты учурунда өнүккөн товардык мамилелер, ошондой эле, Рим империясын басып алган мамлекеттериндеги айрыкча Греция, Египет, Сирия мамлекеттеринин укук системаларын өзүнө сиңирип алуусу да юриспруденциянын өнүгүшүнө шарт түзгөн.

Римдик юристтер, айрыкча Афинанын улуттук укук маданиятынын натыйжаларын пайдалануусу да Рим укугун өз чегинен ашырып, дүйнөлүк тарыхый мааниге ээ кылган.

Классикалык мезгилдеги көп сандаган юристтердин арасынан эң таланттуулары:

• Гай (II к.)
• Павел (II–III к.)
• Ульпиан ( II–III к.)
• Модестин ( II–III к.)
• Папиниан ( II–III к.) болушкан.

Бул беш юристтин жоболоруна мыйзамдуу күч берилген.

Рим юристтеринин талкуусунда табигый укук башка укуктардай эле күчкө ээ болгон жана укуктук көз караштын бир бөлүгү деп эсептелген.

Бул мезгилде Рим юриспруденциясында позитивдүү укук түшүнүгү жок болгон. Табигый укукту, укук түшүнүгүнө киргизүү Рим юристтери тарабынан ахлак-адеп деңгээлинде кабыл алынган.

Укук бөлүмдөрү бири-бири менен чиеленишип кеткендигине байланыштуу, аларды укуктан так кесе ажыратууга мүмкүн эместигин Ульпиан төмөндөгүдөй белгилейт: мындай коомдук институттарды, мисалы нике баланын төрөлүшү жана аны тарбиялоону алсак, Ульпиандын айтуусунда табигый укукка ээ жана табият укук бөлүгүндө каралуусу тийиш. Бирок бул табигый укуктар (үй-бүлө, нике, балдарды тарбиялоо ж.у.с.) конкреттүү цивилдик укук нормаларына да тиешелүү.

Рим юриспруденциясында укукту жеке жана мамлекеттик деп экиге бөлүүсү эң чоң жетишкендик болуп саналат. Жеке жана мамлекеттик укук нормаларын колдонуу чөйрөлөрү Ульпиан тарабынан аныкталат.

Мамлекеттик укук тарабында Рим юристтери сыйынуучу жерлердин жана кечилдердин, мамлекеттик органдардын (магистратуралардын) жана кызматтагы адамдардын укуктук абалын иштеп чыгуу менен, бийлик түшүнүгүн (imperium), жарандуулук жана башка мамлекеттик жана административдик укуктун институттарынын кызмат деңгээли, милдеттери тууралу укуктук жобо иштеп чыккан.

Рим юристтери менчик укугуна да абдан көңүл бурушкан, бөтөнчө цивил укугунун болуусу зарыл дешкен. Үй-бүлө, мурас, келишим, жеке менчик мамилелери боюнча да мыйзамдар иштелип чыккан. Цивил укугу табигый жана эл аралык укугунан ажырагыс дешкен.

Эл аралык укук жана табигый укук мамилелери сыяктуу менчикке болгон укук негиздери да цивилдүү болушу керек, грек мыйзамдары сыяктуу эле, «биздин мыйзамдар жазылган жана жазылбаган мыйзамдар болуп эсептелет». Рим укугунун негиздерине ылайык менчик объектисине малдар жана буюмдар менен катар кулдар да кирет.

Эл аралык укук же элдердин укуктары мамлекеттер аралык мамилелерди, римдиктерден башкалардын (римляндар эмес) ортосундагы мүлк мамилелерин: согуш, хандыктарды түзүү, чек араларды бекитүү, мүлктөрдү бөлүү, алып сатуу, ижара маселелерин камтышкан.

Рим юристтеринин эмгектери (дил баяндары) император Юстиниандын Рим империясынын мыйзам кодекстеринин негизин түзгөн. Юстиниан кодекси Европада көп мамлекеттерде мыйзамдын өнүгүүсүнө негиз болуп император Юстиниан (483–565-ж.) дүйнөдө Рим империясынын мыйзам кодексинин негиздөөчүсү катары аты калган.

476-ж. Юстиниан дүйнөгө келээрден жети жыл мурда Батыш Рим империясы герман урууларынын соккусунун алдында талкаланып Чыгыш Рим империясы гана калган. Юстиниан империяны толук калыбына келтирип, батыштагы тартылып алынган жерлерди кайтарууну көздөгөн. Бирок анын максаты толук ишке ашпай айрым жерлерди гана кайтарып алган, алар: Италия, Түндүк Африка жана Испаниянын бир бөлүгү болгон. 528-жылы такка отуруп, империянын мыйзам кодексин түзүү боюнча комиссия түзөт. Эмгек 529-жылы жарыкка чыгат жана толукталып 534-жылы мыйзам болуп кабыл алынат.

Юстиниандын кодекси төмөнкүлөрдү камтыган:

• Институциялар – рим укуктарынын негизин чагылдыруу (Гай, Ульпиан, Флорентин жана Морциандын эмгектери пайдаланылган).

• Дигесттер – (б.з.ч. I к. – б.з. IV к. чейинки) 38 рим юристтеринин эмгектеринин үзүндүлөрү алынган, атактуу 5 юристтин иштеринин суурундусу тексттин 70% тин түзгөн.

Юстиниан кодекси (императордун конституциялар топтому) болгон.

Албетте, согуш менен алек болгон Юстиниан өзү бул Рим укугунун кодексин жазууга убактысы болгон эмес. Кодекске кирген мыйзамдарды атактуу юрист Трибониан жетектеген окумуштуулар жүргүзгөн.

Юстиниан административдик реформа жүргүзүп, мамлекеттик коррупцияга бөгөт коюууда көп ийгиликке жетишкен. Соода -сатык, өнөр-жай, курулуш иштерин колдогон. Курулуш иштери жана согуштар көп чыгымдарды талап кылууга мажбур кылып, салыктар жогорулатылган, албетте бул калктын наарازычылыгын туудурду. Императорго жубайы Федора көп жардам көргөзгөн, ал дипломатиялык милдеттерди аткарып, императордун мыйзам проектилеринин ишке ашуусуна көмөк көргөзгөн, айрыкча аялдардын укугун жакшыртуу максатындагы мыйзамдардын кабыл алынышына таасирин тийгизген.

Юстиниан кодекси Византия империясында көп кылымдар бою маанилүү болгон. Орто кылымдын акырында Кодекс Европадагы мыйзам чыгаруу системасынын өнүгүшүнө негиз болуп калган. Бирок кодекс бардык жерде өзгөрүүсүз кабыл алынган эмес, анын бир бөлүгү жарандык укук негиздерине алынган жана Европа континентинин көп аймактарында укук маселелерин окуп үйрөнүүгө негиз болгон.

Европалык эмес көп өлкөлөр да Кодекстеги жарандык укук негиздеринин бөлүктөрүн кабыл алышкан. Азыркы мезгилде Европа мыйзамдары жана укук системасы көп өзгөрүүлөргө дуушар болду.

Бүгүнкү укук системасы көп мамлекеттерде Юстиниан кодексинен түп тамырынан бери иштелип чыккан. Бирок юриспруденциядагы бир топ фундаменталдык эрежелер, учурдагы көп түшүнүктөр, терминдер Рим укуктарынан алынган. Б.к.ч. III кылымдан баштап юриспруденцияны жалпы окуп үйрөнүү батыштагы юридикалык билим берүү системасынын өнүгүшүнүн башталышына себеп болду.

**Адабий булактар:**

Цицерон. Диалоги о государстве. О законах. – М., 1966.

Утченко С.Л. Цицерон и его время. – М., 1986.

История политических и правовых учений. Древний мир. 1985.

История политических и правовых учений / Под ред. Лейста О.Э.-М.: Зерцало, 2002.

История политических и правовых учений. Учебник. / Под ред. Мартышина О.В.-М.: Норма, 2004.

История политических и правовых учений: Учебник, 4-изд / Под ред. Нерсесянца В.С.-М.:Норма, 2004.

Марченко М.Н., Мачин И.Ф. История политических и правовых учений.-М,: Высшее образование , 2005.

Мухаев Р.Т. Хрестоматия по истории политических и правовых учений.-М.:Юнити, 2005.

Малахов В.П. История политических и правовых учений.-М.: Академ. проект, 2003.

Омельченко О.А. История политических и правовых учений: Учебник для вузов.-М.: Эксмо, 2006.

Керимбаев М.К. История политических и правовых учений (курс лекций).-Б, 1999, 2005.

## 5-БӨЛҮК

# ОРТО КЫЛЫМ (I-XV кк.) ДООРУНДАГЫ САЯСИЙ-УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАР

1. *Аврелий Августиндин теологиялык-укуктук концепциясы*
2. *Ф.Аквинскийдин жана М.Падуанскийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу*
3. *Орто кылымдык ерестердин мамлекет жана укук проблемалары*
4. *Орто кылымдык Батыш Европадагы юридикалык көз караштар*

### 1. Аврелий Августиндин теологиялык-укуктук концепциясы

Христианчылык биздин доордун I–II жүз жылдыгында Римдин Иудея провинциясында пайда болгон. Христианчылыктын пайда болуусу Рим империясында болуп жаткан терең кризис менен мүнөздөлөт. Байыркы цивилизация германдык урууларды жана христиан дининин таасири астында өзгөртүүлөргө дуушар болуп, айрыкча Батышта күчүн жогото баштащы менен жаңы типтеги феодалдык коом түптөлө баштайт. Бул коомдун өзгөчөлүгү укуктук нормаларда мурдагыдай тең укуктуулукка негизделбестен, тескеринче иерархияга жана баш ийүүгө негизделе баштайт.

Эркин жарандардын, кулдардын жана басылып алынган элдердин баш көтөрүүсүн мамлекеттик бийлик машинасы зулумдук менен басып турган. (60-жылдардын экинчи жарымында өтө оор иуда согушу болуп өтөт). Мындай шартта аргасыз жаратылыштан тышкаркы күчкө жана сыйкыр күчүнө гана ишенүү менен үмүт артуу калат.

Биздин доордун IV кылымында – Рим империясында христианчылык мамлекеттик динге айланат. 395-ж. Рим империясы Батыш жана Чыгышка бөлүнөт. 410-ж. Рим вестготтор тарабынан тонолот. Ушул учурда Гитон (Түндүк Африка – азыркы Алжир) шаарынын епискобу **Августиндин** (354–430-жж.) христианчылык көз карашы

орто кылымдагы саясий-укук идеологиясынын өнүгүүсүндө өзгөчө белгилене баштайт.

Аврелий Августиндин саясий көз караштары «Жыргал жашоо жөнүндө» (387-ж.), «Тобо кылуу» (400-ж, «Керемет дин мамлекети жөнүндө» (410–426-ж.) деген эмгектеринде чагылдырылган.

Бардык социалдык, мамлекеттик жана укуктук тартиптер адамдын күнөөкөрлүгүнө негизделген. «Керемет дин мамлекети жөнүндө» эмгегинин негизин башкаруу жана баш ийүү, кожоюндук жана кулчулук мамлекеттик-укуктук жашоонун негиздеринин түзөт.

Августин адамдардын жан дүйнөсүн 2ге бөлгөн: бирөөлөрү Кудай менен түбөлүк доор сүрөт, экинчи катмары шайтан тарабынан түбөлүк жазаланат. Ошондой эле, Августин адамдардын жаратылышын да 2ге бөлөт:

1. күнөө кылганга чейин адам, күнөөсүз жан болот;

2. айыпталгандан жана жаза алгандан кийинки «өлүм жазасына тартылган, түркөйлүккө жана өз тагдырына баш ийип, караңгычылыкта калган адам».

Ошентип, адам баласы – күнөөкөр. Тыюу салынган даамдан ооз тийип, дүйнөнү уулантдырып, Кудай алдында күнөөгө батты.

*Мамлекеттин пайда болушу*. Августин мамлекет болуусун жокко чыгарбайт жана мамлекетти күнөөкөр адамдардын жаратылышынын натыйжасынан келип чыгышын карайт. Бул тезистин тууралыгына төмөнкүчө эки далилди келтирет:

1. Ыйык жазууга ылайык Адам ата, Обо (Ева) энеден Авель жана Каин (Абыл жана Кабыл) жаралды. Каин (Кабыл) Авелди өлтүрүп Каин шаар курду. Авель (Абыл) күнөөгө баткан жок, шаар курбады, киши өлтүрбөдү, демек мамлекет куруучу күнөөкөр Каин (Кабыл) болду.

2. Рим тарыхынан белгилүү болгондой, Рим мамлекетин куруучу Ромул да бир тууганы Ремди өлтүргөн. Демек, мамлекеттин башында бир туугандын жан кыйгычы, күнөөкөр Ромул турат.

*Кулчулуктун негизи*: Кулчулук бул күнөө үчүн жаза, бул жаза Кудай тарабынан берилет жана күнөө кулчулуктун биринчи себеби, экинчи себеби – согуш учурунда колго түшүү.

Августин кулчулукту Аристотель сыяктуу жаратылыш жана Рим юристи Ульпиан сыяктуу элдин укугунун бузулушунун натыйжасы

катары эмес, адам баласынын жаратылышынын күнөөкөрлүгүнүн натыйжасы катары белгилейт. Адам күнөөнүн кулу болгондуктан, башка адамдын кулу болуусу мыйзам ченемдүү деп эсептейт. Эгер Адам адегенде күнөө кылбаганда, мамлекет куруу зарылчылыгы келип чыкмак эмес.

*Мамлекеттин мааниси жана кемчилиги.* Мамлекет Августин үчүн – бул шарттуу зарылчылдык институту. Ал, мамлекетти – Кудай жаратуучуга (Божье царство) карама-каршы коет. Мамлекет адамды – адам башкаруу системасын Адам атанын алгачкы күнөөсү үчүн жаза катары кароо менен адамдарды күнөө кылуусуна тыюу салуучу каражат катары карайт.

Мамлекет (Платон, Аристотель, Цицерон санагандай) адамдарды бактылуу жана жыргал заманга жеткирүү үчүн эмес, жөн эле күн көрүүсүнө гана шарт түзөт. Августин Цицерон сыяктуу, адам коомунун формаларын (үй-бүлө, мамлекет, адам коому, тил окшоштугу, Кудай менен адамдарды бириктирүүчү мамилелер сыяктуу) кароо менен, бирок Рим державасына эмес, улуттук майда мамлекеттерге артыкчылык берет.

Августин мамлекеттеги башкаруу формасы башкаруу бийлигине тагылган милдеттерге карай аныктамаларын айтат.

Мыйзам Кудай мыйзамдары, жаратылыш мыйзамдары жана адамдык мыйзамдар деп бөлүнөт. Кудай мыйзамдарын бузуу мүмкүн эмес. Адилетсиз мамлекет «каракчылардын тобу» катары бааланат.

Акыйкаттуу адилет мамлекеттин катарына Августин «Христиандык мамлекетти» киргизет. Ишеним жана ынтымакка негизделген мамлекет гана гүлдөйт жана сакталат.

Августин 1) чиркөө мамлекеттен жогору болуу керек деген идеясын өнүктүргөн, 2) христиан коомун жана мамлекетти бир деп эсептеген эмес жана христиандар, христиан башкаруучуларына кең пейилдүү болуусу керек, чиркөө – бийлик башкаруучуга көз салып туруусу керек дейт.

*Мамлекет менен чиркөөнүн катышы.* Мамлекеттин кызматына жарандарды ички жана сырткы баскынчылыктан коргоо укук нормаларын сактоо жана коргоодон сырткары чиркөө мыйзамдарына жана эрежелерине туура келбей турган башка көз караштардан сактоо милдети да жүктөлөт. Цицерондун мамлекет (республика) бүткүл эл

башкарганда гана акыйкат элдик мамлекет катары сакталат деген көз карашынан айырмаланып, Августин чыныгы акыйкаттык Кудай башкаруусу аркылуу гана болушу мүмкүн деп эсептеген.

Мамлекет тынчтык орнотуу менен гана аалам эрежесин сактайт:

– Дене тынчтыгы – ден соолук.

– Рух тынчтыгы – кумарын тыя билүү.

– Жан дүйнө тынчтыгы – акыл-эс менен эрктин айкалышы.

– Үй тынчтыгы – кутту сезүү жана аны баалоо.

– Акырет тынчтыгы – Кудайды таануу жана баш ийүү.

Демек, дүйнө тынчтыгы адам баласынын бийиктикке жетүүдөгү зарыл шарты, бул шартты аткаруу мамлекеттин жогорку максаты болуш керек. Августиндин бул доктринасы чиркөө менен мамлекет ортосундагы көп жылдар бою болгон карама-каршылыкка алып келген жана бир нече кылым Европа тарыхында калган.

## 2. Ф. Аквинскийдин жана М. Падуанскийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу

XII–XIII кылымдарда Европада феодализмге каршы багытталган еретиктик[1] кыймыл толкундары болуп өткөн. Бул толкундоолорду инквизицияны[2] пайдаланып доминиканецтер башкарып турушкан.

Католоцизмдин идеологу италиялык философ жана доминикандык монах Фома Аквинский (1225–1274-жж.) болгон. Аквинат мамлекет жана укук жөнүндө «Теологиялар суммасы», «Бийлик башкаруучулар жөнүндө» деген эмгектерди жараткан.

Фома Аристотелдин көз караштарын католик чиркөөсүнүн догматтарына ылайыкташтырып, чиркөөнүн аброюн бекемдөөгө аракетин кылган. Аристотелдин жаратылышы боюнча адам карым-катнаш кыла ала турган, саясий айбан деген ойпикирин жактаган.

Аквинаттар үчүн мамлекет күнөөкөрчүлүктүн натыйжасы катары каралбастан адамдын коомдук жаратылышынын натыйжасы катары

[1] *Ересь* – үстөмдүк кылып турган динге каршы келген диний окуу; еретик еexcept тин жолун жолдоочу адам.

[2] *Инквизиция* – католик чиркөөсүнө каршы болгон көз караштар жана ошондой көз караштагы адамдарга каршы күрөшүү үчүн Рим папалары тарабынан уюштурулган XIII кылымдын башындагы сот-полициялык уюм; бул уюм чиркөөнүн душмандарына абдан мыкаачылык менен мамиле кылган.

кабыл алынган. Адамдар өздөрү жеке ишке ашырууга мүмкүн эмес кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу максатында мамлекет түзүшөт. Мамлекет түзүү жана башкаруу жеке бир адамга таандык болуп монархтык башкаруу формасына артыкчылык берилет. Фома да абсолюттук (чексиз) монархия башкаруу формасын колдогон.

Республика – бул бийлик талашуучу топтордун жана партиялардын пикир келишпестигине алып келүүчү, жана бийликке ылайыксыз адамдар келип калуусу мүмкүн. Монарх дагы башкарууда ката кетирүүсү мүмкүн, бирок монархка карата чиркөө өз таасири менен диний жана адептик тарбия берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алган, дейт Фома.

*Мыйзам, анын түрлөрү жана бири бирине баш ийүүсү.* Аристотелдин экиге бөлгөн табигый жана позитивдик (жазылган) мыйзамдарына толуктоо менен Фома мыйзамдарды 4 түргө бөлөт:

1. Түбөлүктүү мыйзам: жаратылыш жана коом эрежелери мыйзамдын негизин түзөт.

2. Табият мыйзамы: түбөлүктүү мыйзамдын аң-сезимде калыптануусу (өзүн-өзү сактоо, тукум улоо).

3. Адамзаттык мыйзам: мыйзамдуулукту эрежени табият мыйзамынын аткарылуусун талап кылуу, аткаруу жана аткарылышын мажбурлоо аракети менен ишке ашыруу.

4. Кудайдын мыйзамы: Библия – адамзаттык мыйзам, адамдын аң-сезиминин жардылыгына байланыштуу жаратылыштагы ыпластыкты толук жоюу мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен киргизилет.

Мамлекеттин максаты – ырааттуу жашоого шарт түзүү. Бул максатты ишке ашыруу үчүн саясат майданына карапайым калк киргизилбестен, тектүүлөрдөн тандалган иерархия талап кылынган. Тектүүлөрдөн тандалган бийлик башкаруучулары мамлекеттин жүзү болуп эсептелген.

Ф.Аквинаттын мамлекеттик бийлик жөнүндөгү окуусу мамлекеттин жана укуктун пайда болуусу жөнүндөгү *теократиялык теориясынын* негизин түзгөн.

Аквинат Орто кылымдагы мамлекеттик бийликтин 3 элементин белгилейт: мааниси, жаралуусу, пайдаланышы.

Бийликтин мааниси (маңызы) – башкаруу эрежеси Кудай тарабынан берилет. Мамлекеттик бийликтин негизги белгиси – мыйзам чыгаруу укугу.

Бийликтин пайда болуусу мыйзамсыз болушу мүмкүн (төңкөрүш, басып алуу ж.б).

Мамлекеттик бийликти пайдалануу бийликти кыянаттык менен өз кызыкчылыгына пайдаланууга мүмкүндүк берет. Мамлекеттик бийликтин негизги белгиси – мыйзамдарды чыгаруу.

Фома, чиркөө бийликке кийлигишпей бирок, бийликтин пайда болуусу жана пайдалануу сапаты тууралуу өз пикирин айтуу укугун пайдаланат дейт.

Фома светтик жана чиркөө бийлигинин компетенциясын (ыйгарым укугун) бөлүү жөнүндө маселени чечүүдө *автономия идеясын* сунуштайт: чиркөө адамдардын рухуна байланыштуу ишин жүргүзөөрүн, ал эми светтик бийлик материалдык, социалдык, укуктук маселелерге байланыштуу бийлик жүргүзүүсүн сунуштаган.

Аквинский адамдардын таптык теңсиздигин негиздөөгө чоң көңүл бурган. Кудайдын мыйзамына жана табият мыйзамына ылайык төмөнкү таптык катмар жогорку таптык катмарга баш ийүүсү керек. Ерестик көз караш менен күрөшүүнүн негизги куралы еретиктерди жок кылуу деп эсептеген.

Еретиктердин окуусуна ылайык 2 кудай бар деп, анын бирөө зулумдук, зордук-зомбулук дүйнөсүн жараткан деп эсептешкен. Бул окууга Аквинский шайтан жөнүндөгү католик чиркөөсүнүн окуусун карама-каршы коюп, элдин арасында ерестик көз караштар чыр-чатактын, шайтандын кылыктарынын булагы катары баалаган.

Ф. Аквинский «ыйык» деп таанылып, 1879-ж. Рим папасынын атайын энцикликасында Аквинскийдин окуусу «католицизимдин жалгыз анык философиясы» деп жарыяланган.

**Марсилий Падуанскийдин саясий-укуктук окуусу**

Орто кылымда Батыш Европада мамлекет жана чиркөө, ошондой эле, Кудай жана адам мыйзамдарынын катышына байланыштуу маселелер негизги орунга чыккан.

XII кылымда Батыш Европада Болон университети, XIII кылымда Париж жана Оксфорд университети ачылат. Ушул эле учурда Аристотелдин «Саясат» аттуу эмгеги латын тилинде жарык көрөт.

Университеттерде Аристотелдин эмгектери окутулуп, көп ойчулдар таасирленише башташат. Алардын катарында Ф.Аквинский, Марсилий Падуанскийлер да болушкан. Аристотелдин философиясын Аквинский католик догмаларын актоодо колдонгон.

Марсилий Падуанский Аристотелге таянып, мамлекет жана укук теорияларын өнүктүрө баштайт. Дүйнө таанууда негизги билим булагы катары Ыйык жазма эсептелген.

**Марсилий Падуанский** (1280–1243-жж.) – италиялык окумуштуу, саясатчы, врач. Париж университетинде ректор да болот. Людовик IV Баварский менен Иоан XXIIнин ортосундагы келишпестик күрөш учурунда Марсилий Людовиктин тарабында ачык күрөшөт. Анын өз позициясын тайманбай айтуусу, жазган эмгектери чиркөө тарабынан жазаланып, чиркөөдөн ажыратылат жана өрттөлсүн деп сырттан өкүм чыгарылат.

1324–1326-жж. «Дүйнө сакчысы» трактаты чыгып, анда анын саясий идеялары чагылдырылат. Өз эмгектеринде болуп жаткан зордук-зомбулуктарга, кырсыктарга чиркөөнүн түздөн-түз тиешеси бар деп айыптап, ага жоопкерчиликти жүктөгөн жана чиркөөнү мамлекеттен бөлүп, чиркөө саясий бийликке баш ийиши керектигин айткан.

*Бийлик жана мамлекет проблемалары*. Коомдун эволюциялык өнүгүүсүнүн негизинде мамлекет пайда болот. Мамлекет «коомдук келишимдин» бир түрү экендигин биринчилерден болуп орто кылымда Марсилий айтып чыккан.

*Мамлекет катмарлары*. Жогорку катмар (тектүүлөр) – аскер адамдары, аткаминерлер, дин кызматчылар – коомдук кызыкчылыкка кызмат кылышат.

Төмөнкү катмар (карапайым калк) – жер иштетүүчүлөр, соодагерлер, усталар ж.б. – өз кызыкчылыгына кызмат кылышат. Бардыгы мыйзам жана бийлик булактары болгон элди түзөт.

Марсилий Падуанский мазмуну, максаты жана камсыздоо шартына карап мыйзамды 2 түргө бөлөт.

Кудайдын мыйзамы – адамдын рухун, Кудайга болгон мамилесин, бейишке чыгуу жолдорун камсыз кылат.

Мамлекеттик мыйзам – мыйзам чыгаруу аркылуу жана аны ишке ашыруу жаза жана колдоо максатка жетет.

*Башкаруу формасы*. Марсилий башкарууда монархия формасын колдойт. Ал монархиянын 2 түрүн карайт:

Мурас аркылуу.

Шайлоо аркылуу.

Башкарууда шайлоо аркылуу бийлик жүргүзүү артыкчылыкка ээ экендигин айтат. Монарх эл аркылуу өмүрүнүн акырына чейин шай-

ланат жана эл алдында жооптуу, ошондой эле жалпы мыйзамга баш ийет.

М.Падуанский биринчилерден болуп динди чектебөө эркиндиги идеясын сунуш кылат. Ага ылайык диний башкармалык христиандык окууну таратууга укуктуу, бирок мажбурлоого укугу жок. Күнөөкөрдү жазалоо бир гана Кудайга таандык, ушунун негизинде тандоо укугун талап кылуу идеясы пайда болгон.

Марсилий чиркөөнү реформалоо сунушун киргизген, бул реформага ылайык папалардын артыкчылыктарын алып салууну, чиркөө кызматкерлерин шайлоо жана бийлик булагы – эл экенин сунуштайт.

Марсилийдин окуусу аткаруу бийлигинин мыйзам алдында жооптуу болушун талап кылуу менен, укуктун мамлекеттик теориясынын белгисин таанытат.

М.Падуанскийдин светтик жана диний бийликтин артыкчылыктарга бөлүнүүсү, диний көз караштарды тандоо эркиндиги жана бийлик башкаруучунун мыйзам алдында жооптуулугу жөнүндөгү сунуш кылынган идеялары мезгилинен алдаканча алдыда болгон.

### 3. Орто кылымдык ерестердин мамлекет жана укук проблемалары

Орто кылымда Европада таасири күчтүү чиркөө бийлигинде оппозициялык маанайдагы ар кандай пикир келишпестик агымдар пайда болуп, чиркөөнүн таасиринин солгундашына шарт түзө баштаган, мына ушундай диний ой жүгүртмөлөр Европада ерес деген аталышка ээ болот. Европадагы биринчи еретиктер Болгарияда феодалдык түзүлүшкө каршы маанайда болуп, коомдук саясий кыймылдын башталышына шарт түзүп, болгариялык *«богомилдер»* (еретикалык кыймыл) деген атка ээ болушкан.

Болгарияда (864-ж.) христианчылыктын кириши феодалдык түзүлүштүн өнүгүү мезгилине туш болуп, Болгар коомунун феодалдык катмарга бөлүнүшү, дыйкандардын жери падыша, чиркөө тарабынан тартылышы, дыйкандардын байларга баш ийүү тартибинин кириши элдин арасында наразычылык жараткан жана бул Кудайдын эрки менен болуп жатат деп түшүнүшкөн.

«Эч ким эки кожоюнга баш ийбейт, бирөөнө өз каалоосу менен баш ийсе, экинчисине коркуп баш ийет» деген текстке байланыштуу тез байып жаткан чиркөөнү жана дин кызматкерлерин Кудайга эмес шайтанга кызмат кыла башташты деп күнөөлөй башташкан жана бийлик – бул шайтан деп эсептешкен.

Богомилдер жана апостолдор чиркөө жыйындарында, ырым-жырымдарды өткөрүү учурунда, болуп жаткан иштер Евангелияда (Торатта) жазылган эмес, муну адамдар ойлоп таап кабыл алып жатышат деп айтып чыгышат жана ырым-жырымдардын ичинен орозону, «Отче наш» сыйынуусун жана кечирим берүү аңгемелешүүсүн гана моюнга алышты. Бул болгар богомилдер окуусу башка өлкөлөргө да тарай баштаган. Богомилдердин таасири менен X–XI кк. Византия, Сербия, Босния, Киев Русунда да еретиктик көз караштагы кыймылдар пайда болгон.

Бул Ересь көз карашын жок кылуу максатында Рим папасы крест жортуулдарын уюштуруп, инквизицияны киргизди жана жакырлануу ордендерин уюштуруп, ошондой эле, Библиянын котормолорун өрттөтүп, карапайым калкка Библияны окууга тыюу салган.

Еретиктер кыймылы XIV к. 2-жарымында кайра жаңырган. 1525-ж. Германиядагы дыйкандардын согушундагы таптык катмардын жайгашуусуна карай Ф.Энгельс 1. Бюргердик ересь, 2. Кедей-дыйкандар плебейлик ереси деп атаган. Мындай бөлүү социалды таптык мүнөзгө ээ болушу менен бул кыймылдын сыртында көптөгөн секталар, ар кандай кыймылдар калган.

**Бюргер ереси** – бул кыймыл дворяндардын төмөнкү катмарынын жана шаардыктардын кызыкчылыгын көздөгөн. Бул кыймыл феодалдар менен тең укуктуулукту сактоону жана баштапкы христианчыл чиркөөлөрдүн калыбына келтирилишин, ошондой эле, римдик көзөмөлдү жок кылууну, себеби, бюргерлер өз байлыктарын өз эмгектери менен жаратышып 1/10 бөлүгүн чиркөөгө берүүгө мажбур болушканын, чиркөөнүн таасирин жөнөкөйлөтүүнү талап кылышкан.

Оксфорд университетинин профессору, дин уламачысы **Джон Уиклиф** (1324–1384-жж.) бул кыймылдын колдоочусу болуу менен англис чиркөөсүнүн Рим папасына баш ийүүсүнө, ошондой эле, чиркөөнүн мамлекеттин ишине кийлигишүүсүнө каршы турган. Уиклиф чиркөө башчыларынын жана чиркөөнүн эбегейсиз байышы Ыйык китеп жазууларына дал келбестигин айтып айыптайт.

**Кедей-дыйкандар плебейлик ереси**: Бул агымды жактоочулар Англиядагы лоларддар (жакыр чиркөө кызматчылары) жана Чехиядагы крепостук кулчулукту жок кылууну жана жерди дыйкандар коомчулугуна өткөрүп берүүнү талап кылган *табориттер* болушкан. Алар феодалдардын жана тектүүлөрдүн артыкчылыктарын жөнөкөйлөтүп элдин тең укуктуулугун сактоону талап кылышкан. Чиркөө уюмдарын жана духовенствону жоюууну талап кылышат. Помещиктер буларды шайтанга кызмат кылуучулар деп айыпташат.

Бул талаптар 1381-жылы диний үгүттөөчү **Уот Тайлер** тарабынан дыйкандар көтөрүлүшүн уюштурууга түрткү болгон. Бул көтөрүлүштүн жетекчилеринин бири чиркөө кызматчысы **Джонн Болл** «Ыйык жазмага дал келбеген катмардык теңсиздик кайдан пайда болду жана бул укукту өздөрү албаса буларга ким берди? Адам ата жер иштетип, Обо эне таар токуп жатканда дворяндар деген сөз да пайда болгон эмес», – деп дворяндарды бийлик басып алуучулар катарында айыптайт.

Бул көтөрүлүштөр басылгандан кийин Чехияда **Ян Гус** жетектеген кедей-дыйкандар кыймылы башталып, дин кызматчыларынын артыкчылыгына, чиркөөнүн эбегейсиз байлыгына каршы чыккан. Бул кыймыл Чехияда реформа жүргүзүүнүн башталышы болот.

1415-жылы Ян Гус чыккынчылык менен өлтүрүлүп, Чехияда немец дворяндарына жана Германия императорунун бийлигине каршы улуттук боштондук кыймылы башталат.

Бул гуситтик кыймылында 2 агым пайда болот:

1. Чашниктер
2. Табориттер

Чашниктердин программасында дин кызматчыларынын артыкчылыктарын жоюу, чиркөөнүн бийликке кийлигишүүсүн токтотуу, чиркөө байлыктарын мамлекетке өткөрүп берүү жана чех чиркөөсүнүн өз алдынчалыгын кабылдоо маселелери коюлган.

Ал эми табориттердин талабы – чиркөө башчыларына жана католик чиркөөсүнө гана каршы турбастан, немецтик, чехиялык дворяндардын артыкчылыгына, феодалдарга көз каранды болууга жана крепостук кулчулукка каршы талабын камтып, радикалдык маанайда болгон. Табориттердин кыймылында республикалык түзүлүштүн элементтери байкалат.

Гуситтерге каршы феодалдык католиктик күчтөр жана император Сигизмунд I турду. Дин кызматчылары тараптан папа Мартин V жетектеп, чашниктерди өз тарабына тартуу менен табориттерди жеңген. Бирок чашниктер менен табориттердин лозунгдары XVI к. Германияда башталган реформа учурунда талап кылынган.

Еретиктик кыймылдар диний кызматчылык менен светтик феодалдардын бириккен соккусу аркасында басылып, чиркөө ересь кыймылдарын, христианчылыктан баш тарткандарды жазалоо укугун инквизиция алып, полициялык укукка ээ болду. XIII кылымда католик чиркөөсү инквизицияны киргизди жана аны көзөмөлгө алууну 1232-жылы Рим папасы доминикандык кечилдер орденине тапшырган.

Инквизициянын кабыл алынышына карабай, еретиктик кыймылдар таптакыр жоюлуп кеткен жок, бюргер ерестеринин бир бөлүгү XVI к. бюргердик чиркөө реформасынын негиздерин түздү, ал эми, жакыр дыйкандар ереси XVI–XVII кылымда Англия, Голландия, Германиядагы буржуазиялык революциялардын идеологиясына кирген.

## 4. Орто кылымдык Батыш Европадагы юридикалык көз караштар

XII кылымда Батыш Европада укуктун 3 бутагы пайда болгон:

1. Рим укугу (легисттер)
2. Канондук (чиркөө) укук
3. Каада укугу

1. Рим укуктук көз караштагы (легисттер) жактоочулар рим укугун жайылтуу менен бирге рим укугун феодалдык коомдогу экономикалык, саясий өзгөрүүлөргө ылайыкташтырып жатышты. Алар бюргердик катмар кыймылсыз мүлккө феодалдардын ишенимине ээ болууга мыйзам чегинде мүмкүнчүлүк алууга жетишишти. Алар монархиянын кадыр-баркын укук баркынан жогору деп таанышты жана сепаратистик феодализмге, чиркөөнүн мамлекет бийлигине киришүүсүнө бийлик башчысынын каршы туруусун колдошту. Легисттер сот бийлигин рим католик чиркөөсүнүн таасиринен, айрым аткаминерлер колунан алып, мамлекеттик бийликке, королдун колуна топтоого жетишишкен.

Англис укук таануучусу, юристи **Генри Бректон** (1212–1268-жж.) «Англиянын мыйзамдары жана укук адаттары» аттуу трактатында, мыйзам жалпы мамлекеттин жана магнаттардын кеңеши, жогорку башкаруу бийлиги болгон королдун макулдугу менен гана күчүнө кирет деп ачык жазылган. Ушул эле юридикалык конструкциядан кийин мамлекеттик бийликти жүргүзүүдө элдик бийлик чектелип, тектүүлөр катмары менен монархия башкаруу бийлигин колго алуусу көрсөтүлгөн.

2. **Каада укугун** жактоочулар деле королдук бийликтин шериктеши болгон. Бирок королдук бийликти абсолюттук деп таанып, мыйзамды бийликке баш ийдиришкен эмес. Алардын көз карашы боюнча королдун милдети мыйзам алдында жооптуу болуусу, корол мамлекетти башкарууда таянган мыйзамды жалгыз чыгарып, жеке мыйзам катары карабаш керек. Алар коомдо пайда болгон мамилелерге, үрп-адаттарга, соттук практикага таянып аларды өркүндөтүп юридикалык ченемдерге тутумдаштырышкан. Ал ченемдердин кээ бирлери прогрессивдүү социалдык саясий талаптарды сунуштаган.

Көрүнүктүү француз укук таануучусу Филипп де Бомануар (1250–1296-жж.) «Бовези Кутюмдары» аттуу каада укуктар жыйындысы эмгегинин автору. Ал алдыңкы коомдо крепостук кулчулукту сактоого каршы болгон жана укуктук негизде бир падыша-монархтын алдында биригүү идеясын колдогон.

3. **Канондук укук** таанууну жактоочулар бирдиктүү укук комплексин түзүүгө аракет кылышкан. Комплексттин негизин Библия жазмалары, чиркөө жыйындарынын чечимдери түзүп, Рим укук таануусунун жана жарандык укуктун кээ бир нормаларын кошушкан. Мындай канондук укук негизин XII кылымда чиркөө монахы Грациан түзүп, ал «Грациан Кодекси» деген аталышка ээ болгон. Канон укук негиздерин түзүүдө чиркөө диний мүнөздөгү иштерди гана эмес, мамлекеттик маанидеги иштерди да юридикалык жактан чечүүгө чиркөөнүн мыйзамдуу акысы бар деп эсептеген.

Орто кылымдагы Батыш Европадагы юридикалык ой-жүгүрттүүлөрдүн ар биринин жеке багыты, изилдөө объектиси бар жана конкреттүү социалдык мааниси көрсөтүлгөн изилдөөлөр болгон. Орто кылымдагы коомдо укуктук аң-сезим тарыхка багытталган эле, себеби, байыркы эрежелер колдонууга үлгүлүү эрежелер деп бааланган.

Орто кылымдын акырында Батыш Европадагы юридикалык ой жүгүртүүнүн негизинде 2 тенденция байкалат:

– Табият укук ченемдерине көңүл бурулган.

– Позитивдүү укук ченемдерине көңүл бурулган.

Бул багыт XVIII–XIX кылымдын башында тарых укук мектебинин ыкмаларында колдонулган.

**Адабий булактар:**


Антология мировой политической мысли. В 5-ти т. – М.:Мысль, 1997. – Т. I. Зарубежная политическая мысль: истоки и эволюция. – М., 1999.

Блаженный Августин. О Граде Божием. Т.Т: 1–4. – М., 1994.

История политических и правовых учений. Учебник/ Под ред. Лейста О.Э – М..2000.

История политических и правовых учений. Учебник/ Под ред. Нерсесянца В.С.– М.,2002.

Марсилий. Защитник мира //Антология мировой правовой мысли: В 5 т. Т 2. -С. 604– 610.–М., 1999.

Омельченко О.А. История политических и правовых учений (история учений о государстве и праве): учебник для вузов. –М.: Эксмо, 2006.

Христианство. Словарь. – М., 1994.

Чанышев А.Л. История политических учений. Классическая западная традиция (античность – первая четверть XIX в.). – М.: МГИМО,20000.

# 6-БӨЛҮК

## ФЕОДАЛИЗМ ДООРУНДАГЫ ЧЫГЫШ АРАБИЯЛЫК САЯСИЙ-УКУКТУК ОКУУЛАР (VI–XV кк.)

1. *Чыгыш Арабиядагы саясий-укуктук исламдык идеология*
2. *Мусулмандык укуктун булактары*
3. *Аль-Фарабинин саясий-укуктук көз караштары*
4. *Ибн-Халдундун саясий-укуктук концепциясы*

### 1. Чыгыш Арабиядагы саясий-укуктук исламдык идеология

VII кылымдагы б.з. Арабияда халифат – араб мамлекетин түзүү жана араб урууларын бириктирүү процесси башталган. Араб мамлекетин бириктирүү «ислам» (арабчадан алганда «өзүн Кудайга тапшыруу», «баш ийүүчүлүк же багынуучулук») – диний-саясий идеологияны түзүүгө түрткү берген.

**Мухамед** (570–632-жж.) – исламдык теологиянын негиздөөчүсү жана мусулмандардын ыйык жазма китеби – *Курандын* автору (араб тилинде «үйрөнүү, окуу» деген маанини билдирет) болуп эсептелет. Мухамеддин Куранга кирген бардык үгүт, насыяттары көзү тирүү кезинде жазылып алынган жана анын көзү өткөндөн кийин анын баары, б.а. Курандагылардын баары бүткөзүлгөн формага ээ болгон. Светтик бийликтин үстүнөн, диний бийликтин басымдуулук кылуусу – *теократиялык идеясы* Куранда камтылган.

Исламдын алгачкы этабынын башталышы бардык светтик жана диний бийлик пайгамбарга, ал эми, анын көзү өткөндөн кийин – халифтерге («пайгамбардын» жардамчыларына) тиешелүү дегенден келип чыккан.

Бирок 945-жылы чындыгында бийлик светтик башкаруучу – султанга өтө баштаган, ал эми, имамдар жана башка дин адамдары диний кадыр-барктуулукка каниет кылышкан. Падыша өзүн тикеден-тике Теңирдин эркин билдирүүчү катары жарыялайт. Ушундай жол менен исламды бийликке баш ийдирүү жөнүндөгү жобосу, христиандык диндин жобосуна: «Бийлик жок болсо, кудай да жок» дегенге окшошуп калган.

Арабдардын бардык жеңиштери көбүнчө тынчтык мүнөздө болгон. Негизинен арабдар калкка: исламды кабыл алууну же болбосо өзүнүн динин сактоону, алымдарды төлөөнү же согушууну тандоону сунушташкан.

Халифаттагы исламдын түптөлүшүнүн он жыл аралыгында биринчи жолу бийлик үчүн согушуу процессинде жикке (сословиеге) бөлүнүү пайда болгон жана бир нече ири багыттары белгиленген.

Исламдын негизги багыттары ***суннизм жана шиизм*** болгон.

***Сунна*** – «диний түшүнүк берүү» (хадисдерди), дагы да болсо Куранда каралбаган, үстөмдүк кылуучу таптын жаңы муктаждыктарын канааттандыруу үчүн Куранга толуктоолор киргизилген. Бул жерде теңчиликти жана акыйкатчылыкты орноткон, керемет куткаруучу – «Махдинин» Жер бетине келиши жөнүндөгү сунниттердин идеясы пайда болгон. Сунниттер халиф коомчулук же анын өкүлдөрү тарабынан шайланган деп эсептешкен.

Жөнөкөй мусулмандар өздөрү халифтин саясатын баалай да жана мамлекеттик иштерине кийлигише да алышкан эмес. Бул укук коомчулуктун халифтер менен болгон мамилелерин көрсөтүүчү жана анын укуктарын коргоочу, тандалган кадыр-барктуулардын (авторитеттердин) топтору – *муджтахиддер* тарабынан бекитилген. Консултативдик кеңешти муджтахиддер гана түзүүгө укуктуу болушкан.

Персия тарабындагы арабдардын (өзүлөрүнүн жерлеринен куулган персиялык феодалдардын) нааразычылыгынан персиялыктардын арасындагы өтө образдуу түрдө жайылтылышы, исламдагы жаңы идеологиялык агымдын пайда болушундагы – шиизмде көрсөтүлгөн.

***Шииттер*** өзүлөрүнүн «диний түшүнүк берүүлөрүн» («священное предание»-«ыйык дастан») сунниттерге каршы коюу менен Курандын жоболорун өзүлөрүнүкү боюнча трактовкалашкан. Алар Мухамеддин кызынын күйөөсүнүн тукумдарынын – династиясынын 12 имамдары жөнүндөгү жоболорду көрсөтүшкөн. Шииттер бардык сунниттик халифаттар бийликти мыйзамсыз түрдө басып алышкан башкаруучулар болушкан деп эсептешкен. Мыйзамдуу халиф катары төртүнчү халиф Алини (Мухаммедин тууганын) жана аны түздөн-түз мураскор катары таанышкан.

Мындан тышкары сунниттик концепциядан айырмаланып, шииттик окуу имамга жогорку деңгээлдеги бийлик берүү менен аны коом-

чулуктан эң жогорку орунга койгон. Анын инсандык касиети ыйык деп жарыяланган жана шариатта берилген бардык ченемдеринин аткарылышын жеке өзүнүн жоопкерчилигине алган. Сунна менен Куранда жөнгө салынбаган маселелерди, жагдайларды кароодо, Аллахтын эркин аткарган, мусулмандардын укугунун эң билерманы болгон имамдын гана чечими мыйзамдуу күчкө ээ болгон. Ошондой болсо да, исламдын саясий жана укуктук идеологиясы да, динден саясатты ажыратууга аракеттенген белгилүү араб ойчулдарынын эмгектеринде сынга алынган.

## 2. Мусулмандык укуктун булактары

Араб халифатындагы мусулмандык укуктун пайда болуу процесси (VII–X кк.) бир нече кылымдарды ээлеген жана алгачкы феодалдык түзүлүштүн калыптануу шартында болгон.

Диний жана светтик жашоонун бөлүнбөстүк идеясы, дин менен саясат кеңири түрдө теорияда жана исламдын тажрыйбаларында өз чагылдырылышын тапкан.

Куранга карата түшүндүрмө берүү (б.а. маанисин түшүндүрүү) – ***шариат («жол көрсөтүүчү»)*** мыйзамды үйрөтүүчү болуп эсептелет. Мусулмандык укук «шариат» жана «фикх» терминдеринин маанисин белгилейт.

Шариат – исламдагы диний мыйзам өзүнө ар кандай чөйрөнү: Курандын жана сунналнын негизинде түзүлгөн диний догмаларды жана ырым-жырымдарды, моралдык, таалим-тарбиялык жана юридикалык нормаларды камтыйт. Шариат – бул мусулмандык укук принциптеринин буйрук жыйындысы, анын негизинде адамдардын диний милдеттенмелеринин идеясы жатат. Ал эми бул мусулмандык укуктук кодекс болуп эсептелет.

Мусулмандык укуктун булактары болуп:

1) Куран – исламдын ыйык китеби жана мусулмандык укуктун негизи;

2) Сунна – укуктук мааниси бар, Мухаммед пайгамбардын кылган иштери жана айткан сөздөрү жөнүндөгү (хадистерин) берүүлөрдүн жыйындысы;

3) иджма – исламдагы кадыр-барктуу укук таануучулардын жалпы бирдиктүү ойлору, көз караштары;

4) кияс – укук маселелериндеги окшоштуктар боюнча түшүнүктөрү эсептелет.

Куран диний ачылыштар менен мыйзамдын жоболорун топтогон мусулмандык ыйык жазмалар болсо, ал эми Сунна («жүрүш-туруш») Мухаммед пайгамбардын санат сөздөрүн жана иш-аракетин, көзү өткөндөн кийинки жашоосу жөнүндөгү жакын максатташтары тарабынан берилген диний (хадистер) жыйнак болуп саналат.

Шариаттан айырмаланып, мусулмандардын коомдогу жүрүш-туруш нормаларын, ошондой эле, Кудай алдында ишенгендерге тиешелүү маселелерди жөнгө салган, шариаттын ченемдик-укуктук бөлүгүн, кеңири түрдө мусулмандык укукту сунуштаган, *фикх* юриспруденциясын түзгөн.

Мусулмандык укук таануунун өсүш процессиндеги (фикх – укук жана доктриналык укук) X к. суннизмде бир нече мазхабдар (таанымал диний-укуктук мектеби) калыптанган. Ханбалиттер (өтө катуу мазхаб) Курандын жана Суннанын укуктук булактарын гана таанышат, бардык логикалык-рационалдык догматтык түшүндүрүүлөрдөгү ишенимдерди жана укукту четке кагышкан. Ханафиттер (өтө эле жайылтылган мазхаб) Куранды, суннаны, иджманы, киясты таанышат.

XI к. иджма (жалпы мусулмандык укук таануучулардын жана шариаттын догмаларынын макулдашылган ой пикирлери) жана «чексиздик иджтихад» деп аталган мезгил – курандын жана сунналардын, мусулмандык укуктун негизги түшүндүрмөлөрүн токтотуу мезгили катары акыркы ирет калыптанат. XI кылымда иджманын догмаларында жана каада-салттарында калыптанган шариаттын иш аракетинин негизинде – «таклида» деп аталган мезгил башталат. Бирок мусулмандык укуктук доктриналардын, аны менен бирге шариаттык ченемдердин өнүгүүсү кийинки кылымдарга чейин созулган.

### 3. Аль-Фарабинин саясий-укуктук көз караштары

**Аль-Фараби (870–950-жж.)** – орто кылымдагы, чоң окумуштуулардын бири, мамлекеттик жана саясий маселелерге прогрессивдик позициядан караган. Чыгыш саясий философиясынын негиздөөчүсү. Анын көз караштары «Жакшылык көрсөтүүчү шаардын жашоочуларынын көз караштары жөнүндө» деген саясий трактатында баяндалган. Аль-Фараби саясаттын эң башкы максаты катары адамдын эң жакшы насиби үчүн бактылуулукка жетүү деп эсептеген.

Фарабинин эмгектеринде идеалдуу коомдун (мамлекеттин – шаардын) проектисин баяндоо аракети кабыл алынат.

*Мамлекеттин – шаарларынын классификациясы*: Фараби коомду 3 түргө: улуу (жер жүзүндөгү бардык адамдарды, элдерди бириктирүү), орточо (белгилүү элдердин коому) жана кичине (өзүнчө шаарчалардагы адамдарды бириктирүү) деп классификациялайт. Буга ылайык, ал шаарды – мамлекеттик жакшылыктуу, коллективдүү жана маданиятсыз деп бөлүү менен моралдык категорияны (эмгекке карата жакшылык, кыянаттык мамилесин) негиз кылып алат.

Жакшылык көрсөтүүчү шаарларда – мамлекетте коомдук жашоо адамдардын эң жогорку нравалуулук принциптеринин негизинде курулган, алар бири-бирине жардам берүү аркылуу чыныгы бакытка жетишет.

Фараби жакшылык көрсөтүүчү мамлекеттеги калктын беш катмары: 1) акылмандар жана башка татыктуу жактар; 2) «диндин адамдары», акындар, музыканттар, катчылар; 3) эсепчилер, геометрлер, врачтар, астрологдор ж.б.ус.; 4) аскерлер – жоокерлер, сакчылар ж. б. у. с.; 5) бай адамдар, дыйкандар, малчылар, көпөстөр ж. б. у. с. жөнүндө жазат.

Маданиятсыз мамлекет (шаар) чыныгы жыргалды билбейт, ыракаттын, баюуунун, ач көздүк менен суталактыктын артынан кубалоо менен алек. Бул шаардын жашоочулары бакытка умтулбайт, себеби бакытка жетиш – Аль-Фараби боюнча жогорку интеллектуалдык мыктылыкка жетишүү.

Жакшылыктуу иш аракетти кылууга коомдо (шаарда) белгилүү тартип жана жалпы элдин күч жумшоосу керек.

«Мамлекет – барып турган бакытка жетиш максатындагы жашоочулардын бардык күчүн мобилизациялап, жүрүм-турумун адеп-ахлактуу алып жүрүүгө уюштурууну орнотуучу курал» – дейт Аль-Фараби.

Фарабинин саясий-укуктук окуулары, анын идеалдуу мыкты мамлекетти куруу болгон ою, батыш ойчулдарынын доктриналарынын мазмуну боюнча да, программалык жоболору боюнча да өтө чоң айырмаланат.

Араб халифатынын саясий жашоосу Европа ойчулдары үчүн салттык түрдөгү башкаруунун ар кандай формаларын, чиркөө жана мамлекеттин мамилелерин, мамлекет жана укук маселелерин талкуулоого негиз берген эмес, бирок чечкиндүү түрдө башкаруучунун моралдык сапаттарын жана билгичтигин, анын бийлигин ишке ашыруунун ыктарын жана максаттарын карап чыгууну талап кылышкан.

## 4. Ибн -Халдундун саясий-укуктук концепциясы

XIVк. мамлекеттин өнүгүү концепциялык өзгөчөлүгүн талanttуу араб тарыхчысы **Ибн-Халдун** (1332–1406) иштеп чыккан. Ибн-Халдундун мамлекет жана саясат жөнүндөгү идеясы Аристотелдин жана анын чыгыштагы жолун жолдоочуларынын таасири астында калыптанат, бул анын «Мукаддима» («Киришүү») аттуу белгилүү трактатында баяндалган.

XIV к. Ибн-Халдун башкаруунун формаларынын классификациясын иштеп чыга алган, ошондой эле, жаңы мыйзамдардын орун алышын, өнүгүшүн жана мамлекеттин наркынын начарлашын мадаияттын критерийи катары көрсөтүүнү караган.

*Мамлекеттин концепциясы.* Ибн-Халдундун ою боюнча, мамлекеттин маңызы жеке менчикти кайтаруудан турат. Эмгектин бөлүнүшү – бириктирүүнүн эң башкы фактору; адамдар сырткы коркунучтардан жана адамдардын өздөрүнүн табигый түрдө сезилүүчү агрессивдүү мүмкүнчүлүктөрүнөн жалпы коопсуздукту камсыздоо үчүн биригишет.

Коомчулукка климат жана башка табигый факторлор, бирок эң башкысы – айыл-чарбанын формалары, өндүрүштүн ыктары таасир этет.

Экономиканын кыйрашы мамлекетти алсыздантат: «Мамлекет – бул коомдун формасы, анын материясынын начарлашы мамлекеттин кулашына алып келет».

Ибн-Халдун арабдардын, персиялыктардын жана берберлердин тарыхына таянуу менен, жаңы мамлекетти түзүү менен басып алуучулар «өзүлөрүн жабырлантууга алып келет» жана коомчулукту начарлатат деп жазат.

*Мамлекеттин этаптары жөнүндөгү окуулар.* Үч муундук жашоо аралыгында мамлекет беш этапты басып өтөт:

1) мурункунун ордуна жаңы мажбурлоочу бийликтин пайда болушу;

2) башкаруучу өзүн бийликке алып келүүгө жардам бергендерди жазалоосу, бийликти бир колго топтоо;

3) мамлекеттин гүлдөшү; тартипти, тынчтыкты жана ишенимдүүлүктү орнотуу;

4) оппозицияларды басуу үчүн зомбулук жана деспоттук методго өтүү;

5) мамлекеттин жок болушу жана начарлашы.

*Мамлекеттин формалары.* Ибн-Халдун алардын саясатын, динин, башкаруучулар менен баш ийүүчүлөрдүн мамилелерин эске алуу менен мамлекетти үч типке бөлөт:

- «табигый монархия» – бул башкаруучулардын кызыкчылыгын гана ишке ашырган, күчтөргө таянган деспоттук мамлекет;
- «саясий монархия» – акыл-эстүү саясат жүргүзгөн, дүйнөнүн букараларынын кызыкчылыктарын коргогон, бирок дүйнө элдери үчүн «чоочун» боюнча калат, анткени алар менен диний жалпы байланышпаган мамлекет;
- «халифат» – динге ишенүүчүлөрдү коргогон, дүйнөнүн тартибин колдоочу, «өзүнүн» башкаруучусу – мусулмандар коомчосу бар мамлекет.

Ибн-Халдундун эмгектеринде мамлекеттин жана географиялык чөйрөдөгү укуктун, экономиканын, маданияттын коомчулукка тийгизген таасири жөнүндөгү көптөгөн байкоолорунун жыйынтыктары берилген. Ал бирден-бир улуу ойчул катары, башкалардан мурда заманбап социология жана саясат таануу боюнча көптөгөн тыянактарды акыйкатчылдык менен карайт.

Чыгыш Арабия өлкөлөрү жана Батыш Европалар үчүн жалпы саясий-укуктук идеология катары мурдагыдай эле жана башкалары да үстөмдүк кылган диний көз караштардын негизинде түзүлгөн жана өзүлөрүнүн программаларынын жоболорунда феодалдык коомдогу институттарды чагылдырышкан.

Ислам өлкөлөрүндө, орто кылымдык Европага караганда колдонулуп жаткан укуктар Курандан алынышынын себебинен, өтө эле дин менен саясатты бирдей деп түшүнүшкөн, ал эми, бийлик Куранды ишке ашыруунун каражаты катары карашкан. Ошондуктан исламдык ойчулдардын теоретикалык курамында, башка проблемалардын катарында турган, батыш европалык ойчулдарды тынчсыздандырган мамлекеттин формасынын, түзүлүшүнүн, мамлекеттин жана укуктун, чиркөөлөр менен мамлекеттин, светтик укуктун жана канондук укуктун өз ара байланышынын келип чыгыш проблемаларын талкуулоо үчүн орун болгон эмес.

Динди алар саясат, мамлекет, социалдык жана укуктун рухий негизи, мусулмандык коомчулукту реалдуу түрдөгү байланыштыруучу эң керектүү каражат катары карашкан. Ошондуктан, табигый илимдердин өнүгүшүн, ошондой эле, Аристотелдин философиясынын реалдуу жактарын окутууда орто кылымдагы араб окумуштуулары алар үчүн заманбап болгон европалык ойчулдардан абдан алдыга ашып кетишкен.

**Адабий булактар:**

Аль-Фараби. Трактат о взглядах жителей добродетельного города // Аль-Фараби. Философские трактаты. – Алма-Ата, 1972;

Аль-Фараби. Избранные трактаты. Алматы, 1994.

Аль-Фараби. Афоризмы государственного деятеля // Аль-Фараби. Социально-этические трактаты. Алма-Ата, 1973.

Игнатенко А.А. Ибн-Хальдун. – М., 1980.

История политических и правовых учений /под ред. О.Э. Лейста. – М.: Зерцало, 2009.

История политических и правовых учений: Учебник, 4-изд. / Под ред. Нерсесянца В.С.–М.:Норма, 2004.

Графский В.Г. История политических и правовых учений: учеб. для студентов вузов по спец. «Юриспруденция». – М.: Проспект, 2006.

Коран. / Перевод И.Ю. Крачковского. – М., 1990.

Малахов В.П. История политических и правовых учений. Хрестоматия. – М., 2003. – С. 210–215.

Сюкиайнен Л.Р. Мусульманское право. Вопросы теории и практики. – М., 1986.

Хайруллаев М.М. Фараби. Эпоха и учение. – Ташкент, 1975.

# 7-БӨЛҮК

# КАЙРА ЖАРАЛУУ ЖАНА РЕФОРМАЦИЯЛОО ДООРУНДАГЫ ФЕОДАЛИЗМДИН БУЗУЛУШ МЕЗГИЛИНДЕГИ САЯСИЙ ЖАНА УКУКТУК ОКУУЛАР

1. *Н. Макиавеллинин саясий-укуктук концепциясы*

2. *М. Лютер, Т. Мюнцер, Ж. Кальвин, Э.де ла Боэсилердин реформация жөнүндөгү саясий-укуктук идеялары*

3. *Ж. Бодендин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу*

4. *XVI–XVIIкк. социалисттик утописттер Т. Мор, Т. Кампанелланын көз караштары*

## 1. Н. Макиавеллинин саясий-укуктук концепциясы

Италияда XV к. доордун аягы феодализмдин бузулушу жана алгачкы капитализмдин элементтеринин пайда болуш мезгили катары мүнөздөлөт. Коомдун аң-сезиминде бул багыт Кайра жаралуу идеологиясы катары белгилүү, себеби, ал байыркы дүйнөнүн идеалдарын жаңы буржуазиялык идеологияны түзүү үчүн пайдаланган.

Кайра жаралуу доорунун кулашындагы христиандык мамлекеттин идеалдары жан кейиткен эсепсиз саясий группировкалык (жааттык) согуштар аркылуу, эң башкы маселе катары башкаруучунун инсандык атактуулук жөндөмдүүлүгү тартипти камсыздоо менен толук өлчөмдө белгиленген аймактагы Италияны бириктирүү программасын жылдырышкан.

Кайра жаралуу жана Реформациялоо менен шартталган факторлор: китеп бастырууну өнүктүрүү: 1500-ж. ал Европанын эки өлкөсүндө белгилүү болгон; Италияны децентрализациялоо (Италиялык Кайра жаралуу); Германияны децентрализациялоо (немецтик жерлердеги реформация).

Бул мезгилдеги католиктик чиркөөнүн ойчулдары, сынчылары Реформациялоо идеясынын – анын уруксат берилген окууларын, католиктик чиркөөдөгү реформаларды жана тартипти кайра түзүүнү талап кылган кеңири диний жана социалдык-саясий кыймыл алдында

өзүлөрүн тиешелүү мүнөздө алып жүрүшкөн. Булар алгачкы христиандык окуу менен дал келген чиркөөнү демократташтыруу идеясы болгон.

Батыш Европадагы калыптанган буржуазиялык жаңы тап таза светтик саясий теорияны түзүүгө аракет кылышкан. Саясий-укуктук идеологиясынын өнүгүшүнүн дыйкандардын көтөрүлүш түрүндөгү, эзилген шаардык кыймылга айланган массанын абалынын начарлашындагы тийгизген таасири. Эзилген массанын идеологиясы утопиялык социализмдин теоретиктеринин: Т. Мор, Т. Мюнцер, Т. Кампанелланын жеке менчикти талкуулаган жана өндүрүш каражаттарды жалпы коомчулуктун ээлигинде болушу керек деген коомдук түзүлүштү коргогон дилбаяндарында көрсөтүлгөн.

Реалисттик багыттын көрүнүктүү өкүлү, Кайра жаралуу доорундагы италиялык саясий ойчул, Жаңы мезгил саясий илиминин негиздөөчүсү жана саясий этиканын концепциясынын – мамлекет башчысынын этикасынын («макиавеллизм») автору **Никколо Макиавелли** (1469–1527) болуп саналат.

Н. Макиавеллинин чыгармачылыгы бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн талаш-тартыштарды жана интерпретацияларды жаратып келет: ал көпчүлүк тарабынан принципсиз катары айыпталган, башкалар тарабынан ал дүйнөнү кандай болсо, так өзүндөй сүрөттөөгө батына алган бекем реалист катары бааланган.

Борбордоштурулган мамлекеттер (Испания, Франция) тарабынан ар дайым кол салуу коркунучтары, Италиянын саясий талкаланышына алып келген. XV кылымда Флоренция шаары – билимдүүлөр борбору – «экинчи Афина», маданият борбору – «Алтын кылымдын» так өзү жана такыбалык борбору – «Жаңы Иерусалим» катары символдоштурулган.

XVI кылымда Флоренция маданияттуу өлкө болуп калган. Ошондуктан Италиядагы саясий жагдай анын: «Падыша» («Государь» –1513), «Тит Ливий жөнүндөгү биринчи декада боюнча ой-пикир» («Рассуждение о первой декаде Тита Ливия»), «Согуш искусствосу» («Искусство войны»), «Флоренциянын тарыхы» («История Флоренции»), «Мандрагора» деген китептеринин мазмундарында из калтырган.

Макиавеллинин жашоо турмушу жана ишмердүүлүгү XVI кылымдагы мурдагы Батыш Европадагы эң алдыңкы өлкөлөрдүн бири

болгон, Италиянын начарлай баштаган мезгилине тиешелүү. Анын бардык жашоосу Италиянын Кайра жаралуу доорунун кыл чокусуна, анын маданиятынын гүлдөгөн мезгилине туура келген.

Макиавеллинин жазуулары Жаңы мезгилдеги саясий-укуктук идеологиянын башталышын аныктайт. Анын саясий окуулары теологиядан алыс болгон. Н. Макиавелли Флоренцияда туулган. Макиавеллинин үй-бүлөсү атактуу үй-бүлөлөрдөн болгону менен, бай болушкан эмес. Ал өзүнүн саясий карьерасын 29 жашында баштаган, 14 жыл бою Флоренция республикасында (1498–1512) катчы болуп иштөө менен мамлекеттик жашыруун сырлардын да бир катарына кире алган.

1512-жылы Флоренциядагы Медичи бийлигин калыбына келтиргенден кийин, республикалык башкаруу катаал бийликке алмашылган, ал эми Макиавелли кызматынан четтетилген. Аны башкаруучуларга каршы аракеттенген деп айыптап, түрмөгө камап, кыйноолорго дуушар кылышкан. Кийинчерээк Макиавелли өзүнүн саясий жана адабий чыгармаларын жараткан үй-бүлөсүнүн ээлеген жерине айдалган. Макиавеллинин саясий теориясынын эң маанилүү бөлүгүн туруктуулукка жетүү үчүн өтө эффективдүү каражат издөө түзөт. «Тит Ливий жөнүндөгү биринчи декада боюнча ой-пикир» жана «Падыша» аттуу эмгектеринде мамлекеттеги туруктуулук жана биримдүүлүк жөнүндөгү окшош маселелер каралат.

Макиавеллиге өтө чоң атак-даңк «Падыша» китеби аркылуу келген – ал философиялык чыгармасы: тарыхта биринчи жолу *мамлекет башчысынын тажрыйбалык кеңештери* менен берилген, деп изилдөөчүлөр эсептешет.

*Мамлекет жөнүндө түшүнүк.* Макиавелли саясий лексикага жаңы Stato (лат. status) – «мамлекет» деген саясий термин киргизет, ал конкреттүү формасына көз карандысыз, мамлекет жөнүндө жалпы түшүнүктү белгилейт. Stato, б.а. мамлекет – бул баш ийүүдөгү үстөмдүк кылган мамилелердин бар болушун божомолдогон саясий абал.

XVIк. белгилүү болгон терминдер: «республика» «княжество», «падышалык», «бийлик», «империя», «шаар», «башкаруу», «тирандык», «жеке бийлик» менен катар Макиавелли бүгүнкү күндө да мамлекет жөнүндө жалпы түшүнүк берген жаңы саясий терминди киргизген.

*«Падыша» аттуу трактатынын негизги идеялары:*

Макиавеллинин адамзаттын жаратылышына болгон көз караштары: тарыхта анын ою боюнча үч күч бар, алар: Кудай, Тагдыр жана Улуу инсан. Макиавелли тарыхта биринчилерден болуп инсандын ролуна көңүл бөлгөн. Макиавеллинин гуманизми: «Адам баласы бардыгын өзгөртө алат: Кудайдын эркин, өзүнүн тагдырын, адама баласы жада калса карасанатайлыкта да улуу болушу мүмкүн. Адам баласы тарыхтын жүрүшүн да өзгөртөт».

*Мыйзам жана укук* – эркиндиктин негизи. Макиавелли саясатты өзүнүн мыйзамдарын колдонгон (саясаттагы эң башкы нерсе – адам, тарыхта адамдардын кызыкчылыктары өзгөрүлбөйт) адам баласынын жашоосундагы өзгөчө чөйрө катары бөлүп караган.

*«Падыша» саясат жөнүндөгү окуу.* Мамлекет – бул адам баласынын кылган иши. Мамлекетти башкаруу формасы эки күчтүн: элдин жана ак сөөктөрдүн ортосундагы болгон өз ара күрөшүн көрсөтөт. Элдин жана ак сөөктөрдүн күрөшү – мамлекеттин өнүгүү булагы болуп эсептелет.

Саясат – бул нерселердин чыныгы абалы жөнүндөгү тажрыйбалуу илим. Дүйнөдөгү бийлик кандай болсо, так ошондой үйрөтөт.

а) Саясат – басып алуу ыктары жана бийликти кармоо жөнүндөгү илим. Алгач бийлик жөнүндөгү түшүнүк түзүлгөн (жаратылган). Бийлик – үстөмдүк кылуу жана баш ийүү абалында болот.

б) Саясат – адамзаттын ишмердүүлүгүнүн максаттуу багытталган түрү. Максат ар дайым бир – бийликти сунуштоо жана колдоо.

в) Саясат – коомчулуктун жашоо чөйрөсүндөгү бийлик үчүн болгон күрөштө моралдык критерийлерди жетекчиликке алууга мүмкүн болбогон, ахлаксыздыктын өзгөчө формасы.

г) Саясат динге болгон мамилеси боюнча өзүнчө турат.

д) Саясат – кайда болбосун, бардык максат каражаттары менен далилденген чөйрө.

е) Саясат – бул искусство. Саясатта үйрөнүүгө болбойт, алгачкы маанини инсан билдирет. Саясатта дайыма жетишкендиктердин каражаттары болбойт, ал каражаттарды тандоо жагдайга көз каранды болот.

*Саясаттын моралдан көз карандысыздыгы:* Макиавелли алгачкылардан болуп саясатты динден жана моралдан бөлгөн. Ал католик-

тик динге каршы болгон, анткени ал тынчтанууга жана акыйкаттык үчүн күрөшкө чакырган дин керек дейт. «Эгерде максат – мамлекеттин жыргалчылыгы жана тынччылыгы үчүн болсо, анда максат каражаттарды актайт»; мораль саясаттын үстүндө турат.

*Мамлекет башчысынын саясий этикасынын концепциясы.* Макиавелли Италияны бириктирүүгө жана аны күчтүү мамлекетке айландырууга багытталган принцепстин (мамлекеттин жеке башчысы) саясий этикасынын концепциясын иштеп чыккан.

Макиавелли «Падыша («Принцепс»)» эмгегинде табигый сыноочу катары принцепске саясий майданда эффективдүү аракет кылууга жана койгон максатын ишке ашырууга мүмкүндүк берген кандайдыр бир моралдык тыюулардан эркин болгон, саясий принциптердин бир катарын жазат.

Княздын саясаттагы түпкү максаты жана ролу жөнүндөгү Макиавеллинин ойлору: мында ал падышага төмөндөгүдөй кеңештерин берет:

а) падыша элдердин жакшы көрүүсүнө арзууга аракет кылышы, бирок, бардык жазаларды дароо өткөрүү менен – коркутууларга таянуусу керек дейт;

б) падыша сараң болушу керек (эгерде ал берешен март болсо, анда бардыгына бирдей бере албайт), жарандарга ылайыктуу ишти – өзү бүтүрүшү керек, ал эми, жарандарга ылайыгы жок ишти – жарандарга тапшырыш керек дейт;

в) падыша жарандардын мүлкүн тартып алууга аракет кылбашы керек, «коркутуп-үркүткөндөн көрө, өлтүргөн жакшы» дейт;

г) падыша керек болгон учурда артка карай моралдык принциптерин: сөзүн, убадасын, мыйзамды бузушу мүмкүн;

д) саясаттагы – аскердик, коргоочулук жана жеке ишкерлерди колдоочулук иш-аракеттери болушу керек дейт;

е) падышанын ишмердүүлүгү – бул жакшылыктардын жана жазалардын татаал айкалышуусу. Башкаруучунун түздөн-түз милдети жакшылыктар менен эсептешүүсү;

ж) сыйлыктарга үйрөтүүнүн кереги жок. Жазалоо көз ирмемде жана катаал түрдө болушу керек;

з) коркутуп-үркүтүүнүн жардамы менен башкаруунун артыкчылыгы, адамдардын табигый түрдөгү коомго болгон каршылыгы менен түшүндүрүлөт.

*Күч – бийликтин негизи.* а) Бийликтин материалдык негизи – күч. Көп сандаган чыныгы берилген – бул армия. Саясатчынын өзү адегенде аскер башчысына ээлик кылышы керек.

б). Бийлик элдин – социалдык таянычына ээ болушу керек. Макиавелли андан көрө ак сөөктөрдү жок кылуу менен элге таянууну сунуштайт.

*Бийликтин психологиялык негизи – бул сезим.* а) эл башкаруучудан коркушу да жана аны жакшы көрүшү да керек; б) бийлик үчүн – жаман жана жек көрүү сезими өтө зыян. Элди талап-тоноого болбойт. Жек көрүү башкаруучуну ишмердүүлүксүздүк менен жүрөкзаадалыкка чакырат;

в) «алтын орто» саясаты. Башкаруучу боорукер болбоого (алдоо, өлтүрүү ыкмасына) үйрөнүшү керек . Башкаруучу улуу инсан катары көзгө көрүнүшү керек.

Макиавелли мамлекеттин максаты жана анын бекемдүүлүгүнүн негизи катары адамдардын коопсуздугун жана жеке менчиктин туруктуулугун эсептеген. Макиавелли башкаруучу үчүн эң коркунучтуу нерсе катары – жарандардын мүлкүнө кол салуу – бул жек көрүүгө (эч качан бирдеме калбагандай б.а. жада калса бычак калбагандай кылып тонобойт) алып келерин чарчабастан кайталаган.

*Мамлекетти башкаруу формасынын классификациясы.* Макиавелли падышачылыктын башкаруу формасын эки группага: бийлик бир гана адамга таандык болгон республика жана принципаттар деп бөлгөн. Полибийдин мамлекеттин пайда болушу жана башкаруу формасынын өзгөрүп турушу жөнүндөгү идеясын калыбына келтирген.

Бирок өзүнүн башка «Тит Ливийдин алгачкы 10 китебин талкуулоо» аттуу эмгегинде ал антикалык авторлор үчүн салттуу болгон системанын алты формасынан: үч туурасын сунуштаган. Макиавелли Аристотелдин изи менен башкаруунун үч *туура:* (жеке бийлик (монархия), ак сөөктөр (аристократия), демократиялык жана үч *туура эмес:* залимдик, олигархиялык, тартипсиздик формасын атайт.

*Республикалык тенденция*: ал аралаш форманы жогору баалаган (монархия, аристократия жана демократия). Саясий үлгү (эки ача) болгон.

*Күчтүү борборлоштурулган мамлекеттин идеясы.* Флоренция республикасы – абдан ыңгайлуу болсо, ал эми, «Падыша» трактатын-

дагы чексиз жеке бийлик – башкаруунун эң жакшы формасы болгон. Италиялык бирдиктүү мамлекетти түзүү кайсы каражат болбосун («макиавеллизм» аталышын алган) аны актаган.

Макиавеллинин жаңычылдыгы төмөнкүдөй жыйынтыктар менен: бардык мамлекеттер же болбосо республикалар бар, же мамлекетти башкаруу формасы боюнча жеке бийлик туурасында корутундуланган.

XIXк. мамлекеттерди республика жана монархияларга классификациялоо мамлекет жөнүндөгү илимдеээлик кылган.

### 2. М. Лютер, Т. Мюнцер, Ж. Кальвин, Э.де ла Боэсилердин реформация жөнүндөгү саясий-укуктук идеялары

Батыш Европада XVI к. башталышында өзүнүн диний идеологиялык формасы боюнча (антикатолицисттик) антифеодалдык кыймыл кеңири түрдө жайылтылган. Ал эми теоретик – немецтик поп Мартин Лютер тарабынан Реформациялоонун борбору, Германия болуп калган.

Реформацияны жактоочулар эки лагерге: **бюргердик-реформатордук агым** *(дөөлөттүү социалдык топтор)* – жакыр дворяндар, чиркөөлөрдүн мүлкүн тартып алуу каражатынан баюууну көздөшкөн жана империядан өтө эле көз карандысыз болууга аракеттенишкен светтик княздардын бөлүгү болуп бөлүнгөн.

Бюргерлер жөнөкөй, орточо реформаны ишке ашырууну каалашкан. Бул агымды поп **М. Лютер (1483–1546**) жетектеген, кимдир бирөөлөрдүн Римдик католиктик чиркөөгө баш ийбеши протестанттык Реформациянын башталышына алып келген. Ал Германиядагы Эйслебен шаарында төрөлгөн, Виттенбергск университетиндеги теология илиминин доктору.

Лютердин чиркөөлөргө болгон наразычылыгы акырындап өскөн. 1510-жылы, ал римдик сатылып кеткен дин кызматкерлерин талкалаганы Римге барган. Индульгенция – римдик чиркөөдө кетирген күнөөлөрү үчүн жазалоолордон арылтуучу катары кызмат кылган жана тазалоочу жайда күнөөлөрүнөн тазалануунун мөөнөтүн кыскартуу үчүн да келишим түзө алышкан кагаз. М. Лютер алгачкы протес-

танттык ойчул болгон. Жүз жыл мурда болуп өткөн ага Богемиядан Ян Гус, ошондой эле, англиялык окумуштуу Джон Уиклиф ушундай эле идеялар менен келген.

Лютер өзүнүн *95 тезисинде (-.)* чиркөөнүн сатылган кызматкерлерин жана индульгенция менен соодалашканын катуу айыптаган. Лютер Библиянын жүйөөлүү маанилерин жетекчиликке аларын билдирүү менен папалардын бийлигин четке каккан. Чиркөөнүн расмий жак тараптары аны еретик деп аташып, рейхстагдын жардамы менен мыйзамдан тышкары калтырышып, теологиялык иштерине тыюу салышкан. Ошенткени менен анын көз караштары Германиядан, анын ичинен немец ханзаадасы тарабынан да кеңири түрдө колдоо тапкан.

М.Лютер абдан таланттуу жазуучу болгон: ал чиркөөдө болуп өткөндөрдү, негизги диний китептерди ар бир билимдүү адам өз алдынча таанып билүүсүнө мүмкүнчүлүк берүү үчүн Библияны немец тилине которгон.

М.Лютердин идеялары анын «Христиандардын эркиндиги жөнүндө» (протестанттык диндин негизги эрежелеринин жыйындысы) деген негизги трактатында чагылдырылган:

1. Христианчыл ишенимдерде эркин. Негизги диний китептерди түшүндүрүүгө, күмөн саноого жана Кудай менен далдалчысыз сүйлөшүүгө укуктуу. Ал Кудай менен христиандардын ортосундагы керектүү далдалчы катары чиркөө жөнүндөгү салттуу көрүнүштөрдү күмөндүүлүккө алып келген.

2. Христиандардын теңчилиги кайрадан жаралган миряндардын жана чиркөө кызматкерлеринин бөлүнүүлөрүн четке каккан.

3. Папанын бийлигин четке каккан. «Папалык бийлик – күнөөлүү деп белгилеген». Папа Кудай менен адамдардын ортосундагы далдалчы болуп эсептелбейт. Жалгыз гана далдалчы – бул негизги диний китептер.

*Реформаторлордун негизги саясий талаптары:*

1. Папалардын жана епископтордун бийликтерин жоюу.
2. Поптордун шайлануучулугу.
3. Монастырларды жоюу.
4. Чиркөөлөрдүн мүлкүн конфискациялоо.
5. Канондордун укуктарын жана чиркөө сотторун жоюу.
6. Кудайга кызмат кылууну реформалоо.

7. Поптордун аял албай так өтүүсүн болтурбоо: чиркөөдө болуп жаткан диний ишенимдерге каршылык билдирүү, өлгөн кишинин күнөөсүн бейишке барганга чейин арылта турган жерлердин болушун жана аял албай так өтүү убада зарылдыгын жокко чыгаруу.

*Мамлекет, укук жана чиркөөнүн өз ара мамилелери жөнүндө.* Христиандардын эркиндик маселелери динге гана тиешелүү. Коомдук жашоодогу анын эң башкы милдети бийликке баш ийүү болуп эсептелет. Мамлекеттин максаты – табиятынан адамдарга тиешелүү болгон жамандыктарды токтотуу. Бийликтин маани, маңызы – зомбулук. Бийликти реалдуу түшүнүү. Мамлекет, дин маселелерине кийлигишпөөсү жана куугунтуктабашы керек деп далидешкен.

Башкаруунун *монархиялык (жеке бийлик) формасын* жогору баалоо. Чиркөө коомдук мыйзамдарга баш ийиши керек. Мамлекеттик башкаруу. Дыйкандардын революциялык чыгууларынын зордук менен басылышын актаган.

XVII кылымда Реформациялоонун натыйжасында христианчылыктын чегинде протестанттык *еретик секталар*: баптизм, адвентизм, Иегованын күбөлөрү, квакерлик, элүүнчүлөр, куткаруучу армия ж.б.у.с. пайда болгон. Лютердин идеясындагы эң маанилүүлүк коомдук мамлекеттин, католиктик чиркөөдөн көз карандысыздыгын, алгачкы капитализм доорундагы буржуазиялык элементтердин пайда болуш кызыкчылыктарына ылайык келишин жарыялоо болгон.

**Дыйкандардын-плебейдик** лагерин Реформациялоо жана Германиядагы «Дыйкандардын согушу» мезгилиндеги элдик кыймылды жол башчы «Беренелер катынын» («Статейное письмо») автору ***Томас Мюнцер*** *(*1490-ж. жакын – 27-май 1525) жетектеген**.** Ал социалдык теңсиздикке: князьдардын бийлигине, чиркөөнүн кысым көрсөтүүлөрүнө каршы келишүүсүз түрдө согуш баштаган. Бул согуштун эң башкы чокусу Германиядагы 1524–1526-жж. дыйкандардын согушу болгон, анын натыйжасында 1525-жылдын аягында Тиролдогу көтөрүлүш басылган.

Көтөрүлгөн дыйкандар массасынын социалдык жана саясий-укуктук идеялары «12 беренесинде» жана «Жазуу беренелери» абдан кеңири түрдө баяндалган.

*Дыйкандар – плебей агымынын программалык документтери:*

<u>«12 беренесинде»:</u> Бул биринчи документ аздыр-көптүр орточо жана айкын талаптардан турган.

1. Жеке көз карандылыкты жок кылуу;

2. Коомчулуктун жеке менчигин кайтарып берүү;

3. Чиркөөлүк бир теше жерлерди жоюу;

4. Иштеп берүү рентасын, оброкту (помещиктердин өз дыйкандарынан акчалай же натура түрүндө алган салыктарын), айып пулдарды чектөө;

5. Ар бир кыштакта попту өз алдынча тандоого уруксат берүү.

*«Гейльброндук программа».*

1. Өлкөнү борборлоштуруу, княздардын жеке өзүлөрү бийлөөчүлүгүн чектөө, бардык бийликтерди императорго баш ийдирүү;

2. Дин кызматкерлерин коомчулуктун иштериндеги бийлигинен ажыратуу, чиркөөнүн имаратын конфискациялоо;

3. Жалпы императордук мыйзамдар жана шайланган сот;

4. Бирдиктүү тыйындарды, өлчөмдөрдү жана таразаларды талап кылуу.

*Акыйкатчылык жана теңчилик жөнүндө.* Теократиялык коммунизм. Акыйкат коомдун белгилери. Ага жетүүнүн жолдору.

Мюнцер дүйнөнүн үстүндө турган жана адамдардан болуп жаткан зордук-зомбулукка моюн сунууну талап кылган «ырайымдуу, боорукер» Кудай жөнүндөгү билдирүүлөргө кескин түрдө каршы чыккан.

Мюнцердин жакын тегерегиндегилерден чыккан «Жазуу беренелеринин» мазмуну абдан негиздүү түрдө болгон. Бул жазуунун авторлору элдин өтө жакырлануу абалына мындан ары чыдоого болбойт деп билдиришкен.

Бардык христиандык коомчулук шериктештикке жана боордоштукка баш кошушуп, дыйкандар акыйкатчылдык жалпы коомдук түзүлүштү орнотуу үчүн, чогуу түрдө тоскоолдуктарды бардык каражаттарды пайдалануу менен четке калтырыш керек.

Ошол себептен «Беренелер жазуусу» өзүнүн алдына, анын принциби жалпынын кызыкчылыгына кызмат кылуу болуп эсептелген ушундай шериктештикти түзүүнү алдына койгон.

Т. Мюнцер, М. Лютердин коомчулуктун иштериндеги жигерсиз жоошутуу (тынчтандыруу) жөнүндөгү тезисин чечкиндүү түрдө четке каккан.

Мюнцердин көз караштарында республикалык идеялардын башталышы болгон; кандайдыр бир белгилүү жагдайда бул идеялар табо-

риттердин сунуштарына окшош чыккан. Лютерликти жайылтуудагы анын католицизм менен болгон согушу, башка чечкиндүү түрдөгү диний-саясий Реформациялык агымдын пайда болушуна шарт түзгөн. Мындай агым *кальвинизм* болуп эсептелген.

**Жан Кальвин** (1509–1564) Женевада (Швейцария) жаңы чиркөөнү негиздеген. Анын диний үгүттөөчү мансабы Парижде, качан ал биринчи жолу Лютердин идеяларына катышкандан кийин башталган. Аргасыз жыл өтө Франциядан качып кетип, ал куугунтукта жүрүп өзүнүн эң башкы «Христиандык диний нускоолору» *(1536)* деген трактатын жарыялайт.

Кальвиндин негизги идеялары:

1. Диний китептердин мурдатан берилген чексиз принциптерин калыбына келтирген. Бардык адамдар тандалган жана куулгандар. Ар бир адамдын тагдыры Кудай аркылуу берилген.

2. Протестанттык чиркөөнүн уюшулушунун негиздери жөнүндөгү окууларын аягына чейин чыгарган. Попту – жетекчилик коллегиалдык шайлоо органы – тандалган пресвитерлерден турган Синод аркылуу шайлашкан.

3. Чиркөө жана мамлекеттин өз ара жардамдашуу принциби. Чиркөө коомчулугун старшиналар (пресвитерлер) демейдеги эле өтө бай миряндар, диний милдеттерди атайын өзүнүн кызматы катары аткарган, поптук наамга ээ болбогон диний үгүттөөчүлөр өңдүү шайлангандар башкарышкан.

4. Ж.Кальвин үчүн өтө начар башкаруу формасы – бул *демократия* болгон.

Ал мамлекетти ак сөөктөрдүн уюмунун башкаруусун жогору көргөн.

Анын ою боюнча, ак сөөктөрдүн артыкчылыгы тарыхтын бардык тажрыйбаларында далилденген жана Кудайдын эрки менен тастыкталган.

Кальвиндин доктринасы, ар кыл көз караштарга жана белгилөөлөргө, өзгөчө дыйкан-плебей ерестерине катаал диний жек көрүүнү жараткан «кальвинизм» аттуу кыймыл болгон.

Кальвиндин Женева консисториясын (1541–1564-жж.) жетектөө менен ал шаардын магистратын (жетекчилигин) баш ийдирип, шаардыктардын артынан аңдуу жүргүзүп, коомдук турмуштун бардык

тараптарын жалпы жонунан регламентацияланып, эң кичине тартип бузууларга оор жазалар колдонулуп жана кимди еретик деп шектенсе, өлүм жазасына тартылган жазалоолордун көбөйүшү көнүмүш адатка айланган.

Варфоломей түнүнөн (1572-ж.) кийин гугеноттордун (кальвинистердин) ортосунда залим король менен феодалдык ак сөөктөрдүн көз карашынын артыкчылыгын айыпташкан монархомахтардын (эзүүчүлөр үчүн күрөшүүчүлөрдүн) – «*тираноборецтердин*» чыгармалары пайда болгон.

Монархомахтар социалдык катмарлардын мекемелериндеги королдун бийлигин чектөөнү, монархтарды тандоо укуктарына элди аралаштырууну талап кылуу менен эзүүчүлөргө каршылык көрсөтүүгө чакырышкан.

Эзүүчүлөр үчүн күрөшүүчүлөр качан **Этьен де ла Боэсинин (1530–1563)** *«Өз эрки менен кул болуу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү»* пайда болгондон тарта монархтардын колундагы топтолгон чексиз бийликке каршы каардуу чабуул жасоону буюрушкан.

Трактаттын автору эзүүчүлөрдүн алдындагы өлкөнүн жана элдин жаман жан кейиткен оор абалын сүрөттөгөн. Эзүүчүлүк – ар кандай ыкмалар менен (келишим, күчтөр, мурастоо) жана элди кулчулукта кармаган өнөкөттөрү боюнча пайда болуп турган. Эзүүчүнүн күчү – өзүн жактоочуларын жана жакын жүргөндөрүн жаратуу менен элге жик (бөлүп-жаруу) салат.

Боэси боюнча, мамлекет – кедей-кембагалдарга таянуу менен ошол эле убакта ыгы келгенде аларды тоногон жогорку эзүүчүлөрдүн бирикмесин бириктирет деп эсептеген.

Этьен де ла Боэсинин залимдикти (тиранияны) адамдардын эркиндик жана табигый теңчилдик позициясы аркылуу сындоосу (фаворитизм, сүткорлордун иерархиясынын өсүшү, мыйзамдуулуктун жоктугу, инсандын укуктарынын кепили, колунда бар адамдардын мүлкүнө деспоттук мамлекеттин кол салышы ж.б.) трактаттын узак убакытка чейин жашоосуна, бир нече жолу кайталанып жарыкка чыгарылышына шарт түзгөн.

## 3. Ж. Бодендин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары

Франциядагы диний кагылыштар мезгилинде Ж.Боден чексиздүүлүккө, монархомахтардын сынооloруна, феодалдык децентрализацияга жана диний фанатизмге каршы негиздемелери менен чыккан. Анын ою боюнча диний жана аны менен байланышкан саясий хаосту бир гана күчтүү мамлекет токтото алышы мүмкүн.

**Жан Боден** (1530–1596) – франциялык саясатчы, философ, экономист, укук таануучу, Париж Парламентинин мүчөсү жана Тулуз университетинин укук профессору. «Мамлекет жөнүндө алты китеп» деген эмгегинде, биринчилерден болуп социалдык коомчулуктун негиздерин караган. Экинчиден – мамлекеттин формаларын. Үчүнчүдөн – институттарды. Төртүнчүдөн – мамлекеттик түзүлүштөгү өзгөрүүлөр жана алар боюнча текшерүүлөр. Бешинчиден – мамлекеттик тапшырмаларга жана жагдайларга ыкташуу. Алтынчыдан – бийлик каражаттары жана эң жакшы мамлекеттик формалар жөнүндөгү маселелер.

Боден биринчи жолу мамлекеттин маанилүү белгиси катары мамлекеттик *эгемендик (суверенитет)* теориясын: «Эгемендүүлүк – бул мамлекеттин чексиз жана туруктуу бийлиги» деп формулировкалоо менен негиздеме берген.

*Боден мамлекетти*: үй-бүлөнү укуктук башкаруу жана ошону менен бирге эле, алардын бардыгы үчүн жалпы эркин бийлик катары түшүнөт. Мамлекеттин негизи: «Фундаментсиз үй катары же үйлөрсүз шаар катары эле, мамлекет үй-бүлөсүз жашашы мүмкүн эмес. Бийликтин башчысынын үй-бүлөсүнүн начарлашы мамлекеттин бузулуусуна алып келет» деп айтуу менен мамлекет – бул чакан үй-бүлө болуп эсептелет дейт.

Эгемендүүлүк түбөлүк жана бөлүнбөс. Ал дайыма королдун үй-бүлөсүнө таандык бийликтин атрибуту болгондуктан, ал мурастан-мураска өтүшү керек. Чексиз (абсолюттук) бийликтин үч чектөөсү бар (суверен) эгемен, өзүнүн ишинде Кудайдын мыйзамы менен, бардык элге жалпы болгон адамзат жана табигый мыйзамдары менен байланышкан болот. Бийликке баш ийүү четке кагылат.

*Эгемендүүлүктүн белгилери*: жалпыга тиешелүү мыйзамдарды чыгаруу, тынчтык жана согуш маселелерин чечүү, кызмат адамдарын дайындоо, жогорку инстанциядагы сот катары таасир этүү менен ырайым кылуу.

Эгемендүүлүк элдин менчиги болуп эсептелет. Бирок эл аны жарандардын бирөөсүнө, б.а. падышага белек кылуусу мүмкүн. Жалпы башкаруучуда ак сөөктүк жана демократтык башкаруу органдары болушу мүмкүн. (Бул мамлекеттерден эң жакшысы «падышалык жеке бийлик».

*Мамлекет бийлигин ишке ашыруу ыкмасы боюнча*: мыйзамдуу, вотчиналык жана тирандык (эзүүчүлүк) болуп үчкө бөлүнөт. Мыйзамдуу башкаруучу мыйзамдарды букара үчүн жаратат, ал эми өзү табигый мыйзамдарга баш ийет. Вотчиналык башкаруучу бийликти күч менен басып алуу менен үй-бүлөнүн атасы катары башкарат. Тирандык (эзүүчүлүк) мамлекеттерде башкаруучу табигый мыйзамдарды жек көрөт, адамдарды өзүнүн жеке менчик мүлкү катары башкарат.

*Көп кырдуу укуктук концепция*. Бир гана мамлекеттин, керек болсо римдик мамлекеттин да мыйзамдарын үйрөнүү менен, укуктарды иштеп чыгууга болбойт. Байыркы элдердин (перстердин, еврейлердин, гректердин, египеттиктердин, римдиктердин ж.б.) мыйзамдарын салыштырып иликтөө менен аны заманбап (француздук, турциялык ж.б.). укуктук тутумдук билимдер менен толуктоо керек.

Боден мыйзамдар мамлекеттин башкаруу формасына көз карандды экенин моюнга алат. Муну менен бирге Боден *мыйзамдарды*, алардын келип чыгуу булактарына жараша *классификациялайт*:

- Кудай тарабынан белгиленген мыйзамдар;
- жаратылыш тарабынан белгиленген мыйзамдар;
- эркин бийлик тарабынан белгиленген мыйзамдар;
- эл тарабынан белгиленген мыйзамдар;
- алгач эркин бийликтен алынган, жалпы макулдашуу менен белгиленген мыйзамдар (жеке бийлик үчүн – бул Саличестик мыйзамы сыяктуу, так мураскорунун мыйзамы).

Кудайдын мыйзамдары жана табигый мыйзамдар боюнча адамдарга жеке менчик жазылган, ошондуктан, жогорку бийликке ээ болуп турган башкаруучу (суверен) өз ыктыяры менен жарандарга Башкы штаттардын макулдугу жок салык сала албайт. Ошондуктан Боден

утопиялык мамлекетти: түздөн-түз Кудайдын жана жаратылыштын мыйзамына карама-каршы келген, жеке менчикти жокко чыгаруу менен негизделген мамлекет – деп Т. Морду сынга алат.

*Мамлекет жана анын формалары*. Боден – ар кайсы мезгилде Полибий, Цицерон, Мор, Макиавеллилер кармаган, мамлекеттин аралаш формалар теориясынын душманы. Демократияны терс баалайт: « Эл – бул акыл-эссиз жана көп баштуу жырткыч, ал жакшылыкты эптеп-септеп арандан зорго кылат. Элге саясий иштерди ишенүүгө болбойт, себеп – ал бары бир акылсыздан талап кылганга тете». Аристократиянын кемчилиги – коллегиалдык ыкма аркылуу кабыл алынган чечим менен шартталган туруксуздуулук.

Жан Боден мыйзамдуу жеке бийликти (монархия) эң жакшы башкаруу формасы катарында караган. Жан Боден – Франциядагы чексиз бийликтин теоретиги. Жеке бийлик эркин бийликтин жаратылышына: анын биримдүүлүгүнө жана бөлүнбөстүгүнө жооп берет. Мамлекетти башкаруунун мындай формасы, букаралар жеке эркиндигин жана жеке менчигин пайдалануу менен падышанын мыйзамына баш ийет, ал эми падыша – табигый жана Кудайдын мыйзамдарына баш ийет.

Боден кулчулук институтун катуу сынга алып, аны бара-бара жок кылууну айтып чыккан жана биринчилерден болуп суверенитет (эгемендүүлүк) идеясын киргизген.

## 4. XVI–XVII кк. социалисттик утописттер Т. Мор, Т. Кампанелланын көз караштары

Англияда XV кылымда капитализмдин калыптануу процесси буржуазиянын чарбалык кызыкчылыктары менен байланышкан эски ак сөөктөр жана жаңы ак сөөктөр деген эки теңтайлашкан феодалдык топтордун контекстинде пайда болгон. Эски ак сөөктөр Ланкастерлердин (Ланкастерлердин гербинин борборунда – кызгылт роза болгон) династиясын колдошкон; жаңы ак сөөктөр Йорктордун (Йорктордун гербинин борборунда – ак роза болгон) династиясын колдошкон. Англиядагы бул династиялык согуш Ак жана Кызгылт Розалардын согушу катары белгилүү болгон, анын кесепети социалдык өтө оор абалга алып келген. Дыйканчылыктын, кой өстүрүүчүлүккө алмашышы (нанга караганда, жүн сатуу абдан пайдалуу боло баштаган), дый-

кандарды байыр алган жеринен массалык түрдө куугунтуктоого алып келген.

Мор бул жагдайды: «койлор… жада калса адамдардын баарын жешип, кыйратуу менен жерлерди, үйлөрдү, шаарларды жакырлантышты» деп баалаган.

Мамлекеттин проблематикасына, укук, ойчул-социалисттердин бийлиги жооп издөө максатында: саясий-юридикалык институт кандай болушу керек, ал коомчулуктун мүлкүнүн негизинде түптөлгөн, жеке менчик менен аяктаган, адамдардын арасындагы материалдык теңсиздик менен, мурдагы башкаруунун эзүүчүлүк формасы менен шайкеш келген түзүлүштү ишке ашырууга жөндөмдүүбү деген маселелерге кайрылышкан.

**Томас Мор** (1478–1535) – англиялык юрист, гуманист, саясий ишмер жана жазуучу. Томас Мордун негизги чыгармалары: «Утопия», Томазо Кампанелланын – «Күндүн шаары» (түрмөдө жазылган). Эки чыгарма тең саякаттоо жанрында жазылган. Жанры – утопиялык социализм.

Томас Мор «Утопия» *(1516)* чыгармасын заманбап түзүлүштү сындоо менен баштаган. *Т.Мор: «койлор адамдарды жешет»*. Бардык кырсыктын тамыры болуп жеке менчик эсептелет: анын кесепетинен массалык жакырчылык, кылмышкерчилик, социалдык калыссыздык болууда деген.

*Мамлекет жана мыйзамдар жөнүндөгү окуу.* Мамлекет – бул байлардын кедейлерди эзүү үчүн болгон жашыруун куралы. Мамлекет өзүнүн букарасы үчүн жооптуу. Англиялык мамлекет жана башка Морго белгилүү болгон мамлекеттер аларды жактырбоо менен баалашкан. Бардык бул мамлекеттердин маани-маңызы бир: «мамлекеттин кызыкчылыгын ойлоо шылтоо алдындагы өзүлөрүнүн пайдасы жөнүндөгү байлардын жашыруун сыры ».

Томас Мор социалдык шарттуулук, кылмыштуулук жөнүндөгү тезисинде болтурулган айрым кылмыштуулукка ылайык кылмыш, кылмышкердин жеке өзгөчөлүгү менен гана шартталбастан, коомдун калыссыздык түзүлүшүнө да байланыштуу болушу мүмкүн дейт.

*Т.Мордун «Утопиясынын» негизги идеялары:*

1. коомчулуктун жеке менчиги;

2. эмгекке болгон милдеттүүлүк бардыгы үчүн бирдей («Утопияда» 6 саат иштешет, «Күндүн шаарында» – 4 саат);

3. бардыгы коомчулукка пайда алып келиши керек;

4. коомдук трапеза;

5. мыйзам аз, б.а. жеке менчик жок;

6. мыйзамдардын негизги бөлүгү – үй-бүлөлүк – нике мамилелерин тартипке салуу;

7. жазалоого каршы: эгерде адам коомчулукка зыян алып келсе, аны сүргүнгө жибериш керек дейт.

Томас Мордун окуусундагы карама-каршылыктары: идеалдуу мамлекетте, ишке ашкан Утопиянын коомдук түзүлүшүнүн проектисиндеги кулдардын болушу теңчиликтин принциптерине каршы келет. Томас Мор болуп жаткан кайра куруу түзүлүштөн чыгуунун жолун көрө алган эмес.

XVI к. аягында Италия испандыктардын үстөмдүгүнүн астында калган. Италия бул мезгилде еретиктер менен күрөшкөн көп доминикандык монастырлардын колунда болгон. 1599-ж. испандык үстөмдүккө каршы жашыруун сыр ачылган, аларга катышуучулардын бири доминикандык кечил (монах) Кампанелла болгон.

**Кампанелла Джованни Доменико (1568–1639)** – доминикандык кечил, кечилдик атын Томазо деп өзгөрткөн, Стилодо төрөлгөн (Италиянын түштүгүндөгү жарым арал Калабрияда). Христианчылыкты реформациялоо жана бирдиктүү «табигый дин» менен бардык элди бирдиктүү жарандык мыйзамдарга кошууга болгон каалоосу үчүн, католиктик чиркөөнүн башчысынын түрмөсүнүн дубалында 27 жыл өткөргөн. Парижде кайтыш болгон.

Кампанелла түрмөдөн башка чыгармаларынын катарындагы эле «Күндүн шаары» (1602) деген чыгармасын жазган. Күндүн шаарындагы коомдук түзүлүштү сүрөттөөдө Кампанелла көбүнчө Т. Мордун «Утопиясына» тишелүү нерселерди баяндайт.

*Бүткүл дүйнөлүк мамлекеттин бирдиктүү идеясы.* «Күндүн шаарында» Томазо болуп жаткан тартипти сынга алууга алектенбейт (ал подтекстте берилет). Негизги орунду солярийлердин (Күн ваннасын кабыл алуучу аянтчадагылардын) жашоосун сүрөттөө ээлейт.

*Идеалдуу мамлекетти башкаруу формасы* Кампанеллада буга чейин болгон башкаруу формасынын бирине да окшобойт. Бул мам-

леккеттин башчысы – 24 кечилдердин арасынан тандалып алынган *Күн* («Метафизик»). Эң жогорку кызмат адамы – «анын ишин улантуучу өзүнөн да акылдуу жана аны башкарууга жөндөмдүү болмоюнча» Күн алмашылбайт. Күнгө эгемендүүлүк таандык: «бардык маселелер жана талаш-тартыштар боюнча акыркы чечимди чыгарат».

Мамлекет башчысы – Метафизикке бийликтин 3 тармагы жардам кылат: күч (күч берүүчүлөр), акылмандуулук (илим) жана сүйүү (үй-бүлөлүк-нике мамилелери).

*Коомчулуктун мүлктүк принциби* адамдардын бай жана кедей болуп бөлүнүү маселесин чечүүгө мүмкүндүк берет, ал Италия үчүн эле актуалдуу эмес, башка өлкөлөр үчүн да актуалдуу. Кампанелла коомдук мүлк гана солярийлерге (Күндүн шаарынын жашоочуларына) көбүрөөк жакшылык көрсөтө алат деп жазган.

*Эки чыгарманын жалпы белгилери:* инсандын укугунун жоктугу, адамдардын укугуна болгон кепилдиктин жоктугу. Алгачкы социалдык-гуманисттик доктриналарда адамдардын интеллектуалдык, нравалык кадыр-барктык факторлору катары туура баа берүү менен анын коомдогу абалын тандоого шык берет.

**Адабий булактар:**


Макиавелли Н. Государь. Рассуждения о первой декаде Тита Ливия. О военном искусстве/ Предисл., комм. Е.И. Темнова. – М.: Мысль, 1996.

Мартин Лютер; Никколо Макиавелли // Политические учения: история и современность. Домарксистская политическая мысль. – М.: Мысль, 1976. – С.203–214, 230–260.

Кальвин Ж. Наставление в христианской вере: Пер. с франц.– М.: Изд-во РГГУ, 1997-1998.

Лютер М. Свобода христианина; О светской власти// Избранные произведения. – СПб., 1994. -С.16–54,131–163.

Лютер М. «95 тезисов». – Практикум по истории средних веков / Сост. М.Л. Абрамсон и др.: В 2 ч. – Ч.2. – М., 1988. -С.103–104.

Боден Ж. Шесть книг о государстве // Антология мировой политической мысли: В 5 т. Т. 2. -М., 1999.

Мор Т. Утопия. Эпиграммы. История Ричарда III. М., 1998 (или иное издание); Кампанелла Ф. Город Солнца. М.; Л., 1934.

Дегтярева М.И. Разработка понятия суверенитета Жаном Боденом// Полис. – 2000. – № 3. – С.157-169.

Рутенбург В.И. Титаны Возрождения. – 2-е изд. – М.: Наука, 1991. – 151 с.

Соловьев Э.Ю. Непобежденный еретик: Мартин Лютер и его время. – М.: Молодая гвардия, 1984.

Эльфонд И.Я. Учение о государстве Жана Бодена// Культура Возрождения XVI века. – М.: Наука, 1997. – С.192–202.

История политических и правовых учений. Учебник для вузов / Под ред. Нерсесянц В.С.-М., Изд.:ИНФРА-М, 2005.

История политических и правовых учений / Под ред. О.Э. Лейста.-М.: Зерцало, 2009.

Графский В.Г. История политических и правовых учений: учеб. для студентов вузов по спец «Юриспруденция». – М.: Проспект, 2006.

Мухаев Р.Т. История политических и правовых учений: учеб. – 2-е изд., пераб. и доп. – М.: ЮНИТИ-ДАНА, 2005.

# 8-БӨЛҮК

## ГОЛЛАНДИЯ ЖАНА АНГЛИЯДАГЫ XVII КЫЛЫМДАГЫ АЛГАЧКЫ БУРЖУАЗИЯЛЫК РЕВОЛЮЦИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ ТАБИГЫЙ УКУКТУН САЯСИЙ-УКУКТУК ДОКТРИНАЛАРЫ

1. *Г. Гроцийдин табигый-укуктук теориясынын калыптанышы*
2. *Б. Спинозанын саясий-укуктук көз караштары*
3. *Т. Гоббстын жана Дж. Локктун мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу*
4. *Англиялык буржуазиялык революциянын идеологдорунун саясий-укуктук көз караштары*

### 1. Г. Гроцийдин табигый-укуктук теориясынын калыптанышы

XVI–XVII кк. Батыш Европадагы алдыңкы өлкөлөрдө капитализмдин андан аркы өнүгүүсү болуп турган. Анын натыйжасында Англияда, Голландияда, Францияда ири өнөр жайлык ишканаларды куруу менен жибек, пахта буласын, жүн өндүрүү жана башка өлкөлөр менен болгон соода-сатык жүргүзүү тез өскөн. Дениз соодасы кеме курууну өнүктүрүүгө чакыруу менен чоң соода флоттору түзүлгөн. Сооданы насыялоо өнүккөн.

Бирок сакталып калган феодалдык өндүрүштүк мамилелер (жерге болгон феодалдык жеке менчик, мамлекет жана укук) өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнө тоскоолдуктарды жараткан. Бул тоскоолдуктардан арылтууга буржуазиялыктар абдан кызыктар болгон. Мунун негизинде, XVII к. Батыш Европа өлкөлөрүндө болгон буржуазиялык революция төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрдөн турган:

• биринчиден – буржуазиялык-демократиялык революцияны буржуазия жетектеген, алар дворяндар менен шериктеш болушкан, ошондуктан Англиядагыдай алардын биргелешкен келишими менен аяктаган;

• экинчиден, жумушчу тап жана дыйкандардын, өнөр-жайдын өнүкпөгөн күчү жана жумушчулардын сезимталдуулугунун төмөндү-

гү, жетекчи партиянын жоктугу кандайдыр бир деңгээлде революциянын мазмунуна таасир эте алган эмес. Ошондуктан, буржуазиялык революция буржуазиялыктардын дворяндар жана помещиктер менен болгон шериктеши жеңиш менен аяктаган;

- үчүнчүдөн, буржуазиянын идеялык куралы табигый адамзаттык укук жөнүндөгү окуу болгон.

Буржуазиялык революциянын коргоочулары жөндүүлүгүнө ар кандай негиздеме беришкен, биринчи кезекте, алар табигый-укуктук негизге, феодалдык бийликтин керемет түрдө келип чыгуулары жөнүндөгү ар кандай диний көрүнүштөрдү табигый укуктук көз караштардан бошотуу үчүн келишкен. Батыш европалык ойчулдар XVII к. кеңири түрдө алар үчүн коомдун заманбап болгон саясий жашоосунун маселелерине түшүнүк берүүгө аракет кылышкан. Алардын теориясында феодалдык негиздерге каршы күрөшкөн буржуазиялык күмөн туудурган талаптары чагылдырылган. Алардын ичинен эң башкылары: табигый укук теориясы жана коомдук келишим теориясы болгон.

Бул теориялардын иштелип чыгышынын башталышына салым кошкон голландиялык окумуштуу – табигый укук теориясын жана Жаңы мезгилдеги эл аралык укук теориясынын негиздөөчүлөрүнүн бири **Гуго Гроций** (1583–1645) болгон. Анын көз караштары үстөмдүк кылган испандыктарга каршы багытталган, Нидерландиядагы буржуазиялык революциянын таасири алдында калыптанган. Г.Гроцийдин өтө белгилүү эмгектери «Бош деңиз» жана «Тынчтык жана согуш укугу жөнүндө». Анын негизги фундаменталдуу эмгеги – «Тынчтык жана согуш укугу жөнүндө». Үч китеби тең табигый укук жана элдин укугу, ошондой эле, жалпы элдик укуктун принциптери тууралуу түшүндүрмө берет.

Өзүнүн юридикалык көз карашына негиздеме берүү менен Гроций юриспруденция предмети – бул укук жана акыйкатчылдык маселелери, ал эми, саясий илим предмети – пайдалуулук жана пайда деп баса белгилеген.

*Табигый укуктун укук булагы* – пайда же эрк эместигин, болгону адамдын акылдуу жаратылышынын социалдык жандык катары коомдук мамилелерге умтулушундагы турушун белгилейт. Табигый укуктун негизинде адамдар арасында жөнгө салынуучу мүлктүк, саясий, укуктук, нравалык жана башка мамилелер турат. Буга жеке укук,

мамлекеттик укук, эл аралык укук кызмат кылат. Бул укуктардын түрлөрүнүн табигый укуктан айырмасы – адамдардын эстүү ишмердиги аркылуу иштелет жана алардын эркин билдирет, ошону менен аларды Гроций «эрктүү максаттуу укук» деп атаган.

Кеп эрктүү максаттуу укукту орундатууда эмес (уруксат же тыюу), бул табигый укуктун жаратылышынан эле негизги критерийи боюнча: боло турган (уруксат кылынган) жана болтурбас (уруксаатсыз) экиге бөлүнө турганын айткан. Бардык эле мамлекетте мыйзамдар ар бирөө үчүн өзүнчө эмес, бардык коомчулуктун кызыкчылыктары үчүн бардык мамлекеттер менен болгон өз ара байланыш мамилелери, укугу жана мамилери өзгөчө эске алынат.

*Эл аралык укуктун* эрктүү максаттуу укуктан келип чыгышын «Тынчтык жана согуш укугу жөнүндөгү» эмгегинде эрктүү максаттуулук укугу катары, табигый укуктан айырмалайт. Мамлекеттер арасындагы келишимдер өзгөчө пайданы бардык коомчулукка мыйзамдар аркылуу келээрин айткан.

Гроций боюнча, адилеттүүлүк жөнүндөгү көз караштар ички мамлекеттик, ошондой эле эл аралык укук катары, бардык саясий жана укуктук маселелердин методологиялык негизи болуп саналат. Согуштарды адилеттүү (коргонуучу) жана адилетсиз (басып алуучу) деп бөлүү менен согуштун укук менен дал келбешин сындаган.

*Мамлекеттик келишимдик концепциясынын келип чыгышы.* Акыйкатчылдык жана пайда (укук жана күч) мамлекеттеги өзүнүн табигый укуктун натыйжасы болуп эсептелген түшүндүрмөсүн табат. Мамлекеттин социалдык мазмуну – бул азчылыкка болгон көпчүлүктүн макулдашуусу катары, алсыздардын жана куугунтукталгандардын күчтүүлөргө жана эбегейсиздерге каршы союзу (шериги). Мындан сырткары бул теорияларды Т. Гоббс, Дж. Локк, Ж.-Ж. Руссолор иштеп чыгышкан.

*Жогорку бийликтин маңызы*. Жогорку бийликтин алдындагы эгемендүү бийликти айткан. Жогорку бийликти алып жүрүүчү (б.а. эгемендүүлүктү) – мамлекет («эң сонун союз»). Эгемендүүлүк мамлекеттин айырмалуу белгилерин түзөт.

*Башкаруу формасы*. Чексиз бийликтин идеологу Ж.Боденден айырмаланып Гроций ынанымдуу республикачы болгон, башкаруучунун бийлигине көптөгөн чектөөлөрдү киригизүүнү сунуш кылган.

Гроций көңүлдүн борборун атайын букаранын жогорку бийликке же жогорку бийликке колдонууга берилген ишенимдүү өкүлдөрү боюнча баш ийген органдарга каршылык көрсөтүү укугу жөнүндөгү маселелерге бурган. Букаранын жеке укуктары жана эркиндиктери мамлекеттик мекемелердин жана жарандык бийликтин макулдашуулары менен токтотулат.

## 2. Б. Спинозанын саясий жана укуктук көз караштары

Табигый теория укугу өзүнүн кийинки өнүгүүсүн голландиялык улуу философ жана саясий ойчул **Барух** (Бенедикт) **Спинозанын** (1632–1677) чыгармачылыгынан өз ордун тапкан. Анын саясий-укуктук көз караштары «Диндик-саясий трактат» (1670), «Геометриялык ыкма аркылуу далилденген этика» (1675) жана «Саясий трактат» (1677) деген чыгармаларында каралган.

Жаратылыштын мыйзамдарын ал адамдардын аң-сезими аркылуу ачылган «Кудайдын чечими» деп мүнөздөгөн. Ал коомдун өнүгүүсүнүн табигый жана мамлекеттик абалы деп бөлөт. Келишим түзгөн ар бир адам жана бийликтин табигый укугу өзүнүн эркин бере алышат. Жарандык абалды айырмалоочу белгилери – жогорку бийликтин тулкусунун жыйындысынын бар болуусу (imperium) – *мамлекеттин* (civitas) бар экендигин билгизет:

1) мамлекет – бул адамдардын акыл-эси жана шыктануулары аралыгындагы ымалашуунун жыйынтыгы;

2) мыйзамдар көп сандаган адамдардын катышуусу менен кабыл алынышы керек (адамдар жана падыша дагы – өзүмчүл);

3) кур убадалар аркылуу сыйлоо менен же жазалоо аркылуу коркутуу менен чөйрөгө кандайдыр бир өзгөртүү киргизүүнү аралаштырууга болбойт.

Спиноза Гроцийден айырмаланып, жарандар абалына карата мыйзамдар өзүнүн жаратылышы боюнча колдонулат деп эсептейт. Табигый жана жарандык абалдын ортосундагы айырмачылык: мамлекеттин жогорку табигый укугунун болушу дейт.

*Мамлекеттин иш аракети* абдан кеңири: сот жана мыйзамдарды түшүндүрүү, тынчтык жана согуш, коомдук мамилелерди жөнгө салуу.

Ал мамлекеттин 3 формасын (жогорку бийлик) – жеке бийлик, ак сөөктүк жана демократиялык деп бөлөт.

Трактаттын социалдык идеялары – бул табигый укуктук теориялардын жана «коомдук келишимдин» өзгөчө варианты. Китеп бардык тобо кылуучу теологдордун катаал сындоолоруна кабылган жана 1674-ж. Голландиялык бийлик тарабынан тыюу салынган.

Демократиялык мамлекет Спинозанын баамында кадимкидей адамдардын эркиндигине жакындашат, себеби табигый абалда бардык адамдар теңчилдикте болушат. Спиноза саясий-укуктук ойчулдукка, прогрессивдүү гуманист – ойчул, теологиялык, саясий-укуктук идеялардын сынчысы, мамлекет жана укуктун светтик доктринасынын жаратуучусу катары кирет.

## 3. Т. Гоббс жана Дж. Локктун мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу

**Томас Гоббс** (1588–1679) – англиялык философ, укук жана мамлекеттин келип чыгышынын «келишимдик» теориясынын негиздөөчүсү болуп калган Т.Гоббс «Жарандар жөнүндөгү көз караштын философиялык башталмасы» жана «Левиафан» деген чыгармаларын жараткан.

*Т. Гоббс:* «Левиафанда» (мамлекетти кара мүртөз катары түшүнгөн):

1. адам – өзүмчүл жана бийликти эңсейт, «адам адамга карышкыр», болуп жаткан согуш бардыгы үчүн каршы коркунуч; мамлекеттин келип чыгыш булагы – аң-сезим; саясий бийлик чексиз, бирок ал жарандык иштерге тийбейт;
2. мыйзамдар болушунча аз болушу керек дейт.

Табигый абалда бардык адамдар тең болгон, ал тең укуктуулукту айткан.

Адам – жаман жүрүм-турумга шыктуу, өзүмчүл жан, ошондуктан табигый абалдагы дайыма боло турган согушуулар келип чыккан. Адамдардын жаман жүрүм-турумунун үстүнөн өлүм коркунучу жана өзүн сактоо инстинкти үстөмдүк кылат.

Акыл менен кошулушундагы табигый абал, коомдогу башкы табигый мыйзамдын иштешине алып келет – тынчтыкка умтулууну.

Ошондо күчүнө 2 табигый мыйзам кирет – адам өзүн коргоого жана тынчтыктын кызыкчылыгынын зарылчылыгы келип чыкканда гана, ошого жараша жеке укуктарынан кечет. Адамдар келишим түзөт жана күчүнө 3-мыйзам кирет – алар түзүлгөн макулдашууларын сактоого милдетин сезет.

Иши кылса, жалпылаганда, адамдар табигый социалдыкка чейинки жана укукка чейинки жан багуу турмуш абалды туруктуулук менен жеңип чыгуу түшүнүгүнө келет. Бирок табигый мыйзамдарды турмушка ашыруу үчүн мамлекеттин күчтүү чексиз бийлиги керегин айткан. Чексиз бийлик адамдардын умтулууларын чектейт, аларды табигый мыйзамдарды сактоого мажбур кылат. Бул нерседен алар мыйзамдын көлөкөсүндө туруп, өзүнө коопсуздук жана бейкут жашоо камсыз кыла турганын ыктымал көрөт.

*Саясий идеал*: Гоббс революциянын карама-каршы адамы болгон жана ошондуктан соода менен кол өнөрчүлүктүн гүлдөшүн камсыздаган бардык ар кандай келишпестиктерди, талаш-тартыштарды, согуштарды токтотууга жөндөмдүү бир гана падышанын чектелбеген бийлиги болот (абсолюттук монархия) деп эсептеген. Т.Гоббстун Англиядагы ири *чексиз монархиянын* жактоочусу катарында аты калат.

Т.Гоббс жеке бийликтин чексиздик формасындагы чексиз, бирдиктүү жана бөлүнбөс бийлик керектиги тууралуу негиздеме берген.

1688-ж. Англияда мамлекеттик төңкөрүш болот. Падыша Яков П Стюарт чексиз бийлик саясатын жүргүзүү менен өлкөдөн качып кеткен. Вильгельм Оранский падышалык тактты ээлеген. Ал ири буржуазияга жана жаңы дыйкандарга мамлекеттик бийликти башкарууга чыныгы жеткиликтүү жол ачуу менен конституциялык жеке бийликти орнотууга убада берет.

Келишүү таптын идеологу юристтин баласы – **Джонатан Локк** (1632–1704) болгон. Ал Англиядагы 1688-ж. революциядан кийинки андагы коомдук-саясий тартипти жактоочулардан болгон. Анын так ошол эле жылдары качан «Билддин укуктары жөнүндө» деген Англиядагы конституциялык жеке бийликти каттаткандан кийин 1689-ж. «Мамлекетти башкаруу боюнча эки трактаты» жарыкка чыккан.

Джон Локк революциядан кийин теоретикалык ишмердүүлүгү менен алектенген, Вильгельм Оранскийдин максатташ болуп иштешкен адамы болгон. Чыгармалары: «Мамлекетти башкаруу боюнча эки

трактат» *(1689-1690)* жана «Чыдамкайлык, сабырдуулук жөнүндөгү жазуулар» болгон.

Дж. Локк – чыныгы материалист, ал дүйнөнү кимдир бирөө, Кудай негиздеген деп ойлогон эмес. Табигый абалды негиздөөчүлөрдүн арасындагы баалуулукту Дж. Локк эркиндик жана теңчилик деп атаган.

Т. Гоббстон айырмаланып, Дж.Локк табигый абалды «бардыгы бардыгына каршы» согуш эмес, болгону адамдардын теңчилдик абалы деп эсептеген, ошондуктан ал Гоббстун көз караштарын сындаган.

Табигый абалда да адам толук кандуу эркиндикке жете албайт, себеби аны чектеген табигый мыйзам болот: эч ким экинчи адамдын өмүрүн, ден-соолугун жана мүлкүн чектегенге укугу жок. Мамлекетке чейинки укукка ээ болгон адамдардын укугуна, позитивдик укуктар (жазылган) келет. Абсолютизмдин (чексиздиктин) алдында негизделген бийлик, Дж.Локктун ою боюнча, мамлекет аркылуу таанылбайт. Чексиз падышанын үстүнөн сот жок жана ал букаларына карата табигый абалда кала бермекчи.

*Либерализм идеялары*. Дж. Локктун ою боюнча жеке менчик табигый укук катары мамлекетке чейин эле пайда болгон жана мамлекетке көз карандысыз эле жашайт. Эркиндик кыймыл-аракетке, эмгекке болгон эркиндикти жана эмгектин натыйжасын камтыйт. Эмгектен жеке мүлк келип чыгат. «Башкаруу жөнүндөгү эки трактатта» (1690-ж.) эки фундаменталдуу либералдык принципти: жеке ээликтин укугу катары экономикалык эркиндик менен жеке менчикти пайдалануу жана ынсап эркиндигин камтыган интеллектуалдык эркиндик.

Менчикти сактоого – мамлекетти түзгөнгө макулдашуу керек: *«Мамлекет* – бул түнкү сакчы, ал экономикалык жана социалдык мамилелерге киришпестен, болгону « оюндун эрежелерин» орнотот».

Локктун теориясынын негизи – анын табигый укуктар жөнүндөгү сунуштамалары адамдын өмүрү, жеке эркиндиги жана жеке менчиги – заманбап адам укуктарынын теориясынын негизин даярдоочу фундамент болгон.

*Бийликтин бөлүнүшү жөнүндөгү окуусу*. Локк залимдикти (тиранияны) жолотбош максатында биринчилерден болуп бийликтин бөлүнүш принцибин негиздейт. Ал бийликтин 3 бутагын карайт: мый-

зам чыгаруучу (парламент), аткаруу (өкмөт) жана союздук (федеративдик) б.а. сырткы катнаштар. Бийликтин бутактары тең эмес.

Парламентти чакырууга жана тараткага, мыйзам проекттерин бекитүүгө монарх гана укуктуу. Локк сот бийлигин аткаруу бийликтен, ошону менен бирге соттук администрациядан бөлгөн эмес. Мыйзам чыгаруу парламенттин ыйгарым укугу, аткаруу бийлиги – монарх жана министрлер кабинетинде, федеративдик бийлиги (чет элдик иштер) – өзгөчө орган. Саясий бийлик – бийликтин тең салмактуулугун кармоосунда жатат, деп эсептеген Локк. Эл бийликке каршылык кыла алат, б.а. элдин суверенитети бийик жана мыйзамдар үстөмдүк болушу керек (укуктуу мамлекет идеясы). Локк каадалуу монархияны жана республиканын белгилери бар конституциялык монархияны жактаган.

Локктун көз караштарында жеке укук жана теңчилдик, эркиндик идеялары үстөмдүк кылган. Ошондой эле, Локк демократияны жактырган эмес. Буга карабастан, Локктун окуусунун кээ бир жоболору Америка жана Франция революцияларынын идеологиясына негиз түзгөн.

## 4. Англиялык буржуазиялык революциянын идеологдорунун саясий-укуктук көз караштары

Англиялык революция консервативдик мүнөздө болгон, социалдык-саясий жеңип алуулар аягына чыкпаган кези болгон. Эски феодалдык дыйканчылыктын өкүлдөрү жана англикандык дин кызматкерлери чексиз бийликтин таянуучулары болуу менен мурдагы феодалдык тартипти сакташкан.

Чексиз бийликтин каршылаштары (оппозиционерлер) **индепенденттер** («көз карандысыздар») – орто буржуазиянын жана дворяндардын кызыкчылыктарын билдиришкен. Индепенденттер өзүнүн көз караштарынын биринде, феодалдык чиркөөлөргө каршы багытталган диний окууларды–*пуританчылык* агымды көрсөткөн. Революциянын бирден бир талабы – англикан чиркөөсүн католицизмден «тазалоо» болгон, ошол себептен королдун каршылаштары пуритандар деп аталып калган (латынчасынан – «таза»).

Кальвиндун окуусуна таянып, индепенденттер диний эркиндикти, поптордун шайланышын жана буржуазиялык моралдын (са-

рамжалдуулук, тыкандык, тобокерлик) киргизилишин үндөгөн. Индепенденттер токтоо конституциялык монархияга кайтууга, жаңы чиркөөнү түзүп, анын король бийлигинен көз карандысыздыгын талап кылган.

Пуритан лагериндеги революциянын журүшүндө үч эң башкы агым аныкталган: пресветериандар, индепенденттер, левеллерлер.

Пресветериандар (орточо талаптар), ири буржуазияны бириктирүү менен джентри төбөлдөрдүн (жаңы дворяндар) б.а. бийлигин бекитүүгө аракет кылышкан.

Индепенденттердин жетекчиси О.Кромвель болуп калган, жаңы дыйкандардын ортоңку катмарынын, орто жана майда буржазиялардын кызыкчылыктарын коргошкон.

Революциянын жетектөөчү партиясы **индепенденттер**, алардын идеологдору **Джон Мильтон, Олджернон Сидней, Джеймс Гаррингтон** ж.б.у.с. болушкан. Индепенденттердин саясий-укуктук көз караштары улуу англис акыны Джон Мильтондун (1608–1674) памфлеттеринде берилген. Мильтон ынсап эркиндигин жана бардык диндердин тең укуктуулугун, («Падышанын жана кызмат бийлиги жөнүндө») католиктердин дининен башкаларын жактаган. Дж. Мильтон табигый-укуктук концепциясында революциянын болушу жөнүндөгү жыйынтыгын чыгарат.

*Эл – бүткүл бийликтердин булагы*. Падышанын бийлиги – мурастык так. Падыша кудайга эмес, элге эсеп берүүсү керек. Эл падышаны тактан түшүрүүгө милдеттүү (элдик эгемендүүлүк концепциясы). Индепенденттер шайлоо цензеринин киргизүү зарылчылыгын айтып, ал эми Мильтон болсо протестанттар үчүн эркин ой жүгүртүү, сөзгө, динге ишенүү эркиндиктерин жана динге эркин тобо кылууну жарыялаган.

Индепенденттердин башка өкүлү **О.Сидней,** Мильтон сыяктуу эле табигый-укуктук көз карашка таянуу менен элдин эгемендүүлүгүнө тура берген. Сидней эң жакшы мамлекеттик түзүлүш катары ал демократияны эмес, ак сөөктөрдү – «аристократияны» эсептеген. Ушундай мүнөздө Мильтон жана Сидней келишүүгө даяр болушкан жеке бийлик конституциясын жакташкан.

Индепенденттердин ымалаштык, келишимдик (компромисс) позициясына каршы, Англиянын республикалык жана демократиялык

конституциясынын тарапчылары – майда буржуазиялык жана дыйкандардын кызыкчылыгын көрсөтүшкөн **левеллерлер** (leveller – теңдөөчү (уравнители) болушкан.

Левеллерлерди Англиялык буржуазиялык революциянын активдүү катышуучусу, биринчи жарандык согушка катышып, 1645-ж. парламент тарабынан подполковник кызматтык даражасына чейин жеткен **Джон Лильберн** (1614–1657) башкарган.

Алар элдик эгемендүүлүк, жалпы теңчилик, республика деп жарыялоо, эркектердин шайлоо укугун орнотуу, укук тутумун реформациялоо идеясын жылдырышкан. Левеллерлер лорддор палатасын – парламенттин жогорку палатасын жоюууну, ал эми парламенттин төмөнкү палатасына шайлоо округдарындагы теңчиликти белгилөө жана бийликти бөлүштүрүүдөгү бардык кызмат адамдарын эсепкысап берүүгө чакыруу, аларды эки жылда бирден шайлоодогу демократиялык башталмаларды уюштурууну талап кылышкан. Соттук бийлик присяжныйларга, соттук отурум ачык жана айкындыгын тапшырган.

*Элдик эгемендүүлүк жана инсандын укуктарын ажыратылгыс деп таануу*. Жарандар армияга кызмат өтөөнү өздөрү аныктаарын жана ага карата эч кандай мажбурлабоону талап кылышкан, алар материалдык теңчиликти эмес, юридикалык теңчиликти талап кылуу менен жеке менчикти бөлүнбөс укук катары таанышкан эмес.

Левеллерин жартысы өздөрүн **диггер** деп аташып жакыр дыйкандарды жана пролетариаттарды коргогон. 1652-ж. «Эркиндик мыйзамы» деген китебин, мүлктүк жалпылык, мүлктүк теңсиздик программасын жазган англиялык социал-утопист **Джерард Уинстенли** (1609–1676) болгон.

Уинстенлинин идеялары парламентти кайра шайлоонун жыйынтыгында аз камсыздалган жана камсыздалбагандар үчүн артыкчылыктар менен республикалык башкарууга берилген. «Чыныгы республикалык эркиндикти» орноткондон кийин Англиянын жаңы конституциясы мыйзамдуу күчүнө кирген.

Уинстенли тарыхта биринчилерден болуп, мүлктүк жалпылыкка негизделген мамлекеттик конституциялык проектисин жазган. Проект 62 мыйзамдан (жерди кайра иштетүү мыйзамы, сактоочу жайлар жө-

нүндөгү, байкоочулар жөнүндөгү, кызмат адамдарынын шайлоолору жөнүндөгү, чыккынчылыкка каршы, сатып алуу-сатууга каршы, бекерчиликке каршы ж.б.у.с. мыйзамдардан ) турган.

Ошондой эле, Проект кылмыш-жазык мыйзамдарын да камтыйт, ошентсе да Уинстенли ойлогондой жеке менчикти кыскартканы менен кылган иштери кылмыш иштеринин негизги себептерин жойгон. Ким же кимдир бирөө тарабынан жеке менчикти калыбына келтирүүгө аракет кылса – өлүм жазасы колдонулсун; ким же кимдир бирөө тарабынан башка оор кылмыштарды жасаган көк бет аяк бошторлорго – кулчулук (б.а. сүргүндүк иштер) жана асуу колдонулсун. Жеңилирээк кылмыш кылган жакка эскертүү жана таалим-тарбия колдонулсун деген.

Диггерлердин идеялары Англияда кеңири түрдө жайылтылган эмес; бирок XVIII к. ортосунда (өзгөчө Мореллинин «Жаратылыш кодексинде») Франциядагы коммунистик теорияга өз таасирин тийгизген.

1640–1649-жж. Революциялык окуялар «Биллдин укуктар жөнүндөгүсүн» (1689-ж.) кабыл алуу менен Кромвелдин көзү өткөндн кийин анын протекторатын кабыл алуу жана орнотуу менен Англия республика деп жарыяланган.

**Адабий булактар:**


Антология мировой правовой мысли. – Т. 2. Европа. V–XVII вв.– М., 1999.

Гоббс Т. Левиафан // Избр. произв. –М., 1989. Т. 2.

Гоббс Т. О гражданине // Избр. произв. В 2 т. –М., 1965. Т. 1.

Гуго Гроций. О праве войны и мира. –М., 1994.

Локк Дж. Два трактата о правлении // Сочинения. –М., 1988. Т. 3.

Спиноза Б. Богословско-политический трактат. –М., 1998.

Спиноза Б. Трактаты. –М., 1998.

Уинстенли Д. Избранные памфлеты. –М., 1960.

Сатчиев В.Е. Политико-правовые учения в эпоху буржуазной революции 17 века. –М., ВГОЗИ, 1985.

Безручкин О.Л. «Естественное состояние» в политической философии Гоббса // Из истории политической философии. –М., 1992.

Лейст О.Э. Учение Бенедикта Спинозы о государстве и праве.– М., 1960.

Нерсесянц В.С. Правопонимание Гуго Гроция // Из истории развития политико-правовых идей. –М.,1984.

Плотников А.А. Место Дж. Локка в политико-философской мысли Нового времени // Из истории политической философии. –М.,1992.

История политических и правовых учений. Под ред. Лейста О.Э. – М.: Зерцало, 2006.

# 9-БӨЛҮК

## ГЕРМАНИЯЛЫК ЖАНА ИТАЛИЯЛЫК АГАРТУУЧУЛАРДЫН САЯСИЙ-УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАРЫ (XVII–XVIII кк. баш.)

1. *С. Пуфендорфтун саясий-укуктук доктринасы*
2. *Х. Томазийдин саясий жана укуктук идеялары*
3. *Х. Вольфтун полицейлик мамлекеттин концепциясы*
4. *Ч. Беккарианын мамлекеттик-укуктук окуусу*

### 1. С. Пуфендорфтун саясий-укуктук доктринасы

Феодалдык эзүүнүн күч алышы жана княжестволук чексиз бийликтин орнотулушу, кереметтүү Рим империясынын айрым жерлериндеги германиялык улуттук полициялык мамлекеттин пайда болушуна алып келүү менен Германиянын идеялык жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тоскоолдук кылуу болуп саналган.

Немецтик агартуучулар княжестволук чексиз бийликти коргошкон жана алардын көз караштарында феодалдык тартипке ачык түрдөгү каршы наразычылык каршылыктары көрсөтүлгөн эмес. Ошондуктан алар табигый укукту феодалдык тартипти коргоо үчүн пайдаланууга аракет кылышкан.

Германияда граждандык негизде юридикалык илимди түзүүнү табигый укуктун ири теоретиги, белгилүү немец юристи жана анын «Адамдын жана жарандардын табигый мыйзамдар боюнча милдеттери» (1672) деген эмгектеринин биринин негизинде тарыхчы **Самуил Пуфендорф** (1632–1694) алгачкылардан болуп баштаган. Бул эмгеги Петр I дин буйругу боюнча орусчага которулган.

*Табигый укук концепциясы*. Табигый абалда «согуш бардыгы үчүн каршылык да бардыгы үчүн эмес» (Т.Гоббс ушундай деп эсептеген). Калктын санынын өсүшү, укукту камсыздоого көзү жетпегендик көбөйүп, болочокто боло турган жамандык, адамзатты алгачкы бирге жашоо формасынан кош айтышына алып келди.

*Пуфендорфтун мамлекет жөнүндөгү идеялары*: адамдардын алдын ала эркин макулдугусуз пайда болушу мүмкүн эмес, мамлекет-

тин таянычы, мамлекетти түзүүнүн демилгечиси (инициатор) – бул Кудай. Атеизмдин каршылашы.

*Прогрессивдик идеялары*: укуктук мамлекеттин негизинде: келишим (pactum) жана токтом (decretum) деген эки келишим мамлекеттин негизин бар кылат: (pactum) келишими боюнча өзүнчө индивиддер бир бүтүндүккө биригишүү менен алар үчүн алгылыктуу болгон башкаруу формасы жөнүндө токтом чыгарышат. Бул токтом (decretum) – шайланган башкаруучуну элдин кызыкчылыгы үчүн кам көрүүгө, ал эми жарандарды бийликке баш ийүүгө милдеттендирет.

*Чексиз жеке бийликтин идеалы*. Мамлекеттин жаңы – чектелбеген ыйгарым укукка ээ болгон, башкаруучунун бирдиктүү жогорку бийлиги элден ажыратылат. Мамлекеттин максаты – чексиз монархияда эң жакшы түрдө ишке ашырылат.

Мамлекеттин башкы маселеси – коопсуздукту орнотуу жана турмуштук түйшүккө чиркөөлөрдүн кийлигишүүсүнө жол бербөө; дин кызматкерлеринин артыкчылдыгы – адамдарды ыймандуулукка ынандыруу.

Мамлекет сөзсүз адамдардын табигый укуктарын кысат, бирок аны таптакыр жойбойт. Калган табигый эркиндиктер (динге эркин тобо кылуу, менчик укугу ж.б.) колтийбес; бул – индивиддин жеке жашоо тармагы.

Укуктун ченемдеринде мындай зыян келтирүүчү табигый эркиндиктерди мыйзамдуу деп таанууга болбойт дейт С.Пуфендорф.

## 2. Х. Томазийдин саясий жана укуктук идеялары

Галл университетинин профессору **Христиан Томазий** (1655–1728) Пуфендорф тарабынан белгиленген мамлекеттик-укуктук илимин теологиянын үстөмдүгүнөн ажыратуу жолун уланткан. Бирок табигый укук трактовкасында анын көз карашы жол көрсөтүүчүсүнөн айырмаланган. Эң башкы эмгеги «Табигый жана жалпы элдик укуктун негиздери» (1713).

*Коомдук келишим теориясы*. Адам – коомдук өзөк жана анын жаратылышы башкалар менен тынчтык түрүндө мамилелешүүдө турат. Табигый укуктун негизи – мораль. Мораль – адамдардын акылга

сыярдык жаратылышына ылайыктуу туура келгенди аткаруусун эскертет.

Томазий боюнча мамлекет: «бардыгын канааттандыруучу жана жарандардын жыргалчылыгы үчүн өзүнө жогорку бийликти түзгөн – табигый коом». Пуфендорф катары эле, Томазий мамлекеттин жаралышы, коомдук эки келишимдин негизинде катталган деп эсептеген.

*Агартуу абсолютизми.* Томазий монархияны мамлекеттин мыкты формасы катары ойлоп, падышанын бийлигинин шарты – элдин ага баш ийүүсү жана эгерде падыша коомдук келишимдин чегинен тычкса – элдин акыйкатсыздыкка каршы чыгышы. Ал укуктун таасир этүү сферасын чектеш зарылдыгын айткан. Мамлекет инсандын рухий, ишеним эркиндигине кол салбашын, башка диндегилерди куугунтуктоого, ал эми еретиктерди мамлекеттен кууп жиберүү оюн билдирген.

Томазийдин ойлорунда, полицейлик мамлекетте болуп жаткан тартипке алсыз каршылыктары чагылдырылган.

## 3. Х. Вольфтун полицейлик мамлекеттин концепциясы

Табигый-укуктук идеяларга консервативдик түшүнүк берүүлөрү, аларды полицейлик мамлекеттин гүлдөө мезгилинде иштеп чыгуу үчүн алдын ала жактоого **Христиан Вольф** (1679–1754) аракет кылган. Германияда жүргөн мезгилинде М.Ломоносов андан окуган. Ал инсандардын эркиндигин табигый укуктун ченеми катары эсептеген. Анын эң башкы эмгеги: «Илимий ыкмалар менен иликтенген табигый укук».

*Табигый укук теориясы.* Адамдын жаратылышы, Вольф боюнча жакшыртууга аракеттенүү менен мүнөздөлгөн. Акыл-эс ага жол көрсөтөт – жакшылык кылуу жана жамандыктан качуу. Укук – милдеттерди аткаруу үчүн эркин иш аракет. Мамлекеттин мыйзамдары – табигый мыйзамды тажрыйба жүзүндө ишке ашыруу. Мыйзам керектүү нравалык милдеттерди аткаруу үчүн эркиндик берет.

*Мамлекеттин келип чыгышынын келишимдик теориясы*. Жаратылышынан тарта бардык адамдар тең укукка ээ. Ошондуктан бир да киши башкалардын үстүнөн бийлик жүргүзбөшү керек – бардык адамдар эркин. Мамлекеттин келип чыгышында адамдар жеке эр-

киндигин мамлекеттин ичиндеги адамдарды түзөөгө чектешет. Бул үчүн адамдардын табигый теңдиги да чектелген. Так ушундай ар бир адам жеке эркиндигин чектеп жана өзүн кулчулукка бериши мүмкүн. Ушундан анан, бир жак тарапта үстөмдүк бийлик пайда болуп, экинчи тарапта – кулдук көз карандылыктар да жаралат.

*Саясий идеал.* Мамлекеттин формаларынын ортосундагы – демократиялык, ак сөөктүк, жеке бийлик жана аралаш формалардан – Вольфтун оюу боюнча падыша бардык элдин кызыкчылыган билдире алат, ошондуктан жеке бийлик – монархияны эң жакшы деп эсептейт.

*Полицейлик мамлекеттин теориясы.* Вольф полицейлик мамлекеттин идеясын агартуучу абсолютизм (чексиз бийлик) сыяктуу мамлекет кылып көрсөтүүгө аракет кылган. Мамлекет коомдук жана жеке жашоо чөйрөсүнүн бардыгына кийлигишүүсү жана аларды өзүлөрүнүн кыраакылык көзөмөлдөөсү менен кармашы керек деген, полициялык мамлекеттин идеяларын колдойт. Мындай мамлекетте өзүнүн демилгелери жана эркиндиктери үчүн орун жок болгон.

Жазык укугунда, Вольф азап тартууну, кыйноону сунуштаган, себеп дегенде айыптуулукту далилдегенге башка каражат жок деген. Укук – бул милдеттерди аткаруудагы эркиндик амалдары. Пруссиялык абсолютизмдин жактоочусу Вольфтун көз караштары патриархалдык деспотизмдин кодекси – «Пруссиянын жер мыйзам жыйнагында» негиз болуп бекитилген.

## 4. Ч. Беккарианын мамлекеттик-укуктук окуусу

**Беккариа Чезаре** (1738–1794) – таланттуу италиялык юрист, гуманист жана агартуучу; Миланда төрөлгөн жана жашаган. Беккариа 25 жашында профессионалдуу юрист, университеттик окумуштуу, укук таануучу болбой туруп, 4 айдын ичинде *«Кылмыштар жана жазалар жөнүндө» (1764)* деген памфлет – китебин жазган, ал китеби Чезаренин укук тарыхындагы, жазык укугундагы жана мыйзам чыгаруудагы ордун аныктайт.

*Табигый-укуктук доктрина жана мамлекеттин келишимдик негизи.* Акыйкатчылдыкты, теңчиликти жана эркиндикти баамдоо. Эркиндик жогорку бийлик мамлекеттин көз алдында жана адамдардын тынч жашашын камсыздаган акыйкатчыл мыйзамдарды түзгөн.

Беккариа *акыйкатчылдыкты* – керемет, табигый жана адамкерчиликтүү деп айырмалайт. Биринчи экөө – кереметтүү жана табигый мыйзамдардан негизделген. Адамкерчиликтүү акыйкатчылдык келишимге таянат, мамлекеттик бийликтин чектерин белгилейт, бирок өзгөрмөлүү дейт. Анын критерийи – жалпы жыргалчылык. Жашоодогу азыркы мыйзамдар «зордук-зомбулукту жаап-жашырыш үчүн» кызмат кылат жана элди «тойбогон жасалма кудай зөөкүрдүккө курман чалууга» көмөк берет. Зөөкүр мыйзамдардын себеби – жеке менчиктин бекилиши жана анын бирине бийлик жана эсенчилик, экинчисине – жардылык жана укуксуздук алып келет.

*Мыйзамдуулук идеясы*. Жарандардын эркиндиги – ал мыйзамга каршы келбегендердин бардыгын кылганга укуктуу, ал эми бийликтин өзү сөзсүз түрдө мыйзамдардын эрежелерин сакташы керек. Мунсуз «мыйзамдуу коом» жашай албайт. Беккариа маркиз титулу бар болуп ак сөөк коомго тиешеси бар болсо да, ал дворяндар жана дин кызматчыларынын жеңилдиктерин алып салууга чакырган.

*Кылмыштуулуктун себептери*. Кылмыштуулук социалдык шарттарда – адамзаттын төрөлгөндөн тарта ышкыбостугу, адамдардын жакырчылыгы жана алардын кагылышууларында жатат. Жазалоонун максаты – жаңы кылмыштуулукту болтурбоо үчүн эскертүүлөр жана кылмышкерлерди оңдоо. Ал үчүн жазалоо эл алдында болуп, бирок так учурларда кылмышка жараша азайтуу менен кетиши керек.

*Кылмыш жана жазалоонун шайкештиги*. Жазалоону бара-бара жумшартуу керегин, кылмыш куугунтугун азайтуу менен ересь, сыйкырчылык ж.б.у.с. жазалоолорду алып салууну белгилеген.

Беккариа өлүм жазасын алып салуунун пайдасына бир катар аргументтерди келтирген, башкаларга ырайымсыздыктын өрнөгүн көрсөтөт деп айкындаган. Ал Ломбардиядагы Жазык кодексинин комиссия мүчөсү болуу менен өлүм жазасын алып салуунун дагы бир аргументин айтат – соттук катаны оңдоонун мүмкүн эместигин. Беккариа өлүм жазасын чукул абалда гана, улуттун эркиндикке болгон күрөшүндөгү заманбап башкаруу формасын сактап калуу үчүн колдонсо болоорун айткан.

Беккариа өлүм жазасын болтурбай коюу пайдасын жүйөлүү себептерди – тарыхта биринчи жолу теоретикалык түрдө гумандуу, ынанымдуу жазган.

Агартуучулар коомдун ар кайсы катмарынан чыккан, бирок алар жалпы саясий жана нравалык орнотууларынан айырмаланган.

Биринчиден, бул адамзаттын акылынын кудуретине болгон ишеними, мындан – элди агартуучулардын кызуу үгүттөөлөрү жана корголору келип чыккан. Экинчиден, (жашоого, эркин болууга, теңчиликке, менчикке болгон укуктарын) адамдардын табигый укуктарын жактаган; башкаруунун агартуу идеяларын жактоо, чексиздикти сындоо, эгемендүү элдин идеясы жана диний фанаттарды сындоо; зомбулукка жана революцияга карата болгон терс мамилелер. Агартуучулар адамдардын гумандуу жаратылыштык аң-сезимин өнүгүүнүн эволюциялык жолуна түрткү берет. Революция – качан падыша элдерди көтөрүлүүгө аргасыз кылгандагы айласыздан чыккан иш болгон.

Беккарианын идеяларынын таасири менен ошол убактагы Европада шек келтиргендерге кыйноолор жана өлүм жазасы азайып, анын каардуу формалары чектелген. XIX кылымда Беккарианын китеби дүйнөнүн 25 тилине которулган.


**Адабий булактар:**

Антология мировой политической мысли: В 5т.Т.I: Зарубежная политическая мысль: истоки и эволюция. – М., 1997.

Беккариа Ч. О преступлениях и наказаниях /Пер. М.М. Исаева.– М., 1996.

Деборин А.М. Социально-политические учения нового и новейшего времени.– М.,1958.

Решетников Ф.М. Беккариа. Из истории политической и правовой мысли. – М.,1987.

Малахов В.П. История политических и правовых учений. Хрестоматия. – М., 2003.

Омельченко О.А. История политических и правовых учений: Учебник для вузов.– М.: Эксмо, 2006.

# 10-БӨЛҮК

## XVIII КЫЛЫМДАГЫ ФРАНЦИЯЛЫК АГАРТУУЧУЛАРДЫН САЯСИЙ-УКУКТУК ИДЕОЛОГИЯСЫ

1. *Мари Вольтердин саясий-укуктук көз караштары*
2. *Шарль Луи Монтескьенин саясий-укуктук концепциясы*
3. *Жан-Жак Руссонун саясий-укуктук көз караштары*

### 1. Мари Вольтердин саясий-укуктук көз караштары

XVIII кылымда Франция мамлекети – өнөр жай жана соода ири борбору. Агартуунун саясий себептерине буржуазиянын жана чексиздүүлүктүн (абсолютизм) күчөтүлгөн карама-каршылыктары тиешелүү болгон. Диний согуштардын, анын жүрүшүндө католицизмдин жеңиши – идеологиялык себеп болгон. Агартуучулардын идеялары, англиялык жана голландиялык ойчулдарга караганда радикалдуу мүнөздө болгон.

Агартуучулук оң канат (буржуазиянын кызыкчылыктары) жана сол канат (шаардыктардын жана дыйкандардын кызыкчылыктары) болуп экиге бөлүнгөн. Оң канаттын өкүлдөрү – Вольтер, Монтескье, д'Аламбер, Тюрголор орточо көз караштa болгон.

Католиктик чиркөөгө каршы күрөш. **Вольтер Франсуа Мари Аруэ** (1694–1778) –табигый укуктун мектебинин өкүлү. Жок нерселерге ишенүүлөрдү, диний чыдамсыздыктарын, эзүүлөрүн жана болуп жаткан мыйзамдардын калыссыздык жактарын чечкиндүү түрдө сындаган. Вольтердин укуктук көз караштары так эмес болгон. Анын «Философиялык каттарында» христиандык дин жокко чыгарылып, ага жаратылыштын жана кадыресе акылга таандык «табият дини» карама-каршы коюлган. Вольтер чиркөөнүн мамлекетке карата болгон, ошонун ичинде жазага тартуу («Эгерде Кудай болбогондо, аны ойлоп табуу зарыл беле») идеологиялык функциясын гана тааныган. Вольтердин «табигый» эркиндик жана табигый укук жөнүндөгү ойлору, ар бир индивиддин ажыратылгыс табигый укуктарын: эркиндигин, менчигин, коопсуздугун, теңчилдигин тааныйт.

*Мыйзам жөнүндө идеясы*. Ырастоочу (позитивдик) мыйзамдар адамдардын табигый укуктарын кепилдөөгө чакырган. Вольтер волюнтаризм (өзүм билемдик) сиңген эски мыйзамдарды өрттөп, ордуна жаны туура мыйзамдарды жазууну сунуштаган. Вольтер тарабынан козголгон мыйзам чыгаруучулардын өзүм билемдик маселелери бугүнкү күнгө чейин актуалдуу. Вольтер ошол убактагы кыйноолор жана өлүм жазасы менен институттардын негизделишиндеги жазык мыйзамдардын ырайымсыздыгын аёосуз сынга алган. Вольтер эзүүнү (тиранияны) башкаруунун формасы катары сынга алган, эзүүчү – бул «өзүнүн бийлигинен башка мыйзамдарды таанызбаган, падыша» деген. Вольтер – «агартуучу чексиздиктин» идеяларынын үгүттөөчүсү катары көптөгөн европалык монархтар: Пруссиялык Фридрихке II к, Россиялык Екатеринага II к. таасир берген. Ал үчүн саясий идеалдар – голландиялык республика жана англиялык конституциялык монархия болгон.

*Башкаруу формасы* – чексиз агартуучудагы парламенттик мекемелердин башкаруусу, жана бийликтин бөлүнбөшү элдик революцияга алып келээри шексиз деген. Феодалдык коомдун ордуна акылдын жана эркиндиктин дүйнөсү келиши зарыл. Ал жеке менчикке жана жеке кол тийбестикке негизделиши керек. Жаңы коомдун ажырагыс бөлүгү болуп байлыкты топтоо жана жашоо деңгээлин жогорулатуу болот.

Вольтер социалдык жана саясий теңдикти кабыл албай койгон: эркиндиктер колунда барлардын гана таалайына жазылган. Кулдук көз карандылыкта болуучу маселесинде орточо көз караште болгон: жеке ээликтердеги дыйкандардын бошонушуна помещик макулдугун бериши керек. Жаңы коомдогу бийлик жеке менчик ээсине таандык болушу керек деген. Вольтер атеизмге да сын менен караган, себеби атеист анын оюу боюнча мыйзамдык тартипти бузат: «Жазасыз калуусуна ишенген жакыр жана жаалдуу атеист келесоо болот, эгерде силердин акчаңарды ээлеп алуу үчүн, силерди өлтүрбөйт десеңер».

Атеизм, Вольтердин оюу боюнча латенттик кылмыштуулукка алып келет: «Эгерде кудайдын айыптоосуна ишеним жок болсо, жашыруун кылмыштар чексиз болот. Элди башкаргандарга – бул реалдуу коркунуч: «Жазалоочу жана кечирүүчү Кудайга падышалар ишениши керек, себеп дегенде мунсуз мага алар канды эңсеген айбандай сезилет».

Вольтердин саясий-укуктук идеялары системага түшпөгөн болсо да, өзүнүн ынанымдуулугу жана ишенимдүүлүгү менен батыш саясий жана бүтүндөй укуктук маданияттын калыптанышына чоң таасирин берген.

## 2. Шарль Луи Монтескьенин саясий-укуктук концепциясы

Шарль Луи де Монтескье (чыныгы аты-жөнү Шарль Луи де Секонда) (1689–1755) – франциялык укук таануучу жана саясий философ, дворяндык үй-бүлөдөн келип чыккан. Монтескьенин көз караштары укуктун тарыхы боюнча Ж. Бодендин, философ Дж. Локктун таасири астында калыптанган.

Эмгектери: «Персиялык кол жазмалар» (1716); «Римляндардын улуулугу жана кыйроосу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр» (1734); «Мыйзамдардын деми жөнүндө» (1748) – юриспруденция боюнча ошол убактагы мурда болуп көрбөгөндөй иш.

Монтескье «коом» жана «мамлекет» түшүнүктөрдү биринчи ирет бөлгөн. Мамлекет коом менен бир мезгилде пайда болбойт, ал качан адамдардын ортосунда касташуу башталганда гана пайда болот деген. Мамлекеттин максаты – адамдардын ортосундагы карама-каршылыкты жоюу жана укуктун чегинде кароого багыттоо.

*Демократиянын таптык теориясы*. Монтескье: «мыйзамдардын деми жөнүндө». «Мыйзамдын тамгасы бар жерде, мыйзамдын деми бар». Ал конституциялык монархияны колдогон. Мыйзамдардын демине физикалык фактор: климат «климат канчалык түрткү берсе андай эмгектен (дыйканчылыктан) качпастан, аны кеңейтиш керек; аймактын өлчөмү, элдин саны ж.б., моралдык фактор (каада-салт, дин коомдук тартипти камсыздоого жөндөмдүү болушу мүмкүн; саясий түзүлүш) таасирин тийгизет.

*Эркиндик түшүнүгү* эки негизги тезисти камтыйт: «Эркиндик мыйзам уруксат бергендердин бардыгын кылууга болгон укук». Бирок бардык эле мыйзамдар эмес, элдик өкүлдөр тарабынан кабыл алынгандар гана.

«Биздин коопсуздугубуз саясий эркиндикте жатат». Адамдардын эркиндиги түздөн-түз мамлекеттик бийликке көз каранды.

*Эркиндиктин кепилдери* болуп: жазык жана жазык-процессуалдык мыйзамдардын акыйкаттулугу; салык мыйзамдарынын акыйкаттуулугу: «Жан салыгы кулчулукка тиешелүү, товарга болгон салык – эркиндикке, анткени ал, салык төлөөчүнүн түздөн-түз жеке жагын козгойт».

*Бийликтин бөлүнүш теориясы*. Монтескье заманбап Англиянын мамлекеттик түзүлүшүн карап, Джон Локктун бийликти бөлүү идеясын уланткан. Монтескье бийликти мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийлигине бөлүү идеясынын автору. Бийликтин карама-каршылык жана тең салмактуулук теориясын иштеп чыккан: бир да бийлик бутагы башка бийлик бутагы сунуштаган мыйзамдын ордун басалбайт.

Мыйзам чыгаруу бийлигин эки палаталуу жыйын ишке ашырышын айткан. Падыша аткаруу бийлиги катары өзүнүн атынан кабыл алынган мыйзамдарды жокко чыгаруу укугу бар (абсолюттук вето укугу), бирок ал мыйзам чыгаруу демилгесине укуктуу болбошу керек. Сот бийлиги мыйзамды орундатуусу керек.

Сот арачыларынын жактоочусу болуп: «Сот бийлигин иштеп жаткан сенатка тапшырбастан, иш аракеттин зарылчылыгы чыкканда гана жылдын бир мезгилдеринде сотту уюштурууда мыйзамга карата элдин арасынан чыккан адамдарга тапшыруу керегин белгилеген.

Монтескьенин бийликтин бөлүнүш теориясы жана эркиндик концепциясы – саясий либерализм. Табигый мыйзамдар адамдын жаратылышы менен туура келет жана позитивдик мыйзамдар пайда болгондо маанисин сактайт. Коомдогу мыйзамдар: кереметтүү укук жана канон укугу; табигый укук; жарандык укук; эл аралык укук; жалпы жана жеке мамлекеттик укук; бир өлкөнү жеңип алуу укугу ж.б. болот.

Ал абсолюттук монархияга (чексиз бийликкке) каршы болуп, *4 башкаруу формасын* карайт: демократия, аристократия, монархия жана деспотия. Орточо жана туруксуз формаларын салыштыруунун критерийи кылып бийликтин бөлүнүш теориясын колдонгон. Мамлекеттин чектен чыккан формасы катары деспотияны эсептеген.

Монтескье боюнча, мамлекетттин башкаруу формасы анын аймагы менен шарттанып, мыйзам чыгаруучу ал форманы тандоодон эркин эмес: республика формасы кичирээк аймакта (антикалык рес-

публика) жан сактайт; монархиялар (англиялык жана француз монархиясы) орто ченемдеги аймакты талап кылат; деспотиялар аябаган чоң аймактарда (Персия, Кытай, Индия, Жапон) бар болот. Бирок бул жерде бир гана нерсени чыгарып таштоо керек: абдан чоң аймакта федеративдик республиканы жайгаштырса болот. Мындай республикалык башкаруунун негизин келишим түзөт.

*Мамлекетти башкаруунун принциптери*. Жакшылык көрсөткүч – демократиялык республикага таандык; орточулук – ак сөөк аристократия республикасына; ар намыс – монархияга; коркутуу – деспотияга таандыгы бар деген. Мамлекетти башкаруунун принциптеринин өзгөрүшү, анын башкаруу формасын кошо өзгөртөт (Платон жана Аристотель).

XVIII кылымда бийликтин бөлүнүш теориясы чексиз бийлик принцибинин альтернативасы болуу менен, азыркы мезгилде да – дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринин конституциялык өнүгүүсүнүн башкы принциби болууда. Монтескье укуктук илимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

Монтескьенин саясий жана укуктук идеялары АКШнын 1787-жылкы Конституциясын түзүүчүлөргө, Улуу франциялык революция мезгилиндеги конституциялык мыйзамдарга, Франциянын 1804-ж. Жарандык кодексине чоң таасирин тийгизген.

### 3. Жан-Жак Руссонун саясий-укуктук көз караштары

Руссо Жан-Жак (1712–1778) – франциялык философ жана жазуучу, элдик эгемендүүлүктүн теоретиги. Ж.-Ж.Руссо алгачкылардан болуп саясий философияда социалдык теңсиздикти жана анын түрлөрүн түшүндүрүүгө аракет кылган. Мунун бардыгын ал «Адамдардын арасындагы теңсиздиктин негизи жана анын келип чыгуусу тууралуу ой жүгүртүүлөр» жана «Коомдук келишим боюнча» очерктеринде жазган.

*Руссонун табигый укук теориясы*. Руссо коомдук келишимдин башкача жоромолунун автору болгон. Гоббс жана Локктон айырмаланып, Руссо табиятты (мамлекеттик абалга чейинкини) «алтын кылым» деп идеалдаштырган. Табигый адам – бул бактылуу адам, ал жаратылыштан ден-соолук үлүшүн алган, эч кимге көз каранды эмес,

эркин, кандай жерде жашабасын бардык жакшылыктарды пайдалана алат.

*Теңсиздиктин себеби – жеке менчик*. Малга жана жерге жеке менчик пайда болгондон тартып социалдык теңсиздиктин биринчи формасы туулат: байлар менен кедейлердин ортосундагы теңсиздик, б.а. мүлктүк теңсиздик. Байлар жана кедейлер келишим түзүп, мамлекетти пайда кылат. Мамлекет тургандан кийин социалдык теңсиздиктин түрү – саясий теңсиздик пайда болот. Теңсиздиктин кийинки тепкичи бийликтин деспоттукка айланышы. Деспот элди жана мыйзамдарды алдайт. Теңчиликтин маңызы өзгөрөт: жарандар бул деспотиянын (зомбулуктун) кулдары болуп калат. Бирок эл деспотияга каршылык көрсөтө алат.

Социалдык теңсиздик проблемаларынын саясий жактан чечилишин, Руссо адамдардын табигый теңчиликдигин мамлекет-ассоциациясын түзүү аркылуу камсыздоону белгилеген. Руссо коомдук келишимдин жаңы концепциясын жаратат: жалгыз мамлекет башкаруучу болуп бириккен эл болот, ал жерде ар бир адам бүтүндүн бир бөлүгү болот. Келишимге жараша жогорку бийлик элге таандык.

*Руссо элдик эгемендүүлүк принцибинде турат*: республиканын негизги принциби деп атоого болот. Мыйзам чыгаруучу бийлик элге таандык, аткаруу бийлиги бардыгына же кээ бир адамдарга, же бир адамга тиешеси болуш керек деген.

*Элдик эгемендүүлүктүн белгилери*:

• ажыратылгыс. Эл жыйынга чогулганда жалпы ыктыярды өкүлдөрү аркылуу гана билдирет.

• бөлүнбөстүк. Руссо Боден, Гроций, Гоббстун мамлекеттик эгемендүүлүк теориясын сынга алат. Бул теорияга жараша – суверендин кээ бир жактарынын ыйгарым укуктары, мисалы мыйзам чыгаруу, кызмат адамдарын ордуна коюу, согуш жана тынчтык укугу ж.б. укуктарын гана камтыйт деп ойлогон.

• жаңылышсыздык. Эл жыйынга чогулганда мыйзамда жалпы ыктыярын билдирип, жаңылышпайт. Жалпы ыктыярды билдирүүдө ага коркунуч түзүүчү, партиялар болот – алар жеке ыктыярын билдиришет. Руссонун идеалы – саясий партиялар жок түздөн-түз демократия.

• чексиз мүнөздүк. «Жалпы ыктыярды багыттоочу, коомдун бардык мүчөлөрүнө үстөмдүк кылуучу чексиз бийликке ээ саясий организмдин коомдук макулдашуусу эгемендүүлүк атын алат.

• трибунат. Бул текшерүү ишин алып барган мамлекеттик орган, ал өкмөттүн токтомдорун да буза алат. Трибунат Конституциялык сот сыяктуу институттарды эскертет.

Монархиялык Францияга элдик эгемендүүлүк концепциясы радикалдык мүнөздү түзгөн. Руссо үчүн эгемендүүлүк – бул мыйзамдарды кабыл алуу үчүн гана боло турган ыйгарым укуктары, ал эми башка ыйгарым укуктары – эгемендиктин натыйжасы жана эгемендүүлүктүн өзү эмес.

*Элдик эгемендүүлүктүн кепилдиги*. Руссо кандай өкмөт болбосун элдик эгмендүүлүктү тартып алууга аракет кылат деп эсептейт. Аны болтурбаш үчүн мезгил-мезгили менен элдик жыйындарды өткөрүп туруу менен боло турган маселени күн тартибине коюш керек дейт: өкмөттүн азыркы формасынын эгемендигин сактоо ыңгайлуубу; азыркы күндө бийлик кимдин колунда болсо, ошого калтыруу элге ыңгайлуубу. Руссо– түздөн-түз демократиянын талапкери жана өкүлдүк демократиянын сынчысы: ал депутаттарды жалпы ыктыярдын комиссары катары карап, бирок алардын акыркы тыянак чыгарууга ыйгарым укугу жоктугун белгилейт

*Мыйзам түшүнүгү*. Вольтер жана Монтескье сыяктуу, мыйзамдар адамдардын эркиндигин жана теңчилдигин камсыз кылат. Мыйзам – жалпы ыктыярды билдирет жана өкмөт тарабынан зомбулуктан сактоонун кепили болот. Франциянын адам жана жаран укуктарынын Декларациясында, 1791, 1793-жылдардагы Конституцияларында Руссонун жоболоруна таянган шилтемелер бар.

XIX кылымда Руссонун идеялары андан ары тараган. Ж.-Ж. Руссонун саясий-укуктук идеялары өкмөттүн ишмердүүлүгүн текшерүүдөгү эффективдүү каражат болгон. Руссонун идеялары аркылуу демократиялык институттар пайда болду: референдум, элдик мыйзам чыгаруу демилгеси; саясий талаптар: депутаттын ыйгарым укугун кыскартуу, милдеттүү мандат, шайлоочулардын депутатты кайрадан чакырып алуусу ж.б. Бирок Руссонун элдик эгемендүүлүктү ажыратылгыс адам укуктары менен чектөө маселеси чечилишин тапкан жок.

**Адабий булактар:**

Азаркин И.М. Монтескье. М.,1985.

Монтескье Ш. Л. О духе законов // Антология мировой правовой мысли.–Т.3 М.,1999

Вольтер. Избранные произведения. М., 1947.

Вольтер. Избранные произведения по уголовному праву и процессу. –М.: Госюриздат, 1956

Руссо Ж.Ж. Об общественном договоре: Трактаты. М., 2000.

Герцензон А.А. Проблема законности и правосудия во французских политических учениях XVIII века. М., 1962.

Державин К.Н. Вольтер. М., 1946.

Кучеренко Г.С. Исследования по истории общественной мысли Франции и Англии (XVI – пер. пол. XIX века). М., 1981.

Лейст О.Э. Политическая идеология утопических социалистов Франции в XVIII в.

Плавинская Н.Ю. «Дух законов» Монтескье и публицистика Великой французской революции 1789 – 1799 гг. // От старого порядка к революции: Сб. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1988.

История политических и правовых учений // Хрестоматия. 2-е изд., перераб. и доп. Учеб.пособие. Под ред. Малахова В.П. –М.: «Юнити», 2008.

## 11-БӨЛҮК

# РОССИЯДАГЫ ЧЕКСИЗ БИЙЛИКТИ БЕКЕМДӨӨ МЕЗГИЛИНДЕГИ САЯСИЙ-УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАР (XVII-баш. XVIII к. к.)

1. *Феодалдык чексиз бийликти жактоочулардын саясий-укуктук идеологиясы.*

*Ф. Прокопович, В.Н. Татищев.*

2. *Көпөстөрдүн саясий-укуктук идеологиясы.*

*И.Т. Посошков*

3. *С.Десницкийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары*

4. *А.Н. Радищевдин саясий жана укуктук көз караштары*

## 1. Феодалдык чексиз бийликти жактоочулардын саясий-укуктук идеологиясы. Ф. Прокопович, В.Н. Татищев.

XVIII кылымдын башында Петр I убагында сословиелик монархиядан чексиз монархияга өтүү мезгили башталат. Мамлекеттик аппарат реформалаган – Боярлар думасынын ордуна 9 падышага жакын мансаптуу адамдардан турган Сенат бекитилет. 1717-жылы падышанын өкүмү менен мурдагы вотчина жана поместьенин ордуна – помещиктерге жерге жана крепосттук дыйкандарга карата мураскерлиги берилет.

1649-жылкы мыйзамдар жыйнагында каралган дыйкандардын жерге бекитилиши андан ары крепосттук укукту бекемдейт. Жан башына салык киргизилет. Салык эзүүсүнүн күч алышы дыйкандардын массалык качуусуна алып келген. 1724-жылы Петр I дыйкандардын жан багууга кеткенге, помещиктин уруксааты – көрсөтмө каты болмоюн кетип калышына тыюу салган. Крепостнойлорду соттогонго помещиктер укуктуу болгон. Ошентип Россияда паспорт түзүмүнүн башталышы ишке кирген. Агартуучу чексиздиктин идеологиясында Петр Iнин мамлекеттик реформаларын идеялык-саясий актоосу байкалат.

**Феофан Прокопович** (1682–1736) – архиепископ жана петрдук доордогу реформанын талапташы болгон. Табигый теория менен теологиянын байланыш көз караштары (Гроций, Гоббс) – окуусунун логикалык негизи. Чыгармалары: «Падышачылык ар-намыс жана бийлик жөнүндө сөз», «Дин регламенти» деген ж.б. диний темаларда жазылган дилбаяндары.

*Мамлекеттин келип чыгышы*. Тарыхта орус саясий ойчулдардын арасынан алгачкылардан болуп, тарыхта мамлекеттин келишимдик процесси табигый укуктан жаралышын айткан. Табигый абал – бул качан гана адамдардын каалоолорун токтото албаган учурдагы аскерлер жана кан төгүү доору болгон дейт. Мындай абалдан чыгыш үчүн адамдар «жарандык союзду» түзүү менен жогорку бийликти орнотушуп, өзүлөрүнүн ыктыярынын бир бөлүгүн берүү менен мамлекет менен келишим түзүшөт.

Прокопович, мамлекетти – келишүүнүн куралы деп атаган. «Жалпы кызыкчылык» түшүнүгүн трактовкалоо менен, ал абдан кеңири түрдө падышанын бардык иш аракетин актаган. Идеалы болуп – чексиз монархия болгон.

Прокопович чектелбеген жеке бийликтин (монархиянын) эки түрүн: шайлоочулук жана мураскорлук деп айырмалаган. Бул эки форманын жетишкен жана жетишпеген жактары да бар деген. Шайлоочулук жеке бийлик, жаңы падышаны шайлоо мезгилинде козголоң болушу мүмкүн, ошондуктан ал жаман. Мураскорлук жеке бийлик, шайлоочулук бийликке салыштырмалуу анын жетишпегендиктерине караганда, артыкчылыктары көбүрөөк.

Прокопович мураскорлук жеке бийликтин төмөндөгүдөй артыкчылыктарын атаган: падышанын «ажыратылгыс бийлигин» букара тааныйт жана аны менен талашып-тартышпайт, козголоңчулар болбойт деген; мураскор падыша ошол эле мезгилдеги шайлоочулукка караганда жалпы кадыр-баркка ээ болот; падышаны баардык колунда бар адамдар сыйлабашы мүмкүн; мураскор падыша – камкор, ал мамлекеттин абалын өзүнүкүндөй кароо менен жакшыртууга аракеттенет; мураскор падыша өзүнүн жол көрсөтүүчүлөрүнүн иштерин улантат.

Ф.Прокопович «Падыша эркинин чындыгы» («Правда воли монаршей») деген атайын жазылган эмгегинде 1722-ж. император Петр

I кабыл алган – мураскорду дайындоону бекитүүчү укук жөнүндөгү буйругун актаган.

*Мамлекет жана чиркөө*. Феофан дин бийлигинин светтик бийликке карата үстөмдүгүн жана дин бийлиги менен монахтардын светтик бийликке баш ийбөө идеясын четке каккан. Архиепископ болуп турганда ал бир нече императордон көбүрөөк жашоо сүргөн (Петр I, Екатерина II, Петр II, Анна Иоанновнаны) жана алардын ар бирине панегириктерди (мактоолорду) оозеки жана жазуу түрүндө айтып, алардын улуу даңкын жана керемет бийлигин даңазалаган.

**Татищев Василий Никитич** (1686–1750) – дворяндык тектен чыккан орус тарыхчысы, мамлекеттик ишмер, тарыхый жакындоо менен бирге табигый укуктун теоретиги. Петра Інин реформатордук ишмердиги доорунда жашаган. Эмгектери: «Эң байыркы мезгилден тартып Россиянын тарыхы» (1720–1749); «Илим жана училищенин пайдасы жөнүндө кеп салуу» (1733); «Менин балама акыл-ой осуят» (1749).

Петр I нин буйругу менен Уралдагы тоо өнөр жай заводунун жетекчиси болуп дайындалган. Астрахандын губернатору. Елизаветанын (1745) каарына кабылган. Жашоосунун акыркы жылдарын өзүнүн имениесинде жашаган, ал жерден ««Эң байыркы мезгилден тартып Россиянын тарыхы» эмгегин бүтүргөн жана экономика, география, агартуу жана саясат боюнча бир катар эмгектерди жараткан.

*Мамлекеттин келип чыгышындагы тарыхый көз караш*. В.Татищев табигый абалды «ийменбестик» абалы, адам мамлекеттин мыйзамы жана бийлиги жок эле жан сактачу. Бирок адам өзүнүн эркин акылсыздык менен колдонуп жана өзүн жаш бала катары алып жүрмөк деген. Ошондуктан бир да адам коому «төрбашысыз жана бийликсиз боло албайт». Ал мындай коомчолордун 4 тибин белгилейт: биринчиси – жубайлар коомчулугу, качан эри жана аялы жалпы пайда үчүн эрктүү; экинчиси – «уруучулук кому», ата-эне жана балдар коому; үчүнчүсү – «үй коомчулугу», келишимдин негизинде кожоюндун жана малайлардын биригиши; төртүнчү – мамлекет, «үй коомчулугунун» кошундусунан келип чыгат жана ар кандай формада болот.

*«Капастагы оозduктап туруунун түрлөрү»*. Коомдук кызыкчылыктар ар бир индивиддин эркин чектеши керек. «Ар бир адамдын эркиндигине анын пайдасы үчүн ооздук кийгизиш керек». Ооздук:

табигый, келишимдик, мажбурлуу болот. Табигый ооздук – атанын балдарга, падышанын букараларга болгон бийлиги; келишимдик ооздук – качан адам өзү малайлыкка баргандагы кожоюндун малайларына болгон бийлиги; мажбурлуу ооздук – качан туткунга жана кулдукка кармаганда, эркиндиктен ажырашы.

*Башкаруу формасы*. Россияда демократия да, аристократия да мүмкүн эмес: демократия мамлекеттин кеңдигинен боло албайт, аристократиянын болбошу Россиянын тарыхы менен далилденет, башкаруунун мыкты формасы – агартуучу монархия (чексиз бийлик).

*Мамлекеттик мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндөгү реформатордук идеялар.* Билимдүү падыша аң-сезимдүү мыйзамдардын жардамы менен: табигый жана жарандык реформаны ишке ашырышы керек деген, ошондой эле Татищев – мыйзамды:

1. Мыйзамдын мазмуну көпчүлүк эл түшүнгөндөй тилде: 2. Мыйзамды аткаруу; 3.Мыйзамдар макулдашуулар менен; 4. Өз убагында жана кеңири түрдө жарыялоо менен; 5. «Жалпынын пайдасына» карама-каршы келбесе эски каада-салттарды сактоо менен жазылышы керек деген.

*Крепосттук укукту актоо*. Тарыхчы катары, В.Татищев крепосттук укукту закон ченемдүү, себеби эмгектин бөлүнүшү (дворяндардан дыйкандар көз каранды) тарыхый келе жатаарын айткан. Башка жагын алсак, Борис Годуновдун катасы – Юрий күнүн алып салуусу, дыйкандарды толугу менен крепостной кылууга алып келген дейт. Батыштагы абалды талдайт: ал жакта крепосттук укук жок, ошондуктан мамлекетке пайдасы бар.

В.Татищев парадоксалдуу корутундуга келет: Россияда крепосттук укукту алып салуудан, эң чоң балакетке дуушар болобуз, себеби: падышанын чектелбеген жеке бийлик системасы менен туура келбейт; капаста кармоонун өнөкөт салтын алып салса, коркунуч түзөт; орус дыйканы жалкоо, эгерде ага эркиндик берсе, ал жок болот.

«Кыштакка жете турган кыскача экономикалык жазууларында» (1742-ж.)

Татищев 20 пункттан турган тизмеде жалкоо дыйкандын белгилерин баяндайт: баарынан эрте тамакка киришет, ден-соолугу таза туруп кайыр сурайт, үйүндө квасы жок, чегиртке менен таракандар жайнайт ж.б.

Ушул чыгармасында дворяндарга инструкция берет: дыйкандарды жалпылык көзөмөлгө алуу жана иштеткенге мажбурлоо.

1743-жылы Сенатка жиберилген катында, В.Татищев монархияны чектөө керегин айтып, шайлануучу эки палаталуу мамлекеттик органды – дворяндык өкүлдүк мекемелер органдарын, мыйзамды ондоого, фаворитизмди, казына уурдоону, паракорлукту жоюуга багытталган бул органды түзүүнү айткан.

Татищев – табигый укук теориясынын жана мамлекеттик келишимдин келип чыгышын, мамлекеттин жана укук маселелерин чечүү үчүн пайдаланган россиялык бирден бир ойчулдардын бири болуп эсептелген. Татищевдин көптөгөн идеялары ошол убакта эле анык болгон.

Анын жыйынтыгындагы абдан чоң эмгеги: «Эң байыркы мезгилдерден тартып Россиянын тарыхы» 1768-ж. чыккан биринчи китеп, 1848-ж. бешинчиси – бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн илимий маанисин сактап келген.

## 2. Көпөстөрдүн саясий-укуктук идеологиясы. И.Т. Посошков

Петр I нин реформалары Россиянын калкынын бардык катмарын козгогон жана алардын өкүлдөрүнүн интеллектуалдык активдүүлүгүн өстүрүүгө ыктаган. Алардын мисалы катары көпөс **Иван Тихонович Посошковтун** (1652–1726) чыгармачылыгы кызмат кылган. 1724-жылы ал падыша үчүн «Жакырсыздык жана байлык жөнүндөгү китеп» деген эмгегин жазган. Китептин эң башкы максаты – элдик жакырсыздыктын жана мамлекеттеги болуп жаткан мыйзамсыздыктын себептерин аныктоо болгон.

Ал кезде ал Петр I нин дарегине багыттаган. 1725-ж. россиялык падыша кайтыш болгон. Ал эми август айында Посошков Петропавловск сепилине камалган. 1726-жылдын башында анын ал жердеги жашоосу аяктаган.

*«Меркантилизмдин» Россиядагы саясий программасы*: Көпөстөрдөн башка катмарларга соода кылууга тыюу салуу. Башка катмарлардын пошлинасыз соода кылганы мамлекеттин казынасына зыян келтирет. Дыйкандар үчүн дыйкандардын салыгын жана барщиналык иштердин чегин аныктаган атайын мыйзам чыгаруу зарыл. Жан

салыгын жер салыгы менен алмаштыруу менен, помещиктин жерин дыйкандын жеринен бөлүү керектиги. Крепосттук укукту Посошков жоюуну талап кылбаган, бирок ал, помещиктер – болгону дыйкандардын убактылуу кармоочусу деген.

*Монархиянын* зарылчылыгын И.Посошков мамлекеттин идеалдуу формасы катары караган. Ал падышанын бийлигин кудайга теңейт: «биздин падыша Кудайга турпатташ».

Россиялык мамлекеттин жалпы жыргалчылыгынын алдында укук жана социалдык топтордун милдеттерин жөнгө салуу тартибин түшүнгөн. Ал *социалдык топту* төрткө бөлгөн:

1) көпөсчүлүктү; Ал россиялык мамлекеттин гүлдөшү үчүн көпөстөрдүн ишкердүүлүгүн жаңыча мааниде баалоого керек деген.

2) дворяндык; Россиялык мамлекеттин жыргалчылыгы үчүн Посошков дворяндардын укуктук статусун маңыздуу түрдө өзгөртүүгө Петр Іни чакырган. Дворяндарга жаңы милдеттемелерди берүү менен аларга карата бекем тартип орнотуш керек деген. Алар өзүлөрүнүн артыкчылары үчүн жана жасаган иштери үчүн бардык байлыгын мамлекетке жаратышы зарыл жана падышага дээрлик кызмат кылбагандардын адамдарын тартып алыш керек деген.

3) дин кызматы; Дин кызматы россиялык мамлекеттин гүлдөшүнө сабатсыздыктын (адамдарга чиркөө кызматы үчүн ишенимдерди өткөрүү жөндөмү жок) айынан салымы аз болгон. Мындай жетишпестик Россияда ерестердин нааразычылыгына алып келген. Алар падышаны, поптордун кадыр-баркын көтөрүүгө жана аларга да полициялык милдеттерден бөлүштүрүп берүүгө чакырган.

4) дыйканчылык. Россияда дыйканчылык – негизги өндүргүч тап болгон: «Дыйканчылык байлык – падышалык байлык, ал эми дыйкандардын жакырчылыгы – падышачылыктын азаюусу» деген. Дыйкандар жакыр, мамлекет анын кесепетинен гүлдөбөй жатат. Ал жакырчылыктын үч себебин: дыйкандардын өздөрүнүн жалкоолугу, помещиктердин зомбулугу, өкмөттүн кош көңүлдүгү деп бөлгөн.

И.Т. Посошков жалкоо дыйкандардын маселелерин помещиктин өздөрү – мажбурлоо менен чечүүнү сунуштаган. Помещиктер уктабастан дыйкандарды майрам күндөрдүн бардыгында тыным алдырбастан – өздөрү үчүн да жана помещиктер үчүн да иштетишин айткан. И.Т. Посошков помещиктердин жана падыша казынасынын пайдасы-

на дыйкандардын салыгын (оброк жана барщина) падышанын өкүмү аркылуу чектөөнү сунуштаган. Анын ою боюнча салыктын ченеми дворяндардын сьезди жана падышанын буйругу менен аныкталышы керек деген.

*Мыйзамдуулукту* ишке ашырууда Россияда мыйзам тартибин, крепосттук укукту жойбой тургузса болот. Мыйзам тартиби орношушу үчүн, мурдагы 1649-жылкы Собордук мыйзамдар жыйнагынын (Соборное уложение 1649г.) ордуна жаңы Собордук мыйзамдар жыйнагын ишке киргизип, анын ишине орус коомунун бардык катмарлары катышышы зарыл.

Посошков бардык катмарлуу жыйынды чакырууну жана ага 2–3 адамды дин кызматынан, 2–3 адамды дворяндардан, 2–3 адамды көпөстөрдөн, 2–3 адамды издөө жана көзөмөл кызматынан, 2–3 адамды солдаттардан, дыйкандар башчысынан, холоптордон турган адамдарды жиберүүнү сунуштаган.

*Сот бийлигинин* кадыр-баркы сот реформасы мыйзамдуулукту орнотууну камсыз (сословиесиз соттор) кылуусу менен чечилет. Посошков соттордун паракордугун жоюуну, административдик штраф жана жазык жоопкерчилигин (өлүм жазасы, рудниктерде түбөлүк иш кылуу) парага малынса колдонуш керектигин жазган. Дыйкандардын салыктарын чектөө маселесин ишке ашырууда сотторго башкы роль берген: мисалы, дыйкан сотко помещиктин падышанын буйругунан ашык салык алганын жеткирип барса, анда дыйкан эркиндик жана 50 рубль алган. Буйрукту бузган помещик болсо соттун чечими менен жеринен жана дыйкандарынан айрылат. Буйрукту бузган помещиктин үстүнөн сотко билдирбеген дыйкан, камчы менен айып алат.

Иван Пересветовго караганда (ал соттор кызмат акысын казынадан алуусун айткан), Посошков кызмат акыны чечилген «иштерден» алуусун сунуштайт – мамлекеттик казынаны жоготууга учуратбоо керек деген.

И.Т.Посошковдун саясий-укуктук мурасы прогрессивдүү катары эле регрессивдүү да мазмунду камтыган. Бул идеология жаралып бараткан буржуазиянын идеологиясы болгон.

### 3. С. Десницкийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары

XVIII к. экинчи жарымында Россиянын тагдыры жөнүндө прогрессивдүү түрдө ой жүгүрткөн россиялык адамдардын жана көпөстөрдүн укугун жана жеке бийликтин чексиздигинин легитимдүүлүгүнө каршы чыккан Россиядагы Е.И. Пугачевдун жетектөөсү астында дыйкандардын согушу салтанаттуу түрдө белгиленген. Мындай ойчулдардын катарына өзүлөрүнүн эмгектеринде француздук (Монтескье, Руссо) агартуучулардын идеяларына таянган С.Е. Десницкий жана А.М. Радищевдер кирген.

Россиялык либералдык көз караштарды колдогон агартуучулардын арасында, орус окумуштуусу, юрист, укук профессору – **Семен Ефимович Десницкий** (1740–1789) да болгон. Ал юристтер 4 илимди: философияны, табигый укуктун, рим укугун, ата мекендин тарыхын билиши керек деп эсептеген. Философиянын табигый мекетибинин позициясында турган. Эмгектери: « Мамлекетти кайра түзүүнүн проектиси», «Мыйзам чыгаруу, соттоочу жана Россия империясынын жазалоочу бийлигинин мекемелери жөнүндөгү сунуштар». Ага 4 баскычтан турган укук жана мамлекеттин келип чыгыш концепциясы таандык: аңчылык жана жыйноочулук: жеке менчиктин, үй-бүлөнүн жоктугу; мал чарбачылык: көп аял алууга аракеттенүү; дыйканчылык: жеке менчикти мураскерлер арасында бөлүштүрүүнү каалабоо; коммерциялык абал: мамлекеттин өнүгүшүндө менчик толук өнүгүүгө ээ болот. Бул феодалдык башкарууну жараткан.

Мамлекет коммерциялык абалда гана жаралат. Мамлекеттин максаты – адамдардын жаратылыштык ажыратылгыс укуктарын камсыздоо. Десницкий крепосттук укуктарга терс караган. Жерсиз дыйкандарды сатууга тыюу салуучу мыйзамдарды кабыл алуу керек деген.

Мамлекеттин милдети – жалпы жыргалчылыкка жетүү. Мамлекетти уюштуруунун мыкты формасы – конституциялык монархия (падышаны Сенат шайлаган).

Десницкий боюнча, өкүл органы бир палаталуу 600-800 адамдан турган; шайлоо сословиелик принцип менен эмес, мүлк цензи боюнча: көпөстөрдөн жана эркин эмгектеги адамдардан, дин кызматчыларынан, дворяндардан делегат жиберип, булардын эч кандай артыкчылыгына карабоо керек деген.

Сенатта ар бир губерниядан жана провинциядан 5 жылдык мөөнөткө өкүл жиберилишин айтат. Кызмат акысы жок.

*Мамлекеттик түзүм* 3 эмес, төрт бийликтен турган: мыйзам чыгаруучу (аткаруу бийлик) падышага таандык, ал мыйзамды кийинкиге калтыруу ветосуна укуктуу жана жогорку бийлик органдары – коллегиялар кош бийликке баш ийет: падыша жана Сенатка. Сот бийлиги – алмашпайт жана көз карандысыз. Айыптоочу бийлик – жергиликтүү административдик бийлик. Аларды падыша дайындайт жана губерниянын сотуна баш ийет (сот воеводалардын иш аркетине болгон арызданууларды ачык карайт). Жарандык – өзүн-өзү башкаруу (шайлануучу бийлик) Москва ш., С-Пб, губерндик шаарларда болот.

Бир бийликтин кийинки бийликке болгон үстөмдүгүнө төмөнкү ченөлчөмдөрдү (критерийлерди) жылдырат: денелик сапаттар – каармандык жана бекемдик; куулук, шамдагайлык, алдын ала көрө билүү, көрөгөчтүк; артыкчылык, байлык. Бийликтин ыйгарым укуктары мыйзам чегинде болуусу керек, жана бир бийлик чегинен чыгып башка бийликке киришпешин айткан.

Укукту – мамлекеттик, жарандык, жазык жана соттук деп бөлгөн.

Сот өндүрүшүнө демократиялык принциптерди талап кылган: мыйзамдын алдында бардыгы тең укуктуу, бирдей кылмышка бирдей айып болуусун; жазалоонун оордугу кылмыштын мүнөзүнө жана составына жараша болушу ж.б. биринчи орунга инсанга каршы жана жеке менчикке карата кылмыштарды коюуну сунуштаган. Өлүм жазасы эки учурда болот: атайылап өлтүрүү жана мекенге шек келтирүү, бирок аларды жазалоодо кыйноо ыкмаларын колдонбоого чакырган.

Десницкий мамлекеттин практикасындагы мыйзамдуулукту катуу сактоону талап кылган. Ошондой эле, Десницкий Россияда жашап жатышкан бардык элдерге тең мамиле кылууну айткан. Ал англиялык юрист Блэкстондун «Блэкстон шаарындагы англиялык мыйзамдарга түшүнүк берүү» деген эмгегин которгон, 1649-ж. юридикалык терминдерге түшүндүрмө берген, россиялык Соттук жана Жалпы мамлекеттик мыйзамдар жыйнагында жана башка тарыхый-юридикалык документтерде пайдаланылган «Россиялык Академиянын сөздүгүн» түзүүгө катышкан.

Десницкийдин агартуучулук доктринасы толук түрдө «чексиз билимдүүлүктү» ырастоого эмес, Россиядагы жеке бийликтин конституциялык вариантын түзүүгө багытталган.

## 4. А.Н. Радищевдин саясий жана укуктук көз караштары

XVIII к. экинчи жарым Екатерина II нин башкаруу мезгилиндеги крепосттук укуктан жабырлануу күч алган. 1773–1775-жж. Пугачевдук козголоң орус коомчулугун алдыңкы ойлорун каатчылык абалдан чыгуунун варианттарын издөөгө бурган. Орус коомчулугун бушайман кылган дагы бир маселе – Орус мамлекетинин башкаруу формасы болгон.

**А.Н. Радищевдин** (1749–1802) революциялык демократиянын саясий программасы, анын чечкиндүү мүнөздө жазылган «Петербургдан Москваны карай саякат» (1790) деген белгилүү эмгегинде чагылдырылган.

Радищев дворяндык үй-бүлөдөн чыккан, дыйкандардын коргоочусу болгон. Өзүнүн ата-мекенинин алдындагы жеке милдети катары крепосттук укук менен күрөшүүнү жана падышанын чектелбеген жеке бийлигин элдик революция жолу менен күрөшүү деп түшүнгөн. Радищев өзүнүн идеясы үчүн ички реакциянын биринчи курмандыгы болгон. Ага 1790-ж. өлүм жазасына өкүм чыгарылган, «Эркиндик» одасы үчүн өлүм жазасы, Тобольскиге 10 жылга сүргүнгө айдоо менен алмаштырылган.

Радищев 1801-ж. Петербургга кайтуу жөнүндө уруксат алган. Александр I тарабынан мыйзамдарды түзүү боюнча түзүлгөн комиссияга ишке алынган. Комиссияда дыйкандарды коргоодогу чечкиндүү талаптары менен чыккан. Жаңы куугунтуктоолордон өзүн куткаруу үчүн, өз жанын кыйган.

*Адамдын табигый укуктары жана мамлекеттин келишим теориясы.* Мамлекеттин пайда болушу – адамдардын жаратылыш социалдуулугунда турат. Табигый абалда бардык адамдар бирдей, бирок жеке менчик келээри менен теңчилик бузулат. Мамлекеттин жаралышы жеке менчиктин пайда болушунан чыгат. Келишимди түзүп, адамдар суверенитетти (эгемендикти) өзүнө калтырат. Мамлекеттин мыйзамы табигый укукка негизделиши керек. Ушул позициядан Радищев заманбап крепосттук укукту сынга алуу менен, анын теориялык жана практикалык кудуретсиздигин айтат.

Крепосттук укук табигый мыйзамдарды бузууну билдирет жана экономикалык жактан негизсиз, себеби мажбурлуу эмгек өндүрүмсүз

болот. Аны менен адамдардын нравалык жактан кулашына, крепостнойлорду кармагандар да (зулумдук, кара мүртөздүк, таш боордук ж.б.), крепостнойлор да (басынуу, кул болуу, жакырлануу) жыргабайт. Радищевдин социалдык идеалы – коом эркин жана тең укуктуу жеке менчик ээси болушу керек деген. Ранг табели жок кылынат, бюрократиялык аппарат кыскарат жана өкүл органына баш ийет.

Саясий идеалы – *республикалык башкаруу формасы*. Мамлекеттин мындай формасы элге ыйык табигый укуктарын камсыз кылат:

пикир айтуу эркиндиги; 2) сөз эркиндиги; 3) иш кылуу эркиндиги; 4) өзүн-өзү коргоо эркиндиги; 5) жеке менчик эркиндиги ж.б.

Бийликтин бөлүнүш теориясын тааныгысы келбейт, себеби эл – чыныгы падыша, эл магистраттарды шайлап, толук бийликти колунда кармайт. Ш.Монтескье агартуучу монархияны жана залимдикти (деспотияны) караса, Радищев бийликтин монархиялык уюштуруусуна барабар белгисин коет, себеби тактын тегерегинде саткынчы, билимсиз, бузулган аткаминерлер – бюрократиялык аппарат падышаны айланчыктап ага таянат.

Россиялык башкарууда – өз алдынча бюрократия бар, алардын падыша жана эл менен байланышы жок дейт. Жарандык, диний, аскер, ынсап сотун, жер сотторун уюштуруп, алар республиканын жарандары аркылуу шайланышы керек. Жазык укукта өлүм жазасын алып таштоону жана каардуу санкцияларды жумшартууну жактап, дене жазалоого каршы болгон.

Радищев эл аралык мамилелердеги тынчтык багытын колдоо менен агрессивдүү согуштарга активдүү түрдө каршылык көрсөткөн жана бардык элге карата тең укуктуулук идеясын кармаган. Радищевдин социалдык жана саясий-укуктук идеалдары орус саясий коому менен өздөштүрүлүп, андан ары декабристтердин эмгектеринде, революциялык-демократиялык теорияда жарык көргөн.

**Адабий булактар:**

Прокопович Ф. Правда воли монаршей // Сочинения. –М.; Л., 1961.

Посошков И.Т. Книга о скудости и богатстве. –М., 1951.

Радищев А.Н. Путешествие из Петербурга в Москву. Вольность. –СПб., 1992 (или иное издание).

Татищев В.Н. Собр. соч.: В 8 т. М., 1994.

Грацианский П.С. Десницкий. – М., 1978; Грацианский П.С. Конституционные воззрения А.Н. Радищева // Советское государство и право. –1981. –№ 4.

Грацианский П.С. Политическая идеология русского самодержавия второй половины XVIII в. // Политико-правовые идеи и институты в их историческом развитии. М., 1980.

Зайченко А.Б. Теория просвещенного абсолютизма в трудах Феофана Прокоповича // Из истории развития политико-правовых идей. –М., 1984.

Моряков В.И. Поиск пути: русская мысль второй половины XVIII в.: О государстве и обществе // История Отечества: люди, идеи, решения. – М., 1991.

Омельченко О.А. Идеи конституционного закона и «всеобщей законности» в правовой политике просвещенного абсолютизма // Проблемы правовой и политической идеологии. –М., 1989.

Петров П.А. Общественно-политические взгляды Прокоповича, Татищева, Кантемира. –Иркутск, 1959.

Русская мысль в век Просвещения / Н.Ф. Уткина, А.Г. Кузьмин, В.М. Ничик [и др.]; отв. ред. Н.Ф. Уткина, А.Д. Сухов. – М.: Наука, 1991.

## 12-БӨЛҮК

# АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫНЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮҮ УБАГЫНДАГЫ САЯСИЙ-УКУКТУК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ (XVIII к.)

1. *АКШдагы саясий-укуктук окуулардын келип чыгышынын социалдык-экономикалык негизи жана идеялык булактары*
2. *Радикалдык демократтар (республикачылар) Т. Джефферсон, Т.Пейн, Б.Франклиндин саясий-укуктук программалары*
3. *«Федерализмдин» саясий жана укуктук идеялары. А.Гамильтон. Д.Мэдисон*

## АКШдагы саясий-укуктук окуулардын келип чыгышынын социалдык-экономикалык негизи жана идеялык булактары

XYIII к. Агартуу доорунун келип чыгышынын негизги идеялык булактары:

– илимий билимге умтулуулар (Ж.Ж.Руссо, Г.А.Гельвеций, Д.Дидро, Ламетри);

– саясий эркиндиктер (Ш.Л.Монтескье, М.А.Вольтер, Б.Спиноза, Т.Мор, Т.Кампанелла);

– адамдын табигый укуктарынын теориясы;

– коомдук келишим теориясы (Т.Гоббс, Г.Гроций, Дж.Локк ).

Феодалдык жер иштетүү – XVI–XVII кк. Англия тарабынан колонистттер жашоочуларына таптакыр бош жерлерди ээлөөгө тыюу салат.

Экономикалык санкциялар – бир катар өнөр жайлардын, ички жана тышкы сооданын өнүгүшүн, темир, болот ээриткен устаканаларды, прокатттык станокторду иштеткенди чектеткен;

Бажы чектөөлөрү – Англияга буудай сатууну, эки жакка тең каттоону, башка өлкөлөр менен соода кылууну, соода ташуулар Англиянын кораблдери менен гана өтүшүн талап кылып, кагаз акча чыгарууну да англис парламенти тыюу салат.

Юридикалык чектөөлөр – британдык парламент 1764ж. бардык басма иштерине, юридикалык документтерге атайын «гербдик салым» деген актын кабыл алып өзүнө көз каранды кылыш үчүн өнүгүшүн артка тартат.

90–95% колонисттер жер иштетүү менен алек болгон соң, феодалдык жер аристократиясы плантациялык чарбаны негр-кулдардын эмгегин эксплуатациялоо менен курат.

1683-ж. дагы Англия мамлекети жеке адамдарга индей калкынан жер сатып алууну тыюу салат, жаңы жерге көчүүгө да тыюу салынат. Англиянын позициясы феодалдык, колониалдык тоноочулук саясаты капитализмдин эркин өнүгүшүн тартып турган. Бирок Түндүк Америкада көп жерлер иштелбеген үчүн отуруктaшкан эл жерлерди өз алдынча ээлеп алышат.

Ушул себептен 1775–1783-жж. көз карандык эместиги үчүн колонисттер саясий эркиндик жана экономикалык эркиндиктерин талап кылуу үчүн англиялык метрополияга каршы согуш башташат. Метрополияга каршы америкалык армиянын башкы башчысы катары Дж.Вашингтон башкарып согуш аягына чыгат.

13 көз карандысыз штат Континенталдык конгресс – жаңы мамлекеттик мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органга эл өкүлдөрүн шайлашат. II Континенталдык конгресс – 4-июль 1776-ж. көз карандысыздык Декларациясын кабыл алат, аны улуу агартуучу – демократтардан турган депутаттар группасы иштеп чыгат.

- 1783-ж. Версал тынчтык келишимине кол коюлат.
- 1787-ж. – Биринчи АКШ Конституциясы Филадельфиялык конвентте кабыл алынат, ал күчкө 4-март 1789-ж. кирет.
- Биринчи Президент – Дж. Вашингтон 1791-ж. шайланат.

## 1. Радикалдык демократтар (республикачылар) Т. Джефферсон, Т.Пейн, Б.Франклиндин саясий-укуктук программалары

АКШнын саясий жана укуктук идеологиясынын эң эле ири өкүлдөрү болуп колониялардагы боштондук кыймылынын активдүү катышуучулары Томас Пейн, Томас Джефферсон, Бенджамин Франклин жана Александр Гамильтон болгон. Саясий жана укуктук көз караштарынын багыты боюнча алар ар кандай тиешелүү агымдарга баш ийчү.

Пейн жана Джефферсон – демократиялык күчтөрдүн көрүнүктүү өкүлдөрү болуу менен, көз карандысыз үчүн Согуштун жеңиштүү аякташына чечкиндүү салым кошушту. Алардын идеялары англис колонизаторлоруна каршы колонисттердин күрөшүнүн биригишине маанилүү роль ойноп жана элдик массага санаалаш болуп, идеялары 1776-жылкы көз карандысыздык Декларациясынын негизин түзгөн.

**Джефферсон Томас** (1743–1826) 1776-жылдагы көз карандысыздык Декларациясынын ээси, ошол замандагы АКШнын саясий ойлорунун радикалдык-демократиялык канатынын белгилүү өкүлү, Виргиния губернатору (1779–1781), АКШнын мамлекеттик катчысы (1789–1795), экинчи вице-президент (1797–1801) АКШнын үчүнчү президенти (1801–1809), АКШнын «негиздөөчү аталарынын» бири.

«Эгерде өкмөттүн кайсыл бир формасы жарандардын укугун жана эркиндигин камсыздоону ойрон кылуучу болсо, эл аны өзгөртүп же жок кылып салып, коопсуздукту жана бакытты камсыз кыла турган жаңы өкмөттү түзүүгө укуктуу» (Т.Джефферсон).

*Джефферсондун саясий идеалы*:

- эркин жана тең укуктуу жарандардын демократиялык республикасы;
- адамдын табигый укуктарынын концепциясына таянуу;
- агрардык республика идеясы;
- Ж.Ж.Руссонун коомдук келишим идеясындагы коомдун бардык мүчөлөрү мамлекеттик механизмдин ишин курууга катышуусу;
- элдин көтөрүлүшкө чыгуу укугу;
- адамдын ажырагыс укугу;
- диний жана басма сөз эркиндиги, тең укуктуулук;
- элдик суверенитет идеясы;
- жалпы шайлоо укугу,
- соттордун алмашуу принциби;
- мамлекеттик бийликти түзүүдө элдик көзөмөлдөө.

**Пейн Томас** (1737–1809) – америкалык публицист, АКШнын «негиздөөчү аталарынын» бири, конвенттин өкүлү. Негизги эмгектери: «Адам укуктары», «Акылдуу ой» (Common Sense). «Качан калган укуктар тебеленсе, көтөрүлүшкө болгон укук сөзсүз түрдө ишке ашат». (Томас Пейн)

*Т.Пейндин укуктук концепциясы*:

- жазылган Конституция концепциясы;
- табигый укук жана муундардын укуктары – бакытка болгон укуктар;
- адам укуктарынын классификациясы;
- прецеденттик укук жана мыйзам чыгаруучу бийликти салыштыруу;
- элдик суверенитет (эгенмендүүлүк) идеясы – ар бир элдин өзүнө жаккан өкмөттү коюусу;
- бир палаталуу парламент;
- республикалык башкаруу формасын жактоо;
- негрлердин кулчулугун жоюу;
- социалдык теңчилдик;
- титулдарды алып салуу;
- аялдардын жарандык теңдиги;
- Францияда адамдын жана жарандын укуктарынын Декларациясын жазууга катышышы;

Башкаруу формасын экиге бөлүү: шайлоо– өкүлдүк (республика) жана мурастык башкаруу( монархия). Колонисттердин мамлекетине – «АКШ» деген атты койду.

**Франклин Бенджамин** (1706–1790) – саясий ишмер, биринчи америкалык дипломат, окумуштуу, физик, ойлоп тапкыч, журналист, басмаканачы. АКШдагы көз карандысыздык согуштун лидерлеринин бири. Биринчи Мамлекеттик мөөрдүн дизайнын ойлоп тапкан, Версал келишимин түзгөн, чет элдик жаран болуп Россия Илимдер академиясынын мүчөсү.

*Б.Франклиндин мамлекет жана укук жөнүндөгү идеялары*:
- адамдын табигый жана ажырагыс укуктарынын концепциясы – өмүрдү, эркиндикти, мүлктү камтыган;
- коомдук келишим болгону – элдин көтөрүлүшкө укуктуулугун билдирет;
- штаттарда өзүн-өзү башкаруу, саясий ордун аныктоо («гомруль» идеясы);
- федерация принцибин сактоо;
- аткаруу бийлигинин күчөшүнө каршы;
- мүлк цензинин чектелбөөсүндөгү жалпы шайлоо укугунун турушу;

- радикалдык өзгөрүүнү каалабоо;
- «эмгек мамлекети» – көз карандысыз, гармонияда өнүккөн мамлекет идеясы.

XVIII кылымда америкалык агартуучулар иштеп чыккан демократиялык республиканын идеясы, жалпы шайлоо укугу, демократиялык укук жана эркиндиктер дүйнөдөгү ар кайсыл мамлекеттердин алдыңкы адамдарынын келечек муундарынын теоретикалык жана тажрыйбалык ишмердигине үлгү боло алат. Адамдын жана жарандын укуктарынын табигый ажырагыс концепциясы «Укуктар жөнүндөгү Билль», 1787-жылдагы биринчи Конституциясында орун алган. Адамдардын жана жарандардын укуктарын чечүүнүн көйгөйлөрү азыркы кезде глобалдык мүнөздө турат.

### 3. «Федерализмдин» саясий жана укуктук идеялары. А. Гамильтон, Д. Мэдисон

Александр Гамильтон жана Джеймс Мэдисон – федералисттердин лидерлери болушкан. Алар орточо көңүл абалындагы каржы жана соода – өнөр жай буржуазиянын, плантаторлордун кызыкчылыктарын жана таламын билдиришкен. Көз карандысыз үчүн Согуштун жеңишинин жемишин колдонуу менен, Гамильтондун идеялары 1787-жылкы АКШнын Конституциясына абдан таасирин тийгизет, ал эми көз карандысыздык Декларациясынын жүгүнөн болгону Конституциянын преамбуласындагы элдик эгемендик идеясы гана эскерилет.

**Гамильтон Александр** (1757–1804) – саясий ишмер, көз карандысыздык үчүн болгон согуштун катышуучусу, публицист; биринчи каржы министри, биринчи Улуттук банктын түзүүчүсү, АКШны «негиздөөчү-аталарынын» бири.

*А. Гамильтондун саясий-укуктук идеяларынын өзгөчөлүгү*:

- анык консерватор;
- демократияга кескин түрдө каршылыгы;
- республика формасын колдогон;
- саясий демократия концепциясына агартуу элитасынын башкаруусун карама-каршы коюшу;
- аристократиялык башкаруу формасы;
- күчтүү президенттик бийлик концепциясы;

- аткаруу бийлиги америкалык коомдун ядросу катары;
- бийликти бөлүү принциби – бийликтин жогорку эшелондорунда коррупцияны болтурбоого кепилдик болуусу;
- адамдарды «жогорку» жана «төмөн» баскычтарга бөлүү;
- адамдардын байларга жана кедейлерге бөлүнүүсү тубаса теңсиздиктен;
- социалдык теңсиздикти жоюу мүмкүн эмес.
- экономикалык либерализмди (программаны), ишкердикти күчөтүү.

АКШнын 1787-жылкы Конституциясы боюнча аткаруу бийлигинин башчысы – президент. Күчтүү борбордук аткаруу бийликтеги Сенат – Конгресстин жогорку палатасы болуу менен азчылык «таптын» бийлигин жана кызыкчылыгын камсыздайт деген.

Ш.Монтескьенин аймакты (территорияны) чектөө зарылчылык идеясынан баш тартуу; өнөр-жай тармактарына дем берүү үчүн мамлекеттик сыйлыктарды киргизүү идеясы; конфедерациядан жалпы федералдык башкарууну, аскердик армияны түзүү багыты; Конституцияны пропагандалоо прогрессивдүү идеялары болгон.

**Мэдисон Джеймс** (1751–1836) – Филадельфия конвентинин катышуучусу жана «Федералисттин» автору, АКШнын 4-президенти. АКШнын шартында ал республикалык башкаруу, факциялар концепциясын иштеп чыгышына салым кошкон. Анын кунт коюу менен Конституцияга кең түрдө жайылган комментарийин юридикалык көз караш менен «Федералистте» чеберчилик менен берүүсү, АКШнын конституциялык укугунун фундаменталдык принциптерин сактоого өбөлгө түзгөн.

*Мэдисондун чыгармачылыгында кылымдын идеялык салттары бар*: табигый укук жана коомдук келишим салты, адам укуктары тууралуу мыйзам проектилерине философиялык комментарийлер жана мамлекеттик бийликтин тармактарын конституциялык жөнгө салуу, англиялык вигдердин, шотландтык философ-эмпириктердин мурасы жана байыркы республикалардын тажрыйбасына кайрадан пикир берүүсү турат.

Руссого караганда тескерисинче – анча чоң эмес республиканын бузулаарын жана республикалык башкаруу формасынын жарандык согуштун астында калуусун айтат. «Орто таптагы» бир кыйла сан-

дагы жарандары бар ири мамлекет, Аристотель айткандай, туруктуу жана жашоого жөндөмдүү, себеби бул нерсе негизги таптын орточо кирешеси барын жана алардын орточо башкаруу формасын колдоосуна шарттуу дейт.

Мындай саясий жана укуктук мамиледе жарандар болушунча бай жана колунда жок адамдардын фракцияларынан ( группировка, кликтерден») бош.

Факциялар теориясы. № 10 «Федералистте» ал «факция» деп тигил же бул жарандардын бирдей кызыкчылыгы, пикири, шыгы боюнча биригүүсүн, бирок анын башка жарандарга карата укуктарын кысымга алуу менен душмандуулукка алып келишин айтат.

Зыяндын кесепетин 2 жол менен оңдосо болот. Бир себеби – факциялардын пайда болушундагы себептерди жок кылуу; кийинкиси – тиричилик кылуусундагы натыйжасын жөнгө салуу.

*Факциялык өнөкөт*, жердешчиликтик көз карашы бар адамды добуштарды сатып алууга, бузукулук же башка жолдор менен республиканын өкүлдөр системасында добуштарды алуу менен, элдин кызыкчылыгына чыккынчылык кылат. Кичирээк коомдордо факциялык айырмалыкты минимумга жеткириш керек – көпчүлүк же азчылыкка кошуу менен дейт.

*Мыйзам чыгаруу*, аткаруу жана сот бийлиги бир-биринен обочолонгон жана айырмаланган болушу керек. Монтескье айткан «карама-каршылык жана тең салмактуулук» системасынын идеясына Джеймс кошулган.

АКШ мамлекетиндеги алдыңкы саясий-укуктук идеология көз карандысыздык үчүн күрөшүүнүн жүрүшүндө калыптанган жана европалык агартуучулардын прогрессивдүү жетишкендиктерин өзүнө камтыган: элдик эгемендүүлүк теориясы, адам укуктары жөнүндөгү идея, саясий теңдик, алардын азыркы таптагы демократиялык институту катары кабыл алынышында турат.

**Адабий булактар:**

Пейн Т. Избранные сочинения. – М., 1959.

Джефферсон Т. О демократии. – Л., 1992.

Джефферсон Т. Декларация независимости. Инаугурационные речи. Сер.:- Жемчужины истории политической и правовой мысли. –Алматы: 1999.

Гамильтон и Джефферсон. – М., 1984.

Покровский Н. Джефферсон вчера, сегодня и вчера//Шелдон Г. Политическая философия Томаса Джефферсона.– М., 1996.

Франклин Б. Автобиография // Американские просветители: В 2 т. Т. 1. – М., 1968.

Федералист. Политические эссе Александра Гамильтона, Джеймса Мэдисона и Джона Джея. – М., 1993.

Американские просветители. Избранные произведения: В 2 т. М., 1968–1969. Т. 1.

Бёрк Э. Правление, политика и общество. – М., 2001.

Бурстин Д. Американцы: национальный опыт. – М., 1993.

Громаков Б.С. Политические и правовые взгляды Пейна. – М., 1960.

Дементьев И.П. Идейная борьба в США по вопросам экспансии. – М., 1973.

Каримский А.М. Революция 1776 года и становление американской философии. – М., 1976.

Мухаев Р.Т. Хрестоматия по теории государства и права, политологии, истории политических и правовых учений. – М.: Приор, 2000. С. 399-401.

Паррингтон В.Л. Основные течения американской мысли: В 3 т. – М., 1962–1963.

Согрин В.В. Идейные течения в американской революции XVIII века. – М., 1980.

Согрин В.В. Основатели США: исторические портреты. – М., 1983.

Соединенные штаты Америки: Конституция и законодательные акты / Под ред. О.А. Жидкова. – М., 1993.

Шлезингер А. Циклы американской истории. – М., 1992.

# 13-БӨЛҮК

## XVIII к. АЯГЫ – XIX к. баш. ГЕРМАНИЯНЫН САЯСИЙ-УКУКТУК КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ

1. *И. Канттын саясий-укуктук көз караштары*
2. *Г. Гегелдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз карашы*
3. *Тарыхый укук мектеби. Г. Гуго, Ф. Савиньи, Г. Пухта*

### 1. И. Канттын саясий-укуктук көз караштары

XVIII к.–XIX к. башталышында алдыңкы күчтүү европалык державаларга салыштырмалуу Германия артта калган агрардык өлкө болгон. Феодалдык бириндегендикти жеңип чыгуунун жана крепосттуулукту, коомду демократташтыруу зарылчылыгы келип чыгат.

Бирок немецтик буржуазия, Улуу француялык революциянын кандуу террорчуларынан чочуп калышкандыктан, чечкиндүү түрдө реформалоого аракет кылышкан эмес. Шаардыктардын наразычылыгы, ар жерлердеги элдик козголоңдор Германияга революцияны же өлкөнү жалпы бириктирүүгө алып келген эмес. Мындай саясий жагдайдын натыйжасы катары, немецтик философиянын классиктеринин идеяларында өз изин калтырган.

Буларга карабастан И. Кант, И. Фихте, Г. Гегелдер укуктук мамлекет жана либерализмдин идеяларын өнүктүрүүнү улантышкан, француялык революциянын идеологдорунда кездешкен коомду кайра куруу жөнүндөгү чакырыктары алардын чыгармаларынын мазмунун камтыбайт. Бирок немецтик классикалык философия укуктуу мамлекетти негиздөө суроолорундагы адамдардын теңчилдиги, эркиндиги боюнча академикалык[1] иреттүүлүгү жана бекем туура түзүлүшү менен айырмаланат. Бул доордогу немецтик ойчулдар Европадагы либералдык-укуктук идеялардын андан ары өнүгүшү үчүн бардык керектүү нерселерди түзүшкөн.

---

[1] *Академизм* – илимий иштерде жана окуу иштеринде практикадан жана турмуштун таламдарынан байланышын үзгөн теориялык багыт.

**Кант Иммануил** (1724–1804) – Кенигсберг университетинин профессору, даанышман, Германиядагы либерализмди системалык түрдө негиздөөнү баштагандардын бири болгон. Кант либерализмдин астына атайын этикалык фундаментти алып баруу максатын коет. Негизги эмгектери: «Таза акыл-эсти сыноо» (1781); «Тажрыйбалык акылэсти сыноо» (1788); «Ой жөндөмүн сыноо» (1790); «Түбөлүк тынчтык» (1795); «Нравалардын метафизикасы» (1797).

*Укук теориясы*. Ар бир адам жеткилең кадырына ээ, инсан керек болсо жалпы пландагы асыл пландарга ээ болсо да, кайсыл бир планды ишке ашыруудагы курал эмес дейт. Кант, Агартуу доорунун өкүлү катары, адамды эркин акыл эстин негизи катары караган. Мында адамдын жүрүм-туруму коомдон гана эмес, ошондо жашаган адамдан жана адамдын өзү менен аныкталат, б.а. автономдуулук десе болот.

Адам – нравалык аң-сезимдин субьектиси, тамырынан айланачөйрөдөн айырмаланат жана жүрүм-турумунда нравалык мыйзамдын буйруусун колдонмо кылып алуусу керек. Бул мыйзам априордуу жана ошол себептен шартсыз. Кант муну «*категориялык императив*»[1] деп атаган.

Кант жүрүм-турумдун *императивдерин* (эрежелерин), индивид аларды өзү үчүн өздөрү түзөөрүн: гипотетикалык б.а. – шарттуу, категориялык б.а., шартсыз экендигин айырмалоону сунуштаган.

Эгерде гипотетикалык императив – бул адам баласынын алдына койгон конкреттүү максатына жетүү үчүн, ал эми, категориялык императив – бул конкреттүү максатка жетүү менен эч кандай байланышпаган милдеттүү түрдөгү жүрүм-турум эрежелери деген.

Категориялык императивдин, б.а. моралдык мыйзамдын бир нече формулировкасын сунуштайт: «өзүң туура деп ойлогон максимага таянып жана ошол эле учурда ал бардыгына жалпы мыйзам болушун каалашың керек». Бирок Кант ар бир адам күнүмдүк жашоосунда категориялык императивге моюн сунбашын түшүнгөн.

Категориялык императивди адамдын жүрүм-турумунун жөнгө салуучусу (регулятору) катары жетишсиз деп таанып, И.Кант укукка кайрылат. Ошентип И.Кант моралды укуктан бөлөт.

[1] *Категориялык императив* – бул конкреттүү максатка жетүү менен эч кандай байланышпаган милдеттүү түрдөгү жүрүм-турум эрежелери. И. Канттын ««Таза акыл эсти сыноо» дилбаяндамасында айтылган.

И.Кант: *«Бир адамдын укугу аяктаган жерде, кийинки адамдын укугу башталат»*. Бул аныктамага жараша, мамлекет бүтүн негиздеген жана кепилдеген укуктардын жана эркиндиктердин чеги болушун, жана аларды башка адамдарга зыянсыз пайдаланууну сунуштайт. Акыйкаттык жана тең укуктуулук – бул укуктарды жана эркиндиктерди чектөөгө мүмкүн жана зарыл болчу идеалдар деген. Мамлекет укукка таянып жана ишмердигинде ага багыт алуусун айтат.

Укуктагы 3 категорияны билдирет:

Табигый укук – булагы кылып априордук принциптерди алат; позитивдик укук – булагы мыйзам чыгаруучунун ыктыяры; акыйкаттык – мыйзамда каралбаган жана кыстоосу камсыз кылынбаган умтулуу (талап) дейт.

*Мамлекеттин максаты жөнүндө*. Кант мамлекетке: «Мамлекет – укуктук мыйзамдарга баш ийген көптөгөн адамдардын биримдиги» деп аныктама берген. Моралдык мыйзам эмес, так ошол мыйзамдар тигил же бул мамлекеттеги адамдарды бириктирет деген. Канттыкы боюнча мамлекеттин максаты – укуктук тартипти камсыздоо.

И. Кант – эң башкы бирден бир «укуктук мамлекет» концепциясын түзгөн. Мамлекеттин традициялык классификациялоо формаларына маани бербеген жана аларды тамганын билдирүүсү дейт. Башкаруунун идеалдуу формасы Кант үчүн – *республика*, б.а. ал конституциялык монархия алдында бийликтин бөлүнүшү менен түшүндүргөн. Канттын учурундагы Германияда мунун бири да окшобогон. Кант революцияга каршы болуп, «горячка оорусундагы жөөлүү» деген. Канчалык бийликке ээлик кылгандар аз болсо, реформа жүргүзүү ошончолук жеңил болот деп айткан.

## 2. Г.Гегелдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз карашы

**Гегель Георг Вильгельм Фридрих** (1770–1831-жж.) – немецтик даанышман, профессор. Гегель толук түрдө өзүнүн саясий-укуктук философиясын «Укук философиясы» (1820) – «Укук философиясы боюнча лекцияларды жетекчиликке алуу менен» деген эмгегин Берлин университетинде окуган. Гегелдик философиялык укук жана мамлекет – бул философиялык көз караштагы объективдүү дух жө-

нүндө б.а., эркиндиктин сырткы чөйрөсүн объективдештирүү жөнүндөгү мамлекет жана укук түрүндөгү формасы.

*Укук жөнүндөгү көз караштары*. «Укук – бул эркиндиктерди иш жүзүнө ашыруу дүйнөсү». Колдонулуудагы мыйзамдардын ички карама-каршылыктарын изилдешкен укук таануучулардан айырмаланып, Гегель укук философу катары укуктун идеясын табууга аракеттенген, б.а. «укуктун негизинде жаткан ойлорду таануу жана түшүнүү» болгон.

Гегелдик философиялык укукта, укук түшүнүгү 3 мааниде берилет:

1) укук эркиндик катары (укук идеясы);

2) укук белгилүү бир баскычтын жана эркиндиктин формасы катары (өзгөчө укук);

3) укук мыйзам катары (позитивдик укук).

Аныктамасы боюнча позитивдик укук, укук түшүнүгүнүн баскычы катары акылга сыярлык. Мыйзам – бул укуктун айкын түшүндүрүү формасы.

Укук түшүнүгүнүн өнүгүүсүндө негизги үч баскычы бар дейт, булар: абстракттык укук жөнүндөгү көз караштар менчик, келишим жана жалганчылык маселелерин кошкон.

Гегель абстракттык укук деп өзүнчө бир инсандын укуктук эркин жөндөмдүүлүгүн түшүнө алган. Ошондой эле, Гегель абстракттык укуктун төмөнкүдөй формаларын билдирген: менчик – бул сырткы нерселердин эркиндигинин бөтөн болмушу. Менчикти түшүнүүнүн натыйжасы, бул:

а) эркин көз караш идивиддин өзүнө гана тиешелүү болгондуктан, менчик жеке гана болушу керек;

б) кулчулук мыйзамга ылайыксыз, себеби менчик ээси адамдарга эмес, өзүнүн ыктыярын керектүү буюм нерселерге гана жумшашы керек;

в) менчик бирдей болбойт.

Келишим – «менчиктин кыйыр формасы». Келишим аркылуу – адам менчик укугуна ээ болот. Гегель келишимдердин эркиндиги үчүн чыккан.

1. *Укукту бузуу* (калпычылык, алдоо, кылмыш). Булар ар кайсы чөйрөлөрдө болушу ыктымал:

а) жарандык укук чөйрөсүндө: келишимдердин тартышуусунда же бузганда, бир жак тарап өзүнүн укугу жок болсо да таламын талашуу менен билдирет. Мындай учурдагы карама-каршылыктар сот аркылуу чечилет;

б) жазык укук чөйрөсүндө: алдоо – бул билип туруп укук бузуунун формасы. Укукка карама-каршы аракетин жасаганын адам билет, бирок аны сыйлаган кейпин кылат (жасалма акчалар менен товарларды төлөм кылат). Алдамчылык – жазалоо жолу менен жоюлат. Укукту өз ичинде танат жана өзүнчө бир адамдын өзгөчө ыктыярын да танат.

Гегель логикалык триаданы пайдаланат: укук кылмыш жаза, укук кылмыштуулукту төгүндөйт, ал эми кылмыштуулук жазалоону төгүндөйт, жазалоо аркылуу тартипти бузбоо калыбына келтирилет.

II. Мораль жөнүндөгү көз караштар – кара ниеттик жана күнөө, ак ниеттик жана жыргалчылык, жакшылык жана ынсап тууралу билдирген. Гегель мораль деп эркин ыктыярдуулуктун ички өз тагдырын өзү чечүүсүн, б.а. ниетин, максаттарын, мотивдерин – аны адамдын жүрүм-турумунун субьективдик тарабы кызыктырган.

III. Нравалуулук (адеп-ахлак) жөнүндөгү окуусун үй-бүлө, жарандык коом, мамлекет түзгөн. Нравалуулук деп, Гегель коомдук мамилелердеги ыктыярлуу эркиндикти ишке ашырууну түшүнгөн.

Ал нравалуулуктун калыптануусундагы индивиддерди бириктирүүнүн үч түрүн айырмалаган: үй-бүлө, жарандык коом, мамлекет.

Үй-бүлө – үй-бүлөнүн никелешүүсүнүн эркин мамилелери. Нике – бул келишимдик эмес жана жеке тарап эмес, нравалык укуктук сүйүү.

Жарандык коом – бул жарандардын жеке кызыкчылыктарынын сферасын, адамдардын талаптарындагы эмгекти бөлүштүрүү, укук мекемелери, сырткы тартип аркылуу байланышы.

Жарандык коом абстракттык укукка негизделген: ар бир адамдын укук жөндөмдүүлүгү, жеке менчикке болгон укугу, келишимдерди эркин түзүү ж.б. Мунун баары позитивдик укуктун аркасы менен камсыздалат дейт.

Гегель жарандык коомдун түзүлүшүндө үч социалдык топту бөлөт:

1) субстанционалдык (жер ээлери, дворяндар жана дыйкандар) коомдун негизин түзөт; жер менен түздөн-түз байланышы аларды башкы ролго чыгарат, ошондуктан эмгекти сүйүү жана акыл-эстик экинчи орунда дейт.

2) өнөр-жайлык (фабрика ээлери, соодагерлер жана кол өнөрчүлөр) – бул социалдык топ үчүн эң башкы нерсе – акыл-эс жана эсеп-кысап. өнөр-жай тобуна нравалуулук таандык эмес, ошол себептен аны жасалма кармоо керек.

Гегель адамдардын адистик (профессионалдык) белгилери боюнча бириктирүүнү жана профессионалдык намысты колдоону айтат.

3) жалпыга бирдей (кызматчылар). Кызматчы өзгөчө индивидуум катары жалпы жыргалчылыкка эстүүлүк менен иштейт жана мындан гана канагат табат. Өз милдетин аткарууда кызматчы өндүрүм эмгектен бош болушу керек. Индивидуум өзүнүн социалдык катмарында жеке жак болбой калат – бул анын нравалык учуру.

Индивиддердин нравалык бирикмесинин бир түрү үй-бүлө жана жарандык коомдун алкагындагы, Гегель мамлекетти атаган. Гегелдин укук философиясындагы мамлекеттин аныктамалары ар башка: мамлекет эркиндиктин идеясы, так жана жогорку укук, укуктуу түзүм, бирдиктүү организм, конституциялык монархия, «саясий мамлекет» ж.б. – мамлекеттин бирдей идеясынын тыгыз аспекттери: «Мамлекет – бул өзүнчө максат, «абсолюттук кыймылдабас» – максаттын максаты, анда эркиндик жогорку укугуна жетет жана бул максаттын максаты мамлекетке мүчө болуусундагы жогорку милдеттеги бирин-серин адамдарга караганда жогорку укукка ээ.

Гегель мамлекеттин келип чыгышындагы келишим теориясына каршы болуп, анын келишим мамилелерин жана жеке менчик мамилелерин мамлекеттик катнашууга жана укукка алынып келсе, бирото-ло эбегейсиз чаташууга алып келет деген.

Гегель мамлекетти ички жана сырткы организм катары караган.

1. Мыйзам чыгаруу бийлигинде: Мыйзам чыгаруу жыйыны 2 палатадан турат. Бир палата – мурастык, жер аристократиясынан турат. Алар мамлекет жана элден көз карандысыз, пайда алууга тырышпайт, ошол себептен мамлекеттик кызматка ылайык. Кийинки палата – шайлануучу, депутаттар өнөр-жай корпорациясынан жиберилет. Мунун милдети: мамлекеттик ишти жарандык коомдогу туруксуз кызыкчылыктарын ачык-айкын кароо.

2. Өкмөт бийлиги аткаминерлердин (чиновниктердин) тепкичинен турат, бир звенодогу ката кийинки звенодо оңдолот. Бул бийлик элдик өкүлдөр жок эле кыраакылык менен иш кылат деген.

3. Падышалык бийлик. Монарх (падыша) өз колу менен мыйзамды мыйзам кылат жана акыркы кол да анда болуш керек. Суверенитет (эгемендүүлүк) элге таандык эмес, ал падышаныкы деген.

*Мамлекет – тышкы организм*. Канттан айырмаланып Гегель түбөлүктүүлүк тынчтык идеясына каршы чыккан. Ал согушуу жолу аркылуу мамлекет аралык талаш-тартыштар чечилет, эгерде согуш болбосо, адамдар сазга айланмак, адамзаттын тарыхы карама-каршы согушуу аркылуу жылат, ошондуктан, согуштан качууга болбойт, согуш учурунда алар – мамлекет алар үчүн экенин түшүнүшөт.

*Саясий идеалы* – конституциялык монархия. Жеке менчикти, эркин келишимдерди ырас деп карап, жеке укуктун маанилүү институттарын негиздеген. Гегелдин элдик сот арачыларын киргизиш жана кодификациялоо кылуу зарылчылыгы, жарандык коом жана мамлекет (этатизм) түшүнмөлөрү зор илимий мааниге ээ болгон.

### 3. Тарыхый укук мектеби. Г.Гуго, Ф.Савиньи, Г.Пухта

Тарыхый укук мектеби XVIII к. жана XIX к. башында калыптанган, ал баарына таасирлүү болгон. Табигый укук мектеби Франция революциясынын негизи болгондуктан, тарыхый мектеп ага жоопболгон. Тарыхый мектептин жактоочулары, революциялык идеологияны да кабыл албай, б.а. табигый мектеп укугун четке кагуу менен революциянын чечкиндүү түрдөгү каршылаштары болгон. Укукту табигый мектептин жактоочулары түшүнгөндөй эмес, интерпретациялоо керек: укук – акыл-эстин жыйынтыгы, адамдардын акыл-эстүү ишмердүүлүгү (табигый укук мектебинин жобосу).

Тарыхый мектептин көз карашы менен укук өзү эле сырткы таасирсиз келип чыккан.

*Тарыхый мектеп*:

- укук – адамдардын ишмердүүлүгүнүн акыл-эсинин жыйынтыгы эмес, акыл-эстин эрки эмес, ал – улуттук духтун (демдин), элдин жемиши.

- укук өзүнөн -өзү эле пайда болот, адамдардын эркине көз карандысыз, өз алдынча тил кандай пайда болсо, ошондой эле, келип чыгат.

• укук оюндун эрежеси кандай калыптанса, ошондой эле калыптанат жана өзгөрөт;

• укук кубулуш катары, улуттук духтан туулат жана жашоонун жана жалпы акыл-эстин өзгөрүш таасиринен пайда болот.

Өзү элдин духу (деми) өзү эле өзгөрбөйт, болгону өнүгүп-өсүүнүн натыйжасында өзгөрөт. Дух конкреттүү элге тиешелүү, Жогорку Теңирден берилет, ал дайыма туруктуу болот, ачып-айкындоо процессинде да жана укуктун өзүндө да өзгөрүүлөр келип чыгат.

Негиздөөчү – Густав Гуго (1764-1844) – Геттинген университетинин профессору, Рим укугу боюнча адис. Негизги эмгектери: «Рим укугунун тарыхы боюнча окуу китеби» (1790); «Классикалык пандекттик укугунун хрестоматиясы жана окуу китеби» (1790); «Цивилистика курсу боюнча окуу китеби» (1823);«Табигый укук же позитивтик укук философиясы боюнча окуу китеби» (1798).

Гуго агартуучуларга таандык артефакты катары укук жөнүндөгү көрсөтүүлөрүн сынга алган. Ал укукту жасалма ойлоп табуу эмес, узакка созулган тарыхый өнүгүүнүн табигый жыйынтыгы деп эсептеген. Бийлик жана укук кимдир бирөөнүн буйругу менен келишимдин жыйынтыгынын негизинде келип чыкпайт, Кудайдан да эмес, өзүнөн-өзү эле пайда болот. Кулсуздуктук туура, себеби миңдеген жылдары келе жатат деп ойлогон.

Гуго биринчилерден болуп, укуктун өзүнчө өнүгүү идеяларын салтанатуу түрдө жарыялаган жана аны элдик нравалар жана тилдин өнүгүүсү менен салыштырган. Тил кандай келишим менен орнобосо, бирөөлөрдүн же Кудайдын шилтемеси менен киргизилбесе, ошондой эле укук мыйзам чыгаруучунун аркасы менен түзүлбөйт жана сырткы таасирсиз эле пайда болот. Гуго укукту жана мыйзамды окшоштурууга катуу каршылык билдирген. Укукту – эл кабыл алган колдонгон эрежелер сыяктуу караган. Мыйзам колдонбошу «ың-жыңы жок» болушу мүмкүн.

Мыйзамдар бири-бирине каршы келип, мыйзам чыгаруучунун керт башынын пайдасын ойлогон максаттарды билдирүү менен, аларды түзөтүү боюнча көп иштерди талап кылат. Анын үстүнө көптөгөн адамдар мыйзамды окушпайт. Ошол себептен, Гуго бийликтин Геттингендин көчөлөрүнө жаңы ат коюудагы мисалды келтирет: улам келген бийлик көчөлөрдүн аталышын алмаштырганы менен адамдар болбой эле мурдагы эски көнүмүш адаты боюнча атай берген.

Гуго табигый укук концепциясынын каршылашы болгон жана табигый укук жок, бир гана позитивдик укук бар деп эсептеген. Позитивдик укук каада – салт укуктан алынган жана ал улуттун деминен, элдин терең сезиминен келип чыгат деген. Бул укук кандай болбосун, ал бардык талаптардан алыс болсо да ага баш ийиш керек деген.

Гуго ар кандай укуктук реформаларга чечкиндүү түрдө каршылык көрсөткөн, укуктун эң башкы баалуулугу анын туруктуулугунда. Эски тартипти сактоону далил катары келтирип, элдин калыптанып калган нормаларга көнгөн адаты боюнча жашаарын айтат. Болгону туруктуу, былк этпеген укук башкы милдетти аткара алат – бекем коомдук тартипти орнотот.

Гугонун ою боюнча, келишимдик теориядагы мамлекеттин келип чыгышы жогорку бийликтин абалынын туруктуулугун камсыздабайт жана бул бийликтин чексиздик мүнөзүн төгүндөйт (жокко чыгарат), себеби эч ким ага юридикалык орунсуз аракет кыла албайт. Г.Гуго «таза» укуктук илимдин жактоочуларынан болгон, ал методологиялык негиз гана бербестен, ошол эле убакта тарыхый укуктаануунун программалык жобосун иштеп чыккан, анын натыйжалары Фридрих Карл Савиньи тарабынан өркүндөтүлгөн.

**Фридрих Карл Савиньи** (1779–1861) – Берлин университетинин профессору болгон. Өзүнүн көз караштарын «Заманбап Рим укугунун түзүлүшү» деген 6 томдук курсунда билдирген.

Савиньи укук пайда кылган улуттук кулк-мүнөздүн духуна (демине) басымдуу көңүл бурган. Савиньинин көз караштарынын алгачкы түйүнү болуп, адамдардын эркин ыктыярлары жалпы эле тарыхтын жана укуктун өнүгүүсүндө катышканын танган.

Укуктун өнүгүүсү – ошончолук керектүү процесс жана жаратылыштын дүйнөлүк өнүгүүсү сыяктуу эле башкарылгыс.

«Укук – бул элдин ички жашыруун күчтөрүнүн органикалык продуктусу».

Бардык укук өзүнүн өнүгүүсүндө 3 тепкичти басып өтөт:

- жаратылыштык укук – элдин аң-сезиминде жашайт жана каада-салт формасында чыгат;
- окумуштуулук укук – демейдегидей каада-салт укугу, бирок илимий жактан иштетилбеген.

Ушул экинчи этапта укук окумуштуу – укуктаануучулар тарабынан иштелип чыгат, бирок өзүнүн тамыры – элдин жалпы ишени-

минен кол үзбөйт. Юристтер – укукту жаратуучулар эмес, улуттук укуктук аң-сезимдерин билдирүүчүлөр гана, б.а. анын бир гана булагы – элдик дух. Бул укук кош өмүр сүргөндөй сыяктуу: жаратылыштык укук жана окумуштуулук укук.

- кодификация. Бул этапта укук мыйзам чыгаруучудан уруксат алат.

Мыйзам чыгаруучу мурда болбогон ченемдердин ордуна жаңыларын ойлоп таппашы керек: анын милдети – чогултуу, системага келтирүү жана укук ченемдерине так аныктама берүү жана ал элдин аң-сезиминде сиңген жана каада-салттарында билдирген ченемдерден чыкпашы зарыл деген. Укуктун мындай өнүгүү жолун идеалдуу деп айтат.

Кодификация мыйзамдарды бирдиктүү бир формага бириктирүүчү жыйнак, бул процесс Римде болгон, Юстиниан кодекс түзгөн кез. Бул процесс Германия үчүн, Савиньинин ою боюнча келе элек. Мыйзамдардын Жыйынын коллегиалдуусуз, бир гана автор болушу керектигин жазган.

Савиньинин аркасы менен убагында Монтескье айткан укуктун закон ченемдүү өнүгүүсүнүн идеясы Жаңы доордун юриспруденциясында орночугун алат.

**Георг Фридрих Пухта** (1798–1846) – Берлин университетинин профессору, Рим укугу боюнча адис, устаты Савиньинин элдин тарыхый өнүгүүсүнүн продуктусу катары стадиялуулугу (баскычтыгы) жөнүндөгү идеяларын өнүктүргөн. Чыгармалары: «Адат укугу» жана «Институциялардын курсу». Г. Пухтун көз карашы боюнча, тигил же башка ойдон чыгарылган укуктук системаны жасалма конструкциялоо максатсыз. Укуктун өзүнчө тарыхы бар деген.

Укук өзүнүн өнүгүү жолунда 3 баскычтан өтөт:

- каада-салт – укуктун алгачкы булагы;
- мыйзам чыгаруу – жалпынын эркинин персонификациясы;
- юристтердин укугу – юристтер элдин деминдеги, улуттун духундагы жашыруун ченемдерди ачат, бирок алардын ченемдери каада-салтта да, мыйзамда да азырынча жок. Улуттук дух акыры түбү Кудайга татыр. Кудай улутка укукту жаратканга күч-кубат берген.

«Адат укугу» дилбаяндамасында Пухта юридикалык салт – бул мыйзам чыгаруучунун тааныганына көз карандысыз өз алдынча укук

формасы дейт. Анын милдеттүү күчүнүн булагы жогорку бийликтин санкциясынан же узак колдонуусунан эмес, болгону элдин ой-пикиринен, б.а. элдин укуктук аң-сезиминен келип чыгат. Каада-салт жаңы укук ченемин жаратпайт, ал болгону эреженин милдеттүү түрдө аткарылышындагы элдин аң-сезиминде калыптанып келген ченемдерди гана бекитет.

Тарыхый укук мектебинин юристтери мамлекетте кандай консервативдик тартиптер болбосун, иштеп жаткан мамлекеттин юридикалык институттарынын милдети тышкы тартиптерге таянып кызмат кылуусу керек деген. Акыйкаттуу мыйзамдар турмушта жолуккан жаманчылыктын алдында алсыз. Ыңгайы келген учурда алар каада-салт (адат) укугун жана саясий түзүлүшүн тартипке салып бергенге ыктайт. Мыйзам чыгаруучу максималдуу түрдө улуттун ишенимин билдириши зарыл. Ошондуктан укуктук тарыхый мектебинин жактоочулары крепостчулукту, монархиялык мамлекеттүүлүктү жана өзүн-өзү жойгон феодалдык укуктун партикуляризмин[1] коргоого чыгышкан.

Алар мыйзамчылыктагы кодификациялоонун жана башка ушул сыяктуу чаралардын Германиянын масштабында кереги жоктугун айтып чыгышкан. Ошону менен бирге алар мамлекеттин келип чыгышынын келишим теориясын четке кагуу менен, элдин революция кылууга укугун, бийликтин бөлүнүш идеясын жана доордун ушуга окшош саясий идеяларын жокко чыгарган.

Ошондой болсо да тарыхый укук мектебинин, табигый-укуктук чечмелөөчүлөрүнүн өкүлдөрүн укуктун түбөлүктүк, өзгөрбөстүк жана былк этпестигин сынга алуусу прогрессивдүү мааниге ээ.

Тарыхый укук мектебинин өкүлдөрү табигый-укуктун доктринасынын алсыз жагын байкашкан – укуктун келип чыгышын абстракттуу (так эмес) карашканы. Бул укук мектебинин укуктук институттарды закон ченемдүү жаралып жаткан социалдык кубулуштар катары түшүнүк берүүсү юриспруденция тарыхында из калтырды.

---

[1] *Партикуляризм* ( лат. particula –азыраак бөлүк, лат. particularis – жарым-жартылай, толук эмес) – саясатта мамлекеттин өз-өзүнчө бөлүктөрүндөгү адамдардын жеке кызыкчылыктарын мамлекеттин кызыкчылыктарынан жогору коюлуп залал келтириши.

**Адабий булактар:**

Асмус В. Ф. Кант. -М., 1973.

Гегель Г. Ф. В. Философия права. –М., 1997.

Кант И. Метафизические начала учения о праве; Всеобщая история с космополитической точки зрения // Кант И. Сочинения. –М., 1980. Т. IV.

Пухта Г. История римского права. – М., 1864.

Нерсесянц В. С. Философия права Гегеля. – М., 1999.

Нерсесянц В. С. Теория права и государства Канта // Философия Канта и современность. М., 1974.

Новгородцев П. И. Историческая школа права юристов. СПб., 1999.

История государственно-правовых учений: Хрестоматия / Авт.-сост. С.В. Липень; под общ. ред. В.В. Лазарева. – М.: Спарк, 2006.

Чанышев А.А. История политических учений: Классическая западная традиция / А.А. Чанышев. – М.: Росспэн, 2000.

История политических и правовых учений: Учебник для вузов/ Под общ. ред. Нерсесянца В.С. – М.: ИНФРА –М, 2005.

## 14-БӨЛҮК

## ЕВРОПАДАГЫ САЯСИЙ-УКУКТУК ОЙЧУЛДУКТУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ (XIX к. биринчи жарымы)

1. *Консервативдик агым. Э. Берк, Ж. де Местр, Л. де Бональд*
2. *Англис либерализми. И.Бентам, Д. С.Милль*
3. *Француз либерализми. Б. Констан, А.Токвиль*
4. *Немецтик либерализм. В. Гумбольдт, Л.Штейн*
5. *Россиядагы либерализм. М.Сперанскийдин проектилери*
6. *Мамлекет жана укуктун марксисттик теориясы*

### 1. Консервативдик агым. Э. Берк, Ж. де Местр, Л. де Бональд

XIX к. биринчи жарымындагы саясий-укуктук көз караштарга Агартуу идеологиясы абдан чоң таасирин тийгизген. XVIII к. аягында – XIX к. башында көптөгөн ойчулдар: Жозеф де Местр, Луи де Бональд, Эдмунд Берк ж.б.у.с. Франциялык революцияны сындоо менен чыгышкан.

Консерватизм (лат. conservare – коргоо, сактоо) коомдук башаламандык жана кыйроонун себептери катары каралган Улуу Франциялык революциянын окуяларына феодалдык аристократиянын жообу катары пайда болгон. Европалык консервативдик ойлордун негиз салуучулары катары: британдык данышман жана мамлекеттик ишмер Эдмунд Берк (1829–1891), француз публицисти жана коомдук ишмер Жозеф де Местр (1754–1821), немецтик тарыхчы-укуктаануучу Фридрих фон Савиньилерди (1779–1861) эсептешкен.

Англиялык саясий ишмер жана публицист **Эдмунд Берк** (1729–1797) революцияны жетектеген ишмерлердин көз караштарын четке каккан.

Эң башкы эмгеги «Франциядагы революция жөнүндө ой толгоо» (1790). Э.Берктин «Ой толгоолорунда» Британияны коомдук-саясий түзүлүштүн идеалы катары жана революциячыл Францияны жагымсыз, саясий өнүгүүгө зыян келтирүүчү каршылаш вариант катары карама-каршы караган.

Берк коомдук келишимдик теориясына каршы чыккан. Адам эч качан коомдон тышкары калган эмес дейт. Адам – коллективдик жандык жана төрөлгөндөн баштап эле биргелешип жашоого башкалар менен киндиктеш болот. Ал элдин жогорку бийликке болгон укугун четке каккан. Берктин оюу боюнча, салттарга таянган конституциялар болуусу мүмкүн. Башка жол – бузукулук жана моралсыздыкка бет алуу.

*Мамлекет жөнүндөгү көз караштары*. Э.Берк революционерлердин мамлекеттик бийликти эркиндик үчүн коркунуч катары жек көрүүлөрүн уяткарган. Мамлекет – каада-салтты алып жүрүүчү, элдик акыл-эсти билдирүүчү. Мамлекет – бардык жарандарынын муундары үчүн мураскорлук кенч. Мамлекет кээ бир адамдардын жана группалардын болуп турган нерселердин тартибин бузууга аракетин кескин түрдө четке какканга зор күчүнө ээ болушун айткан.

*Укук жөнүндөгү көз караштары*. Берктин укуктун жаратылыш трактовкасында тарых принциптерине басымдуулук кылат. Ар бир өлкөнүн укугу көпкө созулган тарыхый процесстин жыйынтыгында калыптанат. Конституционалдык түзүлүш мыйзамдардын же акыл-эстин иши эмес, ал улуттук демден жана каада-салттардан жаралат.

Абстракттык укуктардын идеясы социумду бузуу ыкмасы катары. Консерваторлор адам укуктарынын концепциясынын негизинде жаткан, жалпылык теңдиктин идеясынын тарапташтары болгон эмес.

Э.Берк революционерлер нерселердин табигый абалын максималдык теңөөгө чакырышып, теңдикти жана акыйкатты бирдей карроосу туура эмес деген. Коом сөзсүз түркүмдөрдөн турат. Нерселердин табигый тартиби – абсолюттук теңдик эмес, ал иерархия (түркүм), себеби ал жерде ар бир адам өзүнө тиешелүү ордун жөндөмүнө, энергиясына, эркине, капиталына жана ата тегине жараша табат. Адамдар жаратылышынан эле тең эмес: аларды теңдөө – алардын ичинен начар, татыксыздарына мыктылардан тартып алуу дегенди билдирет. Теңсиздикти сактоо – коомдун өзүн сактоого барабар.

Берк боюнча, элдик эгемендүүлүк – бул «качандыр бир кезде элди үгүттөгөн, эң эле жасалма, адеп-ахлак, кара ниеттик доктрина» деп ынандырган.

**Жозеф Мари де Местр** (1753–1821) – француз публицисти, саясий ишмер жана консервативдик диний ойчул. Негизги иштери:

«Франция жөнүндө ой-толгоолор» (1796); «Саясий мекемелердин жана адамдардын турумдарынын жаралыш принциби тууралуу тажрыйбалар» (1810).

*Революциянын себептеринин көйгөйлөрү.* Агартуунун жана «сатанисттик» Француз революциясынын идеяларын четке кагуу. Местр Француз революциясын катуу сынга алган. Король Людовик XVIнын өлтүрүлүшүн көп катышуучулардын аркасы менен болгон улуу кылмыштардын бири болуп саналат деген. Бир убакта Франция адеп-ахлактын жана динчиликтин үлгүсү болчу, бирок андан кийин адамдардын арасында динге жана мүлккө каршы зыян идеялар тарады.

Де Местр боюнча, канчалык монархия жаман болбосун, революция балакет илдет. Мыйзамдар – акылдын натыйжасы эмес, тарыхтыкы. Адам жеке өзү коомду мыкты жагына өзгөртө албайт. Буга Кудайдын эрки бар. Себеби Кудай адамга коомду кайра курууну эркине коюп, натыйжасында революция, хаос, террор, мыйзам жана мамлекеттин маанисинин бурмалануусу келип чыкты. Бийликти залим жана шумпайлар басып алышты.

*Бийлик концепциясы.* Букаралардын мамлекетке болгон мамилеси укук менен аныкталбастан, диний баш ийүүгө негизделген адеп-ахлак милдети аркылуу аныкталат. Бийлик – ыйык күч, болгону ыйыктык жогорудан келет жана толук бийликтүү мамлекет болуп чексиз монархия гана боло алат.

Монархия – мамлекетти башкаруудагы жападан-жалгыз туура ыкма жана элдик козголоңдун жана революциянын кайсынысы болбосун, алардын аракетин жокко чыгарат. Местрдин акылы курч жана көрүнүктүү риторикалык жөндөмү бар үчүн Россиянын ак сөөк элитасында белгилүү эле. Местрдин айтканы ырас эле. Тарых бир нече жолу тууралыгын ырастады, себеби адамдарды алдап козголоңго, көтөрүлүшкө, жарандык согушка, кан төгүүгө түртсө болоору чындык. Коргоо функциясына жараша бийлик мамлекеттеги бул көрүнүштөргө туруштук берүү менен тартипке салуусу зарыл деген.

*Абстракттык укуктарды сындоо.* Де Местр табигый-укуктук теориянын жоболоруна терс караган. Ал адам укуктары (эркиндик, теңдик), жаратылыштан чыгуу менен – бул акылдын фикциясы деп санаган. Тескерисинче, ал «жогорку жана өтө күчтүү организмдер алсыз жана төмөнкү организмдерди жутат» деген. Ошентип, де Местр-

ди социал-дарвинизмдин алдан билдиргичи десе болот. Де Местр, элдин башкаруу иштер катышуусу фикция жана жалган элес десе болот деген. Мамлекеттин жана укуктун келип чыгышына чоңураак ролду акылга караганда инстинкттер жана импульстар ойнойт.

*Дин жана саясат.* Конституциянын кабыл алынышы «Кудайга сыярлык» диний мүнөздө болушу керек: «Саясат жана дин биримдикте болот: зорго мыйзам чыгаруучуну диний кызматкерден айырмалоо жана бул саясий мекемелер негизинен диний сабактардан жана зыйнаттардан туруусу керек».

Конституция – практикалык иштин жана көп кылымдын тажрыйбасы. Мыйзамдар жана Конституциялар мыйзам чыгаруучулардын жасалма ишмердигинен эмес, тарыхтан жаралат. Мындай Конституция элдин үстүнөн бийлиги жана кадыры жок болот. Жазылган Конституция дайыма ырайымы жок болот, ал эми иштин маңызы элдик демде, анын артында мамлекет турат. Бул дем элди жандандырган патриотизм сезиминен чыгат.

Эгерде иштин маңызы – элдик демде болсо, анда ал чексиз борбордоштурулган мамлекетке өтөт. Эгерде акылдан адашкан адамдар ойлонбостон реформалары менен бул чектерден чыкса, анда улут каалоосуна жетпестен бар нерсесинен ажырайт. Ошол себептен жаңыртууларды кээде гана токтоолук менен кылуу керек. Конституцияларды жаратуучулар бөтөнчө адамдар: королдор жана жогорку деңгээлдеги асыл адамдар болушу ыктымал.

*Мамлекеттин » органикалык» түзүмүнүн принциби.* Мамлекет жана коом – адамдын ойлоп табуусу эмес, болгону табигый эволюциядагы татаал органикалык түзүм, анын бөлүктөрү тыгыз байланышып бүтүн коомдун туруктуулугун кармайт.

**Бональд Луи Габриель Амбруаз** (1754–1840) – француздук саясий ишмер жана публицист, данышман-идеалист. Француз революциясынын доорунда (1789–1799), Наполеондук согуштардын жана Франциянын Жарандык кодексин кабыл алуу кезинде өмүр сүргөн (1804). Революция аны Мийо аттуу кичирээк шаардын мэр кызматында турганында тапты. Башкы эмгеги: «Жарандык коомдогу саясий жана диний бийликтин теориясы» (1796).

*Л. де Бональддын диний көз караштары.* Бул дагы революциянын болушун Кудайга ишенгендиктин начарлаганы деген. Революция –

бул коомдун бузулуусунун эң жогорку баскычы. Адамдын мыйзамдары Кудайдын мыйзамдары менен дал келиши зарыл. Бональд Адам жана жарандык укуктар Декларациясын Кудай укуктарынын Декаларациясы кылып алмаштырууну сунуштаган: « Кудай – мыйзамдардын барып турган автору».

Дин – коомдун негизи жана ал гана букаралардын мамлекетке баш ийүүсүн камсыз кылат. Бональд католик философу болгондуктан, ал үчүн диндин адам коомундагы ордун жана ролун аныктоо өтө зарыл болгон.

*Мамлекет жөнүндө окуусу*. Консерватор катары Бональд агартуу идеясынын коомду акыл-эстин жана табигый-укук теориясынын позициясынан кароосун четке каккан. Эгерде мамлекеттин келишимдик келип чыгыш теориясынын өкүлдөрү индивидге башкы ролду берсе, Бональд өзүнүн мамлекеттин келип чыгыш теориясынын негизине патриархалдык үй-бүлөнү коет. Мамлекет пайда болгончо, үй-бүлөлөр болгон жана алар тынчтыктын абалынан тез эле «согуш абалына» өтүп кетишчү деген. Бирок, адам уруусун сактап калуу максатында мамлекет бул чачыранды үй-бүлөлөрдү жалпы тартипке баш ийдирген. Мунун натыйжасында үй-бүлөлөрдүн жыйындысы – улут жалпылык катары, эл аймактык жалпылык катары, мамлекет мыйзамдардын жалпылыгы катары жаралган (Цицерондун мыйзамдары сыяктуу).

*Мамлекеттин максаты* – инсанды жана мүлктү коргоо. Мамлекеттүүлүктүн идеалы – монархия жана анын фундаменти –үй-бүлө. Падыша жалпы күчтү жалпы эркке карата багыттайт. Коомдук эрк бирдиктүү, ошондуктан бийликти бөлгөнгө болбойт. Падышага жалпы коргоо бийлиги таандык.

*Мыйзамдардын бөлүнүшү*. Схоластикалык схемага карай, Бональд «мыйзамдар-принциптер» (негизги мыйзам) – Кудайдын эрки жана «мыйзамдар-натыйжалар» – локалдык мыйзамдар деп бөлөт. Мыйзамдарды чөйрөсүнө жараша ажыратат.

Де Бональд коомдо бийликтин мыйзам бутагы болуш зарылчылыгын четке каккан. Мыйзамдын булагы болуп өзүнчө бир адам же алардын группасы эмес, нерселердин жаратылышы болушун айткан.

Бардык керектүү институттар жана ченемдер тарыхый калыптанган, ошол себептен аларды алмаштыруунун зарылчылыгы жок деген.

## Англис либерализми. И. Бентам, Д. С. Милль

Либерализм (лат. liberalis – эркин) XVII–XVIII кк. Батыш Европадагы капитализмдин өнүгүүсү менен органикалык түрдө байланышып жана ар кайсыл кырдаалдардагы «үчүнчү сословиенин» (өнөржайчылардын жана соодагерлердин) абсолютизмге, феодалдык тартиптерге, сословиелик чектөөлөргө, бийликтин зомбулугуна каршы идеологиясы катары болгон.

Либерализм идеологиясы капитализмдин интенсивдүү өнүгүүсүнө, инсандын табигый укуктарын жана эркиндиктерин коргоого, диний, саясий сабырдуулукту камсыз кылуудагы керектүү шарттарды түзүүгө багытталган идеология. Либерализмдин жактоочулары экономикалык маселелерге (менчик проблемаларына, мамлекеттик бийлик тарабынан жеке менчик ишмердигин өнүктүрүүгө болгон чектөөнү алып салууга) чоң көңүл бурушкан.

Либералдар чындыгында кең пейил жана мыйзамды сыйлаган жарандар, б.а. буржуа болсо дагы, эркиндикти бардык элдин бирдей эркиндиги катары караган. Теңдик жарандардын тегерегиндеги эркиндиктин теңчилдиги катары каралган. Бирок мамлекеттик бийликти уюштуруунун, анын түзүлүш формаларын кароодо, либералдар ар кандай пикирде болгон. Либерализмдин башкалардан бөлөкчө ыраңы И.Бентамдын жана анын окуучулары Дж.Стюарт Милль жана Джон Остиндин окууларында көрсөтүлгөн.

**Иеремия Бентам** (1748–1832) – англисданышманы жана укук таануучусу. Бентам – Локктун, Гоббстун социалдык-философиялык идеяларын кабыл алган, *утилитаризм теориясынын* негиздөөчүсү. Бентам өзүнүн саясий жана юридикалык көз караштарын: «Мыйзамдуулуктун принциптери»; «Өкмөт тууралуу фрагмент»; «Деонтология же морал илими» ж.б. эмгектеринде көрсөткөн.

*Табигый укукту сындоо*. Бентам табигый укук теориясын четке каккан. Бентам 1789-ж. адам жана жарандын укуктарынын Декларациясын сындап, ал инсандын укук идеясы анархиянын орношуна, бийликке каршылык көрсөтүүгө алып келет деп айткан. Бентам реалдуу укук деп, мамлекет орноткон укукту гана тааныган. Бирок болуп жаткан мыйзамдуулук архаикалык жана жетилбеген, кем экенин белгилеген. Ушуга негиз кылып Бентам утилитаризм теориясын ойлоп

тапкан (лат. utilitas – пайда, пайда табуу) – бардык кубулуштардын пайдалуулугуна жараша баамдоо принциби, кайсыл бир максатка жетүүнүн каражат мүмкүнчүлүгү.

Бентамдын окуусунун бөтөнчөлүгүн 4 постулатта билдирсе болот:

1. адамдын ишмердигинин мааниси – ыракат алуу жана азап чегүү;

2. кандайдыр бир маселени чечүүдөгү каражат – кыймыл-аракет мүмкүнчүлүгү;

3. адептүүлүк бардык коом менен калыптанат жана көп сандагы адамдардын толук бактылуулук алуусуна багыттайт.

4. жалпы пайданы жеке жана коомдук кызыкчылыктарды орнотуу жолу менен максималдаштыруу – адам коомунун өнүгүү максаты. Бул постулаттар Бентамга саясатты, мамлекетти жана укукту талдоого таяныч болду.

Бентамдын либерализми башкача: ал эркиндик түшүнүгүн кабыл алган эмес, аны кыялдануу предмети катары, бейбаштыктын иш аракетинин чыныгы абалынан айырмаланбайт деген.

*Укук маселелерине утилитаризмди колдонуу*. Бентам Гоббс сыяктуу эле, укук– дайыма мамлекеттин эркин билдирет, ошондуктан укуктун формасы – мыйзам деген. Мыйзам өзү – жаал, себеби ал жазалоону (жапаа чегүү) колдонуу менен байланыштуу. Кандай болбосун мыйзам – кутула албас заар, ансыз коопсуздукту камсыздоо мүмкүн эмес. Бентам инсандын коопсуздугун да караган: адам өзү тууралуу кам көрүшү, ал өзүнүн кызыкчылыгын жана пайдасын аныкташы керек.

Пайда (утилитардык көз караш) – анын башкы тезиси. Ырааттуу түрдө алып барылган эркиндиктин эмес, жеке пайданын принциби акыры индивидди жалпы кызыкчылыктын негизиндеги интеграцияга алып келет. Бентам Англиянын прецеденттик укук тутумун сындап, аны кодификациялоону сунуштаган. Прецеденттик укуктун кемчилигин элге белгисиз жана элдин катышуусу жок жаратуусунан көрөт.

*Мамлекеттин башкаруу формасы*. Бентам башында Англиядагы конституциялык монархияны, анын жогорку даражадагы мүлк цензин, өкүлчүлүктүн узак мөөнөттүүлүгүн жактырган. Бул убакта ал демократияны анархия катары айыптаган. Кийинчирээк Бентам мо-

нархияга каршы катуу сын менен чыгып, уюштуруучу бийлик (мамлекеттин негизги мыйзамдарын түзүү укугун) элге таандык деген.

Бентам мамлекеттин *республикалык* түзүлүшүнүн жактоочусу. Мыйзам бийлиги жыл сайын жалпы, бирдей жана жашыруун шайлануучу бир палаталуу өкүлчүлүк аркылуу ишке ашышын айткан. Аткаруучу бийлик мыйзам палатасына баш ийген, ага жоопкерчиликтүү жана тез-тез алмаша турган кызмат адамдары аркылуу ишке ашышы керек деген. Либерал катары Бентам, мамлекеттин индивиддердин эркин ишмердигине киришпестиги социалдык гармонияга өбөлгө түзөөрүн айткан.

Бентамдын идеялары укуктук билимдин өнүгүүсүнө көрүнүктүү таасирин тийгизди. Мыйзамдуулуктун коомдук кызыкчылык балансы менен тең салмактоосу социология укуктук мектебинин калыптанышына түрткү берди. Мыйзамдын табигый укукка карата үстөмдүк кылынышын негиздөө – юридикалык позитивизмден да эрте айтылышы.

**Джон Стюарт Милль** (1806–1873) – англис данышманы жана экономисти, Бентам сыяктуу эле либерализмди, индивидуализмди жана утилитаризмди айкалыштыруу жолу менен барган. Милль андан ары кеткен, ал социологиялык мүнөздөгү бир катар радикалдык тыянактарды чыгарат. Бул либерализмдин классигинин мамлекетке, бийликке, укукка, мыйзамга карата көз караштары «Эркиндик тууралуу» (1859), «Өкүлдүк башкаруу боюнча ой-толгоолор» (1861) ж.у.с. эмгектеринде каралган.

*Жеке менчикти сындоо*. Милль чечкиндүү түрдө теңсиздикти жана эмгектин капиталдан көз карандылыгын жараткан, жалпы жыргалчылык үчүн жеке менчикке болгон укуктун бузулушуна жол берген жеке менчик жана жалданма эмгекти сындаган жана ал социалдык теңдикти жана акыйкаттыкты колдогон.

Социализм Милль үчүн – тапсыз коомдун алыскы идеалы, кооперациянын негизиндеги коомдун гармониясы жана кызматташтыгы, таптан тышкаркы жалпы адамзаттын кызыкчылыктары жана баамдуулуктарынын пайдасына болгон таптык тар кызыкчылыктардан баш тартуу, социалдык теңсиздикти жумшартуу жана социалдык теңчилдик тенденциясын күчөтүү жолу деп эсептеген.

Джон Милль революциялык зордук-зомбулукка каршы болуп, жеке менчиктин тутумун жок кылууну эмес, аны жакшыртууга, өз-

гөчө бул менчикти бөлүштүрүүнү, мураскорлоону ж.у.с. маселелерди чечүүгө чакырган. Милль мурдагы жол көрсөтүүчүлөрдөй эле чексиз саясий бийликке, анын ичинде инсандын эркиндигине коркунуч түзгөн демократияга каршы болгон.

*Эркиндикти ал кеңири түшүнгөн*: бул инсандын бардык нерсеге болгон автономдуулугу, коомго зыяндуу таасирин тийгизбөөсү. Индивидуалдуулук Милль боюнча – азчылыктын, элитанын касиети, себеби ал ар кандай прогресстин булагы, «коллективдик орточолуктун» үстөмдүгүн орнотууга каршы турган күрөштүн негизи.

*Демократия теориясы*. Ал демократияны – мамлекеттин мыкты формасы деп, карапайым жумушчуларга жана аялдарга шайлоо укугун берүү, алардын акыл-сезим маданиятын жогорулатууга жана акыйкаттуулукту алып келгенге шарт түзөт деп ишенген. Ошону менен бирге Милль демократиянын мындай коркунучтарын көргөн: бийликтин сапатынын төмөндөшү жана көпчүлүктүн тираниясы катары. Ал шайлоочулардын пропорционалдык өкүлчүлүгүнүн принцибин активдүү колдоп чыгып, андагы азчылыктын укуктарын, бөлөкчө ой жүгүртүүсүн жана пикирлеринин күрөшүн камсыз кылуучу тутумун иштеп чыккан. Ошентип, Милль – демократиянын жактоочусу, болгондо да өзгөчө формасы – жалпы шайлоо укугу белгилүү бир чектөөлөргө негизделген элитардык демократия деп атаган.

### 3. Француз либерализми. Б. Констан, А.Токвиль

Францияда 1789-жылдан тартып Наполеондун кулашы жана бурбондордун кайтышы жаңы капиталисттик мамилелердин бекилишине багытталган идеялык күрөштү токтото алган жок.

Улуу француз революциясы (1789–1799) мезгилдериндеги якобиндик террор жана Наполеон Інин согуш деспотизми ойчул адамдарды кайсы башкаруу формасы болбосун мамлекеттин зомбулугунан жеке эркиндиктин кепилинин маанилүүлүгүнүн жайын түшүнүү сезими курч алат. XIX кылымда либерализмдин социалдык-саясий концепциясы француз ойчулу Бенджамин Констан (1767–1830) жана британдыктар Иеремий Бентам (1748–1832) жана Джон Стюарт Милль (1806–1873), немец ойчулдары Вильгельм фон Гумбольдт

(1767–1835) жана Лоренц Штейн (1815–1890) жана башкалар менен байланышкан.

Либералдар Батыш Европа өлкөлөрүндөгү капиталисттик мамилелердин өнүгүшүн жана бекемделишин түшүндүргөн жана акташкан, алар буржуалык укук жана эркиндиктерди, адегенде инсандын эркиндигин жана өнөр-жай конкуренциясын, жеке менчиктин кол тийбестигин негиздешкен. Буржуазия көктүк менен сословиялык артыкчылыкты реставрациялоого каршы чыгып, бирок республикалык жетишкендиктерден баш тартууну тааныса деле, жеке менчик укугун коргошкон. Бул идеологияны XIX кылымдын биринчи жарымында Б. Констан жана А. де Токвиль билдирген.

Буржуазиянын бийлигинин идеологиялык негизделишине маанилүү ролду **Констан де Ребек Бенджамин Анри** (1767–1830) – француздук саясий ишмер ойногон. Либерализмдин идеялык агымынын өкүлү, анын чегинде конституциялык мамлекеттин принциптериндеги мамлекеттин зомбулугунан корголгон индивиддердин эркиндигин негиздейт. Анын 1767–1830-жж. «Конституциялык саясаттын курсуна» бириккен лекцияларында жана чыгууларында мамлекет тууралуу либералдык окуусунун негизги жоболору айтылган.

*Индивидуалдык эркиндиктердин көйгөйлөрү*. Констан саясий жана жеке эркиндикти ажыратат. Биринчиси полистик бийликти коллективдүү ишке ашыруу, полисти башкарууга түздөн-түз катышуу жана публикалык бийликке индивиддин баш ийүүсү. Байыркы элдер саясий эркиндикти гана билишчү, алар бийликти ишке ашыруу укугуна (мыйзамдарды кабыл алуу, сот акыйкатында катышуу, кызмат адамдарын шайлоо, согуш жана тынчтык маселелерин чечүү ж.б.) катышуусун гана билишчү.

Экинчиси – жеке көз карандысыздык, өз алдынчалык, мамлекеттин функцияларын аткаруудагы ар бир индивиддин туруктуу катышуусу. Констан боюнча, жаңы элдер эркиндикти башкача түшүнөт. Саясий бийликте катышуу укугу азыраак бааланат, себеби мамлекет бир жарандын добушу чечүүчү маанини ойнобойт – бул жеке, жарандык эркиндик, ал мамлекеттик бийликтен индивиддердин көз карандысыздыгында турат.

*Элдин чексиз эгемендүүлүгүн сындоо*. Констан Руссонун жана башка элдик эгемендүүлүктүн жактоочуларынын теориясын сынга

алып, аларды байыркыларды жандап, эркиндикти бийлик менен теңеген. Бирок элдин чексиз бийлиги жеке эркиндикке коркунучтуу деген. Констан боюнча, адамдын материалдык жана рухий автономиясы практикалык жана саясий жактан биринчи орунда турат. Саясий турмушту уюштуруу, мамлекеттин институттары инсандын жана ассоциациялардын укуктарынын фундаментинен өсүп чыгат.

Укук сактоо – саясий институттардын ишмердигинин борбордук маселелеси. Мамлекеттеги жеке эркиндиктин кепили – зомбулукка туруштук берүүчү укук. Укук – «адам коомунун периштеси», социалдуулук болумушунун ыкмасы, «адамадар арасындагы мамилелердин жалгыз мүмкүндүү негизи».

Мамлекет алсыз болбошу керек. Бийлик органдарынын ыйгарым укуктарынын чегин катуу аныктоо мамлекеттик бийликтин компетенциясынын  акылга сыярлык көлөмүн сүрөттөйт. «Өкмөттүн чегинен чыгышынын кереги жок, бирок бийлик бул чөйрөдө чексиз болуусу керек». Өтө актуалдуу болуп Констандын мамлекетти башкаруучу катары ойлогону (азыркы терминология боюнча – менеджер).

Б.Констан, мисалы, коомдук турмуштун табигый түзүлүшүн пирамида түрүндө элестеткен, анын негизи кылып инсандын укуктарын, чокусу кылып – мамлекеттин функцияларын, алардын адамдын жеке укук жана эркиндигин камсыз кылууга багытталганын айткан. Констан боюнча, мамлекет инсанды коргоого жана анын ишмердигине максималдык эркиндикти кепилдик кылуу үчүн түзүлөт дегени.

Констан Монтескьенин бийликти бөлүштүрүү теориясын кайрадан карап чыккан жана эркиндикти түшүнүүдө Монтескьенин эркиндик түшүнүүсүнө карама-каршы коет. Эгерде Монтескье эркиндикти « мыйзам уруксат кылган нерсенин баарын кылуу укугу» десе, Констан болсо, так ошол мыйзамдар ушунчалык тыюуларды камтып, эркиндик таптакыр жок болушуна алып келет деген. Мисал катары – мыйзамдын аркасы менен орнотулган Конвенттин деспотизмин келтирген. Констан үчүн мыйзам – жеке эркиндиктин кепили, бирок Монтескьеден айырмаланып, ал мыйзамды абсолюттук баамдуулук катары элестеткен эмес.

Конституциялык монархия Констандын саясий идеалы катары, «нейтралдуу бийлик», мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтеринен көз карандысыз, ошол себептен алардын кооперациясын

камсыз кылууга жөндөмдүү. «Король бир да бийлик экинчисин кулатпоосуна толугу менен кызыктар, тескерисинче ал бийликтердин бирин-бири колдошун жана ынтымакта жана гармонияда болуусун каалайт».

Өмүр бою Констан эркиндикти жактаган; муну ал өзүнүн башкы сиңирген эмгегим деп көрөт. Констандын инсандын кызыкчылыгы коомдук кызыкчылыктын үстөмдүгүнөн талашсыз экендиги, укуктук мамлекет теориясынын калыптанышына белгилүү ролун ойногон.

**Алексис де Токвиль** (1805–1859) – француз саясатчысы, тарыхчы жана мамлекеттик ишмер. Эмгектери: «Америкадагы демократия тууралуу»; «Эски режим жана революция».

Токвилдин иштеринин негизги жоболору:

*Демократия концепциясы*. Демократиядан ал доордун салтанаттуу кубулушун көргөн. Токвиль АКШ жана Франциянын тарыхый тажрыйбасын салыштырган. Эркиндикке жана демократияга олуттуу жолтоо деп – бийликтин өтө эле борбордоштуруусун эсептеген. Демократияны ал феодализмге карама-каршы коюп, сословиелик чектөөлөрдү билбеген, эркиндиктин жана теңдиктин балансын тургузган коомдук түзүлүштү трактовкалаган.

Демократиянын эки артыкчылыгын белгилеген – көпчүлүк жарандардын бейпилдиги жана алардын саясий эркиндиктерин камсыздоо. Токвиль бул түзүлүштүн кемчилигин көрсөткөн (мисалы, көпчүлүктүн деспотизми азчылыкка өзүнүн эркин таңуулоосу). «Демократия эркиндикке жана теңдикке умтулууга негизделет, бирок ал өзү бул умтулууну көзөмөлдөшү керек жана социалдык жарылуудан качышы зарыл». Индивиддердин обочолонуусу, жеке турмуштун тар чегинде бекиниши, коомдук иштерден четтеши – өтө коркунучтуу тенденция. Бул – демократия доорундагы жаман жөрөлгөлүү социалдык оору.

Токвилдин салымы, анын демократиянын саясий негиздерин белгилегени:

1. Бийликтин бөлүнүшү;

2. Жергиликтүү (общиналык) өзүн-өзү башкаруу элдик эгемендүүлүктүн булагы. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу – демократия мектеби. Ал эркиндикке жол ачат жана аны пайдаланганга үйрөтөт, саясий жана укуктук аң-сезимди калыптандырат.

3. Басма – сөз эркиндиги;

4. Диний сабырдуулук;

5. Арачылар соту;

6. Соттордун көз карандысыздыгы;

7. Өкүлчүлүк башкаруу (монархия же республикага карабастан).

Токвиль түшүнгөн, ажыратып алынган теңчилдик да, эркиндик да чыныгы адамдын жашоосунун толук кандуу шарттары боло албасын. Бара-бара теңчилдикти орнотуу сөзсүз боло турган жогору жактын күн мурун белгиленген жолу деген. Токвиль демократиянын жана теңчилдиктин келечегин, ар кайсыл индивиддердин коомдук абалын, алардын старттык мүмкүнчүлүктөрүнүн экономикалык, социалдык, саясий турмушундагы теңчилдигин түшүнгөн.

Токвилдин ою боюнча, адамдар теңчилдикти эркиндикке караганда жогору коет. Демократия теңчилдиктин жана эркиндиктин тыгыз шериктешинен (балансынан) гана мүмкүн болот. А. де Токвиль вульгардык-утилитаристтик кыялдануунун сындайт. Ал, эркиндиктен бир заматта бардыгын жана ар биринин жыргалын камсыз кыла турган укмуштарды күтсө болбосун айтат. «Ким эркиндиктин өзүн эмес, эркиндиктен башка бир нерсе издесе, ал адам кулчулукка жаралган».

Токвиль – демократиянын белгилүү теоретиги жана ошол эле убактагы либералы, ал чындыкты терең түшүнгөн жана либерализмдин демократияга карай барышын айткан.

## Немецтик либерализм. В. Гумбольдт, Л. Штейн

**Вильгельм фон Гумбольдт** (1767–1835) – немец филологу, философ, тилчи, мамлекеттик ишмер, дипломат. Окумуштуу Александр фон Гумбольдттун улуу агасы. «Мамлекеттин ишмердигинин чектерин аныктоо тажрыйбасына караштуу идеялар» аттуу ишинде ал эркиндиктин баамдуулугун мыктуулукка жетүүнүн максатындагы жеке өзүн-өзү өнүктүрүүнүн мааниси деп негиздеген.

*Адам жана мамлекет*. Мамлекетти кароодогу жалпы позициясы – гуманисттик индивидуализм. Аны мамлекет так өзү кызыктырбастан, адамды мамлекет менен салмактоо болгон. Негизги маселе: «мамлекеттеги адамга жагымдуу абалды табуу».

*Мамлекет жана жарандык коомду салыштыруу*. Гумбольдт коомду жана мамлекетти дифференциациялоо линиясын кармайт

(«жарандык коом»). Бул дифференциациянын чектери болуп алардын ортосундагы айырмалары: 1) улуттук мекемелердин системалары (индивиддердин өзү аркылуу уюмдардын, шериктештердин, ар кайсы бирикмелердин, төмөн жактан калыптанышы) жана мамлекеттик институттар жана кызматтар; 2) «табигый жана жалпы укук» жана позитивдик укук менен алардын түздөн-түз мамлекет аркылуу түзүлүшү; 3) «адам» жана «жаран» менен айырмаланышы.

Мамлекеттин максаты – коомго кызмат кылуу. Бирок ал «коомдун» аркасынан коомду түзүүчү өзүнчө индивидди көрөт. Анын мамлекетти байкоодогу натыйжасы: Мамлекеттик түзүлүш эркиндикти чектөө менен дайыма байланыштуу, ошондуктан ага «жаал, мейли зарыл « болсо да башкача карай албайсың дейт.

*Мамлекеттин патерналисттик ролун четке кагуу*. Мамлекет ата сыяктуу адамдарды асырап, патерналисттик миссиясын мойнуна алса, индивид жана улут үчүн олуттуу өзгөчө коркунуч түзөөрү шексиз. Мамлекет тараптан туруктуу жардамды күтүү, натыйжада адамдын иш кылбашына, жардылыкка алып келет. Гумбольдт жарандардын мамлекет башкаруучунун, өкмөттүн же аткаминерлердин аларга кам көрүүсүнө үмүт кылуусу, алардын эркин жана энергиясын бошоңдотот, турмушта кезиккен көйгөйлөрдү өз алдынча чечүүнү, кыйынчылыкты жеңүүнү таштатат дегени.

Гумбольдт укуктук мамлекеттин жактоочусу катары, минималдык мамлекет идеалын формулировкалайт жана анын функцияларын азайтуусун айтып чыгат. Ал мамлекеттин, жарандардын ички турмушуна жана иштерине кийлигишүүсү жалпы бир түрдүүлүктүн орношуна алып келип, өз кезегинде инсанды басынтат деген.

Буржуаздык жашоо мүнөздүн өнүгүүсү жана социалдык теңсиздиктин өсүшү менен европалык өлкөлөрдүн коомдук кыймылында улам кенен тараган социализм жана коммунизм идеялары күч алат. Аларды сындоо менен немец юристи **Лоренц фон Штейн** (1815–1890) чыгат. Анын теориясы: «Франциядагы социалдык кыймылдын 1789-ж. биздин күндөргө чейинки тарыхы» (үч том), «Башкаруу туралуу окуу», «Германиянын мамлекет жана укук илиминин учуру жана келечеги» эмгектеринде каралган.

Лоренц Штейндин либерализми индивид, анын укуктары, менчиги тууралу доктринасында ачык билинген.

*Индивиддин укуктары.* Индивидди кыймылдатуучу башкы мотив, жеке максатты ишке ашыруу умтулуусу; анын маңызы – табуу, даярдоо жана жыргалчылыкты көбөйтүү. Инсан өндүргөн убайлар өзүнө таандык, өзүндөй эле кол тийбес болот. Мындай убайдын кол тийбестигин укук десе болот.

Адам башка адамдардан көз каранды, ошондуктан алар менен кызматташтыгы керек, себеби жалгыз өндүрүш ишмердиги менен өз максатына жете албайт.

*Эмгекти бөлүштүрүү жана менчик.* Турмуш законуна ылайык эмгекти жана мүлктү бөлүштүрүүдө ким аларга ээ болсо, алардан дайыма көз карандылык болот. Мындай бөлүнүүнү таптакыр жок кылууга болбойт.

Мамлекет жана эркиндик. Коом – өз алдынча социалдык түзүм, анда индивиддер бири-биринен бардык жактан көз каранды болуп биригет жана ар бири жеке эрки менен аракетин жасайт.

Коомдун жогорку формасы – мамлекет – ар кайсы жеке аракеттердин органикалык биримдигин камсыздайт, жалпы эрктин персонификацияланган организмин билдирет. Мамлекеттин уюму эркиндикти камсыздайт – мамлекет негиздеген принцип. Коомдун негизинде боштондук принциби жатпайт. Коом мамлекетти өзүнүн келбетине жараша конструкциялайт, мамлекет болсо өзүнө ылайык коомдук түзүлүштү түзөт, анда коомдун ички элементтерин көзөмөлгө алат.

*Мыйзам чыгаруу бийлигинин үстөмдүгү.* Аткаруучу бийликтин мыйзам чыгаруу бийлигине баш ийиши, укуктук мамлекетке жетүүсүн кепилдейт.

«Башкаруу укугу конституцияга таянат жана мыйзам менен буйруктун укуктук ажыратуусу бар болот». Укуктук мамлекеттин оптималдык формасы – *конституциялык монархия*. Борбордук фигура – падыша, ал коомдогу партикулярдык кызыкчылыктарга жол бербейт, адамдарга жалпы кызыкчылыктын үстөмдүгүн камсыздайт. Коом өзү таптарга бөлүнөт, ошондуктан мамлекет таптан тышкаркы мүнөздө жана коомдун кээ бир бөлүктөрүнүн эгоисттик кызыкчылыктарынан бийик болушу зарыл. Бардыгынын кызыкчылыктарын конституция менен чектелген падыша гана камсыз кыла алат.

Штейн мамлекетти жана жарандык коомду айырмалайт. Жарандык коом эмгекти бөлүштүрүүгө негизделип, ал менчик формала-

рынан көз каранды жана таптарга бөлүнөт. Феодализм доорунда бул – дыйкандар жана көз каранды крестьяндар, капитализмде – капиталисттер жана жумушчулар. Бирок, эгерде коом тапка бөлүнсө, анда мамлекет таптан сырткаркы мүнөздө болуп, таптын эмес, коомдун кызыкчылыгын билдириши зарыл.

*Социалдык мамлекет*. Конституциялык монархия социалдык реформалардын мамлекети болуу менен калктын төмөнкү катмарынын абалын жана билимин көтөрүү кызыкчылыгында, эмгектин өндүрүмдүүлүгүн, керектөөлөрүн жогорку деңгээлге жана жогорку турмуш мүмкүнчүлүктөрүнө жеткирүү керегин айткан.

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу – локалдык деңгээлде мамлекеттик башкаруунун уюштуруу формасы, ал эл шайлаган, мамлекеттен делегат кылып жиберилген органдар жана кызмат адамдарынын аркасы менен жергиликтүү коомчулук ыйгарым укуктарынын чегинде башкарууну ишке ашырат.

Штейн башка немец юристтеринин иштелмелери менен катар «жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун мамлекеттик теориясына» негиз салат, жана ал ошол кезде кеңири тарайт. Инсандын саясий эркиндигин, ачыктыкты, парламенттик түзүмдү, ишкердик эркиндигин коргоо менен либерализмдин жалпы адамзат баамдуулугунун калыптанышына түрткү берип, азыркы таптагы цивилизациянын келбетин аныктаган.

## Россиядагы либерализм. М. Сперанскийдин проектилери

XIX к. биринчи жарымында Александр Інин падышачылыгында либералдык реформалардын проекттерин түзүү аракеттери кылынган. Башкы маселе болуп крепосттук укук маселеси болгон. Императордун тапшырмасы боюнча акылдаш жакындары дыйкандар маселеси тууралуу болочок кайра куруу проекттерин иштей башташкан.

Россиядагы реформа иштерине **Михаил Михайлович Сперанский** (1772–1839) – айылдык поптун үй-бүлөсүнөн чыккан таланттуу мамлекеттик ишмер зор салым кошкон. Ал Петербургдагы диний семинарияны бүткөн. Сперанский Александр Інин ишенимдүү адамы болот. Сперанскийдин жетекчилиги менен 45 томдон турган биринчи «Россия империясынын толук мыйзамдар жыйыны» (1830), ага

1649–1825-ж.ж. 31 миң мыйзам актылары кирип, 15 томдук «Россия империясынын мыйзамдар жыйнагы» (1832–1839) түзүлгөн. 1881–1913-жылдары мыйзамдардын үчүнчү жыйындысы жарык көргөн. Экинчи жыйындан Сперанский тирүү кезинде алты томун чыгарган.

Александр Iнин буйругу менен түзүлгөн М.М. Сперанскийдин мамлекетти кайта куруу проекттери 1809-жылы жарык көрүп ал «Мамлекеттик мыйзамдардын жыйнагына киришүү» деп аталган.

*Мамлекеттин жана укуктун келип чыгышы.* Үй-бүлөдөн мамлекетти көздөй багытта коом бир нече өсүү баскычын басып өтөт. Үй-бүлө уруучулук бирдикке, андан кийин бир нече уруудан турган шаардык («жарандык») коомго эволюцияланат. Мындай коомдордун бирикмеси мамлекетти пайда кылат.

Немец юристи Ф.К. Савиньидей, Сперанский тил сыяктуу эле, укук коомдук турмуштун («элдик дем») талаптарынын таасиринен келип чыгат деген. Мыйзамдар абстракттуу, так эмес доктриналардын негизинде жаралбашы керек. Муну менен ал чет элдик укук институттарын түшүнбөстөн эле туурай берүүнүн эффективсиздигин негиздеген.

Ал укукту субъективдик жана объективдик деп бөлөт. Субъективдик укуктун (jussubjectivum) аркасы менен адам өзүн, башка адамдарды жана башка нерселерди башкара алат. Объективдик право (juaobjectivum) мыйзам менен бирдей келет.

*Сперанский мыйзамдын үч группасы тууралуу*. Кудай – жаратылыш жана адамдын жогорку мыйзам чыгаруучусу жана түзүүчүсү. Сперанский мыйзамдарды 3 группага бөлгөн: жаратылыш мыйзамдары (табигый мыйзамдар), акыл-эстин мыйзамдары (физикалык), адепахлак (нравалык) мыйзамдар. Ал «табигый укукту» сындап, адамдардын түбөлүк жана башынан эле теңсиздикте болгонун, муну Кудайдын чындыгы деген: «Табигый укук жок, бирок табигый абал бар». Анын оюу боюнча, адамдар табигый абалда адамдык сапаттан ажыратылган (баарынан биринчи, акылдан). Адамдар негизинен жырткыч.

Жаратылышта физика закондору (адам кошо) иштейт жана жаратылыштын өзү менен аныкталат. Алар өзгөрбөйт жана бирдей, рационалдуу таанылат. Нравалык закондор адамга гана таасирин тийгизет жана жаратылыштын физикалык закондорундай милдеттүү күчкө ээ

эмес. Нравалык закондордо Кудай өзүнүн өкүлү адам аркылуу – абийирди билдирет. Ал эми мамлекет элдин жалпы эркине таянышы керек деген. Элдин кара күчүнөн аскер, элдик байлыктан – акча, урматтоодон – ызат көрсөтүү келип чыгат.

Сперанский мамлекеттин башкаруу системасын эки башкаруу формасына бөлөт:

1) сырткы, мыйзам базасын уюштуруучу;

2) ички, бардык деңгээлдеги мамлекеттик бийликтин түзүмүн көрсөтөт.

*Мамлекеттин максаты* – инсандын табигый укуктарын сактоо. Коом мамлекеттүүлүктүн деспотиялык формаларын жок кылуу жолу менен келе жатат. Мамлекеттик башкаруу системасын кайра куруу максаты – самодержавиелик жеке жана мамлекеттик бийликтин зомбулугун чектөөчү конституциялык монархия зарыл.

Мыйзам гана болуп, реалдуу иш жүзүнө ашпаса, конституция күчсүз болот. Кайсы бийлик болбосун, ал абсолюттук (чексиз) болууга умтулат, ошондуктан ага конституция туруштук бере алат. Ошол себептен мамлекеттин маселеси – негизги мыйзамды реалдуу күч менен колдоо. Мындан Сперанский принциптерди чыгарат:

мамлекеттик бийликтин бөлүнүш принциби – ага ылайык, бирдиктүү

мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот бийлиги болуп өз алдынча жана бири-бирине көз карандысыз бөлүнө турган конституциализмдин негизги принциби; борбордук жана жергиликтүү органдардын өз ара бөлүнүш принциби.

*Бийликтин бутактарын башкаруу*. Бийлик бутактарынын башында император жана Мамлекеттик кеңеш – мамлекеттик бийликтин үч бутагынын ишмердигин жетектеген өзгөчө башкаруучу борбор. Мамлекеттик кеңеш императорду мамлекетти түздөн-түз башкаруудан четтеткендей.

Мыйзам чыгаруучу бийлик эки палаталуу Мамлекеттик думанын (ар жерлерде губерндик, аймактык жана волосттук думалар түзүү) колуна берилет жана ал мыйзамдарды талкуулайт жана кабыл алат. Мамлекеттеги бардык эркиндиктердин кепили – конституция болушу зарыл. Мамлекеттик думанын төрагасы депутаттардан турган палатадан шайланат. Мамлекеттик кеңешти император каалоосу боюнча

тарата албашы керек. Мыйзамдардын бардыгы Мамлекеттик дума аркылуу кабыл алынып, андан кийин император колдоп элге таратышы зарыл.

Аткаруу бийлигинин башында Өкмөт сенаты (ар жерлерде губерндик, аймактык жана волосттук башкаруу түзүү менен) турат. Иш жүзүндө аткаруу бийлигин император башкарат, бирок ал мыйзам бийлигине жопкерчиликтүү. Өкмөттүк сенатты Мамлекеттик дума түзөт.

Сот бийлигинин башында Сот сенаты (ар жерлерде губерндик, аймактык жана волосттук сот бийлигин түзүү менен) өмүр бою турат жана анын чечими акыркы болот да император ага таасир эте турган каражаты болбойт.

Сот чиндери губерндик думалардын мүчөлөрүнөн турган мамлекеттик шайлоо тизмесинен тандалат. Мындай караса, Сперанский Александр Іге жана Россияга бийликти бөлүүнү жана өкмөттү парламенттик принцип менен түзүүнү англис үлгүсүнүн парламенттик монархиясынын проектисинен сунуштаган.

*Крепосттук укукту реформалоо.* Сперанский – орточо либерализмдин жактоочусу. Ал дыйкандарды тез бошотууга каршы болгон, себеби бул мамлекеттин экономикалык абалына жана дыйкандардын жеке абалына таасир этээрин айтып, крепосттук укукту эки этапта жоюуну сунуштаган. Бара-бара дыйкандардын көз карандысыздыгын жоюп жана дыйкандардын салыктарын мыйзамдык жөнгө салуу менен баштоо керек деген. Кийинчирээк Сперанский дыйкандардын бир жер ээлөөчүдөн экинчисине өтүү мүмкүндүгүн да сунуштаган.

Сперанский укуктук (мыйзамдарды сактоо) монархиялык мамлекет идеясы жана сөз жана басма сөз эркиндигин киргизүү, реформанын кезинде мамлекеттин алдында дворяндын да, дыйкандын да укуктарын теңдөөнүн (саясий эркиндик) идеялары менен чыккан. Жарандык укуктар бардык эркин россияндарда болуу менен, саясий эркиндиктерге менчикчилер ээ болуусу зарыл. Сперанскийдин катышуусу менен мектептерге бардык сословиелердин балдары бара баштаган (1804-ж. мектеп уставы) жана жаңы университеттер ачылган: Казань, Харьков, Вильнюс, Дерпт; лицейлер: Демидов, Нежин жана Царскосельский. Жогорку чиндерди университеттик билимден кийин гана алуу мүмкүн болгон.

Сперанскийдин проекттери чечкиндүү жана конкреттүү болгондуктан, аны Николай I «монументалдык» деген. Сибирдин генерал-губернатору болгон кезинде Сибирь жана Казахстан элдеринин адат укугун кодификациялайт («Сибирди башкаруунун Уложениеси»). Бул акты XX кылымдын башына чейин колдонулган. 1835-ж. Сперанскийдин сунушу менен Императордук укук таануу училищеси ачылган. Ал уставын иштеп чыгып, ал жерден атактуу укук таануучулар чыккан.

Николай Інин буйругу менен Сперанский – рекруттук, векселдик жана соода ишмердигинин уставдарын түзгөн. 1838-ж. Сперанскийдин сунушу менен ар бир губернияда «Губерн ведомосттору» чыга баштаган.

## Мамлекет жана укуктун марксисттик теориясы

XIX к. либерализм жана консерватизм менен катар мамлекет жана укуктун илимий-социалисттик доктринасы калыптанган, аны сынчыл-социалисттик десе болот. Бул агымдын саясий оюнун көрүнүктүү өкүлдөрү **Карл Маркс** (1818–1883) жана **Фридрих Энгельс** (1820–1895).

Марксисттик саясий-укуктук окуунун көз карашынын негизин экономикалык материализм түзгөн, негизги жобосу болуп саясий-укуктук кубулуштардын адамдын ишмердигинин саясий-укуктук кубулуштары менен болгон детерминациясы.

Марксизмдин саясий-укуктук доктринасынын идеялык булактары болуп: англис политэкономдорунун окуулары (Д. Рикардо, А.Смит); улуу француз тарыхчыларынын эмгектери (О.Тьерри, О.Минье, Ф.Гизо); булар саясий-укуктук кубулуштардын коомдогу болуп жаткан таптык күрөштөн көз карандылыгын көрсөтүшкөн.

Марксизм Гегелдин философиясы берген изилдөөнүн диалектикалык ыкмасын курал катары алган. Француз жана англис социал-утописттер ошол убактагы мамлекет жана укуктун буржуаздык мааниси тууралуу жоболорду иштеп чыгуу менен, социалдык революциянын сөзсүз болоорун, капитализмден социализмге, андан коммунизмге өтүү жолунда диктатуранын зарылчылыгын, ошондой эле коммунизмде мамлекеттин бара-бара жок болушун болжолдошкон. Мындан

тышкары, марксисттик теориянын өзүнчө жоболоруна Маркс жана Энгельс аеосуз сындаган либералдар да олуттуу таасирин тийгизген.

*Марксизмдин саясий-укуктук доктринасы.* Маркс жана Энгельстин биргелешкен ишинде «Коммунисттик партиянын Манифести»; «Гегелдик укуктук философиянын сыны»; «Луи Бонаparттын 18 брюмери» ж.б. Энгельстин эмгектеринде: » Үй-бүлө, жеке менчик жана мамлекеттин келип чыгышы», «Дюрингге каршы» аттуу иштеринде айкындашкан.

Мамлекет жана укукту Маркс жана Энгельс тарыхый, б.а. убакыт менен чектелген өтүп кетүүчү категориялар дешкен. Деталдуу түрдө мамлекет жана укуктун келип чыгышын Энгельс иштеп чыккан. Ал Л.Г.Моргандын «Байыркы коом» деген ишин сындоо менен мамлекеттин жана укуктун калыптанышындагы төмөнкү баскычтарды белгилеген: коомдук эмгектин бөлүнүшү жана үй-бүлөнүн пайда болушу; жеке менчиктин келиши; таптар жана мамлекеттин пайда болушу, аны менен бирге укуктун да пайда болушу.

Бул жерде Энгельс таптык мааниси боюнча мамлекеттердин формациялык типологиясын көрсөтөт: кул ээлөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык. Бирок бул жалгыз мамлекеттин келип чыгыш илимий теориясы авторлордун пикиринде, көпчүлүк мамлекеттерге туура келбеси айтылган.

Маркс жана Энгельстин ою боюнча, мамлекет таптардын экономикалык кызыкчылыктары карама-каршы келип коомдун бөлүнүп-жарылуусунун натыйжасында пайда болгон дешет. «Мамлекет үстөмдүк кылуучу таптын гана мамлекети болот жана таптарды эзүүнүн, эксплуатациялоонун машинасы.» Алар мамлекет жана укукту, коомдун экономикалык түзүмү болуп турган обьективдик өндүрүш мамилелердин жыйындысынын негизинде белгилүү бир менчиктин формасы менен шартталган кубулуштар деп трактовкалашкан.

Менчик, анын ичинде өндүрүш каражаттары экономикалык мамилелердин катышуучуларынын ортосунда текши бөлүнгөн эмес: бир таптыкы кадимкидей өндүрүш каражаттары бар (жер, капитал), башканыкы эмгекке гана жөндөмү бар (булар кул, дыйкан, пролетарий). Жумушчуда өндүрүш каражаттары жоктугу аны өзүнүн эмгегинин продуктыларына болгон ээликтен ажыратууну, таптык бөлүнүүнү жана таптык күрөштү туудурат.

*Базис жана надстройка тууралуу окуу.* Социалдык-экономикалык чөйрө юридикалык саясий жана идеологиялык надстройканын базиси болот. Мамлекет жана укук надстройканын бөлүгү катары мына ушул өндүрүш системасында экономикалык жактан үстөмдүк кылуу менен, таптын эркин жана кызыкчылыктарын билдирет. Мамлекет жана укуктун таптык мүнөзүн тааныгандыктан алар таптардын сөзсүз түрдө жок кылынуусу, таптардын таптакыр жоюлуп кетиши тууралу тыянак чыгарышкан.

Маркс жана Энгельстин ою боюнча, укук таптык мүнөзгө ээ. «Коммунисттик партиянын манифестинде» буржуазияга кайрылып Маркс жана Энгельс мындай деп жазышкан: «Сиздердин укугуңуздар мыйзамга көтөрүлгөн силердин таптын эрки, анын мазмуну силердин таптын материалдык жашоо шарты менен аныкталган». Маркс жана Энгельс мамлекет жана укукту надстройкалуу кубулуш, социалдык-экономикалык базистен көз каранды жана белгилүү өз алдынчалыгына ээ дешкен. Муну менен бир формациянын чегиндеги мамлекет жана укуктун формаларынын көптүгү түшүндүрүлөт.

Агартуучулар жана О.Конт сыяктуу, Маркс жана Энгельс адам коому жогорулаган линия менен өнүгөт деп эсептешкен. Коомдук өнүгүүнүн тепкичтерин коомдук-экономикалык формация деп Маркс атаган. Маркс коомдун өнүгүүсүндөгү прогрессивдик доорлор деп азиаттык, антикалык, феодалдык жана буржуазиялык коомдук-экономикалык формацияны эсептеген. Бир коомдук-экономикалык формация кийинки таптык күрөшүүдөн жаралып, анын жогорку формасы – социалдык революция. Ал эскирип кеткен өндүрүш мамилелердин тутумунун туруктуу өнүккөн өндүрүш күчтөрү (коомдук базис) менен кагылышып, саясий-укуктук жана идеологиялык надстройкада төңкөрүш социалдык революциянын натыйжасында болот дешкен.

Формациялар теориясы коомдун регрессин божомолдобойт, бирок бул теория адамзаттын тарыхында тастыкталбаган. Кийинчерээк Маркс жумушчу табынын саясий бийлигин пролетариаттын диктатурасы деп, ал эми анын кыймылын – коммунизмдин биринчи фазасы деген. Мында эмгек боюнча бөлүштүрүүгө байланыштуу буржуазиялык укуктун тар горизонту сакталат. Коммунизмдин экинчи фазасында бул принцип ишке ашканда мамлекет жана укуктун кереги жок болот.

*Марксизмдин салымы.* Марксисттик саясий-укуктук окуу көп туура жоболорду чыгарган: алар деталдуу түрдө мамлекеттик-укуктук кубулуштардын башка социалдык институттар, биринчи кезекте – экономикалык кубулуштар менен тыгыз байланышын талдашкан.

*Марксизмдин кемчиликтери.* Мамлекет жана укуктун маңызын жана келечегин баамдоодо алар ката кетирген. Маркс өлгөндөн кийин анын окуусу көп карама-каршылыкты жаратты: революциялык канат (Вильгельм жана Карл Либкнехти, Роза Люксембург, Владимир Ильич Ленин) – булар революциялык катуу диктатураны орнотууну талап кылган; реформисттик канаты – Карл Каутский жана Эдуард Бернштейн демократиянын жактоочулары болуп жумушчу тапты жалпы шайлоо укугуна ээ кылууну, басма-сөз, жыйын эркиндигин айтып чыгып, өкүлдүк мекемелердин толук бийлигин колдошкон.

**Адабий булактар:**


Бентам И. Основные начала гражданского кодекса // Бентам И. Избр. соч. СПб., 1867.

Бентам И. Введение в основания нравственности и законодательства. М., 1998.

Избранные сочинения Иеремии Бентама: В 3 т. СПб., 1867.

Констан Б. Об узурпации. О свободе: Антология западноевропейской классической либеральной мысли. М., 1995.

Констан Б. Принципы политики // Классический французский либерализм. М., 2000.

Берк Э. Размышления о революции во Франции. -М., 1993.

Местр Ж. де. Рассуждения о Франции. М., 1997.

Токвиль А. Демократия в Америке. М., 1994.

Остроух А.Н. Учение Бентама о праве. Краснодар, 2002.

Мачин И. Ф. История политических и правовых учений. М., 2005. Малахов, В.П. История политических и правовых учений: учеб. пособие / В.П. Малахов. – М.: Акад. Проект, 2003.

Чудинов А. В. Размышления англичан о французской революции: Э. Берк, Дж. Макинтош, У. Годвин. М., 1996.

Чудинов А.В. У истоков революционного утопизма. М., 1991. Штекли А. Е. Утопии и социализм. М., 1993.

Томсинов В.А. Светило российской бюрократии: Исторический портрет М.М.Сперанского. – М.: Молодая гвардия, 1991.

Чибиряев С.А. Великий русский реформатов: жизнь, деятельность, политические взгляды М.М.Сперанского. – М.: Воскресенье, 1993.

Предтеченский А.В. Очерки общественно-политической истории России в первой четверти XIX века. – М.-Л., 1957.

## 15-БӨЛҮК

# БАТЫШ ЕВРОПАДАГЫ САЯСИЙ ЖАНА УКУКТУК ОКУУЛАРДЫН ТАРЫХЫ (XIX к. ЭКИНЧИ ЖАР.)

1. *Философиялык позитивизм. О.Конт. Юридикалык позитивизм. Д.Остин*
2. *«Кызыкчылыктар юриспруденциясы» Р. фон Иеринг*
3. *Мамлекеттин дуалисттик теориясы. Г. Еллинек*
4. *Л.Гумпловичтин мамлекет тууралуу «зомбулук теориясы»*
5. *Г.Спенсердин мамлекет жана укуктун органикалык теориясы*

### 1. Философиялык позитивизм. О. Конт. Юридикалык позитивизм. Д. Остин

XIX к. биринчи жарымында Европанын социалдык-саясий жана философиялык ойчулдугунда көрүнүктүү болуп позитивизм (лат. positivus – оң, ыңгайлуу) – философилык багыт болуп, накта билимдин жападан-жалгыз булагы катары конкреттүү (эмпирикалык илимдерди) жарыялап жана философиялык теоретикалык изилдөөнүн таануучу баамдуулугун четке каккан.

Позитивизмдин негиздөөчүсү **Огюст Конт** (1798–1857) – француз ойчулу, социологияны илим катары түзгөн, коомду органикалык реформалоонун идеологу болгон. Конт коом тууралуу «позитивдик» илимди так илимдердин негизинде куруу менен, коомдун өнүгүү закондорун физиканын закондору сыяктуу таанып билүүгө умтулган.

О.Конт социологияга философияны да, саясий илимди да, укук таануну жана бүтүндөй коом таанууну киргизген. Позитивизм илимий билимди, анын ичинде саясий билимди философиялык метафизиканын жана теологиянын таасиринен биротоло бошотууга жана эмпирикалык билимге, байкоо жана эксперименттин табигый илимий ыкмаларын бардык тараптан колдонууну өнүктүрүүгө багыттаган. Төрт томдуу «Позитивдик саясаттын системасы» (1851–1854) аттуу ишинде О. Конт позитивдик социалдык-саясий тартиптин теоретикалык негиздерин көргөзгөн.

Мамлекеттин, саясий турмуштун өнүгүүсүн, коомдун өнүгүүсүндөй эле «адамдын акылынын абалынын» үч тепкичинен – теологиялык, метафизикалык жана позитивдик (илимий) болуусунан жана алардын алмашуусунан көз каранды экендигин койгон.

Биринчи тепкичте, диний көз караш үстөмдүк кезинде теократиянын саясий системасы пайда болот, алардын коомунун башында кечилдер, диний каада-салтты аткаруучу кызматкерлер болуу менен, саясий турмуш зордук-зомбулук жана согуш менен негизделет. Бул шарттарда эң эле кеңири тараган башкаруу форма болуп мураскердик жеке бийлик (монархия) эсептелет.

Экинчи тепкичте философ жана юристтердин үстөмдүгү келет. Бул сындын жана шектенүүнүн мезгили. Чечкиндүү ролду «орто таптар» (соодагерлер, кол өнөрчүлөр ж.б.) ойной баштайт. Алардын аристократия менен күрөшүндө революция туулат, ал анархияны, индивидуализмди жана демократияны шарттайт. Бийликке компетентсиз адамдар келип, мамлекетке өтө көп доо коюп, аристократия анархиялык республика менен алмашат.

Үчүнчү тепкичте, качан илимий, позитивдик аң-сезим орногондо, толугу менен аскер деми (агрессивдүү жана коргонуучу) жана аристократиянын ордуна өнөр-жай доорунун «социократиясы» келип, анын негизин контту позитивдик саясаты социологиянын колдонмо бөлүгү катары иштеп чыгуусун талап кылат. Бул баскычта илимий өнөр-жай доору – илимий саясаттын жогорку тепкичи, мыйзамдардын орношу, так илимдердин көмөгү менен жаратылышты баш ийдирүү жана кайта кубултуу келет. Булардын жардамы менен реставрация да, революция да жокко чыгат жана социократия – тартип жана прогресс коому келет.

Социократияда коомдун рухий жагын, башкаруу тажрыйбасын жана тарбиялоого сунуштарды иштеп чыгууну философ-позитивисттер, окумуштуулар жетектейт. Башкаруу бийлигин аз гана банкирлердин, өнөр-жайчылардын жана техникалык адистердин, окумуштуулардын көмөгү аркылуу ишке ашырат. Элдик масса компетентсиз деп реалдуу бийликтен четтетилет. Социократиянын маңызын анын лозунгу билдирет: «Сүйүү принцип катары, тартип негиз катары жана прогресс максат катары».

*Конт укук жана инсандын укуктары тууралуу.* Ар кандай адам укугу, ар кыл адам эркиндиги маанисиз анархия, эгерде ал кайсы бир мыйзамга баш ийбесе. Андыктан дин укугу жок болгондуктан, адамдын аркасына өзүнүн милдетин аткаруу укугун таануу зарыл. Конт боюнча «адам укуктары» бийлик тууралуу теологиялык түшүнүктөр менен күрөшүүгө козголгон жана талкалоочу ролду ойногон. Социократияда укук дагы, адам укуктары болбошу керек. Мында укук дин жана позитивдик саясат менен алмашат, ал эми инсандын укуктары –милдеттер менен.

*Социалдык тилектештик* (солидарность) тууралуу окуу. Конттун революция тууралуу окуусунда, «анархиялык жарылуулар» коомдук өнүгүүнүн патологиясы сыяктуу көрсөтүлгөн, социалдык тилектештик болсо – нормалдуу социалдык-саясий турмуштун керектүү негизи болуп, анын кайып болушу коомдун жана мамлекеттин кыйроосуна алып келээрин айткан.

Жыйынтыгында, Конт либерализм, демократия, социализм жана инсандын укуктарына жана эркиндиктерине каршылаш болуп чыгуу менен, алар тилектештикти бекемдөөгө тоскоолдук кылат деп ойлогон.

Конт – күчтүү авторитардык бийликтин жактоочусу. О. Конт позитивизмди «жалгыз" анык жана бардыгын камтыган, бардык социалдык-саясий көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү диндин рангына чыгарган.

Европанын өнүккөн өлкөлөрүндө буржуазиялык революциялардын натыйжасында укук системаларын, өзгөчө товардык-акчалай мамилелер менен байланышкан жеке укукта кайрадан өзгөртүүлөр кылынган.

## Юридикалык позитивизм. Д. Остин

XIX к. биринчи жарымында Англиядагы чыгарылган мыйзамдардын уламдан-улам көбөйүшү укуктун өзү тууралуу түшүнүктөрдү өзгөртөт.

Укукка болгон көз караш укуктун мыйзамдардын жыйындысы катары көз караш менен сүрүлөт. Укук уламдан-улам мамлекеттин саясатынын куралы жана саясий талап катары элестетилген.

Бул өзгөрүүлөргө ылайык бир катар укук таануучулардын юриспруденцияны «так илим» кылууга умтулуусу туура келет. Юридикалык көз караш талаптагы позитивдик укукта камтылган. Бул нерсе табигый укук теориясынын дуализмине каршы, б.а. позитивдик укуктун катарында бийигирээк мааниси бар жана мыйзамда ишке ашуусун талап кылуучу табигый укук тууралуу көз караштар.

Юридикалык позитивизмдин алгачкы өкүлдөрүнүн бири Бентамдын окуучусу **Джон Остин** (1790–1859) – англис юристи, юридикалык позитивизм мектебинин негиздөөчүсүнүн бири болгон. «Юриспруденция чөйрөсүн аныктоо» аттуу лекциялардын курсунда Остин Бентамдын утилитаристтик тезисин негиздеген (укук – суверендин жүрүм-туруму); позитивизмдин негизинде укуктун эмпирикалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган (укук факт катары). Остин моралдык категория менен иш жүргүзөт деп этиканы, укуктагы милдеттик түшүнүктү жана укук тууралуу илим – юриспруденция менен байланышкан мыйзам чыгармачылык тууралуу илимди ажыратат.

*Юридикалык позитивизмдин теориясы*. Укук – бул санкция менен камсыз болгон, эрежелердин жана типологиялык бөлүнүүлөрдүн жыйындысы. Мыйзамдар, зыян келтирүүнүн мыйзамдуулугун орното алат. Юриспруденциянын предмети – позитивдик укук.

Укуктун булагы – суверендик (эгемендүү) бийлик, ага көпчүлүк баш ийет.

Укуктун ченеми – суверендин өкүмдүк мажбурлоо нормасы. Санкциялык камсыз кылынган суверендин буйругу укук ченеми болот (позитивдик укуктун ченеми). Укук – милдеттерди орнотуучу жана аларды саясий санкцияларда ишке ашыруудагы кепилдерин табуудагы суверендин буйругу: табигый жана ажырагыс укуктар, ар кыл конструкциялар, алардын мамлекеттин жана акыл-эстин укук барын жана бул укуктук фикциялар экендиги; укук кыска жана кеңири мааниде түшүндүрүлөт. Кыска мааниде – бул позитивдик укук. Кеңири маанидеги укук диний, позитивдик укук жана позитивдүү моралдан турат; соттун чечимин укуктун бөлүгү катары кабыл алса болот: алар суверендин үндөбөй макулдугунан келип чыккан прецеденттик укугу.

Остин мыйзамдуулукту жакшыртуу үчүн укукту кодификациялоону сунуштаган. Остин юридикалык позитивизм мектебинин өкүлдөрү (К. Бергбом, Г.Ф.Шершеневич ж.б.) укуктун мамлекет менен

байланышкан маанисине көңүл бурган. Ошондуктан юридикалык позитивизм мектеби

табигый укук мектебинин укуктун акыл менен акыйкаттулук, тарыхый укук мектебинин «элдик демге» көңүл бурушунун теоретикалык альтернативасы болгон. Остин юридикалык позитивизм мектебинин классиги болгон. Ал англис жана дүйнөлүк юриспруденцияга чоң таасирин тийгизген.

### 1. «Кызыкчылыктар юриспруденциясы» Р. фон Иеринг

Юридикалык позитивизм өнүгүп бара жаткан жарандык коомдун укуктук кызыкчылыктарына туура келип, бирок бир катар курч социалдык көйгөйлөрүнө жоопту бербеген. Юридикалык позитивизмдин сыртында жарандык коомдун карама-каршылыктары жана конфликттери, социалдык процесстери, алардын өнүгүүсүн шарттоочу коомдун жана мамлекеттин салмагы калып калган. Бул факторлорду издөө саясий-укуктук теориялардын социологиялык, психологиялык жана башка концепциялар менен биригишине алып келген.

Социологиянын кээ бир идеяларын укук жана мамлекет теориясына биринчилерден болуп колдонгон жана «кызыкчылыктар юриспруденциясы» теориясын иштеп чыккан белгилүү немец юристи – **Рудольф фон Иеринг** (1818–1892) болгон.

*Көз караштарын аныктоо*. Иеринг «Укуктагы максат» (том 1 – 1872-ж.) аттуу китебинде заманбап укук жана мамлекетке социологиялык негиздеме берген. Анын теориясынын борбордук түшүнүгү болуп укукта камтылган – «кызыкчылык» түшүнүгү кирет. Анын оюбоюнча, юрист-теоретикке логиканын өзү эмес, болгону адамдардын турмуштун реалдуу кызыкчылыктары, б.а. башкысы, укуктун логикалык жана психологиялык аспекттери эмес, социологиялык-прагматикалык аспекттери маанилүү дейт.

Тарыхый укук мектебин сындоо.

«Укук үчүн күрөш» (1872-ж.) аттуу эмгегинде, Иеринг укук коомдун кызыкчылыктарын дайыма билдирген эмес дейт. Ал тарыхый укук мектебинин (Савиньи, Пухта) укуктун тилдей жана маданияттай тынч, башаламан жана оорутпай өнүгүү пикирин сындаган.

*Укукту «анатомиялык» жана «физиологиялык» изилдөө*. Иеринг укук таануута жагдай кылып органикалык дүйнөнүн болумушун универсалдык принциби катары күрөш концепциясына алып барат. « Укуктун өмүр сүрүүсү – күрөш, элдердин, мамлекеттик бийликтин, сословиелердин, индивиддердин күрөшү», «ар кандай укук күрөш менен табылышы керек».

Укук организм катары өнүгөт (Дарвиндин теориясы); аны аналитикалык (укук түзүмү) жана физиологиялык (укуктун максаттары жана функциялары) жактан изилдөөгө болот. Эгерде жаратылыш кубулуштары себептүүлүккө баш ийсе, адамдардын аракетинин себеби максаттар болот. Бардык адамдардын максаттары укук менен камсыз болот: «Максат – укуктун жаратуучусу». Иерингге заманбап коомдо бардыгы жалпы максатты көздөйт жана өз кызыкчылыктарында тилектеш; ошондуктан укук «жалпы кызыкчылыктын» билдирүүсү болот деген.

*Укуктун булагы – мамлекет*. Мазмунуна карата, укук – мамлекет коргогон коомдун кызыкчылыгы. Укук таануунун обьектиси – турмуштун баамдуулуктары жана адамдардын чыныгы кызыкчылыктары. Формасына карата, укук – милдеттүү жүрүм-турумдардын ченемдеринин суммасы.

Мамлекет жана укук Иеринг боюнча, бир тартиптеги нерселер. Индивиддердин эгоисттик кызыкчылыктарына каршы коомдун кызыкчылыктарын коргоо үчүн мамлекет болушу зарыл.

Мамлекет – укуктун жалгыз булагы. Укук мамлекетке карам-каршы турбастан, ага коштонду. Мамлекет социалдык мажбурлоо уюму катары укукту гана жаратпастан, анын өмүр сүрүүсүн камсыз кылуу менен, аны башкарат дагы.

*Субьективдүү жана обьективдүү укук*. Обьективдүү укук – мамлекет колдонуучу укук принциптеринин жыйындысы, турмуштун мыйзамдуу тартиби. Субьективдүү укук – инсандын конкреттүү ыйгарым укуктары. Ушул себептен укуктун «кандуу» өнүгүшүнүн, таптардын жана сословиелердин укук үчүн күрөшүүсүн Иеринг өткөн заманга такайт.

Иеринг өзүнө заманбап укукка болгон күрөштү, башка бирөө бузган учурдагы, индивиддин жеке субьективдүү укугун жактоосу деп караган.

Күрөшсүз укук, эмгексиз менчик жок.

*Күчтүү мамлекет бийлиги.* Мамлекеттик бийликтин алсыздыгы, араң жандыгы – мамлекеттин кечирилгис күнөөсү. Укук – мамлекеттин акылдуу саясаты. Укуктун жардамы менен жалпы кызыкчылыкты коргоо камсыз кылынат, мамлекет жана укуктун максаттары орундалат. Ал соттордун көз карандысыздыгына жана алмашпастыгына, алардын мыйзам алдында жоопкерчилиги, коомдогу бекем тартиби үчүн чыккан. Укуктук мамлекет теориясы тууралуу ишенбегендик менен караган. Мамлекет бөтөнчө учурда гана коомдук кызыкчылыктардын пайдасына тандоо кылат.

Иерингдин окуусу европалык саясий жана укуктук ойчулдугуна олуттуу таасирин тийгизген. Аны менен бирге башынан эле ишенбестикти жана резондук каршылыктарды жараткан.

## 2. Мамлекеттин дуалисттик теориясы. Г. Еллинек

**Еллинек Георг** (1851–1911) – немец юристи, мамлекет таануучу, юридикалык позитивизмдин өкүлү. Еллинек – мамлекеттин дуалисттик (плюралисттик) теориясынын түзүүчүсү – мамлекеттин юридикалык концепциясын укук таануудагы социологиялык багыт менен бириктирүү аракетин жасаган. Негизги эмгектери: «Мамлекет тууралуу жалпы окуу»; «Адам жана жарандын укуктарынын Декларациясы»; «Көптүү (плюралдык) шайлоо укугу»; «Азчылыктын укугу: Венадагы юридикалык коомдогу окулган доклад».

Юридикалык позитивизмдин формалдуулугун жеңип чыгуу үчүн, Еллинек мамлекетти эки ыкманын жардамы менен изилдейт – социологиялык жана юридикалык. Юридикалык ыкманын жардамы менен Еллинек мамлекетти юридикалык феномен катары – анын аймагын, калкын, бийлигин, мамлекеттик органдарын ж.б. абстракттык ченемдик-укуктук түшүнүктөрдүн жардамы менен таза юридикалык байланыштардын жыйындысы катары караган.

*Социологиялык ыкма*. Бул ыкма менен Еллинек мамлекетти «массалык социалдык кубулуш» катары – анын жаралышын жана эволюциясын, башка социалдык кубулуштар менен болгон өз ара байланышын изилдеген.

Мамлекет социалдык кубулуш катары алгачкы үстөмдүк кылуучу бийликке ээ болгон отурукташкан адамдардын шериктеш биримди-

гин; ошол эле мамлекеттин укуктук мааниси «корпорация» (юридикалык инсан, укук субъектиси) дегенди билдирет. Ар кандай аспекттерде (ченемдик жана социалдык) укук да изилденет деген.

Мамлекеттин тамырында индивиддердин жалпы максаты менен бириккен жеке субьективдик аң-сезими аркылуу жаралган башкаруунун эрктүү же саясий мамилелери жатат. Ушунун негизинде Еллинек мамлекеттин объективдүү мүнөзүнөн баш тартат, бирок ошол эле учурда бийликтин эгемендүүлүгүн буйруучу бийлик деп таанылган. Бирок, толук бийликтүү укуктук субьекти катары эгемендүүлүк мамлекеттин негизги касиети боло албайт деген. Аны «отурукташкан адамдардын» максаттуу, шериктеш бирикмеси катары караган да, Еллинек жарандык коомду коргойт жана укуктук мамлекеттин концепциясын түзөт.

Еллинектин укуктук көз карашы юридикалык позитивизмдин деминде каралган: «Укук сырткы авторитеттен чыккан адамдардын өз ара мамилесинин ченемдеринин сырткы каражаттары менен кепилдүү болгон жыйындысын билдирет». Укук обьективдүү түрдө калыптанат: бир жагынан, адамдын жаратылышынын таасиринен, башка жагынан – турмуш жана коом индивидке талап кылган муктаждыктардан. Укук мамлекетте үстөмдүк кылган эрктин продуктысы эмес.

*Укук – бийлик эркинин актысы*. Бүт мамлекеттик бийлик букаралардын баш ийүүсүнөн турат. Еллинек укук түшүнүгүн эркин акты менен байланышта карайт. Укук мамлекеттик бийлик тараптан санкцияны колдонгондо гана мааниге ээ болот. Эл мамлекеттик иштин жүрүшүнө шайлоо укугу аркылуу таасирин тийгизет: депутат мыйзам боюнча шайлоочулардын алдында отчет бергенге милдеттүү эмес, бирок алардын накта көзөмөлүндө турат; элдин таламына ылайык келбеген парламент бийликте көпкө кармалбайт деген.

Еллинектин концепциясынын программалык бөлүгү Германия империясындагы жана башка өлкөлөрдөгү парламент тибиндеги өкүлдүк мекемелердин өнүгүүсүнө негиз түзүү менен, ал мамлекеттин укуктук жана социалдык маанисин бириктирүү аракетинде турган.

Кийинки мезгилдерде Еллинектин окуусунун негизинде укуктун «таза» нормативисттик теориясы бир жагынан, Г. Кельзен тарабынан экинчи жагынан – мамлекет жана укуктун психологиялык теориясы (Л. Петражицкий) пайда болгон.

## 3. Л. Гумпловичтин мамлекет тууралуу «зомбулук теориясы»

Мамлекеттин келип чыгышы тууралуу зомбулук теориясы ар кандай авторлор менен кылымдар бою каралган. Алгачкылардан болуп бул теорияны Шан Ян (390–338 б.э.ч.) – кытай саясатчысы киргизген. XIX к. аягында бул теорияны Евгений Дюринг (1833–1921) – немец философу, Карл Каутский (1854–1938) – германдык жана дүйнөлүк социал-демократиялык лагердин лидери жана Людвиг Гумплович (1838–1909) – австриялык укук таануучу жана социолог негиздешкен.

Иерингдин концепциясы XIX к. экинчи жарымындагы австриялык мамлекет таануучу, Австрияда мамлекеттик укуктун профессору, 1985-жылдан тартып – Париждеги Эл аралык социология институтунун вице-президенти **Людвиг Гумпловичтин** (1838–1909) көз караштарына шайкеш келчү. Негизги эмгектери: «Раса жана мамлекет» (1875); «Жалпы мамлекеттик укук» (1877). Мында социология позициясынан («социал-дарвинизм») мамлекеттин жаралышын, маңызын, уюштуруу көйгөйлөрүн карап төмөнкү тыянактарга келет.

Гумплович мамлекет жана укуктун көп кырдуу турмушун формалдуу – догматикалык түшүнүктөргө батыруу аракети үчүн юридикалык позитивизмге катуу каршы чыккан. Мамлекет жана укукту формалдуу-логикалык түзүм жана конструкциялар катары изилдебестен, социалдык кубулуштар менен байланыштагы социалдык ишмердиктин фактылары менен жалпы социологияны, этнографияны, тарыхты, антропологияны кеңири колдонуу керектигин айткан. Так ушул көз караштı Гумплович социологиялык деп атап, аны догматизм жана метафизикага карама-каршы коет.

*Мамлекеттин келип чыгышы*. Жашоо үчүн күрөш – социалдык турмуштун башкы фактору. Илгерки заманда уруулардын ортосундагы мүлк үчүн согушта жеңилип калган тарап жок кылынчы. Кийинчирээк адамдарды кулдарга айланта баштаашты. Үстөмдүк абалды бекемдеш үчүн адамдар уюштуруу чараларын колдонду да, натыйжасында мамлекет пайда болду.

Гумплович саясий бийликтин келип чыгышын жана башкы негизинин себебин экономикалык мамилелерден эмес, басып алуудан, зомбулуктан, башка урууларды кулдарга айландыруудан көргөн.

Мындай зомбулуктун натыйжасында мамлекеттин карама-каршы элементтеринин бирдиги пайда болот: башкаруучу жана баш ийгендердин бирдиги, бийликтүүнүн жана бийликке баш ийүүчүлөрдүн, мырзалардын жана кулдардын, жеңүүчүлөрдүн жана жеңилгендердин бирдиги деген.

Кудайдын көрөгөчтүгү, коомдук келишим же эркиндик идеясы эмес, болгону каршылаш уруулардын кагылуушусу, күчтүн орой артыкчылыгы, күрөш, ойронун чыгаруу; иши кылса зомбулук – мына ушул мамлекеттин «ата-энеси жана киндик энеси», деп Гумплович айтып чыккан.

*Зомбулук теориясы*. Гумпловичтин концепциясына жараша, мамлекет – «табигый нерсе» (б.а. зомбулук жол менен) бир уруунун башка уруунун үстүнөн үстөмдүк кылуудан пайда болгон уюм.

Мамлекет – мажбурлоо, зомбулук органы. Коомдун бар болуусу мамлекеттин мажбурлоосу болмоюн мүмкүн эмес. Гумплович мамлекеттин пайда болушунда да зомбулукту көргөн. Укук зомбулуктан пайда болгон жана бүтүн бойдон өзүнүн жаралышы жана кийинки өмүр сүрүшү менен мамлекеттин алдында милдеттүү. Бир тайпа башка тайпага кылган зомбулук жана үстөмдүк факты көнүмүштү жаратып, ал салтка жана укукка айланган.

Адамдын ажырагыс укуктарын четке кагып, Гумплович аларды – иллюзия, кыялдануу, өзүн-өзү кудай деп таануунун жемиши, адамдын турмушунун баамдуулуктарын бийиктикке чыгаруу деген. Мамлекеттин жашоосу »адамдын ажырагыс укуктары» менен туура келбейт. Адамдар өкүмдүү мүнөздөгү мамлекетти же анархияны тандашы керек.

XIX к. үчүнчү чейрегиндеги Германиянын Пруссияга мажбурлоо менен бириктирилүүсү, бисмарктык «кан жана темир» саясаты, социалдык күрөштүн курчушу – мунун баары зомбулук проблемасынын Европадагы саясий идеологиясынын көңүлүнүн борборунда болгонуна түрткү берди.

Бирок, зомбулук теориясы белгилүү бир тепкичте басып алуучулук жеке менчиктин, таптардын жана мамлекеттин пайда болушуна алып келишине түшүндүрмө бере албаган.

Ошол себептен, марксизм бул теорияны катуу сындап талкалаган. К.Маркс жана Ф. Энгельс белгилегендей, зомбулук, басып алуучулук

мамлекеттин пайда болуу процессине гана таасир этишин (мисалы, байыркы германдарда), бирок мындайча айтканда, ал экономикалык өбөлгөлөрсүз мамлекет жана укуктун пайда болушуна себеп боло албасын айтышкан.

## 5. Г. Спенсердин мамлекет жана укуктун органикалык теориясы

XIX к. экинчи жарымында укукка башкача социологиялык көз караш менен философиялык позитивизмдин жактоочусу – англис философу жана социологу Герберт Спенсер (1820–1903) – эволюционизмдин, социологиядагы органикалык мектептин негиздөөчүсү; либерализм идеологу жана анын идеялары XIXк. аягында чоң популярдуулукка ээ болгон.

Спенсер социализмди катуу сындап жана конттук закондун үч баскычына каршы чыккан. Спенсердин либерализми социология менен коом, мамлекет, алардын эволюциясынын закон ченемдүүлүгүн нукура илимий билимдин тармагы катары айкалыштырган. Негизги эмгектери: «Синтетикалык философиянын системасы» –10 томдуу дилбаян; «Социалдык статика» (1851); «Негизги башталмалар» (1862); «Социологиянын негиздери» (1896); «Адам жана мамлекет» (1884).

*Эволюциялык прогресс теориясы*. Биринчи социологдордон болуп ал биология илиминен аналогияларды жана терминдерди колдонуп, коомду биологиялык организм менен окшоштурган жана салыштырган, аларды түзүүдөгү жана өнүгүүсүндөгү айырмачылыгын, окшоштук белгилерин талдаган.

*«Агрегаттар түшүнүгү».* Коомдук турмушта байкалган структуралардын өсүү жана татаалдануу процесстерин Спенсер майда топтордун бара-бара чоң жана татаал «агрегаттарга» биригүү процесси – уруулар, шериктештер, шаар – мамлекеттер, империялар катары караган. Бул агрегаттар пайда болгондо башка фактордордун таасирин – социалдык – таптык дифференциациянын, эмгекти бөлүштүрүүдөгү адистештирүүнүн, саясий бийликти түзүү органдарынын, жер иштетүүнүн, кол өнөрчүлүктүн, бөлүштүрүү системасынын (соода, транспорт, кабарлашуу каражаттары) пайда болушун башынан өткөрөт деген.

*Укуктун тарыхый типтери.* Спенсер мамлекеттик жана укуктук кубулуштарды изилдөөдө тарыхый тажрыйбага кайрылган. Укукка эволюция теориясын колдонуп, Спенсер укуктун бир нече тибин белгилейт.

Алгачкы укуктун тарыхый тиби – алгачкы уруулардын каада-салт укугу болгон, ал өзгөрбөс мүнөздө болуп, ата тектин адаттарын жана сезимдерин камтыйт, ишендирүү каналдары аркылуу берилет, кайсы бир саясий уюм пайда болгончо жаралат. Бул укукка саясий уюм бар учурундагы диний укук пайда болуу менен, уруу башчы жана королдордун «атак-даңктуу шейит» болгондон кийинки буйруктары же тирүү кезинде кереметтүү деп таанылган падышалардын буйруктары; диний санкциялар менен камсыз болуп, түшүнбөстөн баш ийүүнү талап кылган жана баш ийбөө «кара ниеттик кылмыш» болгон, өтө катуу жазалаган укук кирет.

Укуктун өнүгүүсүндөгү кийинки этабы – адам укугунун дин укугунан бөлүнүүсү. Адам укугу – кадыр-баркка ээ болгон мыйзамдарды чыгарган адамдарды, аларды колдогон муундарды урматтоо.

*Органикалык теория.* Г.Спенсер мамлекеттик-органикалык эволюциянын натыйжасы жана анын бир түрү – социалдык эволюция деген. Тирүү табияттагыдай – коомдо жаңы шартка көнүп жашап кеткендер гана тирүү калат, себеби сырткы согуштардан жана басып алуу процессинде да табигый тандоо жүрөт, ал органикалык эволюциянын законуна туура келген мамлекетти пайда кылат.

Органикалык теориянын маңызы – мамлекет биологиялык организм сыяктуу жаралат жана өнүгөт:

– клеткалар – тирүү организмди түзгөн сыяктуу, адамдар мамлекетти түзөт;

– мамлекеттик институттар организмдин бөлүктөрүндөй – башкаруучулар – адамдын мээсине, коммуникацияга (почта, транспорт) жана финансы (акчалар) – организмди камсыз кылуучу – кан жүгүрүү системасындай, жумушчу жана дыйкандар (өндүрүүчүлөр) – колдор ж.б.

– мамлекеттер ортосунда , тирүү чөйрөдөй, конкуренция болуп жана табигый тандоонун натыйжасында жаңы шартка көнүп жашап кеткендер гана тирүү калат, мисалы Рим империясы, XVIII к . – Улуу Британия, XIX к. – АКШ. Табигый тандоонун жүрүшүндө мамлекет

жакшырат: керексиз нерсе кесилет ( чексиз монархия, элден кол үзгөн чиркөө ж.б.).

*Социалдык институттар*. Мамлекет, коом – социалдык институттар тутуму жана адамдардын биргелешип жашоосун ишке ашыруу механизми. Социалдык институттар революциянын, коомдук келишимдин натыйжасында пайда болот. Дагы буга: үй-бүлөлүк, каадасалттык, саясий, диний, адистик, өнөр-жайлык институттар кирет.

Спенсер мамлекет саясий институт катары адамдардын жашоосуна өтө киришпеши керегин айтат жана социализмге каршы болот. Мамлекеттен чыккан мыйзамдар нравалуулукта негизделет деген.

Мамлекетти классификациялоодо 2 типке бөлөт:

- примитивдик (аскердик, жырткычтык); Примитивдик мамлекетте – согуш жана зомбулук режими болот. Бул либералдык эмес, тоталитардык аскер уюму;
- индустриалдык мамлекетте бийликтин максаты – индивиддин жыргалчылыгы. Мамлекет жарандардын укугун коргойт, социалдык-экономикалык турмушуна кийлигишпейт, конкуренцияны, жеке ишкердикти өстүрөт.

*Социалдык дарвинизм*. Социалдык эволюциянын 3 формуласын көргөзөт: «табигый тандоо», «жашоо үчүн күрөшүү», «күчтүүнүн жашап кетиши».

Социализмди сындоо. Социализм жана коммунизм – мүмкүн эмес. Адамдарга бийликке болгон сүйүү, даңкты сүйүүчүлүк, адилетсиздик жана жалганчылык таандык. «Административдик чаралар аркылуу адамзаттын прогрессин алдыга жылдыруу аракеттери коомдун төмөнкү (аскер) тибиндеги мекемелердин кайра жаралуусуна алып келип, алдыга жылайын десе да артка тартылат» деген.

Спенсер либерализм теориясынын өкүлү катары коомдун экономикалык, социалдык жана рухий турмушуна мамлекеттин киришпөөсүн айткан. XIXк. Россияда Г.Спенсердин идеялары либералдардын айланасында өзгөчө белгилүү болот жана анын эмгектери эки жолу чыгып орусчага которулган. П.Сорокин аскердик жана өнөр-жайлык коомдордун теориясын «гениалдуу теория» деп атаган.

**Адабий булактар:**

Антология мировой правовой мысли: В 5 т. Т. 3. М., 1999.

Иеринг Р. Борьба за право. СПб., 1908.

Иеринг Р. Цель в праве. СПб., 1881.

Еллинек Г. Декларация прав человека и гражданина. Пер. с нем. 3-е изд., доп. / Пер. под ред. А. Э. Вормса. – М.: Тип. т-ва И. Д. Сытина, 1906.

Еллинек Г. Право меньшинства: Доклад, читанный в юридическом обществе в Вене. – М.: Изд-е В. М. Саблина, 1906.

Гумплович Л. Основы социологии. – М.: Либроком, 2010.

Конт О. Общий обзор позитивизма: Родоначальники позитивизма. Вып. IV-V. СПб., 1912-1913. В 3 т.

Спенсер Г. Грехи законодателей /Социологические исследования.1992. № 2.

Спенсер Г. Синтетическая философия. Киев, 1997.

Арон Р. Этапы развития социологической мысли. М., 1993.

Гиденс Э. Социология. М., 1999.

Алексеев А.С. Георг Еллинек и его научное наследие. М., 1912;

Деборин А.М. Социально-политические учения нового и новейшего времени М., 1958

История политических и правовых учений / Под ред. В.С.Нерсесянца. М., 2005.

Кечекьян С. Ф. Социологические взгляды О. Конта // Советское государство и право 1957. № 12.

Лапаева В.В. Социология права. М., 2000.

Михайлова Н. В. Традиции и инновации в постижении истории государства и права. – М.: Юнити, 2009.

Теория государства и права: Хрестоматия: В 2 т. /Авт. -сост. М.Н. Марченко. М., 2004.

Шершеневич Г.Ф. История философии права. – Спб.: Лань, 2001.

## 16-БӨЛҮК

## ОРУС ЛИБЕРАЛ ОКУМУШТУУ-ЮРИСТТЕРИНИН УКУКТУК МАМЛЕКЕТ ТУУРАЛУУ ТЕОРИЯСЫ (XIXк. аягы – XX к. баш.)

1. *Революцияга чейинки Россиядагы юридикалык позитивизм. Г.Ф. Шершеневич*

2. *П.И. Новгородцевдин кайрадан жаралган табигый укук концепциясы*

2. *Б.А. Кистяковскийдин укуктун плюралисттик теориясы*

3. *Л.И. Петражицкийдин укуктун психологиялык теориясы*

### 1. Революцияга чейинки Россиядагы юридикалык позитивизм. Г.Ф. Шершеневич

Мамлекет жана укуктун теоретиги **Габриэль Феликсович Шершеневич** (1863–1912) – Казань университетинин профессору, 1906-жылдан 1911-жылга чейин Москва университетинде жарандык укук сабагын берген. Ага бир катар чоң чыгармалар тиешелүү: «Укук философиясынын тарыхы» (1904–1905-ж.ж.), «Россиядагы жарандык укук илими» (1893-ж.), «Соода укук курсу» (1899-ж.), 4 басмалуу «Жалпы укук теориясы» (1910–1912-жж.), «Мамлекет жана укук тууралуу жалпы окуу» (1911-ж.) ж.б.

Мамлекет жана укук тууралуу окуусун Шершеневич юридикалык позитивизмдин формалдуу-догматикалык методологиясынын негизинде түзгөн. Укуктук кубулуштарды изилдөө менен жана укук илимин түшүнүү менен, Шершеневич социология, философия, саясий экономиянын жана башка илимдердин жетишкендиктерин пайдаланган.

*Укук философиясы*. Ошол убакта укук илиминдеги борбордук темалардын бири укуктук философияны куруу жана аны жалпы укук теориясынан айырмалоо болгон. Шершеневич боюнча, укук философиясы укукту эки аспектте изилдейт: укук кандай болсо так ошондой, укук кандай болушу керек. Укук философиясынын теоретикалык бөлүгү укук догмаларын, б.а. юридикалык илимдердин негизги түшү-

нүктөрүн – укук булактарын, укук ченемдерин, укук мамилелерин, юридикалык жоопкерчиликти, мамлекет жана коомду изилдеши керек.

Илимий укук философиясы Шершеневич боюнча, жеке түшүнүктөрүн позитивдик (талаптагы) укуктан курат; ушул гана ыкма менен мамлекет жана укуктун көйгөлөрүн тарыхый-салыштырма укукка киришҮҮ позициясынан изилдөө мүмкүн. Шершеневич боюнча укукту кеңири чоюп талкуулоо – укукка тиешеси жок же ага кээ бир бөлүмдөрү гана туура келген мамилелерден ажыратуу. Ошондуктан укук философиясы укуктукту укуксуздуктан айырбаштоосу зарыл.

Табигый укуктун мааниси тарыхтын өнүгүүсүндө ар кандай талкуулоолорду жараткан. Бул «идеалдык» укуктун талаптагы укук менен карама-каршы коюлушу укуктук тартиптин коштолушуна, укуктун башка социалдык ченемдер менен аралашуусуна алып келет деген.

Шершеневич, укуктун мажбурлоо мүнөзү укуктун ченемдерине конституциялык, канондук жана эл аралык укукту кошконго мүмкүнчүлүк бербейт деген.

Мамлекеттик бийликтин иш-аракети бүтүндөй коомдук пикирдин санкциясынын астында, б.а. мораль чөйрөсүндө жатат. Мамлекеттик бийлик жогорку жана бөлүнгүс гана болгондуктан, ал кандай эгемендүү бийлик болбосун бул албетте чексиз болуусу зарыл.

Шершеневич, мамлекет – укуктун булагы жана анын концепциясы боюнча мамлекет алгачкы кубулуш, укук – экинчи деген. Ушул себептен мамлекеттин өзү түзгөн укук менен укуктук байланыш идеясын убагында Еллинек, Дюги, Штаммлер ж.б. теоретиктер колдогон көз караштарды сынга алган. Укуктук мамлекеттин теориясы теоретикалык негизи жок жана практикалык мааниге ээ эмес деп эсептеген.

Мамлекет тарыхый да, логикалык жактан да укуктан мурда пайда болгон дейт Шершеневич. Ал Иерингдин « укук – жакшы түшүнүүчү күч саясаты» аттуу жобосун колдоп, бийликти өзүн-өзү чектөө идеясын укуктук мамлекет теориясына карама-каршы койгон.

Укук – бул адамдын милдеттүү жүрүм-турумунун ченеми жана аны аткарбоо мамлекеттик органдар тараптан мажбурлоосун талап кылат:

- укук кимдир бирөөнүн жүрүм-турумун билдирет;

- укук мажбурлоо мүнөзгө ээ;
- укук дайыма мамлекеттик бийлик менен байланышкан.

«Кеп мамлекетти укукка таңуу эмес. Маселе бийликти уюштурууда жана укук менен келишпестикти жоюу». Укук түшүнүгү талаптагы гана укукту камтыйт.

Объективдик укук (негизги) – укук ченемдердин жыйындысы.

Субъективдик укук (туунду) – «укук субьектиси жеке кызыкчылыгын ишке ашыруу мүмкүндүгү. Эгерде эрежени орноткон мамлекеттик бийлик аны сактабай, ар бир конкреттүү учурда өз ыктыяры боюнча аракет кылса, анда укук зомбулук менен алмашат.

Шершеневич иштеп чыккан формалдык-догматикалык ыкманын негизиндеги мамлекет жана укук теориясы азыркы мезгилде да чоң мааниге ээ. 1995-жылы кайра чыгарылган «Жалпы укук теориясы» көбүнчө мамлекет жана укук теориясы, саясий жана укуктук окуулардын тарыхы сабактарын берүүдө маанилүүлүгүн жоготкон жок.

## 2. П.И. Новгородцевдин кайрадан жаралган табигый укук концепциясы

XIX к. экономиканын дүркүрөп өнүгүүсү формалдуу таанылган укуктардын жана эркиндиктердин жана социалдык жардамга муктаж болгондордун материалдык кепилдерге зарылчылыгын көрсөттү. Коомдук турмуштун абалын эске алып, Новгородцев укуктук мамлекеттин идеясынын жаңы баскычынын белгилерин социалдык-укуктук мамлекет деп белгилейт.

Ал «адамдын татыктуу жашоого болгон укугу» түшүнүгүн негиздеген жана жарыялаган (укуктук мамлекет идеясы, неолиберализм).

**Павел Иванович Новгородцев** (1866–1924-жж.) – орус жана чет элдик адабияттын укук философу, мамлекет таануучу, неолиберализм теоретиги, Россиядагы кайрадан жаралган табигый укук концепциясынын башчысы. Ал Москва мамлекеттик университетинде профессор, Прагадагы Орус юридикалык факультетинин алгачкы деканы болгон. Ага укук философиясынын тарыхы, мамлекет жана укук маселелери боюнча эмгектер таандык: Талаптагы укуктук аңсезимдин кризиси» (1909-ж.), «Коомдук идеал тууралуу» (1917-ж.). Анын окуусунун философиялык-методологиялык негизи Кант жана Гегелдин окуулары болгон жана алардын теоретикалык жоболорун

XIX к. аягы – XX к. башындагы саясий-укуктук идеялар менен бириктиргенге аракеттенген.

Новгородцев укуктун этикалык концепциясынын өкүлү болгон, б.а. «укукту нравалык жактан жакшыртуу» проблемалары болгон.

*Укукту философиялык аныктоо*. Табигый укуктун практикалык жагы нравалык аң-сезимдин талаптагы укук тартиптин кемчиликтерине каршылык көрсөтүүдө жатат. Бул теория кылымдардын кесилишиндеги Россиянын абалында чоң мааниге ээ болгон, себеби позитивдик тажрыйба начар болуп жана табигый укук теориясынын сындоо жагына такоо зарыл болуучу.

*Укук жана укуктук аң-сезим тууралуу окуу*. Мораль өзгөрүлбөйт канчалык адамдын өзү туруктуу болсо: бир адам үчүн нравалык болсо, башкасына этикалык жактан кош көңүлдүк болбош керек. Укук жана укуктук аң-сезим кыймылдуу жана өзгөрүлмө болуп, укук өзүнө-өзү каршы келгенге чейин барат. Ошондуктан укук чыгармачылыкты этикалык идеалга жараша кылууда моралдык критерийлердин чегинен чыкпоосу зарыл. Бир коомдо ишке ашпаган нерсе, башка коомдо ашышы мүмкүн.

Гегелдин эркиндик идеясын жана аны конкреттүү шарттарда ишке ашырууну Новгородцев Канттын этикалык теориясы менен бириктирүүгө умтулган. Эгерде «укук – нравалуулуктун минимуму» (Еллинек, В. Соловьев ж.б.айткандай), бул «минимум», ар кандай обьективдик шарттарда жана тарыхый мүмкүнчүлүктөрдө ар кыл болушу мүмкүн.

Новгородцевдин ою боюнча, табигый укуктун өзгөрүлмө мазмундуу концепциясы адамзаттын «тийиштүүдөн, бирок дайыма мүмкүн болбогондон» «тийиштүүгө, дайыма ишке ашырылуучу жана милдеттүүгө» көздөй өтүү проблемасын камтыйт.

Укук, нравалык жаратылышка ээ болуу менен, юридикалык мааниси да болушу керек. Новгородцев «ар бир адамга жашоо-тиричилик кылуусуна мүмкүндүктү камсыз кылып жана турмуштун адамды тирүүлөй жана нравалык жактан өлтүрө турган шарттарынан бошотуу зарылдыгын айткан.

Бул маселе адегенде экономикалык жактан алсыз адамдарга тиешелүү (каражаттардын жетишпестигиндеги экономикалык көз карандылык, ыңгайсыз кырдаалдардын келип чыгышы ж.б.).

Укуктун максаты – эркиндикти коргоо, бирок бул эркиндикти колдонуу каражаттардын жетишпестигинен алсыз кылат. Укуктун маңызы жана маселеси – жеке эркиндикти коргоо жана эркиндиктин материалдык шарттарына камкордук көрүү. Бул көйгөйдү чечүүнү мамлекет алышы керек.

Адамдын татыктуу өмүр сүрүүгө болгон укугун ушул сыяктуу кароосу – укуктук мамлекеттеги социалдык кепилдер тууралуу жалпы адамзаттын алдында гумандык маселени кою десе болот. Алгачкы укуктук мамлекеттерде теңчилдик жана эркиндик акыйкат жашоонун формалдуу негиздери болуп баамдалган. Заманбап мамлекет бул башталгычтарды оң мазмунга толтуруусу керек дейт философ.

Новгородцев адамдын татыктуу өмүр сүрүүгө болгон укугун адамдын жана жарандын укуктарынын Декларациясына кошууга чакырган жана бул түшүнүктөрдүн негизги институттарын талаптагы укуктун чегинде андан аркы юридикалык иштеп чыгууларга кошууну да айткан.

### 3. Б.А. Кистяковскийдин укуктун плюралисттик теориясы

Укукту көп аспекттүү кубулуш катары түшүнүү – **Богдан Александрович Кистяковскийдин** (1868–1920) укуктук окуусунун бөтөнчө белгиси. Ал укуктун плюралисттик теориясын иштеп чыккан. Ал укукка болгон көз карашын абстракттуу ченемдик-баамдуулукту коомдун өнүгүү идеясы менен байланыштырып укуктук теориясында караган. Негизги эмгектери: «Социалисттик жана укуктук мамлекет»(1906); «Илимий-философиялык идеализмди коргоо» (1907); «Укукту коргоо» (1909); «Биздин милдеттер» (1913); «Социалдык илимдер жана укук» (1916).

*Укук плюрализми.* Укукту бир жактуу кароону, мисалы, классикалык укуктук этатизмди жокко чыгарып, Кистяковский укук деп татаал көп аспекттүү кубулушту, аны бир тараптуу аныктоо мүмкүн эместигин айткан. Укукту ар тараптан кароосу, Кистяковскийге укуктун 4 илимий түшүнүгүн берүүгө мүмкүндүк берген:

- мамлекеттик – буйруктуу (мамлекеттин ишмердиги);
- социологиялык (коом тиричилиги);

- психологиялык (индивиддердин психикалык жашоосу);
- ченемдик (чектөө мүнөздө болот).

Кистяковскийдин концепциясы укук элдин маданий чыгармачылыгынын бир бөлүгү катары, б.а. баамдоо жана максат чөйрөсүндөгү укукту изилдөөгө багытталган. Укук түшүнүгүндө ал болумушту, социалдык кубулушту, коомдук турмуштун фактыларын жана кызмат кылуу чөйрөсүн, ченемдерди, моралдык жакты ажыраткан. Кант сыяктуу, окумуштуу укуктун негизинде баамдуулук дүйнөсүн куруудагы нравалуулук жана этикалык милдеткер болуу принциби жатат деп эсептеген.

«Баамдуулук» түшүнүгү (укук, тартип, эркиндик, жеке коопсуздук ж.б.) адамдын аң-сезиминде болуу менен, бул түшүнүктүн мааниси адамдардын иш-аракетинде билинет.

*Эркиндик тууралуу теориясы*. «Эркиндик ар бир адамдын барып турган ажырагыс укугу жана кайсы мамлекеттик түзүмдө ал бузулса, кимдин колунда бийлик болбосун, аны нормалдуу деп атоого болбойт. Эркиндик жок жерде же убактылуу жоюлса, ал жерде элементардык саясий эркиндик жок, себеби мамлекеттик бийлик укуксуз, зомбулуктуу мүнөздө болот деген.

Кистяковский негизги маанини этикалык максаттарга берген, аларды эркиндик жана акыйкаттуулук деп аныктаган. Кистяковский социалдык кубулуштарды акыйкаттулуктун жана милдеттин маанисинде караган, себеби ар кыл коомдук кубулушка нравалык көз караштан ой жүгүртсө болоорун, б.а. анын акыйкаттулук идеясына туура келишин же келбешин кароодо турат деген. Бул ойдун негизи кылып жарандардын субьективдик жалпы элдик укуктарга, ошонун ичинде саясий укуктарга ээ экендигин тааныган.

*Укуктук мамлекет тууралуу теориясы*. 1906-жылы «Философия жана психология суроолору» журналында Кистяковскийдин ««Социалисттик жана укуктук мамлекет» аттуу иши жарык көрөт. Анда ал мамлекеттин эки тибин салыштырат жана бир катар тыянактарды чыгарат: укуктук мамлекет – бул мамлекеттик турмуштун жогорку формасы жана аны адамзат реалдуу факт кылып иштеп чыккан; келечектеги социалисттик мамлекет өзүнүн укуктук жаратылышы боюнча укуктук мамлекеттин туура карама-каршылыгы боло албайт; социалисттик мамлекеттин укуктук жаратылышы таптакыр изилденбеген,

себеби « социализмдин көрүнүктүү түзүүчүлөрүнүн арасында бир да юрист жок».

Укуктук мамлекет – биринчи кезекте инсандын укуктарын коргоочу, укук үстөмдүк кылуучу мамлекет. Элдин колунда бийлик чогулуп, өз каалоосу менен сөз, басма сөз, жыйын жана кошундулардын эркиндигин жоюуга жөндөмдүү болсо да, мамлекет укуксуз мүнөздө да болуусу ыктымал.

Кистяковский укуктук мамлекеттин негизги принциптерин так эмес формада келтирет жана анын Батыштагы конкреттүү формаларынан айырмаланат:

- мамлекеттик бийликти чектөө принциби;
- инсандын укуктарынын ажырабоосу;
- инсандын укуктарынын кол тийбестиги;
- мамлекеттик бийликтин мыйзамга баш ийүүсү;
- элдик өкүлчүлүк принциби.

Кистяковский орус интеллигенциясынын укуктук аң-сезимине баа берүүнүн оригиналдуу методикасын сунуштаган: укуктук аң-сезимдин деңгээлинин көрсөткүчү – коомдогу инсандын укугуна, укук идеяларына, укук формаларына, укук институттарына болгон мамилени айткан.

## 4. Л.И. Петражицкийдин укуктун психологиялык теориясы

Укуктун оригиналдуу психологиялык теориясын Лев Иосифович Петражицкий (1867–1931) – Петербург университетинин юридикалык факультетинин профессору, кадеттер партиясынан I Мамлекет думасына депутат болгон. Анын көз караштары «Нравалык теория менен байланышкан укук жана мамлекеттин теориясы» (1907-ж.) аттуу китебинде көрсөтүлгөн. Октябрь революциянын кийин Польшага көчүп кетет жана Варшава университетинин социология кафедрасын жетектейт. Бул теорияны З. Фрейд жана Г. Тард да иштеп чыгышкан. Анын доктринасынын философиялык негизи болуп И. Канттын категориялык императив тууралуу окуусу түзгөн.

*Мамлекеттин келип чыгышы* – бул теорияга жараша адамдын психикасынын касиеттери, индивиддин коллективде бирге жашоо муктаждыгы, анын кадыр-баркты издөө умтулуусу, бул көргөзмөлөр

менен алар күнүмдүк жашоосунда колдонмо кылып алуусунда, башкаруу жана баш ийүү каалоосу менен байланыштуу деген. Бул теорияны аныктоо үчүн анын жактоочулары тарыхый мисалдарга шилтеме кылышат: адамдын аң-сезиминин уруу башчынын, диний жана саясий ишмерлердин, падышалардын, королдордун жана башка лидерлердин авторитетинен көз карандылыгын баяндашат.

*Укук психиканын кубулушу катары*. Петражицкий коом таанууга укуктуу инсандын теориясын түзүү зарылдыгын айтуу менен, ал адамдын психикасынын жаратылышын изилдей баштайт. Укук индивидуалдык психиканын кубулушу катары аныкталат. Мунун негизинде ал оригиналдык теорияны иштеп чыгат: түздөн-түз жана кыйыр психикалык реакциялардын эң маанилүүлүгү жана эң олуттуулугу жана инсандын кайгыны башынан өткөрүүсү, алардын натыйжада адамдын жүрүм-турумуна жана ишмердигине таасир этиши (интуитивдик укук) деп эсептешкен.

Петражицкийдин теориясынын негизги элементи – «эмоция» түшүнүгү. Ал эмоциялардын бирин өмүрдү камсыз кылуучу (суусоо, ачкачылык, уйку ж.б.), башкаларын – этикалык деп бөлгөн. Этикалык эмоциялардын аркасы менен адам өзүн социалдык жандык катары көрсөтөт.

*Укукту классификациялоо*. Л.И.Петражицкий укуктун 2 классификациясын сунуштайт: 1. Интуитивдик укук 2. Позитивдик укук.

Интуитивдик укук – индивиддердин императивдик-атрибуттук эмоцияларынын жыйындысы жана мыйзамдын, салттардын буйруусуз эле пайда болушундагы жыйындысы. Петражицкий интуитивдик укукту өтө бийик баамдайт: бул алгачкы жана эң байыркы укуктун түрү; бул адам коомунун тирүү калуусуна өтө ийгиликтүү ыңгайлуу көнүү реакциясы болгон; бул жеке ар кылдуу укук жана диспозициялардын түзүмү жеке шарттары менен жана ар биринин кырдаалдары, мүнөзү, тарбиясы, билими, социалдык абалы, профессионалдык иши менен аныкталат;

Позитивдик укук – бул индивиддердин императивдик-атрибуттук эмоцияларынын жыйындысы, алардын мыйзамдын, салттардын буйругунун таасири менен пайда болушундагы жыйындысы дейт.

Позитивдик укук: белгилүү көп адамдардын массасына, алардын мүнөзүнө, тарбиясына карабаган бир түрдүү жана алдын ала түзүлгөн

жүрүм-турумдун шаблону; бул укук «өнүгүүнүн басаңдашына, таптагы турмуштун рухий, экономикалык жагынан калып калуусу», тартылуусуна берилет.

Позитивдик жана интуитивдик укуктун таасиринин чөйрөсүнө үй-бүлө мамилелери кирет. Позитивдик укуктун 15 түрүн (мыйзам чыгаруудан сырткаркы) белгилейт:

– жазуу укугу – юридикалык мазмундагы китептер, адат укугунун жыйындысы, ыйык китептер; илимдеги алынган пикирлердин укугу – укук доктриналары, позициялар, окумуштуулардын ою; кээ бир юристтердин жана алардын группасынын окууларынын укугу; диний-этикалык авторитеттердин санаттарынын укугу; диний-авторитет мисалдарынын укугу – жүрүм-турум үлгүлөрү; келишим укугу ж.б.

Официалдуу укук – мамлекеттин колдоосу бар укук. Ал мыйзам чыгаруучу позитивдик укукту камтыйт жана анын мыйзам чыгаруу укугунан тышкары, тарыхый абалына байланыштуу канондук укукту, адат укугун, эксперт укугун (Рим юристтеринин «жооптору») ж.б. дагы камтыйт.

Официалдык эмес укук – мамлекеттин колдоосу жок укук. Бул укук социалдык конфликттин болуусун жана аларды чечүүнүн официалдык эмес ыкмаларын камтыйт. Официалдык эмес укукка бала, үй-бүлө, уруулук, дыйкандык, шаардык, мещандык, партиялык, кылмыш группаларынын укуктары ж.б. кирет. Укук саясатында башкы абалды мамлекетте мажбурлоо чаралары эмес, адамдардын жүрүм-турумуна мотивациялык жана тарбиялык таасир этүүчү механизмдер ээлеши керек. Ушундай механизмдердин көмөгү менен официалдык укук элдик психиканы жалпы жыргалчылыкка өнүгүүнү багыттоого жөндөмдүү кыла алат деген.

Теориянын артыкчылыгы: кээ бир жагынан акыйкаттуу. Атташууга, үстөмдүк кылууга, баш ийдирүү адамдын психикасына тиешеси бар жана мамлекеттин пайда болуу процессине таасирин тийгизет.

Теориянын кемчиликтери: теорияда мамлекеттин пайда болуусундагы башка факторлор эске алынган эмес– социалдык, экономикалык, саясий ж.б.

Петражицкийдин укуктук доктринасы укуктук аң-сезимдин түзүмүнүн жана ченемдик жаратылыш көйгөйлөрүнө социологдордун

көңүлүн буруу менен, юридикалык психология боюнча изилдөөлөрдү алдыга жылдырган.

**Адабий булактар:**

Шершеневич Г.Ф. Общая теория права. Вып. 1-4. –М., 1910-1912.

Шершеневич Г.Ф. Учебник русского гражданского права. –М., 1994.

Шершеневич Г.Ф. История философии права. – Спб.: Лань, 2001.

Кистяковский Б.А. Государство правовое и социалистическое // Вопросы философии. -1990. -№6.

Кистяковский Б.А. Сущность государственной власти. –Ярославль, 1913.

Новгородцев П.И. Кризис современного правосознания. –М., 1909.

Петражицкий Л.И. Теория права и государства в связи с теорией нравственности. –СПб., 2000.

Теория государства и права: Хрестоматия: В 2 т. /Авт. -сост. М.Н. Марченко. – М., 2004. Мухина Н.М. История политических и правовых учений в России XI-XX вв. –М., 1995.

# 17-БӨЛҮК

# ЗАМАНБАП САЯСИЙ ЖАНА УКУКТУК ОКУУЛАРДЫН ТАРЫХЫ

1. *Жак Маритендин укукка карата неотомисттик теориясы*
2. *Р. Штаммлердин неокантиандык саясий-укуктук философиясы*
3. *Г. Кельзендин укук тууралуу ченемдик теориясы*
4. *Л. Дюгинин тилектештик теориясы*
5. *Либертардык-юридикалык концепция. В.С. Нерсесянц*

## 1. Жак Маритендин укукка карата неотомисттик теориясы

XX кылымдын башындагы кайрадан жаралган табигый укук теориясынын негизги багыттарын: неотомизм, феноменологизм, экзистенцианализм, герменевтика түзөт.

Неотомисттик окуу (Ж.Маритен, В.Катрайн, И.Месснер) 1879-ж. католикалык чиркөөнүн жактоосун жана колдоосун алган кайрадан жаралган табигый укуктун бир түрү кылып табигый мыйзамдарын Фома Аквинскийдин философиясына чыгарган.

Заманбап томизмдин көрүнүктүү өкүлү – француз философу жана коомдук ишмери **Жак Маритен** (1882–1973-жж.) болгон. Маритенге атак-даңк 30-жылдары ал АКШ жана Канадада сабак берип жүргөндө келген жана ал католицизмдик жеке позициясын америкалык континентте бекемдөө үчүн бир далай аракетин жасаган.

1945–1948-жж. Маритен Франциянын Ватикандагы элчиси болуу менен, Адам укуктарынын жалпы Декларациясынын проекттерин даярдоого катышкан. Социалдык-саясий теориялардын көйгөйлөрү боюнча анын башкы дилбаяндамалары – «Интегралдык гуманизм», «Адам укуктары жана табигый мыйзам», «Адам жана мамлекет».

Маритендин концепциясы, неотомизмдин башка жолун жолдоочулары сыяктуу эле, кадимки диний философиянын мамлекет жана укуктун керемет келип чыгуусунун талаптагы илимдин жоболору, тарыхый принциптери, маданияттын өнүгүү идеялары жана саясаттын социалдык шарттуулуктун кошундусунан тургузулган.

Философ талаптагы доордун гуманисттик жана демократиялык көз караштарга ачык келген «интегралдык» доктринаны иштеп чыгууну көздөгөн.

Маритен эмгектеринде социалдык институттардын алгачкы себептерин (Кудайдан көргөн) жана коомдогу окуялардын болушундагы чыныгы детерминацияны ажыраткан. «Окуялар бүтүндөй элден чыкса, бийлик башынан эле Кудайдан» – деп жазган.

*Табигый мыйзамдын булагы*, Маритендин концепциясы боюнча Кудай өзү жаратkандарга чексиз эгемендүүлүккө ээ жана алардын алдында моралдык милдеттери жок деген. Түбөлүк жана өзгөрбөс мыйзамдардын бар болуусун таанып, Маритен табигый укук адамдарга бара-бара гана, маданияттын өнүгүүсүнөн жана адамдын Кудайга жакындоосунан ачылат. Ар бир доорго жеке «айкын тарыхый идеалы» таандык. Ушул себептен Маритен бардык заманга индивиддин табигый укуктарынын толук каталогун түзүү – натыйжасыз аракеттер деп баалаган. «Адам укуктарынын Декларациясы түгөнгүс жана акыркы болбойт. Ал тарыхтын тиешелүү мезгилинде цивилизациянын жана моралдык аң-сезимдин дэңгээлинен көз каранды болот» деген.

Маритен адам укуктарынын жеке классификациясын берип, аны үч түргө бөлгөн.

*Инсандын фундаменталдык укуктары*: жеке эркиндикке жана өмүргө болгон укук, никеге туруу укугу, жеке менчик укугу, бакытка умтулуу укугу ж.б. Инсан, Маритендин айтуусунда, жогорку баамдуулуктардын дүйнөсүнө кирет. Саясий укуктар (же жаран укугу) өлкөнүн мыйзамы менен аныкталат, бирок табигый укуктан кыйыр көз каранды жана анын уландысын пайда кылат, себеби мамлекеттин талаптары табигый укукка туура келгенде гана мыйзам боло алат.

Саясий укуктарга: элдин мамлекеттеги конституцияны орнотуу укугу жана башкаруу формасын аныктоосу, жарандардын саясий турмушта активдүү катышуу укугу, ошонун ичинде шайлоолордо, саясий партияларга биригүү укугу, сөз эркиндиги, жарандардын соттун жана мыйзамдын алдындагы теңчилдиги кирет.

Маритендин көз караштарына ылайык, бул укуктарды чиркөөнүн жардамы менен ишке ашыруу христиандык демократиянын орноосуна, б.а. «христианча жайланышкан динден тышкаркы мамлекетке» алып келет.

Акыры, адамдын социалдык укуктары (эмгек укуктар): эмгекке болгон укук, профсоюздарга биригүү укугу, акыйкаттуу айлык акы укугу, карылыктан, кокустан ооруп же иши жоктукка социалдык камсыздоо укугу ж.б. Инсандын социалдык укуктарын жеке менчик укук менен катары таануу, Маритендин ою боюнча, капитализмдин жана социализмдин кемчиликтеринен кутулууга жол берет. Философ коомдун өнүгүүсүнүн «үчүнчү жол» идеясын жактаган.

Маритендин окуусу 1948-ж. БУУнун Адам укуктарынын жалпы Декларациясын идеялык жактан даярдоодогу бирден-бир концепцияларынан болгон. Адам укуктарынын 1950–1966-жылдардагы документтеринде табигый-укуктук окуулардын таасири тартыла баштайт.

## 2. Р. Штаммлердин неокантиандык саясий-укуктук философиясы

**Рудольф Штаммлер** (1856–1938) – немецтик укук философиясынын өкүлү, 1916-ж. тартып Берлинде профессор жана кайрадан жаралган табигый укук мектебинин өкүлү. Негизги иштери: «Тарыхты материалисттик түшүнүү көз карашындагы чарба жана укук» (1896); «Туура укук жөнүндө окуу» (1902); « Укук жана укук таануунун маңызы жана маселелери» (1906); «Укук таануу теориясы» (1911); «Укук философиясынын окуу китеби» (1922).

*Саясий-укуктук идеяларынын философиялык негиздери.* Юридикалык көз караш аркылуу марксизмдин окуусун экономикалык детерминизмге барабар деп четке каккан. Ал укуктун экономика жана мамлекеттен биринчи турарын айткан. Штаммлер боюнча, укук философиясындагы социалдык идеал болуп өз эркин кенен билдирген жана улутка бириккен адамдардын жалпылыгы.

Мамлекеттин фундаменти өндүрүш мамилелеринин жыйындысы, коомдун өнүгүүсүндөгү экономикалык базис эмес, укук болот деген. Жаратылыш болсо себеп жана натыйжанын жыйындысынан турат, ошондуктан коом максат жана каражаттардын жыйындысынан турат. Ошентип, жаратылыш тууралуу илим себептүүлүк мыйзамынын жардамы аркылуу пайдаланса, дух жөнүндө илим – мыйзамдын максатка ылайыктуулугун пайдаланат. Мындан социалдык кубулуштар, ошонун ичинде саясат, мамлекет жана укук, анын теориясы

боюнча себептүүлүк мыйзамына баш ийбейт, болгону адамдын аң-сезими жана эркинин касиеттери менен камтылат.

Маркстын социалдык кубулуштарды себептүү түшүндүрмө берген тарыхый материалисттик концепциясына сын менен караган. Эгерде Маркс экономиканын укукка, саясий мекемелерге караганда биринчилигин жана укуктун экономикага баш ийерин айтса, Р.Штаммлер Маркса карай таптакыр тескерисинче: укуктун экономикага, коомго, мамлекетке карай биринчиликте турарын айткан.

*Укук тууралуу неокантиандык окуусу* – неокантианствочулуктун негизинде укуктун себептүүлүктүн таасирине баш ийбөөчү философиялык көз карашы жатат. Неокантчыларга укук – адам духунун продуктысы жана ошол үчүн адамдын логикалык жана этикалык ишмердиги менен байланышкан, б.а. телеологиялык кубулуштардын чөйрөсүнө кирет.

Штаммлер «адамдардын коомдук жашоосу» – бул сырткы образ, укук же конвенционалдык ченемдер («тараптардын ыктыярдуу макулдашууларынын негизинде иштелип чыккан социалдык ченемдер») менен жөнгө салынуучу турмуш.

Р. Штаммлер укук түшүнүгүнө *телеологиялык көз караштты* колдонгон. Телеология – адамдын ишмердигинин пайдалуулугу тууралуу окуу. Укук – бул коомдук турмуштун телеологиялык башталмасы.

*Укук жана «социалдык чарба».* Ар бир баскычтардагы өндүрүштү изилдөө мүмкүн эмес. Изилдөөгө – укук берилет, себеби чарба ишмердиги укук менен тартипке келет. Мындан, укуктан – адамзаттын өнүгүү тарыхы келип чыгат деген.

*Укукту дифференциациялоо.* Укуктун жалпы түшүнүгүн («адамдардын социалдык турмушунун бузулбас жеке башкаруудагы жөнгө салынышы») айырбаштоо керек: «укуктууну» жеке өзү гана бийлөөчү нравалуулук ченемдеринен; укукту зомбулуктан; укуктун «бузулбас» катарын анын өзгөчөлүктөрүнөн.

*Табигый укукка болгон көз карашы.* Укук түшүнүгүн берүү менен, Р. Штаммлер укук идеясын акыйкаттуулуктун өлчөмү, укуктун тууралыгы деп белгилеген. Укук идеясы – адамдардын биргелешкен ишмердигинин укук аркылуу жөнгө салынышы, б.а. «укукту каалоо» деген.

Штаммлердин аркасы менен XX к. табигый укук теориясына кызыгуулар кайрадан жандандырылган (П.И. Новгородцев ж.б.).

## 3. Г. Кельзендин укук тууралуу ченемдик теориясы

XX кылымдын башталышында эң эле өнүккөн өлкөлөргө социалдык-саясий турмушту жаңыртууда коомдук турмушту демократташтыруу чоң мааниге ээ болгон. Заманбап саясий-укуктук окуулардын теоретикалык мазмуну илимий-техникалык революциянын таасири жана коомдук аң-сезимдеги бөтөнчө идеялык позициялардын тарашынан турган.

**Ганс Кельзен** (1881–1973-жж.) – австриялык укук философу, Прагада төрөлгөн, эки жашында Венага ата-энеси менен көчүп кеткен жана Вена, Гейдельберг жана Берлин университеттеринде окуган. Докторлук даражаны жана габилитацияны алып (башталгыч лекторлорго сынак), Кельзен Вена университетинде мамлекет укугун бере баштайт. Кельзен кийин Германияга көчүп кетет да, 1930-ж. тартып – Кельн университетинин профессору болот. 1934-ж. «Таза укук теориясы» аттуу китебин чыгарат. Бийликке нацисттер келгенден кийин Швейцарияга эмиграция кылат. 1942-ж. – Калифорния университетинин профессору, ал жерде саясат таануу бөлүмүндө пенсияга чыкканга чейин иштеген. Негизги эмгектери: ««Таза укук теориясы», «Ченемдердин жалпы теориясы» (аягына чыккан эмес) ж.б.

Г.Кельзен юридикалык позитивизмдин бөлүгү болгон юридикалык (легисттик) неопозитивизмдин өкүлү. Юридикалык неопозитивизм – укук оюнун, мамлекет жана башка социалдык кубулуштарды социологиялык түшүнүк аркылуу түшүндүрмөгө таянбастан, укукту «таза түрүндө» түшүндүргөн багыт болгон. Кельзен «таза укук теориясы» деп, юридикалык илимге бөтөн болгон элементтерди: социология, психология, этика ж.б. , саясат таанууну четтетүү доктринасын, башкача айтканда, укук деп так эмес мааниде гини, укукту башка нерселерден «тазалоо»дегени. Кельзендин теориясын ченемдик да дешет.

Нормативизм – XX к. укук илиминдеги багыттардын бири болуп, укукту объективдүү логикалык форма катары кароо менен анын өмүр сүрүшүнүн жана өнүгүүсүнүн социалдык шарттарынан жалпы түшүнүк жасоо багыты.

*Укуктун келип чыгышы*. Кельзен укукту мамлекеттен улуу деп эсептеген: укук алгачкы доордо, качан ар кандай мажбурлоо аркылуу тыйымдардын жана табулар тутуму пайда болгон кез, бир учурда

уруксат берип, башка учурда адамдарга мажбурлоо актыларына тыюу салынган (мисалы, өч алуу) доор деген. Коом тарыхый өнүгүү процессинде мамлекетке өсүп кетет да, мажбурлоо функциялары бийлик органдарына өтөт.

*Укук тутуму*. Укуктун маанилүү өзгөчөлүгү, Кельзендин оюбоюнча анын ченемдеринин бир ыкка келгендиги. Бул ыктуулук укукка «негизги ченем» берет. Укук – бул санкция менен камсыз болгон, буйруулардын иерархиялык жыйындысын түзүүчү мажбурлоо ченемдери.

*Мамлекет*, Г. Кельзен боюнча – бул юридикалык жак, укук феномени, укук тартибиндеги бөтөнчө корпорация, социологиялык жалпылык, социалдык чындык, ченемдер тутуму, ченемдик тартип, саясий уюшулган коом, бийлик аппараты. Мындан, мамлекеттин биринчи белгиси бийлик чыгат, б.а. бирдиктүү максаттуу ишмердикти уюштуруунун каражаты болот.

Мамлекет 2 өлчөмдөн турат – үстөмдүк кылуу жана укук катары.

Кельзен мамлекет жана укукту бирдей деп билген, б.а. ал укук тартиптин жана мамлекеттин түшүнүгүн барабарлыкка чыгарган.

Кельзендин айтуусунда, мамлекет жөнгө салынуучу, тартипке салынуучу, мажбурлоонун ченемдик тутуму.

*Эл аралык укук*. Негизги укуктук ченем эл аралык укуктун улуттук (мамлекеттин ичиндеги) укуктун үстүнөн жогору турарын айткан. Ошентип, Европа маданиятына адамдардын үстүнөн ар кыл борбордоштурулган зомбулуктун мажбурлоо тартиби эмес, тескерисинче укуктук мамлекет түшүнүгүнө адам жана коомго баамдуу деп таанылган түшүнүктөр кирген.

## 4. Л. Дюгинин тилектештик теориясы

**Леон Дюги** (1859–1928) – франциялык юрист, тилектештиктин теоретиги. Ал Франциянын түштүк-батышындагы Либурн деген кичине шаарында юристтин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Франциядагы Бордо шаарындагы эң эски университеттердин биринде юридикалык факультетин аяктаган. Ал жакта 42 жыл бою сабак берген. 27 жашында профессордук наамын алган. Негизинен мамлекеттик укук, жалпы укук теориясы жана азыраак жарандык укук чөйрөсүндө иштеген.

XX к. башында Дюгинин эмгектери өтө белгилүү, өзгөчө Россияда болгон. Мисалы, анын 1908-жылы Францияда жарык көргөн « Социалдык укук, жеке укук жана мамлекетти кайрадан түзүү» аттуу китеби кийинки жылы орус тилинде бир учурда С.-Петербург жана Москва шаарларында чыгат.

1919-жылы Дюги Бордо шаарындагы юридикалык факультеттин деканы болуп иштейт. Негизги чыгармалары: «Конституциялык укук. Мамлекеттин жалпы теориясы», «Мамлекет, объективдүү укук жана позитивдүү мыйзам»,

«Наполеондун кодексинин учурунан берки жарандык укуктун жалпы өзгөрүүлөрү».

Л. Дюги өзүнүн теориясын түзүүдө көбүнчө О.Конттун жана анын замандашы Э. Дюркгеймдин « укук-социалдык факторлордун түздөн-түз натыйжасы» идеяларына таянган.

*Тилектештик концепциясы*. Дюги коомдун тапка бөлүнүшүн жана ар бир тап өзүнүн милдетин, социалдык функциясын аткаруусу керектигин карайт.

Таптардын ортосунда «өзгөчө тыгыз өз-ара көз карандылык («тыгыз тилектештик») бар экенин, алардын үстүнө түшкөн насип – эмгекти коомдук бөлүштүрүүсүнө жараша иштин бир бөлүгүн аткаруу дейт. Ар бир тап башка таптан көз каранды (ишкерлер коомго, пролетарийлер сыяктуу зарыл) б.а. таптар коомдук өндүрүшкө биригип тилектештик менен иш кылышы керек.

Тилектештиктин өзүн индивиддер сезет жана ал социалдык акыйкаттулуктун ченемин жаратат. Коомдун ар бир мүчөсү үчүн мындайды билдирет: социалдык тилектештикти азайтуучу аракеттерди жасабоо, жана аны көбөйтүү үчүн бүт мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо. Бул ченем индивид үчүн «социалдык милдетти», белгилүү социалдык функцияны аткаруу укугун түзөт, ошентип, укук социалдык милдет менен алмашылат. Ушул себептен Дюги «субьективдик укук» түшүнүгүн киргизүүнү сунуштайт. Социалдык функция – социалдык ченем милдеттүү кылган ишти аткаруучу нерсе деген.

Дюгинин концепциясына жараша, ченем комплекстүү жана үч даражадан (катмарлардан) турат, « өзүнүн жыйындысында» экономикалык, моралдык жана юридикалык ченемди камтыйт:

- экономикалык ченемдер (социалдык ченемдердин биринчи даражасы)

• продуктыны өндүрүүгө, алмашууга жана керектөөгө болгон аракеттерди жөнгө салат. Аны бузуу – ашык өндүрүмгө, баалардын жогорулашына, бирок мамлекет андай бузууларга кош көңүлдүк кылат.

• моралдык ченемдер (экинчи даража) адамдардын сырткы жүрүм-турумун жөнгө салат. Ал индивидге өзүн кантип алып жүрүшүн жана социалдык чөйрөдө кантип кыймыл кылыш керегин көрсөтөт жана чексиз эскертүүлөрдү камтыбайт.

• юридикалык ченемдер («жогорку катмар») – социалдык ченемдин эң жогорку даражасы.

Коомго өзүнүн маанилүүлүгү менен алар экономикалык жана моралдык ченемдерден ашып түшөт. Ошондуктан аларды бузган учурларда социалдык реакция көбүрөөк интенсивдүү болот. Башка ченемдерден алардын айырмасы – социалдык мажбурлоо. Алар таасир кылышат, качан аларды камсыз кылууда мамлекеттик күчтүн колдонуусун талап кылганда. Бул жободон Дюги тыянак чыгарат: объективдүү укук – бул адамдардын бири-бирине көз каранды шарттарында жаралуучу так, «ченемдик» эрежелердин жыйындысы.

Дюги, мамлекетти – социалдык тилектештикти билдирген жана өнүктүргөн орган. Ошондуктан мамлекет өзүнүн традициялык формаларында (римдик, якобиндик, королдук, наполеондук, коллективдик) акыры түбү жок болот жана анын ордуна социалдык тилектештикти – социалдык акыйкаттуулуктун түзүмүн камсыз кылган мамлекеттик түзүлүш келет деген. Тилектештиктин маанилүү принциби кылып Дюги синдикализм идеясын сунуштаган.

*Синдикализм* – калктын бүткүл катмарларынын мамлекеттик бийликтеги профессионалдык-корпоративдик өкүлчүлүгү. Ал, заманбап коом синдикалдык федерализмге жылып баратат, б.а. натыйжада синдикаттарга уюшулган таптардын келиши жана алардын мамилелери мыйзамдар менен эмес, бири-бирине кайрылышуусу келишим, макулдашуулардын негизинде түзүлөт деп ишенген. Таптардын үстөмдүгүнүн ордуна синдикаттардын базасында жана социалдык ченемдин негизинде бардык таптар жана партиялар келет дейт. Жаңы синдикалисттик мамлекет таптан тышкары болот.

Дюгинин мамлекеттик түзүлүштү кайтадан куруу сунуштары: ар бир таптын профессионалдык белгилери боюнча профсоюздарга би-

ригиши; депутаттар палатасында бүт партиялардын бирдей өкүлдөрү болуусу; сенат (жогорку трибунал) синдикаттардын жыйыны жана ал ар бир таптын тең өкүлдөрдөн турган «мыйзамдын мыйзамдуулугун» аныктаган орган болушу; бийлик синдикаттардын ортосунда бөлүнүшү жана аларга социалдык-экономикалык жана социалдык-саясий маселелерди ишке ашыруудагы практикалык ишин көрсөтүү; синдикалдык федерация жалпы билимди, ден-соолукту коргоо, социалдык камсыздоону, эмгекти коргоо ж.б. заманбап социалдык мамлекетти түзүү теориясын өнүктүрүүгө түрткү берген.

### 5. Либертардык-юридикалык концепция. В.С. Нерсесянц

XX кылымдын 50-жж. ортосунда советтик окумуштуулардын арасында укукту «кеңири» түшүнүү идеясы, укуктун ченемдеринен тышкары укуктук мамилелерди (С.Ф. Кечекьян, А.А. Пинтковский) жана укуктук аң-сезимди (Я.Ф. Миколенко) кароо көз караштары айтылып чыгат. Бирок укукту «кенен» түшүнүү укуктун легисттик трактовкасынын чегинен (»укук – бийликтин эркин мыйзамга чыгаруу») чыкпаган.

Кийинки принципиалдык кадам сенек учурда – 70-ж. ортосунда В.С. Нерсесянц укукту жана мыйзамды ажыратуу идеясын жылдырган. Бул идея мурдагы философиялык-укуктук ойго таянуу менен аныкталган жана автор аны укуктун *либертардык концепциясы* деп атаган.

Бул концепция, дүйнөлүк укук философиясынын жана советтик укуксуздуктун тажрыйбасын түшүнүү менен, укуктун маңызын эркиндиктеги формалдуу теңчилдик деп карап, укук теориясына жана практикасына укукту эркиндиктин формасы катары эрктин чексиз өкүмдүк зомбулугунан ажыратуунун критерийин караган.

Совет доорунда укуктун либертардык теориясы мамлекет жана укук тууралуу марксисттик-лениндик окууга (совет учурунда жалгыз туура жана илимий деген статуска ээ болгон) карама-каршы кылып укукка болгон жаңы көз караштын негизине, укук жана мыйзамды ажыратуу концепциясын койгон.

Бул укукту жана мамлекетти түшүнүү концепциясы РИА академиги Владик Сумбатович Нерсесянц тарабынан XX к. 70–90-жж.

иштелип чыгып, орус укук философиясында өз алдынча багыт болуу менен, башка теориялар менен (укуктун позитивисттик теориясы, табигый-укук теориясы ж.б.) жарыша алат. Бул теория совет доорунан кийинки илимдин укук жана мамлекет тууралуу кубулушу болуу менен, илимий чөйрөдө кеңири колдоосун азыркы убакка чейин таба элек.

Азыркы убакта укуктун либертардык теориясын В.С. Нерсесянцтын улантуучулары – В.А.Четвернин, В.В. Лапаева, Н.В. Варламова, ошондой эле теориянын негиздөөчүсүнүн улуу агасы – Вазген Сумбатович Нерсесянц эсептелет. Көпчүлүк учурда либертардык теорияны идеология деп карашат жана аны метафизикалык, укуктук философиялык түшүнүү деп илимий статусун берүүдөн баш тартышат. Мындай күнөө коюларды үстөмдүк кылуучу укук жана мамлекетти позитивисттик түшүнүүнүн жактоочулары жылдырышкан.

Укукту жана мамлекетти либертардык-юридикалык түшүнүүнүн негизинде формалдуу теңчилдиктин принциби катары каралат. Теңчилдик белгилүү бир абстракцияны билдирет, б.а. теңештирген обьектилерге таандык айырмалардан сезимтал ой-жүгүртүү менен абстракциялоонун натыйжасы болуп эсептелет. Укуктук теңчилдик математикадагы сандык теңдикке караганда анчалык абстракттуу эмес. Ар кандай адамдарды укуктук теңештирүүнүн негизи болуп укуктук жөндөмдүүлүктүн жана укуктук субьектүүлүктүн формасында таанылган жана бекилген социалдык мамилелердеги индивиддердин эркиндиги саналат. Мында укуктук теңчилдиктин жана укук тууралуу көз караштын өзгөчөлүгү турат.

Укуктук теңчилдик – бул бири-бирине бирдей ченеми боюнча көз карандысыз жана эркин укук субьектилеринин теңчилдиги. Эгерде адамдар эркин жана эркин эмес болуп бөлүнсө, алар субьектилерге тиешеси жок болуп, укуктун обьектилери болуп калат да аларга укуктук теңчилдиктин принциби тарабайт.

В.С. Нерсесянц үчүн, укуктун баштапкы критерийи болуп формалдуу теңчилдиктин принциби саналат, анын негизинде адамдардын укук субьектиси катары теңчилдиги турат да, аягында алар укук чыгармачылыктын субьектилеринин теңчилдиги катары каралат.

Бул көз караштын позициясынан караганда, укук жана демократия – эркиндиктин ченемдик жана институционалдык кепилдерин билдирүүчү бир медалдын эки тарабы.

Укук таануунун тармактарында, окуу процессинде жана укук тажрыйбасында дагы деле легисттик көз караш үстөмдүк кылууда. Легисттик көз караш укукту мамлекет тараптан орнотулган жана санкцияланган жана мамлекеттик мажбурлоо чаралары менен камсыз болгон ченемдердин жыйындысы деп карайт. Бирок укук теориясында легизм мурдагы монополиясын жоготту, бирок жаңы көз караштардын бири дагы алдыңкы позицияны азырынча ээлей элек.

**Адабий булактар:**


Антология мировой политической мысли. – М., 1997. Т. 1-5.Антология мировой правовой мысли. – М., 1999. Т. 1-5.

Дамье В. В. Анархо-синдикализм в XX веке. – СПб, 2001.

Дюги Л. Конституционное право. Общая теория государства. – М., 1908.

Луковская Д. И. Социологическое направление во французской теории права. – Л.,1972.

Марчук В. П. «Свободное право» в буржуазной юриспруденции: Критика концепции Е. Эрлиха. – Киев, 1977.

Милон-Дельсоль Ш. Политические идеи 20 в. – М., 1992.

Пламенатц Д. Демократия и иллюзия. – М., 1975.

Ролз Дж. Теория справедливости. – Новосибирск, 1995.

Лапаева В. В. Социология права: Краткий учебный курс. М.,2008.

Четвернин В. А. Современные концепции естественного права. – М., 1988.

Штаммлер Р. Сущность и задачи права и правоведения. М., 1908.

Деборин А.М. Социально-политические учения нового и новейшего времени М., 1958.

История государственно-правовых учений. Учебник. Отв. ред. В. В. Лазарев. – М., 2006.

## 18-БӨЛҮК

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНДӨГҮ САЯСИЙ-УКУКТУК КӨЗ КАРАШТАРДЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

1. *Жусуп Баласагындын мамлекет жана укук тууралуу көз карашы*
2. *Кыргызстандагы «заманисттер» жана «демократтар» социалдык кыймылынын концепциялары*
3. *«Манас» эпосунун саясий-укуктук идеологиясы*

## 1. Жусуп Баласагындын мамлекет жана укук тууралуу көз карашы

Эгемендүү Кыргызстанда ата-мекенге берилген жана патриотизм деминде кызмат кыла турган келечек муунду элдин мурдагы бай рухий тажрыйбасына жана гуманизм идеяларына таянуусуз тарбиялоого мүмкүн эместиги ырас. Ушул себептен биз кайра-кайра кыргыз элинин традициялык маданиятын, укуктук тарыхын өнүктүргөн ойчулдардын кошкон салымына кайрылууга өзүбүздү жооптуу сезебиз.

Чыгыштын алгачкы орто кылымындагы ойчулдар Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүнө гана эмес, бүтүндөй Борбордук Азиянын элдеринин саясий-укуктук ойчулдугуна да көрүнүктүү салым кошушту. Саясий-укуктук чындыкты талдоодо диний принциптерге таянышса да, алар азыркы мезгилде да актуалдуу прогрессивдүү идеяларды жана пикирлерди сунуш кылган.

Ж.Баласагындын идеяларына кайрылуудан мурун, биз орто кылым кезиндеги мамлекетти коомдук-саясий институт катары бүгүнкү коом аткаруучу функцияларды ишке ашырган. Башка жагынан алсак, биздин урпактарга азыркы убактагы мамлекеттик тажрыйба таандык болгон эмес. Ушул себептен мамлекеттик башкаруунун көйгөйлөрү Борбордук Азияда кандай болгонун, биз Жусуп Баласагындын саясий-укуктук көз караштарынан байкасак болот.

Жусуп Баласагын (болжол менен 1021–1090, Баласагын ш.) – орто кылымда (XX–XII кк.) азыркы Кыргызстандын аймагында Караханиддер династиясы башкарып турганда өмүр сүргөн. Чыгыштын

улуу акылманы, агартуучусу, философ-акыны. Ал дүйнөлүк адабий казынасын «Куттуу билим» аттуу дастаны менен байыткан.

«Куттуу билим» дастанындагы эң негизги маселелердин орчундуусун Карахандар мамлекетинин саясий, экономикалык, аскердик коргонуу ж.б. жагын чыңдоо, маданиятты өнүктүрүү, илим-билим алуу, адеп-ахлактык, моралдык-нравалык маселелерди жолго кою жана өлкөнү жакшылап калыс башкаруу идеясы түзөт. Бул идеялык позиция жалаң эле Карахандар мамлекети гана эмес, дүйнөдөгү бардык мамлекеттер үчүн да эң зарыл керектүү, үлгү болорлук деңгээлге көтөрүлгөн, прогрессивдүү гуманисттик идеялык позиция болуп саналат:

*«Билесиң пайдасы көп, көпкө мунун,*
*Бийликтүү өкүмдарга керек мунум.*
*Китепте акылмандар насааты бар,*
*Башкаруу ыкмалары эсте тутар.*
*Падыша өз өлкөсүн сактоо жөнү,*
*Кандай шарт, кандай тартип керектиги.*

Мында, Жусуптун концепциясынын негизги өзөгү – акыйкаттуу башкаруу идеясы жана анын негизинде акылмандуу өкүм сүрүүнүн негизги формулировкалары келип чыккан: сот адилеттиги, акылман жана нравалык өрчүү, залимдикти, зомбулукту жана бийликти кыянаттык менен колдонууну жолотпоо, мыйзамдардын бийик кадыр-баркы жана бекем мыйзамдуулук, жалпы жыргалчылыкка жетүү.

Ойчул агартууга жана илимге таянуу менен, коомдук турмушту жана мамлекеттик башкарууну жакшыртуу мүмкүн экендигине ишенген. Жусуптун бул идеялары аль-Фараби, ибн-Сина жана Фирдуоси-лердин ой-пикирлерине окшош.

Заманбап кыргыз тилинде дил баяндын аты «Кут билим» деп аталат. Ал эки сөздөн турат: «кут» – ырыскы, бакты-таалай жана билим – «билим», б.а. «Бакты-таалай берүүчү билим» деп академик Владимир Бартольд жазган.

Кыргыз тилинин этишинде «бил» эки маанини билдирет – билүү жана бийлөө. Профессор С.Е. Малов дил баянды « Бактылуу кылуучу башкаруу» деп которгон.

*Жусуп гуманист* катары элдик массаны аеосуз пайдаланып, талап-тоноп, укуктарын жана аброюн төмөндөткөн хан жана бектердин зомбулугун (деспотизмин) сындаган. Ал дөөлөттүүлөрдү кембагалдарга карата кең пейил болуп, аларды багууну, «сыйлоо» мамиле кылууга чакырат.

Жусуп заманбап коомдо социалдык теңсиздик жана дөөлөттүүлөрдүн жана колунда жоктордун ортосунда карама-каршылык үстөмдүк кылаарын көрүп, аларды жараштырууга аракет жасайт жана акылмандуулук жана рухий билимдин позициясынан түшүндүрмө берет. Ал социалдык топтордун жана таптардын ортосунда гармониялык мамилелерди курууда жана социалдык адилеттүүлүктү орнотууда мамлекетти башкаруу үчүн гумандуу мыйзамды иштеп чыгуу керектигин айтат.

Ойчул коомдун бардык мүчөлөрүн дыйкандарга, кол өнөрчүлөргө жана малчыларга урматтоо менен мамиле кылууга чакырат, себеби алар адамдарды багат жана кийинтет деген.

Акындын ою боюнча, *мамлекет башкаруучу* мыйзамдарды сактоодо адилеттүү болушу керектигин, ал эми коомду башкарууда акыйкаттуулуктун символу – мамлекет башкаруучу Күнтолдудай адамдарды бектерге жана кулдарга бөлбөстөн аларга бирдей мамиле кылышы керегин айткан.

Жусуп, качан мамлекет башчы адилеттүү, мыйзамга таянып башкарса, ошондо гана идеалдуу мамлекет жаралат деген. Мамлекет башчы билимдүү, акылман, туура ой жүгүрткөн болушу зарыл экенин билдирген. Ал башкаруучуларга мамлекетти башкарууда илимдин, агартуунун ж.у.с. ийгиликтерине таянууга үндөйт.

Жусуп өзгөчө көңүлдү мораль, этикалык идеяларга (жакшылык жана жамандык) поэманын акырына чейин бурат. Этикалык категориялардын мазмунун (адилеттүүлүк, жакшылык, жамандык) адилеттүүлүк жакшылыктын негизи болушун концепция катары карайт. Адилеттүү мамлекет башкаруучу болуу, бул жакшылык иштерди элге кылганда дейт.

Ойчул, адамды адеп-ахлакка (нравалык) тарбиялоодо илимий концепциялардын ролун жана маанисин сүрөттөйт: «Билим – бул адеп-ахлактуулук». Жусуп боюнча, билим жана акыл инсангдыжакшылык жасоо жана адилдикке үйрөтөт, анткени адамдар илимий би-

лимдерге ээ болуп, рухий жана адеп жагынан өркүндөйт деген. Мисалы, Жусуптун афоризми: « Илимде бүт убай, таанууда айбаттуулук».

«Кут билим» поэмасы *төрт принциптен* турат:

- Адилдик – адилеттик, чынчылдык;
- Даулет – дөөлөт, байлык;
- Акыл – акыл, эс;
- Канагат – канааттануу, алымсынуу.

Адилеттүүлүк туура, бекем мыйзамдарга негизделишин мамлекет башкаруучу Күнтолду билдирет. Ага мамлекеттик иштер боюнча кеңешчи – Айтолду. Буларга ойчул коомдогу иштерди чечүүдө көтөрүнүп эсирип кетпөөнү каалап, душмандардан сак болуусун эскертет.

Элди Күнтолду адамгерчиликтүү башкарып турганда мамлекет гүлдөп турган учуру, элдин ток кези жана жамандык эмне экенин билбегени.

Күнтолдуну элдер жакшы көрүп макташчу. Анын ийгиликтерине ичи күйдү душмандар да жок эмес. Кээ бири андан коргонууну издесе, башкалары андан чоң үмүт күтүшкөн.

*Мыйзамды*н алдында бардыгы тең экендигин билдирген.

Поэмада Жусуп мамлекетти башкарууда – бек, хандар, акимдер кандай болушун жана өз ээлеген ордуна туура келиши жөнүндө айткан. Он кылым аралыгында жашап келген поэма чыгыш элдеринин падышаларына арналган насаат деп бааланат.

## 1. Кыргызстандагы «заманисттер» жана «демократтар» социалдык кыймылынын концепциялары

XIX к. аягы – XX к. башында Кыргызстан Россия империясынын тушунда ар кандай социалдык кыймылдар жаңы коомдук-саясий шартты субьективдик көз караштар менен кабыл алышкан. Бул шартка жооп болуп алгачкылардан болуп «заманизм» социалдык кыймылы пайда болуп, турмуштун калыптанган укладынын бузулушун, адепахлактуулуктун кулашын « замандын кыйроосу» катары карашкан.

Заманист-акындар коомдогу патриархалдык – уруучулук мамилелердин бузулушу тууралуу көйгөйлөрдү сүрөттөгөн, ошондой эле Россияга кошулуунун натыйжасына ой жүгүртүшкөн жана үрп-адаттын, салттардын – адат укуктун негиздери унутулуп, жок болуп ке-

тээрин эске салышкан жана мамлекеттүүлүк калыптанып жаткан мезгилде улуттук биримдик зарыл экенин сезишкен.

«Славянофилдер» сыяктуу эле, заманисттер Кыргызстандын өзүнүн улуттук негизинде өнүгүүсүн чыгармаларында көрсөткөн.

Заманисттер социалдык жана рухий турмуштагы кубулуштарды диний көз караш жана урууучулдук позициядан карашкан. Алар чыгармаларында санааланган (кайгырган) заманды пессимисттик позициядан мүнөздөшөт: («Акыр заман» – Калыгул), («Тар заман» – Арстанбек), («Зар заман» – Молдо Кылыч).

Урууучулдук түзүмдү коомдук идеал катары карап, анын бузулушундагы доорду, кайгы жана зар заман катары эсептешкен. Акындар жергиликтүү эзүүчүлөрдү жана орус колонизаторлорду жек көрүү менен карап, бирок орус көчмөн дыйкандардын прогрессивдүү мыкты эмгек ыкмаларын жана экономиканы уюштурууда алдыңкы формаларын таратканын колдошкон.

Бул идеялар акын-ойчулдар: Калыгул Бай уулу (1785–1855), Арстанбек Бойлош уулу (1824–1878), Молдо Нияз (1820–1896-жж.) жана Молдо Кылыч Шамырканов (1867–1917) аттуу заманисттер аркылуу өнүккөн.

**Калыгул Бай уулу** (1785–1855-жж.) – заманисттер кыймылынын башында турган, бий жана кыргыз феодалдык аристократиясынан чыккан акын. Ал Ысык-Көлдүн Кара-Ой айлында бай үй-бүлөдө туулган.

«Акыр заман» аттуу поэмасында өткөн заманды мактап ырдаган, кембагал туугандарына көмөк кылган «жакшы» жана «жаман» уруу башчыларды даңазалаган, феодалдык талаш-тартыштарды сынга алган, манаптарды бейкут жашоого чакырган. Ал ыр саптарында коконДук зомбулукту, хандын чексиз салыктарын ашкерелейт. Калыгулдун поэзиясына граждандуулук, патриотизм таандык.

Калыгулдун чыгармасында *укук проблемасы* дагы бар. Ал бий (сот) болуу менен, соттун этикалык кодексин түзөт, ага жалпы адамзаттын баамдуулуктары жана жүрүм-турумдарынын ченемдери, чынчылдык, пайдага чаппоочулук, адилеттик, өз-ара урматтоо кирет. Адамдардын ортосундагы теңсиздиктин келип чыгышын социалдык түзүмдөн көрөт жана коомдун ар кыл катмарынын турумуна нравалык мүнөздөмө берет.

Калыгул бий кезинде элдин арасында атагы тараган эле жана ал мындай принцип менен иш алып барган: «Ыймандуу бийде тууган жок, тугандуу бийде ыйман жок». Ошол себептен аны «калыс бий» деп аташкан. Калыгул билим жана агартуу идеяларын көздөгөн. Арстанбек жана Молдо Кылычка караганда, ал консерватор эмес эле, ал патриархалдык түзүлүштү идеалдаштырган эмес.

**Арстанбек Бойлош уулу** (1824–1878) – белгилүү акын-агартуучу, акын-импровизатор, замандын алмашканын оор кайгыруу менен кабыл алган акындарга кирет. «Тар заман» («Арылбастык заман») дил баяндамасында кайтпас өтүп кеткен «ата-бабалардын заманы» – социалдык адилеттүүлүктүн заманы деп куса болот жана ата-бабалардын рухунун эң мыкты көрүнүштөрүн сактоого чакырат. Ал Ысык-Көлдөгү Тескей-Сырт жергесинде кедейдин үй-бүлөсүндө туулган.

Ата-бабалардын патриархалдык турмушундагы бай жана кедейлердин ортосунда айырма жок кезди мактап ырдайт. Арстанбектин чыгармалары тарыхый окуяларды жана жаңырууларды камтыйт.

Арстанбектин чыгармасындагы борбордук орунду «эл» түшүнүгү («эл», «калк», «калайык», «журт») ээлейт. Кокон колонизаторлорун катуу сынга алат. Кыргызстандын Россияга кошулушун ар тараптан баамдайт.

Кыргыздар ынтымактуу, өз-ара чыр-чатаксыз жашап калганын жана Кыргызстандын абалы эл аралык абалдай эле, турукташып калганын айтып, мамлекет аралык ынтымак идеясын сунуштайт: «Мамлекет аралык ынтымак – дурус иш». Келечекти кароодогу мурдагы ишенбестик, олку-солку көз караштары оптимисттик көз караштар менен алмашат.

Дагы белгилей турган нерсе, Арстанбек – жазгыч акын болгон жана анын салымы кыргыз адабиятында дагы деле актуалдуу.

**Молдо Кылыч Шамыркан уулу** (1867–1917-жж.) белгилүү манап Төрөгелдинин небереси болгон. Белгилүү ырлары болуп «Зар заман», «Бүркүт тою», «Чүй өрөөнү тууралуу дастан». Биринчи жазгыч акын жана ал «1911-жылкы жер титирөө тууралуу баян» аттуу чыгармасын Казан шаарында кыргыз тилинде араб шрифти менен чыгарат. Бала кезинде жетим калат, алгачкы диний билимди Кочкор жергесинен молдолордон алат.

Молдо Кылыч агартуу жана нравалык жактан жакшыртуу идеясын, диний постулаттарга таянып чакырат. Ал эмгектин алдыңкы ыкмаларын орус көчмөн калкынан үйрөнүүгө үндөгөн.

Бул ойчулардын прогрессивдүү идеялары жана антиклерикалдык тенденциялары азыркы шартта да актуалдуу.

Кыргызстанда XX к. башында заманисттердин кыймылынан башка да *«демократиялык»* агым пайда болгон.

Заманисттердин катарында революцияга чейинки жана XX кылымдын башындагы социалдык жана коомдук-саясий кыймылдардын бири «демократтар» агымы болгон: Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо жана Барпы Алыкулов.

**Токтогул Сатылгановдун** (1864–1933-жж.) чыгармачылыгында революцияга чейинки жана андан кийинки тарыхый заман көрсөтүлгөн. Бала кезинде жетим калып, бирок таланттуу болгондуктан комуз да чертип, ыр да ойлоп таап, төкмө акынга айланат. Токтогул бир да башкаруучунун элге кам көрүүдө салыксыз иш кылбасын байкайт.

Токтогул *социалдык акыйкаттулук* идеяларын көтөргөн: Эмгекчил элдин тарабын жактаган, байлар жана манаптар аны «хан сарайлык акын» кылуу аракетин кылганда, Токтогул таптакыр андан баш тартат. Ал элдин мүдөөсүн жактап, манаптардын жана бийлердин ачкөздүгүн, адилетсиздигин, текеберчилигин «Беш каман» аттуу ырында ашкерелейт.

Бул идеялары үчүн Кетмен-Төбө манабы Рыскулбек Токтогулду Андижандагы колониалдуулукка каршы кыймылга тиешеси бар деп жалаа жабат. Империялык бийлик Токтогулду адегенде өлүм жазага, бирок андан кийин Сибирге 7 жылга сүргүнгө айдайт. Иркутск шаарындагы капаста орус революционерлери менен тыгыз байланышып келгенден кийин Октябрь революциясын даңазалайт («Кандай аял тууду экен, Ленининдей уулду») жана демократиялык прогрессивдүү идеяларга үндөйт: кыргыз элинин боштондугун, гуманизмди, акыйкаттуулуктун келишин, эл бийлигинин орношун даңазалайт.

Токтогул өзүнүн идеалдуу коомун, мамлекет башчы кандай болушун «Кедейкан» аттуу революцияга чейинки поэмасында чагылдырат. Кедейкан башкарган коомдо байлар да, муктаждыгы жок, кедейкембагалы жок идеалдуу мамлекетти көрсөткөн.

Кедейкандын образында акыйкатчыл, эл ишенип шайлаган мамлекет башчыны (кырк жигити да бар) көрсөткөн. Токтогул коомдун байкубат жашоосун тилеген.

Демократтар көтөргөн теңчилдик, адилеттүүлүк, кыргыздардын социалдык-таптык ажыроосу, дөөлөттүүлөр менен кедейлердин социалдык абалындагы айырмага каршы чыгып атаган идеяларын көтөрүшкөн.

## 1. «Манас» эпосунун саясий-укуктук идеологиясы

Эркиндик жана көз карандысыздык, кыргыз мамлекетттүүлүгүн сактоо *улуу идеясы* – "Манас» эпосунун саясий-укуктук идеологиясынын негизги өзөгү.

Эпос ооздон-оозго, муундан-муунга таланттуу манасчылар – «чоң манасчы», «улуу манасчылар» аркылуу берилип, эл оозунда алар эпостун сакчылары жана трансляторлору катары эсинде калат.

«Манастагы» негизги тема – легендарлуу кыргыз баатыры Манастын Афганистанга, Орто Азия жана Кытайга аскердик жүрүштөрүн сүрөттөө.

*Кыргыз мамлекетттүүлүгүнүн этаптары*: Көпчүлүк изилдөөлөрдүн натыйжалары эпостун б.д.ч. бир миң жылдыктын орто ченинде калыптанып башташын жана анын XVI кылымда кыргыз элчилигинин калыптанып бүтүшүндөгү мезгилди камтыган деп көрсөтүшөт. Эпостогу миф убактысын алып салса, төмөнкүчө мезгилдерге бөлүүгө мүмкүн:

1. Хуннդук – гунндук (XVII к. б.э.ч.. –V к. б.э.);
2. Байыркы түрк – кыргыз (VI–XII кк.);
3. Кара-Кытай жана караханиддик (X–XV кк.);
4. Монголдук (XII к.);
5. Алтын Ордо жана башка хандыктардын окуялары мезгили (XIV–XVI кк.);
6. Жунгар же ойрот-калмактык (XV–XVIIIкк.);
7. Кеч кошулган калктар (XIX– XX к.башы).

Эпосто кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчкөнү так көрсөтүлүп, кыргыздардын дагы бир ирет мамлекеттүүлүктү кайрадан тургузуу аракети айтылган.

«Манас» эпосундагы мамлекеттин атрибуттары жана символдору: мөөр, туу, асаба, байрак, желек көрсөтүлгөн.

Мамлекеттик бийликтин атрибуттары: ак кийиз – хан бийлигинин символу, укук маданиятынын символу; хан таажысы – мамлекет башчынын символу сүрөттөлөт.

Коомдун социалдык стратификациясы: хан (ажо); аксакалдар кеңеши; бек; бий; а; сынчы; чечен, аскер кеңешчиси, кул ж.б.

*Эпостогу саясий режим* – аскер демократиясы (согуш абалда жашашкан).

*Демократия* укук маданиятынын элементи катары азыркы тынчтык мезгилинен алда канча өнүккөн эле. Хан бийлигинин кадыр-баркы күчтүү болгон. Хандын өкүмдөрү оозеки формасында гана аткарылчу.

Курултай заманбап парламенттин негизи катары саясий мүнөздөгү кырдаалда гана чогулуп, анда мындай маселелер коюлчу: согуш жана тынчтык маселеси, көчүү тууралуу чечимдер, уруунун коопсуздугун камсыздоо, жетим-жесирлердин социалдык жактан кам көрүү маселелери каралчу. Курултайдын  чечими мыйзамдын күчүнө ээ болгон.

*Енисей мамлекетиндеги укук тууралуу*. Көчмөндөрдүн укугунун башкы булагы – адат укугу – жазылбаган мыйзамдар, Сөз – мыйзам катары болгон (атадан-балага, баладан-балага айтылган) . «Айтылган сөз аткан окко барабар»дейт.

Адат укугу – жүрүм-турумду жөнгө салуунун негизги формасы. Адаттарды сактоо коомдук таасир этүү чаралары менен жөнгө салынган.

*Адат укугунун принциптери*: ата-бабалардын керээзин аткаруунун үстөмдүк принциби (ата-бабаларга жек көрүнүүчү нерселерден баш тартуу – жаратылышты ыйык тутуу); социалдык теңчилдиктин принциби (уруудагы өз-ара жардам); талион принциби («канга-кан», өч алуу); телегейлүү тең жардам принциби; телегейлүү тегиз адилеттүүлүк; жалпы жыргалчылык принциби (мамлекеттүүлүктү жана анын көз карандысыздыгын бекемдөө).

Кыргыз мамлекетттүүлүгүнүн жаралышы татаал жана бир-бирине карама-каршы келе турган процесс болгон. Тарыхтын кээ бир учурларында кыргыз мамлекети жок болуп кетүүгө дуушар болгон.

Так ушул учурда кыргыз мамлекетинин башчысы Манас ажого мамлекеттин бүтүндүгүн, анын аймагынын ажырагысын камсыз кылуучу тарыхый миссия, милдет жүктөлгөн. Уруунун өмүр сүрүшү хандын инсандыгы, анын кадыр-баркы, аброю менен шартталган.

Жөнөкөйлүүлүк, түздүк, чынчылдык жана кең пейилдик, патриоттуулук Манасты башка персонаждардан айырмалап, Манасты «айкөл» деп айтууга мүмкүнчүлүк берет.

Ошол себептен айкөл Манас керээз кылып өзүнүн урпактарына төмөнкү сабактарын, осуяттарын (идеяларын) калтырган:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;

5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;

7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.

Манастын жети осуяты – «Манас» эпосунан алынган идеялар. Манастын осуяттары улуттук-укуктук идеологиянын булагы катары 1995-жылы «Манас эпосунун» 1000 жылдык юбилейинде кабыл алынган.

Бул идеялар окумуштуу А.Акаев тарабынан «Кыргызская государственность и эпос «Манас» аттуу китебинде иштелип чыккан. Ал идеялар элдин атуулдук ариетин улуттук ар-намысын ойготуу максатын көздөйт.

Бүгүн Кыргызстанда окумуштуу жана практиктерге көчмөн коомдун хандык башкаруусунан эң баалуу лсуяттардыкабыл алса болот – бул көз карандысыздык, ачыктык, коомдогу кадыр-барк, шайлануучулук ж.б. негизделген принциптери саналат.

## «Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы» дисциплинасы боюнча тестирлөө суроолорунун варианттары

**1-вариант**

1. Платон идеалдуу мамлекеттик түзүлүш деп аристократияны эсептеген, ал эми экинчи орунга мыктылык даражасы боюнча ал койду. Бул мамлекеттик түзүлүштүн формасын атагыла:

а) охлократия
б) демократия
в) тимократия
г) олигархия

2. М.Лютер боюнча, өтүмдүүлүк элдик тартип, мамлекетке таянычтын аркасынан келип чыгат:

а) кереметтүү укук
б) элдердин укугу
в) менчик укук
г) табигый укук

3. «Артхашастра» – Байыркы Индиянын саясий ойчулдугунун эң белгилүү чыгармасы.

Бул чыгарма орус тилинде кандай которулган?

а) наука об управлении;
б) наука о пользе;
в) политическая наука;
г) наука о власти.

4. Конфуцийчиликтин эң өзөктүү түшүнүгү – ЛИ түшүнүгү. Кыргыз тилинде эмне деген маанини билдирет?

а) акылмандуулук
б) мыйзам
в) жакшылык көрсөткүч
г) акыйкаттулук

5. Кайсы белгилүү ойчул мамлекетке (respublica) элдин иши жана «элдин мүлкү» (respopuli) деген аныктама берген?

а) Платон
б) Аристотель
в) Полибий
г) Цицерон

6. Жан Кальвин үчүн, эң начар башкаруу формасы:

а) монархия

б) демократия

в) олигархия

г) аристократия

7. Жан Бодендин айтуусу боюнча « эгемендүүлүк башынан ыкталат .......

а) королдо

б) феодалда

в) элде

г) өкмөттө

8. «Макиавелли жазат, – теңчилдик үстөмдүк болгон жерде – ал жерде жаралбайт. ( Макиавеллинин сөзүн толуктагыла):

а) республика

б) демократия

в) монархия

г) охлократия

9. 16 к. биринчи жарымында Батыш жана Борбордук Европада чиркөө уюмдарын кайтадан түзүү кыймылы аталат:

а) Реформация

б) Кайра Жаралуу

в) революциялар

г) гуманизм

10. Ал – мамлекетти негиздөөчү аталардан болуп, АКШнын көз карандысыздыгын негиздөөчү үч маанилүү тарыхый документтерге жалгыз бул гана кол коет:

а) Б.Франклин

б) Р.Рейган

в) Д.Мэдисон

г) Т.Джефферсон

11. Кудайдын күн мурун болжоо догматы – окуусунун өзөгү:
Догмат о божественном предопределении – сердцевина учения:

а) Мартин Лютер

б) Жан Кальвин

в) Томас Мюнцер

г) Н. Макиавелли

12. Ф.Аквинскийдин айтуусу боюнча, кайсыл монархия чоң артыкчылыкка ээ?

а) чексиз

б) саясий

в) конституциялык

г) сеньориалдык

13. Ф. Аквинскийдин окуусундагы кайсы мыйзамдан башка мыйзамдар келип чыгат:

а) түбөлүк

б) керемет

в) табигый

г) адамдык

14. Кайсы англис ойчулу мамлекеттин түзүлүшүн тирүү организмге окшоштурган?

а) Т.Гоббс

б) Д.Мильтон

в) Д.Локк

г) Д.Лильберн

15. А.Гамильтондун саясий теориясын элдерди 2 категорияга бөлүү негизи түзөт:

а) активдүү жана пассивдүү

б) бай жана кедей

в) демократ жана деспоттор

г) төмөнкү жана жогорку

16. Кант укуктагы үч категорияны белгилейт: табигый укук, позитивдик укук. Үчүнчү категориясы кандай аталат?

а) позитивдик укук

б) социалдык укук

в) элдик укук

г) акыйкаттулук

17. Кимди «Американын конституциясынын атасы» деп атайт?

а) Д.Мэдисон

б) Т.Джефферсон

в) Б.Франклин

г) Т.Пейн

18. Франция революциясынын жүрүшүндө шаардык жана элеттик кедей-кембагалдардын кызыкчылыктарын кимдер билдирген:

а) жирондисттер

б) фельяндар

в) либерал-дворяндар

г) якобинецтер

19. «Мамлекет – бул бир таптын экинчи тапка болгон үстөмдүгүн кармап жана басып туруучу машина» – бул аныктама кимге тиешелүү?

а) Л.Дюги

б) М.Вебер

в) Аристотель

г) В.Ленин

20. Бул теориянын жактоочулары, мамлекеттик бийлик коомдун мыкты бөлүгүнө таандык болушу керек деген:

а) элита теориясы

б) технократиялык теория

в) демократиялык доктрина

г) марксисттик теория

**Вариант-2**

1. Ал биринчилерден болуп, саясатты моралдан бөлөт жана 14 жыл бою саясатчы-практик болуп Флоренция республикасынын катчысы болот?

а) Ж.Боден

б) Т.Мюнцер

в) Ж.Кальвин

г) Н.Макиавелли

2. XIXк. биринчи жарымындагы Оруссиядагы декабристтердин өкүлү?

а) М.М. Сперанский

б) Н.М. Карамзин

в) П.И. Пестель

г) П.Я. Чаадаев

3. СУОТ предмети эмнеде?

а) саясат, укук, малекеттин келип чыгышы жана өнүгүү тарыхы тууралуу теоретикалык билимдер

б) мыйзамдуулуктун тарыхы

в) укук, саясат жана мамлекет мыйзамдары жана мыйзам ченемдүүлүгү

г) бийликтин жана бийлик мамилелеринин мыйзам ченемдүүлүгү

4. Атактуу байыркы римдик укуктун булагы:

а) XII таблицалар мыйзамы

б) Хаммурапи мыйзамдары

в) Ману мыйзамдары

г) Авеста

5. Табигый рационалисттик жана эл аралык укуктун негиздөөчүсү:

а) Гуго Гроций

б) БенджаминКонстан

в) Густав Гуго

г) Иосиф Сталин

6. Платон (V – IV к. б.э.ч.) башкаруунун идеалдуу формасы катары азчылыктын бийлиги – аристократияны эсептеген. Ал бийликтин эң начары деп эмнени эсептеген?

а) олигархия

б) залимдик

в) тимократия

г) демократия

7. VI к. б.э..ч. белгилүү грек реформатору –архонту , жети акылмандын бири, анын реформасынын негизинде социалдык курулуштун негизи теги эмес, мүлктүк абал болот?

а) Полибий

б) Драконт

в) Солон

г) Пифагор

8. Аристетотелдин жеке пикири боюнча, көпчүлүк жалпы пайда үчүн башкарган орто тап мамлекеттин туура формасы боло алат деп караган:

а) охлократия

б) полития

в) олигархия

г) аристократия

9. Немец ойчулдарынын ичинен ким биринчи жолу жарандык коомду жана саясий мамлекеттин ажыратат?

а) И.Фихте

б) Г. Гегель

в) И.Кант

г) С.Пуфендорф

10. XIX к. башталышындагы « утопиялык социализмдин» жактоочусу болуп, биринчи маселеге эркин эмгекке жана пландуу экономикага негизделген ири коомдук өндүрүштү түзүүнү багыштайт?

а) Анри де Сен-Симон

б) Л.Троцкий

в) Р.Люксембург

г) Г.Бабеф

11. Позитивизмдин жол башчысы, ал так илимдин негизинде коом тууралуу «позитивдик» илимди жана коомдук өнүгүүнү физика закондоруна такаганга аракет жасаган?

а) Дж.Милль

б) О.Конт

в) Г.Спенсер

г) Д.Остин

12. Кайсы ойчулдардын көз карашы боюнча, укук таптык мүнөздө болот:

а) Платон жана Аристотель

б) Н.Макиавелли жана Ж.Кальвин

в) Д.Локк жана Ш.Монтескье

г) К.Маркс жана Ф.Энгельс

13 . Кимге « позитивдик ( турумдагы) укук» теориясы өзүнүн тазалыгын камсыз кылууда алдын ала позитивдик укукка бөтөн болгон элементтерден баш тартууну сунуштаган?

а) Г. Кельзендин нормативизми

б) Л.Дюгинин тилектештик теориясы

в) В.Паретонун элиталар теориясы

г) Дж. Остиндин юридикалык позитивизми

14. «Мамлекет – өз элин басмырлоо аппараты, жана мамлекетте көп жазалоо жана аз сыйлыктар болуусу зарыл» деп башкаларга карама-каршы келген кытай ойчул мектебин атагыла?

а) моисттер мектеби

б) легисттер мектеби

в) даосизм мектеби

г) конфуцийчыл мектеби

15. Бийликтин тең салмактоо теориясын иштеп чыккан саясатчыны атагыла: "бир да бийлик бутагы башка бийлик бутагы сунуштаган мыйзамды алмаштыра албайт»:

а) Ж.Ж.Руссо, б) А.Вольтер

в) Ш.Монтескье, г) М.Робеспьер

16. Жазык укук тарыхында ал «классикалык» мектептин биринчи негиздөөчүлөрү деп каралат:

а) Хамураппи падышасы

б) Ч.Беккариа саясатчысы

в) Шан Ян башкаруучусу

г) Драконт архонту

17. 4-июль,1776-ж. АКШнын биринчи Көз карандысыз Декларациясынын автору, АКШнын үчүнчү президенти:

а) Б.Франклин

б) Д.Маршалл

в) Д.Мэдисон

г) Т.Джефферсон

18. Америкалык агартуучу, президенттик башкаруу формасынын автору – аткаруу бийлигинин күчтүү башчысы, жана демократиялык оппозицияны кармап туруучу жана мамлекеттин экономикалык жана аскердик күчүн өстүрүүчү концепциясын айткан:

а) Т.Пейн

б) А.Гамильтон

в) А.Линкольн

г) У.Черчилль

19. Реформация доорундагы демократиялык республиканы орнотуу идеяларын көздөгөн ойчул:

а) Т.Мюнцер

б) Р.Рейган

в) Г.Гегель

г) Рим папасы

20. XIVк. Араб тарыхчысы, «Ири тарых»трактатында мамлекеттин өнүгүүсүнүн өзгөчө концепциясын иштеп чыккан ойчул:

а) Ибн-Рушд

б) Ибн-Халдун

в) Ибн-Сина

г) Аль-Бухари

**Вариант-3**

1. Кайсы демократиялык жана революциялык тыянактардын доктринасын өзүнүн мээлей турган огу кылып тарыхый укук мектебин сындаган?

а) методологиялык

б) философиялык

в) табигый-укук

г) субъективдик

2. Республикалык өзүн-өзү башкаруу идеясын Т.Пейн кайсы памфлетинде жактаган?

а) «Общий обзор права»

б) «О политике»

в) «Мысли о власти»

г) «Здравый смысл»

3.Г.Гегелдин мамлекет жана укук тууралуу бүтүн жана системалык окуусу кайсы чыгармасында тастыкталаган?

а) « Философия права»

б) « Феноменология духа»

в) « Философия истории»

г) « Конституция Германии»

4. Бийликти кыянаттык менен пайдаланууну жокко чыгаруу үчүн Монтескье эмнени сушуштайт?

а) бийликти көзөмөлдөө

б) парламентаризм

в) ачыктык

г) бийликти бөлүштүрүү

5. Б.Спинозанын саясий-укуктук көз караштары каралган чыгармасын атагыла:

а) « Введение в изучение права»

б) « Свободное море, или о праве»

в) « Богословско-политический трактат»

г) « Введение в изучение права Голландии»

6. Левеллерлерди мамлекеттүүлүктүн саясий-укуктук идеалын эмнеден көргөн?

а) монархия

б) парламенттик монархия

в) империя

г) республика

7. «Москва – үчүнчү Рим» теориясынын авторун атагыла:

а) Филофей

б) Волоцкий

в) Сорский

г) Патрикеев

8. Ж.Бодендин оюу боюнча, мамлекеттин ячейкасын эмне түзөт:

а) фабрика

б) дыйкан чарба

в) үй-бүлө

г) жамаат

9. 1536-жылы Кальвин кайсы диний трактатын жарыкка чыгарат?

а) «статейное письмо»;

б) «12 статей»;

в) «Защита против тиранов»;

г) «Наставления в христианской вере».

10. Т.Мюнцердин жакындаштарынан чыккан жана көтөрүлгөн дыйкандар массасынын социалдык жана саясий-укуктук идеяларын чагылдырган чыгарманы атагыла?

а) Библия;

б) китептерде;

в) активдүү аракетте;

г) «Статейлик катта»;

11. Николо Макиавеллинин саясий-юридикалык эмгегин атагыла:

а) « Статейное письмо»;

б) « Наставление в христианской вере»;
в) «Государь»;
г) «Франко-Галлия».

12. Реформациянын башында ким турган?
а) Макиавелли
б) Мартин Лютер
в) Мюнцер
г) Кальвин

13. Кайсы чыгармасында Владимир Мономах өзүнүн саясий программасын туюнткан?
а) «Моления»
б) « Слово о Законе и Благодати»
в) «Поучения детям»
г) Свод законов Российской империи.

14. Ибн-Халдундун кайсы чыгармасында мамлекет жана саясат тууралуу окуусунун негизи салынган?
а) « Мукаддима»
б) « Гражданская политика»
в) « О взглядах»
г) « Афоризмы государственного деятеля».

15. Полибийдин кайсы эмгегинде көз караштары көрсөтүлгөн?
а) «Государство»
б) «История в сорока в книгах»
в) «Этика»
г) «Софист»

16. Саясий-укуктук тематикага арналган Аристотелдин чыгармаларын атагыла:
а) «Законы»
б) «Критон»
в) «Протагор»
г) «Политика», «Афинская политика», «Этика»

17.Пифагорчулардын көз карашында кайсы окуу аныктоочу ролду ойногон?
а) теңчилдик
б) акыйкатчылдык
в) мыйзамдар тууралуу

г) бекерпостор тууралуу

18.Байыркы кытайлык легизмдин негизги идеялары кайсы трактатта каралган?

а) «Шань Цзюн-шу»

б) «Хань Фей-цзы»

в) «Лунь-юй»;

г) «Дао Дэцзин»

19. Кытайдын саясий жана этикалык ойчулдугуна ким фундаменталдык ролду ойногон?

а) Мао-цзы

б) Шань-ян

в) Шень Бу-хай

г) Конфуций.

20. Фома Аквинскийдин мыйзамдар «пирамидасында» башкы орунду ээлеген мыйзам:

а) кереметтүү

б) түбөлүк

в) мамлекеттик

г) жердик

**«Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы « дисциплинасы боюнча эссе, рефераттардын тематикасы:**

1. Саясий жана укуктук доктриналардын предметинин түшүнүгү жана түзүмү
2. Саясий жана укуктук окуулар тарыхынын методологиясы
3. Саясий-укуктук доктриналарды баамдоо критерийлери
4. Саясий жана укуктук окуулар тарыхындагы жакындашууларды мезгилдерге бөлүүнүн теоретикалык көйгөйлөрү
5. Байыркы Чыгыштагы саясий-укуктук ойчулдуктун жалпы мүнөздөмөсү
6. Брахманизм жана буддизмдин саясий-укуктук идеологиясы
7. Байыркы Кытайдагы Конфуцийдин саясий-укуктук көз караштарынын өзгөчөлүгү
8. Байыркы Грециядагы мамлекет жана укук тууралуу концепциялардын негизги багыттары

9. Алгачкы антикалык этаптагы ойчулдардын саясий жана уктук концепциялары

10. Платон жана Аристотелдин саясий жана укуктук көз караштары

11. Мамлекеттин формаларынын айланыш теориясы жөнүндөгү Полибийдин окуусу

12. М.Т. Цицерондун мамлекеттик-укуктук доктринасы

13. Рим стоиктеринин укуктук концепциялары (Эпиктет, А.Сенека, М.Антонин)

14. Рим юристтеринин укуктук окуулары (II-IIIк) жана өнүгүүсү

15 Аврелий Августиндин теологиялык-укуктук концепциясы

16. Ф.Аквинскийдин жана М.Падуанскийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу

17. Орто кылымдык ерестердин мамлекет жана укук көйгөйлөрү

18. Орто кылымдык Батыш Европадагы юридикалык көз караштар

19. Чыгыш Арабиядагы саясий-укуктук исламдык идеология

20. Мусулмандык укуктук булактар

21. Аль-Фарабинин саясий-укуктук көз караштары

22. Ибн-Халдундун саясий-укуктук концепциясы

23. Чыгыш саясий ойчулдарынын жана европалык ойчулдардын мамлекеттик-укуктук концепцияларынын өзгөчөлүгү

24. Орус мамлекеттүүлүгүнүн алгачкы мезгилиндеги саясий-укуктук идеялары.

25. Стяжателдердин (дүйнөкорлордун) жана стяжатель эместердин саясий тартышуусу.

26. «Москва – үчүнчү Рим» аттуу Филофейдин саясий концепциясы.

27. Москва мамлекетинин өнүгүү учурундагы саясий-укуктук окуулар.

28. Н.Макиавеллинин саясий-укуктук концепциясы

29. М.Лютер, Т.Мюнцер, Ж.Кальвин, Э.де ла Боэсилердин реформация жөнүндөгү саясий-укуктук идеялары

30. Ж.Бодендин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу.

31. XVI-XVIIкк.социалисттик утописттер Т.Мор, Т.Кампанелланын көз караштары.

32. Г.Гроцийдин табигый-укуктук теориясынын калыптанышы.

33. Б.Спинозанын саясий-укуктук көз караштары.

34. Т.Гоббстын жана Дж. Локктун мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу.

35. Англиялык буржуазиялык революциясынын идеологдорунун саясий-укуктук көз караштары.

36. С.Пуфендорфтун саясий-укуктук доктринасы

37. Х.Томазийдин саясий жана укуктук идеялары

38. Х.Вольфтун полицейлик мамлекеттин концепциясы

39. Ч.Беккарианын мамлекеттик-укуктук окуусу

40. Мари Вольтердин саясий-укуктук көз караштары

41. Шарль Луи Монтескьенин саясий-укуктук концепциясы

42. Жан-Жак Руссонун саясий-укуктук көз караштары

43. Байыркы Грециядагы саясий-укуктук ойчулдуктун башкы багыттарынын мүнөздүү белгилери

44. М.Робеспьердин саясий-укуктук программасы

45. Ж.П.Мараттын саясий-укуктук идеялары

46.Франциядагы утопиялык социализм жана коммунизм теориялары. Ж. Мелье, Г. Мабли, Морелли, Г. Бабеф

47. АКШдагы саясий-укуктук окуулардын келип чыгышынын социалдык-экономикалык негизи жана идеялык булактары

48. Радикалдык демократтар (республиканчылар) Т. Джефферсон, Т.Пейн, Б.Франклиндин саясий-укуктук идеялары

49. «Федерализмдин» саясий жана укуктук идеялары. А.Гамильтон, Д.Мэдисон

50. Феодалдык чексиз бийликти жактоочулардын саясий-укуктук идеологиясы. Ф.Прокопович, В.Н.Татищев

51. Көпөстөрдүн саясий-укуктук идеологиясы. И.Т.Посошков

52. С.Десницкийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары

53. А.Н.Радищевдин саясий жана укуктук көз караштары

54. Консервативдик агым. Э. Берк, Ж. де Местр, Л. де Бональд

55. Англис либерализми. И.Бентам, Д. С.Милль

56. Француз либерализми. Б. Констан, А.Токвиль

57. Немецтик либерализм. В. Гумбольдт., Л.Штейн. Россиядагы либерализм. М.Сперанскийдин проектилери

58. Мамлекет жана укуктун марксисттик теориясы

59 Философиялык позитивизм, О.Конт. Юридикалык позитивизм. Д.Остин

60. «Кызыкчылыктар юриспруденциясы» Р. фон Иеринг

61. Мамлекеттин дуалисттик теориясы. Г. Еллинек

62. Л.Гумпловичтин мамлекет тууралуу «зомбулук теориясы»

63. Г.Спенсердин мамлекет жана укуктун органикалык теориясы

64. Марксизмдин мамлекет жана укук теориясы

65. Психологиялык жана либералдык теориялар

66. Большевизмдин саясий-укуктук идеологиясы

67. Укук таануунун советтик теориясы

68. Мамлекет жана укуктун либертардык-юридикалык концепциясы

69. Кыргызстандагы социалдык кыймылдардын мамлекет жана укук тууралуу көз караштары

## АДАБИЙ БУЛАКТАР


1. Абдылдаев М.К. Мурас.-Ф.: Кыргызстан, 1990.–С.30– 48.

2. Бартольд В.В. Кыргызы. Исторический очерк. Соч.I-II. Ч.I. –М.,1963.

3. Баласагуни Юсуф. Благодатное знание / Изд. подготовил С.Н.Иванов. Отв.ред.акад. А.Н.Кононов. –М., 1983.–С.530–534.

4. Мукамбаева Г.А. Государство и право. -Б.,1998.

5. Мукамбаева Г.А.Манас и право. – Б.,2003.

6. Акаев А. А. Кыргызская государственность и эпос «Манас». – Б., 2002.

7. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов (По материалам эпоса «Манас»). – Бишкек: Илим, 1998.

8. Айдарбекова Г.Б. Политико-правовые идеи Ж.Баласагына об идеальном правлении // Научные труды «Эдилет». – Алматы -2009.-№4.–С.143–147. Доступно на сайте: http://www.autosalon-tyumen.ru/downloads.

9. Григорян С.Н. Из истории философии Средней Азии и Ирана VII–XII вв. –М., 1960.–С.62, 92.

10. Касымжанов А.К., Мажиденова Д.М. Очарование знания. –Ф., 1990.-С.12–23.

11. Киргизия при Караханидах /Под ред.Е.А.Давидович. –Ф., 1983.–С.3.

12. Донобаев А.Д. Мировоззрение акынов-заманистов // Общественно-философская мысль народов Востока.—Б., 1991. – С. 157–186.

13. Борубашов Б.И. Хрестоматия по истории государства и права Кыргызстана. –Б., 2008.

14. Марченко М.Н., Мачин И.Ф. Саясий жана укук окууларынын тарыхы: ЖОЖ үчүн окуу китеби –М.,2005.

15. Саясий жана укук окууларынын тарыхы: ЖОЖ үчүн окуу китеби /Жооптуу ред.Э.Лейст. –М,2006. Гл14. –305–314-бет.

16. Бурстин Н. Американыктар: улуттук тажрыйба.–М, 1993.

17. Громаков Б.С. Т.Пейндин саясий жана укук окууларынын тарыхы. –М, 1960.–44–47-бет.

18. Саясий жана укук окууларынын тарыхы: ЖОЖ үчүн окуу китеби / В.С.Нерсесянцтын жалпы ред.астында –М.,1996.

## МАЗМУНУ

Киришүү........................................................................................................ 3
**1-Бөлүк**
**Саясий жана укуктук окуулардын тарыхынын предмети**
1. Илим жана окутуу дисциплинасы катары саясий жана укуктук окуулардын тарыхы................................................................ 6
2. Саясий жана укуктук окуулардын тарыхын доорлорго (мезгилдүү) бөлүштүрүү................................................................................. 8
3. Саясий жана укуктук окуулардын тарыхынын мазмуну.................... 10
4. Саясий жана укуктук окуулар тарыхынын предметинин методологиясы................................................................................ 14
**2-Бөлүк**
**Байыркы Чыгыштын саясий-укуктук идеологиясы**
1. Байыркы Чыгыштагы саясий-укуктук идеологиялардын калыптанышындагы социалдык-экономикалык өбөлгөлөр................ 17
2. Байыркы Египеттин, Байыркы Вавилондун саясий жана укуктук идеологиясы ........................................................................ 20
Байыркы Вавилондун саясий-укуктук идеологиясы ........................ 24
3. Байыркы Индиянын саясий-укуктук идеологиясы........................... 25
4. Байыркы Кытайдын саясий-укуктук ойчулдугу ............................... 33
**3-Бөлүк**
**Байыркы Грециянын мамлекет жана укук тарыхынын концепциялары (б.д.ч. IХк.– б.д.ч. IIк.)**
1. Байыркы Грециядагы мамлекет жана укук тууралуу концепциялардын негизги багыттары...................................................... 41
2. Алгачкы антикалык этаптагы ойчулдардын саясий жана укуктук концепциялары ........................................................................... 42
3. Платон жана Аристотелдин саясий жана укуктук көз караштары...... 48
4. Мамлекеттин формалары жөнүндөгү Полибийдин ойлору................ 54
**4-Бөлүк**
**Байыркы Римдеги саясий-укуктук көз караштар (б.э.ч.VIII к.–V к.б.э.)**
1. М.Т. Цицерондун мамлекеттик-укуктук доктринасы........................... 57
2. Рим стоиктеринин укуктук концепциялары (Эпиктет, А. Сенека, М. Антонин) .............................................................. 59
3. Рим юристтеринин укуктук окуулары (II-III кк.)................................. 60

**5-Бөлүк**
**Орто кылым (I-XV кк.) доорундагы саясий-укуктук көз караштар**
1. Аврелий Августиндин теологиялык-укуктук концепциясы ............... 65
2. Ф. Аквинскийдин жана М. Падуанскийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу ............................................................. 68
Марсилий Падуанскийдин саясий-укуктук окуусу .............................. 70
3. Орто кылымдык ерестердин мамлекет жана укук проблемалары ...... 72
4. Орто кылымдык Батыш Европадагы юридикалык көз караштар ...... 75
**6-Бөлүк**
**Феодализм доорундагы Чыгыш Арабиялык саясий-укуктук окуулар (VI-XV кк.)**
1. Чыгыш Арабиядагы саясий-укуктук исламдык идеология .................. 78
2. Мусулмандык укуктун булактары .......................................................80
3. Аль-Фарабинин саясий-укуктук көз караштары................................. 82
4. Ибн -Халдундун саясий-укуктук концепциясы .................................. 83
**7-Бөлүк**
**Кайра жаралуу жана Реформациялоо доорундагы феодализмдин бузулуш мезгилиндеги саясий жана укуктук окуулар**
1. Н. Макиавеллинин саясий-укуктук концепциясы ................................ 87
2. М. Лютер, Т. Мюнцер, Ж. Кальвин, Э.де ла Боэсилердин реформация жөнүндөгү саясий-укуктук идеялары.................................. 93
3. Ж.Бодендин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары ............. 99
4. XVI-XVII кк. социалисттик утописттер Т.Мор, Т.Кампанелланын көз караштары ..................................................................................... 101
**8-Бөлүк**
**Голландия жана Англиядагы XVII кылымдагы алгачкы буржуазиялык революция мезгилиндеги табигый укуктун саясий-укуктук доктриналары**
1. Г. Гроцийдин табигый-укуктук теориясынын калыптанышы .......... 106
2. Б. Спинозанын саясий жана укуктук көз караштары ........................ 109
3. Т. Гоббс жана Дж. Локктун мамлекет жана укук жөнүндөгү окуусу ...................................................................................................... 110
4. Англиялык буржуазиялык революциянын идеологдорунун саясий-укуктук көз караштары ......................................................... 113
**9-Бөлүк**
**Германиялык жана Италиялык агартуучулардын саясий-укуктук көз караштары (XVII–XVIII кк. баш.)**
1. С. Пуфендорфтун саясий-укуктук доктринасы................................... 118
2. Х. Томазийдин саясий жана укуктук идеялары.................................. 119
3. Х. Вольфтун полицейлик мамлекеттин концепциясы ....................... 120
4. Ч. Беккарианын мамлекеттик-укуктук окуусу .................................. 121

**10-Бөлүк**
**XVIII кылымдагы Франциялык агартуучулардын саясий-укуктук идеологиясы**
1. Мари Вольтердин саясий-укуктук көз караштары ........................ 124
2. Шарль Луи Монтескьенин саясий-укуктук концепциясы ................ 126
3. Жан-Жак Руссонун саясий-укуктук көз караштары ........................ 128
**11-Бөлүк**
**Россиядагы чексиз бийликти бекемдөө мезгилиндеги саясий-укуктук көз караштар (XVII-баш. XVIII к. к.)**
1. Феодалдык чексиз бийликти жактоочулардын саясий-укуктук идеологиясы. Ф. Прокопович, В.Н. Татищев. ........................................ 132
2. Көпөстөрдүн саясий-укуктук идеологиясы. И.Т. Посошков ............ 136
3. С. Десницкийдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз караштары .. 139
4. А.Н. Радищевдин саясий жана укуктук көз караштары...................... 141
**12-Бөлүк**
**Америка Кошмо Штаттарынын көз карандысыздык үчүн күрөшүү убагындагы саясий-укуктук концепциялары (XVIII к.)**
АКШдагы саясий-укуктук окуулардын келип чыгышынын социалдык-экономикалык негизи жана идеялык булактары ................ 144
1. Радикалдык демократтар (республикачылар) Т. Джефферсон, Т.Пейн, Б.Франклиндин саясий-укуктук программалары................ 145
3. «Федерализмдин» саясий жана укуктук идеялары. А. Гамильтон, Д. Мэдисон............................................................................ 148
**13-Бөлүк**
**XVIII к. аягы – XIX к. баш. Германиянын саясий-укуктук концепциялары**
1. И. Канттын саясий-укуктук көз караштары ..................................... 152
2. Г.Гегелдин мамлекет жана укук жөнүндөгү көз карашы.................. 154
3. Тарыхый укук мектеби. Г.Гуго, Ф.Савиньи, Г.Пухта........................ 158
**14-Бөлүк**
**Европадагы саясий-укуктук ойчулдуктун негизги багыттары (XIX к. биринчи жарымы)**
1. Консервативдик агым. Э. Берк, Ж. де Местр, Л. де Бональд............ 164
Англис либерализми. И. Бентам, Д. С. Милль ..................................... 169
3. Француз либерализми. Б. Констан, А.Токвиль ................................... 172
Немецтик либерализм. В. Гумбольдт, Л. Штейн.................................... 176
Россиядагы либерализм. М. Сперанскийдин проектилери.................. 179
Мамлекет жана укуктун марксисттик теориясы ................................ 183
**15-Бөлүк**
**Батыш Европадагы саясий жана укуктук окуулардын тарыхы (XIX к. экинчи жар.)**
1. Философиялык позитивизм. О. Конт. .............................................. 188

Юридикалык позитивизм. Д. Остин.......................................................188
Юридикалык позитивизм. Д. Остин.......................................................190
1. «Кызыкчылыктар юриспруденциясы» Р. фон Иеринг ..............................192
2. Мамлекеттин дуалисттик теориясы. Г. Еллинек .......................................194
3. Л. Гумпловичтин мамлекет тууралуу «зомбулук теориясы» ............ 196
5. Г. Спенсердин мамлекет жана укуктун органикалык теориясы
**16-Бөлүк**
**Орус либерал окумуштуу-юристтеринин укуктук мамлекет тууралуу теориясы (XIXк. аягы – XX к. баш.)**
1. Революцияга чейинки Россиядагы юридикалык позитивизм.
Г.Ф. Шершеневич .........................................................................................202
2. П.И. Новгородцевдин кайрадан жаралган табигый укук
концепциясы ..................................................................................................204
3. Б.А. Кистяковскийдин укуктун плюралисттик теориясы ........................ 206
4. Л.И. Петражицкийдин укуктун психологиялык теориясы ..................... 208
**17-Бөлүк.**
**Заманбап саясий жана укуктук окуулардын тарыхы**
1. Жак Маритендин укукка карата неотомисттик теориясы .......................212
2. Р. Штаммлердин неокантиандык саясий-укуктук философиясы ...... 214
3. Г. Кельзендин укук тууралуу ченемдик теориясы ................................... 216
4. Л. Дюгинин тилектештик теориясы ........................................................... 217
5. Либертардык-юридикалык концепция. В.С. Нерсесянц ......................... 220
**18-Бөлүк**
**Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүндөгү саясий-укуктук көз караштардын калыптанышы**
1. Жусуп Баласагындын мамлекет жана укук тууралуу көз карашы .... 223
1. Кыргызстандагы «заманисттер» жана «демократтар»
социалдык кыймылынын концепциялары ................................................226
1. «Манас» эпосунун саясий-укуктук идеологиясы ................................... 230
«Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы» дисциплинасы
боюнча тестирлөө суроолорунун варианттары.......................................233
«Саясий жана укуктук окуулардын тарыхы»дисциплинасы
боюнча эссе, рефераттардын тематикасы:...............................................243
Адабий булактар...............................................................................................247